# Сыйынуучу аялдын күчү



Сторми Омартиан

Сторми Омартиан

# СЫЙЫНУУЧУ АЯЛДЫН КҮЧҮ

*Кудай-Теңирибиздин ырайымы биздин үстүбүздө болсун. Биздин иштерибизге ийгилик бер, биздин колдон чыккан иштерге ийгилик бер!*

*Заб.89,17*

# СЫЙЫНУУНУН КҮЧҮ

Сенин жаш курагыңа жана үй-бүлө шартыңа, дене менен жан дүйнө абалыңа көз карандысыз, мындан, көптөн бери ишенген адамсыңбы же такыр андай болуп эсептелбейсиңби, — мунун баарына карабай, эгер сен аял болсоң, анда бул китеп сен үчүн. Мен берилгендик менен Теңирдин артынан 30 жылдан ашуун ээрчиймун, ушуга чейин бул жолдон оогон жокмун, ошентсе да, бул китеп мага да керек. Чындыкты айта турган болсом, мен муну сен үчүн жазгандай эле, так өзүм үчүн да жаздым, анткени биз сен экөөбүз окшошпуз. Менин жашоом жеңил сейилдөөгө караганда, көп ирет оор сыноодо болот; ал бейкапар жана шапар тепкенге караганда, кооптуу жана чарчатарлык. Ал жумшак, салкын, тазарткан желаргы эмес, а бетке ургулаган, кайнак жана кургак шамалдай.

Антсе да, эгер мен Андан жашоомдогу кыйынчылыктарымды Өзүнө алышын сурансам Кудай өңгүл-дөңгүл жолдорумду жылмактай алаарын, толкунду моюн сундура турганын, мени жана мага кымбат болгондордун баарын сактаарын, ал тургай жүгүмдү жеңилдете турганын билем. Бирок бул сыйынуусуз, өзүнөн өзү эле болуп калбайт.

Жашоо түйшүктөрүнүн топонунда биз жетишерлик көп сыйына албайбыз. Же артыкча ашып турган көйгөйлөрдүн чечилишин гана сурайбыз да, Кудайга жакындоо үчүн, Аны терең таанып билүүгө жана Ага бардык өзүбүздүн муктаждыктарыбызды айтып берүүгө убакыт таппайбыз. Күн сайын «шашкан сыйынууда» иш жүргүзө, биздин жашообузга Кудайдын баталары келе турган ошол булакка бөгөт коебуз. Мындай учурда биз бир күн боштукта аңырайып эле дүрбөлөңгө түшө, бут таянган жерибиз кумга айланып бараткандын сезе, а биздин коргоочу катмар жумуртка кабыгындай, морт экен деген үрөй учурган ойдо, көзүбүз чайыттай ачылаар коркунучунда турабыз. Бир нече жыл мени менен так ошондой болду.

Анда мен үй-жумуштары, өзүмдүн өспүрүм балдарымдын тарбиясы менен абдан алек элем, жакшы жар, жакшы кожейке болууга тырыштым, өз китептеримдин бет ачарлары менен өлкөлөрдү кыдыра ушунча көп сапарладым, ушунчалык көп жыйын чогулуштарына каттадым, жашоодогу эң башкысы — Кудай менен жеке мамиле тууралуу унутуп да калдым. Мен Анын жолу менен жүргөндү унутуп калган деле жокмун — тескерисинче, Теңирсиз бир да күн жашай албай калдым. Мен сыйынбай калган деле жокмун — тескерисинче, жер бетинде жашап өткөн, кимдир бирөөдөн көбүрөөк сыйындым. Кудай Сөзүн окубай деле калган жокмун — ал кездеги өзүм үстүнөн иштеген ар кайсы проекттер үчүн сөз камдай, ал кезде мен өткөрүүчү Библия окуу сабактарына даярдык көрө, баш көтөрбөй окудум. Бирок Кудайга мени менен жеке сүйлөшкөнгө убакыт калтырбадым. Мен ушунчалык жакшы иштер менен алек элем, мыктысын жоготуп алдым. Муну түшүнбөй туруп эле, Мария болгондун ордуна, Марта болуп калдым (Лк. 10,38–42).

Теңир менен болгон жеке баарлашуу убактысын кыскартып, аягында эмнеге жетиштим, жөн эле түйшүктүн жаргыл-

чак ташына жанчылдым, алдыга жыла албай да калдым. Сырткы алсыз таасирден эле жарака кетчү, морт хрусталл кумурасына окшошуп калдым. Түшүнүп эле турам, Кудайга болгон муктаждыгым курчураак, башка бардык муктаждыктардан олуттуураак. Андан башка эч ким жанымдын өзөргөн өзөгүн тойгуза албайт. Анан мен сыйынуудагы Кудай менен жеке мамилемди коргоп, бапестөө мен үчүн канчалык маанилүүлүгүн моюнга алдым.

Мен түшүп калган абалдан чыгуу жолу — менин жашоомдогу жагдайлардын ар кайсысы жөнүндө, менин руханий өсүүм жана Кудайдын убадаларын унутпоо тууралуу сыйынууда эле. Ушундай сыйынуу гана жеке өзүбүздүн эмес, а Кудайга жана Анын ниетине кунт коюп кароого, Анын жолдору менен жүрүүгө жардам берет; бул сыйынуу бизге өз көз карашыбызды өтүп кете турган нерседен тартып алып, аны түбөлүктүү нерсеге буруууга жардам берет, мына ошондо биз чындыгында олуттуу нерсени көрүү жөндөмдүүлүгүнө ээ болобуз. Ал бизге чындыкты жалгандан айырмалап билүүгө үйрөтөт, ишенимибизди бекемдейт, колдон келбес нерсеге ишенүүгө жардам берет. Мына ушундай сыйынуу аркылуу биз өзүбүз ошондой болууну эңсеген, Кудайдын балдары боло алабыз, мунун *мүмкүн* экендигине да ишенебиз. Кандай аял буга муктаж эмес?

Алдыңкы китептеримде, күйөө-аял кантип бири-бири үчүн, ата-эне — өз балдары, а атуулдар — өз өлкөлөрү үчүн сыйына алары тууралуу жазгам*. Бул китепте сага, кантип сен *ӨЗҮҢ* үчүн сыйына ала тургандыгың тууралуу ачып берүүгө аракет кылып көрөм. Мен сага Асмандагы Атаңа жакындоого, Анын кучагын сезүүгө, Анын алдында жүрөктү

* Сөз С. Омартиан «Сыйынган элдин күчү» китеби жөнүндө болуп жатат. — *Ред. эскер.*

тазартууну, Анын сен үчүн сонун тагдырды камдаганына ынанууга, чындыгында Ал сени ким кылып жаратканын билүүгө, анан Ал сенин алдыңа койгон максатка кол жетиш үчүн, Андагы толуктукка жана бүтүрүүгө ээ болушуңа жардам бергим келет. Башкача сөз менен айтканда, сенин Кудай менен тыгыз баарлашууну жана өзүң үчүн натыйжалуу сыйынууну үйрөнүшүңдү каалайм.

## Эмнеге өзүм үчүн сыйынуу ушунчалык кыйын?

Сиз байкадыңызбы, башкалар үчүн сыйынуу өзүбүз үчүн сыйынганга караганда бир далай жеңил. Мен муну байкадым. Мага өзүмдүн жеке көйгөйлөрүмдүн чечилиши туурасына караганда, күйөөм, балдарым, башка туугандарым, тааныштарым, досторум, ал тургай мага тааныш эмес адамдардын, жаңылыктар берүүсүнөн мен биле алган бирөөлөрдүн көйгөйлөрү үчүн сыйынуу бир канча оңой. Анткени бул баарынан мурун, мен башкалардын муктаждыктарын ачык көрүп тургандыгымдан болот. Өзүмдүн деле жеке көйгөйлөрүм чачтан көп, чатышкан, көп учурда чечилиши татаал, а кез-кез аларды таанып билүү мага таптакыр жеңил эмес. Бизге, аялдарга, көптөн көп эмнеге муктаж экендигибизди айкын эле билгенибиздей *сезилет*. Биз көз көргөндү биле алабыз. Бирок биздин башка адамдар менен эмоциялык байланыш ушунчалык чыйралган, биз күндөлүк түйшүккө ушунчалык малынганбыз, бизге өзүбүз үчүн кыйын-кезеңде эмес, а кадимки жагдайларда кантип сыйыныш керектигин түшүнбөй да калабыз. Кээде кырдаал ушунча бизди жутуп алат, биздин сыйынуубуз жардам сураган кыйкырыктын накта өзү болуп калат.

Сенде жашооң сенин көзмөлүңдөн чыгып кете тургандай сезимдер болду беле? Бул турмуш-тиричиликтин түйшүгү сенин жашооңдогу эң эле маанилүү бөлүгүн сенден уурдап жаткандай? Сенин көп ролдорду аткарып, көптөрдүн үмүттөрүн актаганга далбастап жаткан себебиңден, жашооңдун бир же бир канча чөйрөсү этибар алынбаган абалда калганы тынчыңды кетирип жаткан жокпу? Мындайлар менде да болгон.

Сенде мындай сезимдер болду беле, сен бир ордуңда «тегерене бересиң», алдыга жылбайсың? Же, мындан жаманы, артты көздөй жыласың? Өз келечегиңдин ар кайсы ачылышын жоготуп койгон учуруң болду беле? А балким, мындай ойлор сени таптакыр эч качан торуган эместир? Сен өзүңдүн эмнеге дайындалганыңды, анан Кудай алдыңа койгон максатка жетүүгө иш жүзүндө киришүүнү билгиң келеби? Сенде көңгөй, тажатма, жеткилең эместикти сезүү болду беле? Мындайлар менде көп эле болду.

Кудайдын катышуусуна болгон чаңкоо сени кыйнайбы? Кудайды таанып-билүүнү каалайсыңбы? Сен ага жакшы кызмат кылгың келет, бирок сенде убакыт да, ал-акыбал да, мүмкүнчүлүк да жок? Сыйынуу баарлашуусунда Аны менен көбүрөөк убакыт өткөзүүгө муктажсыңбы? Чоң ишеним менен сыйынууну жана Кудайдан керемет жоопторду алууну каалайсыңбы? Сен Кудай Сөзүн окуп-үйрөнүүгө муктажсыңбы? Жок дегенде, кээ бирде Ыйсаны бек кучактап, Анын жылуулугун жана сүйүүсүн сезүүнү каалайсыңбы? Мен каалайм.

Сонуну бул — так ушул каалоону Теңир бизге салып койгон. Биз Анын катышуусуна суусап турушубузду Кудай каалайт. Биз Анда жашоонун толуктугуна ээ болушубуз Ага жагат. Жашоо жолунда Анын *жанында* болушуңду, ишенимде өсүшүңдү жана Анын Сөздөрүн терең түшүнүп, үйрөнүшүңдү, бардык үмүттөрүң менен кыялдарыңды *Анын* ко-

луна беришиңди жана Андан бардык керектөөлөрүңдүн канааттандыруу булагын көрүшүңдү Тенир каалайт. Эгер сен ушундай кылсаң, *Теңир* сен үчүн Өз баталарынын кенчин ачат, анткени Анын каалаганы так ушул нерсе.

## Кантип өз муктаждыктарымды канааттандырам?

Ар бир аялдын өзүнүн талаптары бар. Бирок көп аялдардын айыбы мына мында, бул талаптарын канааттандырууну өз досторунан, аларга артыкча жакын эркектерден суранышат. Аялдар, *Кудай* гана жасай ала турган нерсени, алар үчүн эркектер кылып бере алат деп үмүттөнүшөт. Натыйжасында алар өз жолдошторунан көңүлдөрү калат, анткени тигилер аларга жардам берүүгө жөндөмү жок. Аялдар эркектерден өтө көптү күтүшөт, анда кантип бир гана *Кудайга* таянуугa болот.

Бул ойду менин досум Лиза Бевер эң сонун билдирет, аялдар кылымдардан бери «Адамдын балдары менен согушуп, аларды эркектердин баталашын жана баалашын мажбурлоого аракет кыла, күрөшүп келет. Антсе да, бул күрөш көңүл калуудан башка эч нерсе алып келбейт... Чынында, бул эки тарап тең жеңилүүгө учурай турган, маңызсыз, оор салгылашуу. Бирок Адамдын балдары айыпкер эмес, болгону алар биз издеген баталарды бизге бере алышпайт, а биз аларга биздин жан дүйнөбүздүн үстүнөн аларга өтө зор бийлик бере, аларды коркутабыз. Биз түшүнүшүбүз керек, чындыгында биз муктаж болгон, баталардын өзүн, бизге бир гана Кудай бере алат»*.

---

*Lisa Bevere. *Kissed the Girls and Made Them Cry* (Nashville: Tommy Nelson, 2002), p.189–190.

Эгер Андан иштин оңунан болушунун жана бардык муктаждыктарыбыздын орундалышынын булагын таппасак, биз эч качан Кудайсыз бактылуу боло албайбыз. Биздин жан-дүйнөбүздүн үстүнөн бир гана Анын бийлиги бар.

Биз өз үмүтүбүздү жагдайга же адамдарга эмес, Ага артышыбыз керек. Билем муну кылганга караганда айтуу оңой, ошондуктан келгиле, жеңилинен баштайлы. Келгиле, Кудайга айтабыз: «Теңир, Сен муктаждыктарымды толтуруп беришиң үчүн, мен Сага кайрылам. Бардык үмүтүмдү Сага тапшырганга мага жардам бер». Эгер сен көйгөйлөрүң чечилбеген бойдон калып, көңүлүң калган болсо, анда айт: «Жаным, Кудайдан гана тынчтык тап! Анткени мен бир гана Андан үмүт кылам» (Заб.61,6). Андан кийин Теңирге бардык муктаждыгыңды айтып бер жана Ага жүрөгүңдү ач. Ал баарын билгендиктен, кам санаба, таң калба, дүрбөлөңгө түшпө. Ал жөн гана сенин өз оозуңдан уккусу келет.

## Толуктукта жашоо

Эгер сен экөөбүз бир аз эле окшош болсок, анда сен да мендей эле, эптеп-септеп термелеп, бирин-бирине улагылоо менен, аянычтуу тирүү жандыкка айлангың келбейт. Сага башка жашоо керек — Ыйса: «Мен өмүргө, ашып-ташыган өмүргө ээ болушунар үчүн келдим» (Жкн.10:10), — деп айткан, ашып-ташыган өмүр керек.

Биз чындыкты билген, бирок ал боюнча жашабаган, өз жашоолорунда Кудайга болгон ишенимдин демилге берүүчү болуусуна жол бербеген аялдардан болгубуз келбейт. Биз шектенүүнүн, коркунучтун, ишенбөөчүлүктүн эзүүсүндө болуп, коргоноору жоктой жашагыбыз келбейт — биздин жашообузда максат болушун каалайбыз. Сүт менен азыктанган наристенин жашоосундай жашоо бизге жакпайт. Биз жашоо-

нун башка деңгээлине чейин өсүш үчүн — шайыр жана жемиштүү жашоодо болуу үчүн, Кудайдын чындыгы менен тамактангыбыз келет.

Эч кимибиз кайра-кайра эле бир көйгөйгө, жагымсыздыка жана катачылыкка кабыла, айланбаш болгубуз келбейт. Биз жүрөктөрү орой болуп, кайгыга, кечирбестикке, чочулоого, чыдамсыздыкка жана үмүтсүздүккө толуп калган, бечара байкуштар болгубуз келбейт. Өз жашоосуна балта чаба, «Менин жашоом эч качан өзгөрбөйт, анткени ал далайдан бери *өзгөрбөй жатат*» дегендерден болгубуз келбейт. Биз ушул кара көңүлдүктүн бузуктукка толгон айлампасынан жана кайталанма учурлар менен жагдайлардан суурулуп чыккыбыз келет. Биз жөн эле бар болгубуз эмес, жашагыбыз келет.

Биз жеңүүчүлөр болгубуз келет. Биздин өзүбүздөн бийик бир нерсенин бөлүгү болгубуз келет. Биз жакшы жемиш алып келиш үчүн, Машайактын ишинде ушундай кызмат кылгыбыз келет. Биз өз жашообуздун максаттарын көрүүнү жана Кудайдын сүйүүсүнө чулганууну каалайбыз. Бирок биз эч качан Кудайдын жардамысыз ушунча асыл-бийик жашоо деңгээлине жете албайбыз. А Кудайдын жардамын, эгер сыйына турган болсок гана ала алабыз.

## Кантип Кудайдын күчүнө толо алам?

Кырдаалдардын бет алдында өзүбүздүн таптакыр алсыздыгыбызды сезген учурлар болбой койбойт. Өз жашообузда олуттуу жаңылоону өз алдыбызча орундоо үчүн жетиштүү кубатка ээ эместигибизге бир нече жолу ынанганбыз. Биз өз жашообузду же өзүбүздү түп-тамырынан, түбөлүккө өзгөртүүгө жумшаган куч-аракетибиз куру бекердигин билген чыгарбыз. Биз өз керектөөбүздү кандайдыр бир тышкы

күчтөй, биздин өз мүмкүнчүлүктөрүбүздөн өзүнүн кубаты боюнча бир кыйла ашып түшкөнүн моюнга алабыз. Бирок бул дүйнөдө өз төбөбүздөн көтөрүлүү үчүн бизге жардам берүүгө жөндөмдүү болгону бир гана күч бар, мына бул күч Кудайдыкы.

Кудайдын күчүсүз өз алсыздыктарыбызды жеңе албайбыз жана көнгөн чыйырыбыздан чыга албайбыз. Биз бизге каршы түрүлгөн бардык жагдайларга каршы турууга күчүбүз жетпейт; Ыйык Рухтун күчүнөн ажыратылгандар, рухий алсыздыкта жашоого байланганбыз; Кудай биз үчүн дайындап койгон нерселерди алууга бизге жолтоо болуучу каргашаларды жеңе албайбыз.

Биз Кудайдын баталарынан кол жуудурган жана мүмкүнчүлүктөрүбүздү бүлгүнгө учураткандан кутулууну күтүп олтура, убактыбызды өткөргүбүз келбейт. Биз азыр бошонгубуз келет. Бирок Ыйык Рухтун күчүн моюнга албасак, бул мүмкүн эмес. Ыйык Рухтун ролун четке кага, биз Библия атаган: «такыбаа болуп көрүнгөн, бирок такыбаалыктын күчүнөн баш тарткан» (2 Тим.3,5) адамдардай болуп калабыз. Биз аларга көз карандысыздыкты көрсөткөн, ээликтен ажырагандыктын анткор чабуулу менен «машайакчыдай» сүйлөгөн «мыкты адис» болуп калабыз. Бул жансыз куурчактардын театр оюнуна окшош — баштан-аяк сыпайылык, эч кандай жылуулук, эч кандай сүйүү жок, жалаң сот, тырмактын учундай да ырайым жок, бүтүндөй өзүнө гана таянгандык, эч бир моюн сунгандык жок, толгон-токой сөз, бир тамчы да жаш жок. Биздин жардамсыз, маңызсыз жашообуз асыл нуска ички жаңылануу үмүтүнөн айрылган, ал жок болсо кайдан өз чектелгендигибизден көтөрүлө алып, курчап турган дүйнөнү өзгөртүүгө алдын ала дайындалган Кудайдын колундагы куралы болобуз. Бирок мына ушуда жашообуздун мааниси катылган эмеспи.

Кудай «ишенген биздин ичибизде Анын кудурети канчалык ченемсиз экендигин» (Эф.1,19) түшүнүшүбүздү каалайт. Ал «өлгөндөрдүн арасынан тирилтип, асманда Өзүнүн оң жагына олтургузганда, Аны бардык башчылыктан, бийликтен, күчтөн, үстөмдүктөн, ысымдардан жогору койгон...» (Эф.1,20–21), Ыйсаны тирилткен күчтү таанып-билишибизди каалайт. Ал биздин Ыйса алсыз эмес, бирок бизде кудуреттүү экенин түшүнүшүбүздү (2 Кор.13,3 кара), Ал «алсыз болуп айкаш жыгачка кадалган эле, бирок Кудайдын күчү менен Ал тирүү» жана биз да ошондой, алсыздыгыбызга карабай, Кудайдын күчүндө жашай турганыбызды (2 Кор.13,4 кара) түшүнүүбүздү каалайт. Кудай биздин муну, «Кудайдын бизге эмне бергенин билишибиз үчүн, биз бул дүйнөнүн рухун эмес, Кудайдын Рухун кабыл алганыбызды» (1 Кор.2,12) билишибизди каалайт.

Мен сага Кудай кандай кудуретке экендигин жана биздин ичибизде жашаган Ыйык Рух кантип таасир эте турганын түшүндүрүп бере албайм. Бул менин табиятымдан тышкары мүмкүнчүлүк. Бирок муну Ыйык Рух Өзү кылгандыктан, мен сени эч нерседе ынандырып олтурбашым керек. Ыйса айтат: «Атамдын Менин ысмым урматына жиберилген Сооротуучу Ыйык Руху болсо, силерге баарын үйрөтөт» (Жкн.14,26). Бирок сен алгач Ыйык Рухту кабыл алып, Анын өз жашоондо иштешин суранышың керек.

Бирок качан Ыйсаны өз Куткаруучубуз катары кабыл алганда гана, Ыйык Рухтун күчүндө жашай алабыз. Мында «акыл жеткис ошол сүйүүнү таанып билиш, Кудайдын толуктугуна толуш» (Эф.3,19) керек. Эгер биз Ыйсага өз жашообуздун Эгеси катары моюн сунсак, Ал Ким болсо Ошолугун, «биздин ичибизде аракеттенип жаткан, сураганыбыздан да же ойлогонубуздан да артык кыла турган Кудай» экендигин (Эф.3,20) тааный алабыз. Кудайдын Ыйык Рухунун аракети

аркылуу — же Анын *күчү* аркылуу — Теңир ал тургай оюбузга келтире албаган, бизге ушундай баталарды төгүп бере алат. Кана сага ушундай келечек жагабы?

Ыйык Рухка толуу биздин эркибизге каршы болбойт — биз Кудайга ачылышыбыз керек, Аны каалашыбыз керек, Андан суранышыбыз керек. «Демек, силер жаман болуп туруп, балдарыңарга жакшы нерсени бергенди билсеңер, анда Асмандагы Атаңар Өзүнөн сурагандарга Ыйык Рухту берери анык» (*Лк.*11,13). Бизде тандоо укугу бар: Ыйык Рухка толуу же жок. Бул тууралуу Кудайдан сурашыбыз керек.

Топтор көп болгондой эле, окутуулардын көптүгүнөн, Ыйык Рух жөнүндөгү ар кайсы окутууларга тереӊ киргим келбейт. Мен бир нерсени гана суранам — Кудайдын *кудуретинин* көрүнүшү болгон Ыйык Рухту кабыл ал жана Кудай сен үчүн дайындаган бардык нерсени ала алышың үчүн, Теңирден сени Ыйык Рухка толтурушун сура. Библияда жазылган: «...Ыйык Рухка толгула...» (Эф.5,18). Эгер биз Библиядагы сөзгө тил алсак, жашообуз оңоло баштайт.

## Кудай сени ким кылып жаратса, ошол болуу күчү

Бүгүн ишенген аялдардын Теңир аларды кандай кылып көргүсү келсе, ошондой болуу олжосун алып жаткандардын саны өсүп жатат. Алар Кудайга кызмат кылышып, тагдырлары кимге туш болсо, ошолордун жашоолорун өзгөртүп жатышат. Алар өздөрүнө жардам берүүчү жана жолдорундагы бардык эшиктерди ачып берүүчү Кудайдын күчүнө таянууну үйрөнүп жатышат. Бул аялдар өздөрүнүн Кудайдын ниетинин маанилүү бөлүгү экендиктерин моюнга алышат, алар өзгөчө тапшырманы орундатууга чакырылганын билишет. Мүмкүн, азырынча алар өз жашоолорунун айкын мак-

сатын көрүшпөйт, бирок алар алардын кызматтары башкаларга бата жана Кудайга даңк алып келет турганына толук ишенишет.

Аялдардын өздөрүнүн алдын ала берилгендерин орундоого даяр турган, ушундай күчөтүлгөн руханий өркүндөтүү себептери мына мында: бүгүн көптөгөн эркектер, ишенимде өсүп, аларга дайындалган башкы орундар менен рухий жетекчиликти ээлешет. Мындан биз көптөгөн аялдардын сыйынууларына алган жообун көрөбүз, бүгүнкү биздин милдет — Кудайга даңк берүү. Аялдар рухий колдоого муктаж. Эгер бардыгы моюн сунган, мээрман, сый-урмат жана түшүнүү кырдаалында орундалса, эгер кемсинтүү, өзүн-өзү көтөрүү, менменсинүү, зулумдук, оройлук жана көңүл коштукка орун жок болсо, анда аялзат өзүн коопсуз сезет. Жашообузда туура тартип орнотуу — мына ушуга биз умтулушубуз керек. Библияда айтылган: аял «өзүнүн бийлик (руханий бийлик) астында экендигин көрсөтүш үчүн, башын жаап жүрүшү керек» (1 Кор.11,10). Ар ким өзүнөн жогору коюлган бийликке баш ийүүгө милдеттүү. Кудайдын тартиби ушундай. Эгер биз Анын эрки боюнча бийликке тартылган жана Ал жашообузда бизди коргоо же аман-соолугубуз үчүн койгон адамдарды укпасак, Кудай бизге батасын төгүп бербейт. Моюн толгобос адам баласына ишенип тапшырылгыдай, Кудай бийлиги бөтөнчө кымбат жана кудурет (бул жөнүндө *кабатырланбаш* керек — бул тууралуу *сыйыныш* керек, 9-бөлүмдө мына ушу менен алектенебиз).

## Кудайдын убадалары

Көп учурда биз Ал бизди эмне менен сыйлагысы келип жаткандыгын түшүнбөгөндүктөн, Кудай биз үчүн даярдап койгондорду ала албайбыз. Биз билебиз, Теңир бизге мол

убадаларды берген, бирок эгер биз алар эмнеде турарын билбесек, өз жашоо жолубузда ачык аян болушу мүмкүн эмес. Библияда айтылган, «бизди чакырып алган даңктуу, жеткилең Кудайдын кудайлык күчү бизге жашоо үчүн зарыл болгон нерселердин баарын берген. Буга биз Аны таанып билүү аркылуу ээ болдук. ...Кудайдыкындай табиятка ээ болушуңар үчүн, Анын даңкы жана жеткилеңдиги аркылуу бизге кымбат баалуу жана улуу убадалар берилген» (2 Пет.1,3–4).

Бул убадалар аң-сезимибизде жана жүрөгүбүздө орноп калышы керек: анткени аларга тереңирээк ишенген сайын, жашоодо жемиштүү боло баштайбыз. А бул болсо маанилүү, анткени шайтан биздин өзүбүз тууралу чындыкты билишибизди каалабагандыктан, бизди Кудайдын убадаларынан ажыратууга тырышат. Биз тим эле Кудайдын убадаларына учкашып алышыбыз жана бардык күчүбүз менен аны бекем кармашыбыз керек.

Так ошондуктан бул китептин ар бир бөлүмүндө, ар бир темага тиешелүү библиялык аяттар жыйналган бөлүктөр берилген. Мен биз кабылган жагымсыз жагдайлардын бет алдындагы бүтүндөй шектенүүлөр мына бул баа жеткис, бизге ыйгарылган чындыктарда жоголуп кетиши үчүн, катуу үн менен бул убадаларды жарыялашыбызды каалайм. Кудайдын ар бир убадасын окуп чыга, бул аят сен үчүн, жашооң үчүн кандай мааниге ээ экендигин, түшүнүүгө аракеттен. Мисалы: «Азгырылып кетпеш үчүн, сергек болгула жана сыйынгыла, анткени рух сергек, дене алсыз» деген аят (Мт.26,41). Бул жерде мына бул жөнүндө сөз болуп жатат, эгер сен сыйынсаң жана тегерегинде болуп жаткандардын баарын көңүл кое байкасаң, анда эч качан азгырыкка түшпөйсүң.

Антсе да, далай жагымдуу жана кубанычтуу убадалардын катарында, биз үчүн каардуу эскертүүлөр айтылгандары да бар. Теңир бизди алдын ала эскертет: «Эгер силер муну кыл-

саңар — сыйлык аласыңар, эгерде аны жасасаңар — силерди жаза күтөт». Кудай Өзүнүн бардык убадаларын орундаткандыктан, алардын ар бирин абдан жакшы билүү зарыл.

## Алдыга жылуу убактысы

Жашообуз күн сайын кайталангандай сезилгенине карабастан, *дайыма* анын ичинде бир нерсе болуп турат. Сен муну баамдайсыңбы же жокпу, бирок сен эч качан бир орунда турбайсың: же алдыга жылаcың, же артка кетесиң. Күн сайын сен Ыйсага көбүрөөк окшошо баштайсың, же азыраак. Теңирди ээрчүү менен нейтралдуу абалды ээлөө мүмкүн эмес. Мына ошондуктан биз экөөбүз алдыга гана жылышыбызга жардам бериш үчүн — мен бул китепти жазууну чечтим. Мен бир күн эрте менен ойгоно калып, өз өмүрүмдө Кудайдын иштерин аткаруу үчүн татыктуу негиз сала албаганымды, же сыйынууларым менен курулуп калган негизди сактаганга акылым жетпегин түшүнүп калышымды каалабайм. Мен биздин алдыга жылышыбызды каалайм, бирок биздин бул жылыш сүйүктүү Теңирибиз менен тыгыз баарлашууда чогуу өтсүн. Мен Кудай үчүн жүрөктөрүбүз оттой *күйүп турушун*, алдын ала берилген ордубузду билишибизди, ошого ылайык иш жүргүзүшүбүздү каалайм. Сөз чынында Ал бизге өтө көптү берүүнү кааласа да, Кудайдан кантип бата алуу тууралуу кетип жаткан жок, а Кудайдын катышуусуна кирүүбүз жана Теңирге Өзүнүн толуктугунда алдыбызда ачылып беришине жол беришибиз тууралуу болуп жатат.

Эгер Кудайдын Сөзүнө тил алуу менен Ыйык Рухтун жетегинде жашап жатсак, анда биз туура жерде, туура убакытта турганыбызга жана Тенир Өзүнүн жеткилең оюн ишке ашырып жаткандыгына толук ишене алабыз. Биз Ал Өзү бизге

мол баталарын төгүп бере турганына толук ишене алабыз. Ошентип, сапаргабы?

## Сыйынуу

*Теңирим,* Сенин Сөзүңдө Сага ишенген ар бир адамдын жүрөгүнөн тирүү суу чыгат деп айтылган (Жкн. 7,38 кара). Мен Сага ишенем, менден жана мен аркылуу тирүү суунун агышына суусап турам. Мен Сенден мени Өзүңдүн Рухуна бүгүн эле толтурушуңду суранам. Булак күн сайын жаңы сууга толгондой, ар убак таза калышым үчүн, ошондой эле Сенин күчүңө күн сайын толууну каалайм.

Ыйык Жазууда айтылган, «Рух да алсыз болуп турган кезибизде күч берип турат. Анткени биз эмне жөнүндө жана кантип сыйынышыбыз керектигин билбейбиз, бирок Рух Өзү тил жеткис улутунуулары менен биз үчүн арачылык кылат» (Рим.8,26). Теңирим, мен туура жана жетишерлик тез-тез сыйына албасымды түшүнөм, антсе да Ыйык Рухтун мен үчүн арачылык кылышын өтүнөм. Алысыздыктарымды жеңүүгө мага жардам бер. Өзүң жөнүндө мен биле электерди дагы ачып бер.

Мен өзүмдүн мени жана жашоомду өзгөрткөнгө жөндөмдүү Сенин күчүңө болгон мутаждыгымды өтө курч сезип турам. Мен жемишсиз жашоодо өткөндү каалабайм — мен Сенин Рухуңдун күчүндө жашаганды каалайм. Мен жолу жок болгум келбейт — мен рухий чөйрөдө жеңүүчү болушту каалайм. Мен Сеники болушум үчүн, Сен кымбат баа төлөдүң. Муну билгениме

жараша жашаганга жардам бер. Сенин ойлогон оюңа ылайык жашаганга Сен мени багыттап, жардам бересиң. Жалганчыны жеңип жашаганга Сен мага күч бердиң. Муну унутпаганга мага жардам бер. Мага күч бериш үчүн, Ыйык Рухуңду жибердиң. Менин жашоомдо Сенин убадаларың орундалсын. Мени сүйгөндүктөн Сен мага өмүр бердиң. Мага Сени да ошондой сүйгөнгө жардам бер.

Бардык үмүттөрүмдү мен Сага тапшырам, Теңирим. Мурда Сени карагандын ордуна, өз кызыкчылыктарымды канааттандырууну дүйнөдөн издегеним үчүн мен тобо кылам. Мен билем: Сен гана мени толук бир инсан кылууга кудуретиң жетет, ошол үчүн жалгыз Сага муктажмын. Менин бардык каалоолорум, азыркы, өтүп кеткендердин орундалышы бир гана Сенин колуңда. Ар дайым өз күчүм менен эмес, ичимде жашаган Ыйык Рухтун күчү менен жашаганга мени үйрөт. Муну унутуп калгандыгым үчүн мени кечир. Руханий өркүндөшүмө жардам бер. Сен койгон максатка жетүү үчүн алдыга жүргөн, Сенин чыныгы балаң — бүтүн жана акыл-эстүү инсан болууга мага жардам бер.

**Сиздин сыйынууларыңызды**
**бир кыйла таасирдүү кылууга жөндөмдүү**
**БИБЛИЯДАН АЛЫНГАН АЯТТАР**

Бирок кудуреттүү күч
биздики эмес, Кудайдыкы болуп эсептелиш үчүн,
ушул кенчти биз чопо идиштерде сактап
жүрөбүз.
*2 Кор.4,7*

Себеби айкаш жыгач жөнүндөгү сөз —
өлүмгө бара жаткандар үчүн акылсыздык,
ал эми куткарыла турган биз үчүн Кудайдын күчү.
*1 Кор. 1,8*

...Менин сага болгон ырайымым жетиштүү.
Анткени Менин күчүм алсыздыкта жеткилең болот...
*2 Кор.12,9*

Теңирди тирилткен Кудай Өз кудурети
менен бизди да тирилтет.
*1 Кор.6,14*

Мен силерге Сооротуучуну жиберем.
Атамдан чыгып келе турган Ал чындык Руху келгенде,
силерге Мен жөнүндө күбөлөндүрөт.
*Жкн.15,26*

## БИРИНЧИ БӨЛҮМ

# ТЕҢИРИМ, МЕНИ ӨЗҮҢӨ ТАРТ ЖАНА СЕНИН ЖОЛДОРУҢ МЕНЕН ЖҮРГӨНДҮ МАГА ҮЙРӨТ

Теңирди тааныганга чейин мен ар кайсы чыгыш диндери менен алагды болуп, «Жаңы эра» кыймылына катышып жүргөм. Мен ар кайсы ишенимден жашоо маңызына ээ болуу үмүтүндө Кудайды издедим. Мени бала чактан бери торуп келе жаткан жан дүйнөлүк оорудан, коркунучтан жана көңүл чөгүүдөн кутулууну жан далбастап эңседим. Кудайдын бар экенин мен сезип турдум. Эгерде мен Ага жакындоого татыктуу боло алсам, анда, балким Анын улуулук жарыгында жашоом кайра жаралып калмак.

Албетте, мен артынан кууп жүргөн кудайлар алыс жана таштай болуп кала бергендиктен, менде эч кандай майнап чыкпады. Мени таш боор деп атабасам да, көңүл кош, кемсинткен, коркуныч кондурган эне тарбиялагандыктан, чөгүүм тереңдеп кеткен. Кийинчерээк, анда психикалык козголуу болгондугу аныкталгандан кийин, андан алган бардык азап-тозокту кечирдим. Мына буга карабай, балалык эскерүүлөр мага сай-сөөк сыздата, башка түшкөн томуктай үстүмө кулап калат, өзүмө кол салууга түртүп турган үмүтсүздүктөн, жан үргүлоодон тумчугам.

Так мына ошол өмүрүмдөгү кыл көпүрө мезгилинде, 28 жаш курагымда чындык Кудайды таанып, Машайакты өзүмдүн Куткаруучум деп тааныдым. Үч уктасам түшүмө кирбеген, ошол — кутулуу, айыгуу жана жаңылануу жүрүшү мына ушундай башталды.

Ошондо Теңир менин жүрөгүмө киргенден бери өз жашоомдо Анын күчүн сездим, мурдагы мен кызыккан *башка* бардык диндерди бириктиргени — алардын кудайлары адам өмүрүн куткарууга, өзгөртүүгө алсыз экенин түшүндүм. Бир гана *Библиядагы* Кудай мындайды жаратууга кудуреттүү. *Ал* — жалгыз, чыныгы, тирүү Кудай. *Аны* таап, *Аны* өз жашообузга чакырганыбызда, ошондо Анын Руху *бизде* орун алып, бизди ички дүйнөбүздү өзгөртө, жашообузда керемет бурулуштарды жасап баштайт.

Анан дагы, Ал табууга жана таанып-билүүгө боло турган Кудай экендигин билдим. Ал — бизге жакын болгусу келген Кудай. Мына ошондуктан Ал «Кудай биз менен» дегенди билдирген Эмануел деген атка ээ. Бирок Ал биз *Ага* жакын болууга умтулганда гана бизге жакын болот (Жкп.4:8. кара).

Эгер сенин жаныңда отуруп, сенин жашооң тууралуу сүйлөшө алсам, мен сага айтмакмын: «Эгер сен Теңирге ишенген болсоң, анда Кудайдын Ыйык Руху сенин ичиңде болгондуктан, так мына ошондуктан, сенин бардык көйгөйлөрүңдүн чечилишине ачкыч сенин ичиңде. Бир гана Ал сени жетектеп, сен билишиң керек болгондордун баарына сени үйрөтөт. Ал сени жана жашооңду өзгөртөт, сенин түшүңө кирбеген баталарды сага төгүп берет. Бирок бул, мына бул учурда, эгер сен өзүңө таянганыңды токтотуп, жашооңдо *Ага* жаккан нерсени *Ал* каалаган учурда *Анын* аткарышына жол койгонуңда гана ишке ашат».

Бул жерде сөз биздин эч кимибиз буга жөндөмдүү болбогондуктан, кантип Кудайга «татыктуу» болуу жөнүндө болуп

жаткан жок. Мында, Кудайдын жеткилеңдигин өзүбүзгө кабыл алуу, Кудайга жакындоо жана Анын жан жагыбыздалыгын туюу, Аны менен тыгыз баарлашуу жана Анын жолдору менен жүрүү — сени толук инсан кыла турган баарлашуу тууралуу сөз жүрүп жатат.

## Сенин каалаганыңды Мен билем

Өз окурмандарыма кездешүү үчүн акыркы үч-төрт жылда Кошмо Штаттарын көп кыдырдым. Мен болгон бүт жерде, аялдар арасында алардын негизги муктаждыктарын жана каалоолорун аныкташ үчүн, демек, алар баарынан көп кандай сыйынуу көмөгүнө муктаж экендигин аныктоо үчүн сурапбилүү иликтөөсүн жүргүздүм. Ошол учурда, өзүмдүн *«Сыйынуучу күйөөнүн күчү»* китебиме маалымат жыйнап жүргөн элем. Суралгандардын жообу мени таң калтырган жок, бирок мени аялдардын өз каалоолорундагы бир тилдүү болгондугу ооз ачырды. Иликтөөдө катышкан бардык аялдардын эң башкы мүдөөсү болуп руханий өсүү жана олуттуу, бүт жашоону өзгөртөөр Кудай жолунда жүрүү. Жооптор бардык жерде бирдей болгондуктан, сурамжылоону токтоттум. Сүрөт мага айкын эле!

Мен ишенем, сен да мендей жана башка аялдардай эле Кудай менен сүйүүгө толгон, терең, жакын мамилелерди издеп келесиң. Башкача жагдайда, сен бул китепти окуп коймок эмессиң. Сенин жаның жакындыкты, мамилени жана сен кандай болсоң, ошол бойдон сүйүүшөөрүнө, сени ардакташаарына толук ишенимге чаңкап турат. Бирок, бул жакшылыктардын бардыгынын соолубас булагы бир гана Кудайда жашырылган. Жүрөгүңдүн түпкүрүндөгү терең катылган каалоолор бир гана Теңир менен тыгыз баарлашуу жүрүшүндө орундалат, анткени Андан бөлөк эч ким жүрө-

гүңдүн түпкүрүн көрбөйт да, билбейт жана Андан артыкча сени сүйбөйт. Бир нерседен чоңураак сезимдериңден жана туюмдарыңдан ашып түшкөн бул канбас чаңкоо, сен жакындарыңдан толтурууну издеген бул ички боштук, — мунун баарын Кудай *Ал Өзү* сенин руханий чаңкооңду кандырыш жана жаныңдагы боштукту толтуруш үчүн сага салып койгон.

Биздин Ага чаңкашыбыз Кудайга жагат. Биз тараптан бул муктаждыкты моюнга алуу бизди эркин кылат. Биздин эркиндик мындан көрүнөт — биз өзүбүздүн каалоолорубузду, жалгыздыкты, жан дүйнө ойронун туура баалоону жана алардан Кудайга жакын болуунун курч муктаждыктын белгисин көрүп, кучак жая Ага асылуу менен Андан бизди Өзү менен толтурушун үчүн сурануунун курч муктаждыгын көрүүнү үйрөнөбүз. Антсе да, биз дилгирлене ээ болууну каалаган Кудай менен бекем байланыш өзүнөн өзү болуп калбайт. Ал жөнүндө сыйыныш, аны бапестеш жана ага кам көрүш керек. Ошондуктан биз ал жөнүндө ар убак сыйынууга жана көз карегиндей сактоого милдеттүүбүз.

## Кудайдын жолунда жүрүүдө ишенимсиздиктин негизги беш белгиси

1. *Эгер сен Теңирди, Ал сен үчүн кыла ала тургандыгы үчүн эле ээрчип жатсаң*, демек сен Анын жолдору менен жүргөн жоксуң. Эгерде сен Аны ушунча сүйсөң, ар убак Ага эмне жагаарын, Ал үчүн эмне кыла ала турганыңды билүүгө умтулуп жатсаң, анда Аны менен мамилең бекемделип жатат.
2. *Эгер сен Кудайга кыйын-кезекте же бир нерсеге кескин муктаж болуп турган учурларда гана сыйынсаң*, демек сен Анын жолдору менен жүргөн жоксуң. Эгерде сен Анын катышуусунда болууну сүйгөндүктөн гана, бир күндө

көп жолу Ага сыйынууда кайрылып турсаң, анда Аны менен мамилең бекемделип жатат.

3. *Эгер сен Кудай каалоолоруңду орундатпай жатканда, Ага ачууланып жатсаң же Андан көңүлүң калып турса*, демек сен Анын жолдору менен жүргөн жоксуң. Эгерде сен жашооңдогу жагдайлардын кандай болуп жатканынан көз карандысыз эле Кудайды даңктап жатсаң, анда Аны менен мамилең бекемделип жатат.
4. *Эгер сен Кудайды Ал сен үчүн бир нерсе кылганы үчүн гана сүйсөң*, демек сен Анын жолдору менен жүргөн жоксуң. Эгерде сен Аны Ал Ким болгону үчүн сүйүп, урматтасаң, анда Аны менен мамилең бекемделип жатат.
5. *Эгер сен өзүңдүн каалагандарыңа ээ болуп, Кудайды өтүнүчтөрүң менен тажаттым деп ойлосоң*, демек сен Анын жолдору менен жүргөн жоксуң. Эгерде сен Кудай сенин сыйынууларыңа Өз эркине ылайык жооп берерине ишенсең, анда Аны менен мамилең бекемделип жатат.

## Теңир менен жекече болуу

Эгер Аны менен жеке убакыт өткөрүүгө умтулбасак, биз эч качан Теңирге жакын боло албайбыз, Аны терең таанып, Аны менен тыгыз мамилени (биз чаңкаган) кура да албайбыз. Мына ушундай Аны менен жекече жакын учурларда гана биз жаңы дем, күч, жаңылануу алабыз, Анын көзү менен жашообузду көрө алабыз жана азыркы учурда барынан мурун эмнеге муктаждыгыбызды түшүнөбүз. Мындай учурда гана Кимге ишенип, Кимдики экенибизди түшүнө баштайбыз.

Кудай сага абдан көптү айта алат. Бирок, эгер сен көр оокат түйшүгүн калтырбай, Аны менен баарлашууга убакыт

таппасаң, Анын сага эмне айтып жатканын уга албайсың. Ыйса Кудай менен жекеме-жеке көп убакыт өткөзгөн. Эгер Ыйса Өзү ушундай кылса, чындыгында Ал балким мунсуз деле күнү өтмөк, анда биз тууралуу эмне демекпиз — бул биз үчүн канчалык маанилүү жана зарыл!

Мен билем, сыйынууга убакыт табуу жөнөкөй иш эмес. Буга адам тукумунун душманы ар тараптан тоскоолдук кылып турганда, муну жасоо өзгөчө кыйын. Бирок, эгер сен сыйынууну өз жашооңдо биринчи орунга коюп, ал үчүн атайын бир убакытты бөлүп койсоң: мисалы, адатта орундуу күндөрдү белгилеп жүргөн өзүңдүн күн барагыңа белги койсоң, күндөлүк тизмегиңе Кудай менен жолугушууну киргизүү чечимин кабыл алсаң,— анда өз сыйынууларыңа укмуш жоопторду аласың.

Бил: эгер сен сейрек сыйынып жатсаң, өз жашооңдо жакынкы өзгөрүүлөргө үмүт кылба. Сенин жашооңдогу зор деңиз лайнеринин бурум жасап, каршы тарапка бет алышы үчүн убакыт талап кылынат. Сен бургучту бура баштаарың менен эле, ошол замат ал өз агымын өзгөртө албайт. Балким, башталышында кайсы-бир өзгөрүүлөрдү байкай да албайсың. Сен сыйына баштаган учурда да ошондой болот. Сыйынуу сенин жашооңду бүтүндөй өзгөртүүгө жөндөмдүү, бирок бул сен ооз ачаарың менен дароо боло калбайт. Айланадагы өзгөрүлүүлөрдү көрөрдөн мурун, сенден сыйынуудагы туруктуулук талап кылынат. Бул эч нерсе эмес, үмүт үзүп коюу керек эмес. Жакында сен, бүтүндөй ылдамдыкта, туура нукка бет аласың. Адамдар бурулуш чак келгенге чейин жана сыйынуу жообун алганга чейин багынып берише турганы сейрек эмес. Эсиңден чыгарба, бул дем алыш убактысындагы кадимки тур эмес, бейпил гавандагы көңүл көтөрө турган сүзүү да эмес, а узундугу жашоодогу өз тагдырына беттешүү саякаты. Мында багынуу тандоо боло албайт.

## Кудайды ысымдары менен ата

Бирөөлөрдүн ысымын эске-тутуу кыйын болгондун айынан, ыңгайсыз абалга түшүү сенде болду беле? Менде мындайлар болгон. Бир убакта көп сандаган адамдар менен аңгемелешүү өткөзүү мага оор. Мен эгер бир эле адам менен сүйлөшүп жатсам, адамдын атын оңой эле эске тутуп калам, бирок бир эле кечте көп аттарды жаттап калуу мага кыйын. Мындан менде кыйынчылыктар келип чыгат. Кудай менен мындай эмес. Ал жалгыз, бирок Анын аттары өтө көп. А эгер биз Анын аттарын билбесек, анда Анын касиеттеринин өтө көп тараптарын таанып биле албайбыз.

Башынан эле Кудайдын жүздөгөн аттары бар, бирок бизге ал тургай бир канчасын эстеп калуу кыйын. Кээде баарынан бизге керектүү, так ошо зарыл атты унутуп калабыз. Мисалга, биз Кудайды Асмандагы *Ата* катары кабыл алабыз, бирок Ал ошондой эле, *Жолдошубуз* жана *Досубуз* экенин унутуп калабыз. Же биз Андан биздин *Соороотуучуну* көрөбүз да, Ал биздин *Бошотуучу* да экенин эстебейбиз. Балким, Аны биз *Жактоочубуз* катары кабыл алабыз да, бирок Ал биздин *Айыктыруучу* экенин эске албайбыз. Кээ бир адамдар Кудайга бир гана *Куткаруучусу* катары карайт, чындыгында биз эч кандай куткарылууга татыктуу эмеспиз. Антсе да, Кудай биз үчүн жакын бирөө болгусу келет; Кудайга болгон мамилебиз жашообузга таасир тийгизгендиктен, Анын инсандык бардык жактарын таанып билишибиз Кудайга жагат.

Библияда айтылган, Кудайдын аттарынын ар бири, Ага ишенүүнү үйрөнүшүбүз үчүн, биз ээрчип жүрө турган белгилүү багытты көрсөтөт. Сен ишенесиңби, Ал — сенин *Күч-кубатың* экенине (Заб.17,2 кара)? Ал — сенин *Тынчтыгың* экенине (Эф.2,14 кара)? Ал ындыныӊ өчүп турганда, *башыңды көтөрө Турган* экенине (Заб.3,4кара)? Сен үчүн Ал *тазалоо-*

*чу шакар* болуп саналабы (Мал.3,2–3)? Сенин *Акылманыңбы* (1 Кор. 1,24)? Сенин *Куткаруучуңбу* (Заб.16,7)? Жаткан *Жайытыңбы* (Жер. 50,6)? Анын бардык аттары ыйык, а биз аны унутпаганга милдеттүүбүз.

Лос-Анджелесте шоу-бизнесте иштеп жүргөнүмдө, «Ыйса» деген ысымды күнүнө далай ирет кыжырдануу менен, эч кандай урматтоосуз, сүйүүсүз же маанисин барк албай аташкандарын уккам. Качан гана Ыйсага ишенип калганымда, эгер бул атты сөгүп-сагууда колдонсо, ал кандай гана каргыш болуп каларын мен түшүндүм. Кудай атын курулай атаган адам Он Осуяттын бирин: «Кудай-Теңириңдин атын курулай эле айта бербе, анткени Анын атын курулай эле айта бергендерди Теңир жазасыз калтырбайт» (Чыг.20,7) деген-ди бузуп жаткандыктан, мындай кылган бардык адамга мүшкүл келет. Кудай атын куру атаган адам, ошондой эле Кудайдын: «Кудай-Теңириңди чын жүрөгүң менен, бүт жан-дилиң менен, бүт түшүнүгүң менен жана бардык күч-кубатың менен сүй!» — деген улуу осуятын да бузат. Кудайды сүйгөн адам эч качан ойлонбой туруп эле Анын атын атабайт.

Бирок бул Ыйса деген аттын өзү эле —сүйүү менен, дилгирик менен аталуучу, куткарууга, айыктырууга, керектүүнү камсыздандырууга, коргоого жана толгон токойлорду жасоого жөндөмү бар, улуу кудуретке ээ. А аны түйшүктө жеңил ойлой атаган адам болгон баталардын бардыгынан кол жууп калат. Кудайдын ар бир атында кудурет күч камтылган, а анын ишеним, сүйүү, түшүнүк жана дилгирлик менен айтылганы бата алып келет, ишенимди бекемдейт.

Мисалга, зарыл учурда Кудайдын атынан ар качан баш паана тапса болот: «Теңирдин ысымы — бекем мунара: адил адам ага качып кирип, коопсуз болот» (Накыл.18,10). Эгер сен ооруп турсаң, Айыктыруучуңа чурка; эгер эсеп төлөмдү

төлөй албай жатсаң, Караштыра Тургандын Өзүнө кара; коркуп жатсаң, Далда болуучуңа жүгүр; эгер күңүрттүктө сар-санаа тартып турсаң, Түбөлүк Жарыкка бурул. Кудай атын дилгирик, ыраазычылык менен ата, сен Теңирди Бошотуучуң, Куткаруучуң, Түбөлүк Жарыгың, Айыктыруучуң болушун сурап жатасың. Биз жашообузда көптөн ажырап калып жатабыз, анткени муктаждыктарыбыздын толтурулуш булагы Кудайда экендигин көрбөйбүз. Эгер Кудайды Айыктыруучуң катары кабыл албасаң, кантип айыга аласың?

Алдыда келтирилген тизмек Кудайдын отуз атын камтыйт, бирок Анын Сөздөрүндө Анын жүздөгөн аттары келтирилген. Ал жалгыз Кудай, бирок биз үчүн Ал жүрө бара Анын инсандык түрдүү кырларын таанып биле алган, көптөгөн жолдорду караштырган. Ал бизге, *арсыз* жандарга Аны — *улуу* Кудайды таанууга жардам берүү үчүн, Өзүнө көп аттарды берген. Мен сага мындай кеңеш берем, Библияда Кудайдын жаңы аттарын жолуктурган сайын, аны сызып бөлүп, же ошол барактын четинде белгилеп, же болбосо мурдагы аттардын тизмегине кошуп жазып ал. Бул сага Кудай сен үчүн Ким болгусу келерин эстен чыгарбоого жардам берет. Бул тизмекти окуу менен бирге, сенин бүт жашооңду түбөлүккө өзгөртүш үчүн, Анын ар бир атында жаңы кыр менен ачылып турган, Анын инсандык түгөнбөс көп кырдуулугу сенин жашооңо келиши үчүн Кудайды чакыр.

## Кудайдын отуз аты

1. *Айыктыруучу* (Заб.102,3 кара)
2. *Куткаруучу* (Ыш.59,20 кара).
3. *Куткаруучу* (Заб.69,6 кара).
4. *Күч берүүчү*(Заб.42,2 кара).
5. *Коргоочу* (Жоел.3,16 кара).

6. *Дос* (Жкн.15,15кара).
7. *Арачы* (1 Жкн.2,1 кара).
8. *Жанга Күч Берүүчү* (Заб.22,3 кара).
9. *Түбөлүктүн Атасы* (Ыш.9,6 кара).
10. *Сүйүү* (1 Жкн.4,16 кара).
11. *Арачы* (1 Тим.2,5 кара).
12. *Кайгы күнү — Баш Паана* (Накыл.1,7 кара).
13. *Өмүр наны* (Жкн.6,35 кара).
14. *Баш паанек* (Заб.31,7 кара).
15. *Түбөлүк Жарык* (Ыш.60,20 кара).
16. *Бекем Мунара* (Накыл.18,10 кара).
17. *Жайыт* (Жер.50,60 кара).
18. *Чындык Руху* (Жкн.16,13 кара).
19. *Бороондон Коргоочу* (Ыш.25,4 кара).
20. *Түбөлүк Өмүр* (1 Жкн.5,20 кара).
21. *Жахаба-ире** (Баш.22,14 кара).
22. *Тынчтык* (2 Тес.3,16 кара).
23. *Тирүү суу* (Жкн.4,10 кара).
24. *Калкан* (Заб.143,2 кара).
25. *Күйөө* (Ыш.54,5 кара).
26. *Жардамчы* (Эвр.13,6 кара).
27. *Керемет, Кеңешчи* (Ыш.9,6 кара).
28. *Айыктыруучу* (Чыг.15,26 кара).
29. *Үмүт* (Заб.70,5 кара).
30. *Сооротуучу* (Рим.15,5 кара).

Эгер сен маал-маал бул тизмекке көз салып, Ал сен үчүн Ким болооруна Кудайга ыраазычылык келтирсең, ишеніміңдин кандай ыкчам өсүп жатканына, Кудайга канчалык жакындаганыңа таң каласың.

* Жахаба-ире — Теңир караштырат.

## Сыйынуу

*Теңирим*, Сен Өз Сөзүңдө мага жакын болууга убада бергениң үчүн, мен Сага ыраазымын (Жкп.4,8 кара). Мен Сенин алдыңда өмүр сүрүүгө суусап турам, Сени менен бекемирээк жана жакыныраак мамиледе болууну каалайм. Ар кандай мүмкүн болгон жолдор менен Сени таанып билгим келет. Айтчы мага, Сени терең таанышым үчүн мен эмне кылышым керек. Мен «дайыма үйрөнгөнү менен, эч качан чындыкты таанып биле албаган» (2 Тим.3,7) адам болгум келбейт. Мен Сен Ким болсоң, ошол жөнүндөгү чындыкты билгим келет, анткени Сен чын жүрөгүнөн Сени чакыргандардын бардыгына жакынсың (Заб.144,18).

Сен Өз ниетиңди орундатышың үчүн, өзүмдү Сенин колдоруңа тапшырам. Жашоомдо Сенин иштериңди чектей турган бардык нерседен баш тартам. Мен шыр эле жарыя кылам, Сен — менин Айыктыруучум, Куткаруучум, Кун Төлөөчүм жана Сооротуучумсуң. Бүгүн мен өзгөчө Сага ...(Кудайдын аттарынын бирин ата) катары муктажмын. Мен ишенем Сен мен үчүн ошол боло аласың.

Теңирим, Сени менен күн сайын баарлашууга убакыт тапканга, бул ниетке жеткенге тоскоол болгондордун баарынан баш тартканга жардам бер. Сага жаккандай сыйынууга үйрөт. Күн сайын Теңир, Өзүң жөнүндө жаңы нерселерди ачып берип тур. Сен айткансың: «Ким суусаса, Мага келсин жана ичсин» (Жкн.7,37). Мен Сага суусап турам, анткени Сенсиз жаным боп-бош. Мен Сага Сенин Рухуңдун булагынын

тереңинен ичиш үчүн келем. Ошондуктан мен Сенден суранам, мени Өзүңө ушунчалык жакындата көр, мурда болуп көрбөгөндөй, Сенин алдыңда даана так тура алгандай болоюн.

## Сиздин сыйынууларыңызды бир кыйла таасирдүү кылууга жөндөмдүү БИБЛИЯДАН АЛЫНГАН АЯТТАР

Кудайга жакындагыла, ошондо Ал силерге жакындайт.
*Жкп.4,8*

Мен Атамдан өтүнүп сурайм,
Атам силерге башка Сооротуучуну,
чындык Рухун берет: Ал түбөлүк силер менен болот,
бул дүйнө Аны кабыл ала албайт,
анткени Аны көрө да, биле да албайт.
Ал эми силер билесиңер, анткени Ал силер
менен, силердин ичиңерде болот.
*Жкн.14,16–17*

Анткени Атаңар силерге Падышачылыкты
бергиси келет.
*Лк.12,32*

Буга чейин силер Менин
ысымым урматына эч нерсе сураган жоксуңар.
Кубанычыңар толук болуш үчүн сурагыла, аласыңар.
*Жкн.16,24*

Өзүбүз жарыялаган үмүттү бекем сактайлы,
анткени убада берген Кудай ишенимдүү.
*Эвр.10,23*

## ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

# ТЕҢИРИМ, МЕНИ ТАЗАРТ ЖАНА МЕНИН ИЧИМДЕ АДИЛЕТ ЖҮРӨК ЖАРАТ

Алдыга жылардын алдында, мен кээ бир нерселерди түшүндүрүп беришим керек. Анткени, эч кимибиз жеткилең эмеспиз. Адамдардын эч кимиси, күнөө жасап алуудан камсыздандырылган эмес. Эч ким көйгөйдөн эркин эмес. Эч ким, ага мындан ары үйрөнөр эч нерсе калбагыдай, Теңирди ушунчалык терең таанып билген жок. Эч ким Теңирдин жардамына муктаж болбогудай, өз алдынча жеткилең эмес. Эч ким...

Кеп мына ушунда! Бул деген турган кеп!

Суранам, ойлобо, мен муну сен *билбегениңден* улам айтып жаткан жокмун. Тескерисинче, меним оюмча, сен менин эмне айткым келип жатканын да *билесиң*. Муну айтып жаткан себебим, биз *баарыбыз* билерибизди, эсиңе салыш гана. Ошондуктан өзүбүз менен да, бири-бирибиз менен да ачык-айрым боло алабыз.

Бул китепти окуп жатканда, сенде мен колдон келбес бийик максаттарды сенден талап кылып жаткандай туюмдар орношун мен каалабайм. Бул китеп кантип жеткилеңдикке жетүү жөнүндө эмес, а Кудай биздин туубуз болуп калышы-

на кантип жол берерибиз жөнүндө. Мен кайсы бир ийгиликтерге кантип жетишүү тууралуу эмес, а жашообузду жетектөөгө кудуретсиз экенибиз жөнүндө айтып берем. Бул китеп ийгилике жетпей калган жагдайда, багы жок күнөөкөрдөй сезбөө жана кантип Кудайдын сотунан кутулуп кетүү тууралуу эмес, а Кудай сүйүүсүнүн толуктугун кантип сезүү, бул сүйүүнүн бизде өркүндөшүнө жол коюу жөнүндө. Бул китеп өзгөрүүнү үйрөтпөйт, а чындыгында сен ким болуп саналганыңдыгыңды айтат. Бирок башында сен өзүңө өзүң жана Кудай менен кынтыксыз чынчыл болууну үйрөнүшүң керек.

Дүйнөдөгү бардык аялдар толук кандуу жашоодо өмүр сүргөндү эңсешет. Алар Кудайдын ырайымынын алдында жашоону, бирок буга катар Кудайдын эркине тил алчаактыкты да, Кудайдын осуяттарына сак болууну да каалашат. Алар Кудайдын чындыгында кыйшайбай тургулары, ошол эле учурда кырсыкка кабылган, башка адамдарга кайрымдуу болгулары келет. Алар Кудайды терең таанууну каалап, Ыйык Рухтун күчү аларды кайра жаратышын жактырат. Бирок аялдар, эгер өңгүлүктүү өзгөрүүлөрдү көрө албай жатса, өздөрүнө өзү катаал келишет. Алар өздөрүн айыпташат да, жетишкен ийгиликтери менен көңүл кош кубанат.

Ошондуктан мен, «жүрөктү тазарт» дегенди, сенин жүрөгүң «кир» деп асылгандай, — албетте андай эмес, сени айыптагандай кабыл алышыңды каалабайм. Кудай сени Анын баталары акыры аягы сага куюлушу үчүн, жүрөгүңдү жана жолдоруңду оңдоого чакырып жатат. Буга, Ал келечекте сен үчүн алдын ала караштырган маанилүү ишке, Теңир сени кандай даярдап жатканына көз сал.

Бул мүмкүн болуп калышы үчүн, жашооңо артыкча көңүл кое изилдөө зарыл, кайраттанып туруп, мындай деп айтуу керек: «Теңир, мага жүрөгүмдө, акылымда, рухумда жана

бүтүндөй жашоомдо эмнелер болбошу керектигин көрсөт. Мен түшүнбөй жаткандарды мага ачып бер, кетирген катачылыктарымды көрсөт, менменсинүүдөн, текебердиктен, коркунуч менен чочулоонун ар түрдүү белгилеринен жана тынчсыздануудан мени куткар, өзүм жана жашоом тууралуу чындыкты билгенге мага жардам бер. Теңир, мага чындыкты ачып бер. Мен аны кабыл ала алам. Катаны оңдоого, жалганды чындыкка алмаштырганга жардам бер, жашоомдо убакыт менен сыналып чыккан өзгөрүү жаса».

Мындай сыйынуу үчүн кайраттуулук керек. Балким, бул үчүн сага, сенде болгондон көбүрөөк кубат керек чыгаар. Эгер Ал сенден таап алаарынан коркуп жаткандыгыңдан, Теңирдин жүрөгүңө киргизүүгө эрк-күчүң жетпей жатса, анда Кудайдан сага тайманбастык, эрдик тартуулашын суран. Эгер сен жашооңдо жакшы тарапка өзгөрүүлөрдүн аткарылышын кааласаң, сага «жашыл жарыкты» жандырып, Ыйык Рухтун сени тазарта, мүмкүнчүлүгүңдү кеңейте иштешине жол берүүгө туура келет. Сенин өзүңө байланыштуу ар кандай адашуудан сакташы үчүн, Аны өзүңдүн жүрөгүңө киргизүүңө туура келет. Сен Теңирдин сенде таза жүрөк жаратышын өтүнүшүң керек. Мында бул эки кадамды аткарууга даяр бол:

1. Кудайдын алдында Ал сага көрсөткөн бардык күнөөлүү иштериң менен ойлоруңду *мойнуңа алуу.*
2. Мойнуңа алган нерселериң үчүн *тобо кылуу*.

## Өзүңдүн күнөөкөр экениңди чын жүрөктөн моюнга алуу

Эгерде, сен тасыккан киши өлтүргүч болбосоң же банк тоноодо эч качан катышпасаң, сага тобо кылар нерсе жок деп ойлобо. Эгерде бир нече жылдардан бери Кудай жолунда

жүрсөң, жыйынга жекшембиде эрте менен, шаршембидеги кечинде барып, бардык сыйынуу жыйналыштарында болсоң, анда сага тобо кылар нерсе жок деп ойлобо. Күнөө дайым эле айкын эмес. Мисалы, Кудайдын Өз убадаларын аткара тургандыгына шектенген учурларың болду беле? Кудайга шектенүү — күнөө. Кимдир бирөө тууралуу кеп-сөз тараткан учурларың болду беле? Ушактоо — күнөө. Сен бөлүшкүң келбеген бир нерсени сурайт деп коркуп, ал адам менен сүйлөшүүдөн качып кеткиң келген беле? Өзүмчүлдүк — күнөө. Башка бир адамды көңүлүң сүйбөй турган чакты баштан өткөрүп көрдүң беле? Сүйүүдөн башканын баары, күнөө.

Күнөө кылуудан жүз пайыз кепилдик берүү мүмкүн эмес. Ошондуктан тобо кылуу абдан маанилүү. Эгер биз өз күнөөлөрүбүздү, катачылыктарыбызды жана мүчүлүштүктөрдү моюнга албасак, биз Кудайдан алыстап калабыз жана өз сыйынууларыбызга жооп ала албайбыз, «...силердин мыйзамсыздыгыңар силерди Кудайыңардан бөлүп салды. Ал силерди укпаш үчүн, силердин күнөөңөр Анын жүзүн силерден буруп жатат» (Ыш.59,2).

Өз күнөөлөрүбүздү моюнга албай, биз Анын жүзүнө түз жүз бага албагандыктан, Эдем багындагы Адам менен Обону жолуна түшүп, Кудайдан жашына баштайбыз. Бирок Кудайдан жашырынуу мүмкүн эмес. Ыйык Китепте биздин жашыруун иштерибиз эле эмес, жашыруун сөздөрүбүз менен ойлорубуз да ачыкка чыгаары айтылган. «Ачылбай кала турган жашыруун нерсе болбойт, билинбей кала турган сыр болбойт. Ошондуктан караңгыда айтканыңар жарыкта угулат. Үйдүн ичинде кулакка шыбырап айтканыңар үйдүн төбөсүндө жарыяланат» (Лк.12,2–3). «Андан жашыруун эч бир жан жок. Анын көз алдында баары ачык-айкын. Анын алдында жооп беребиз» (Эвр.4,13).

Кандай үрөй учурган ой! Эгер ар кимибиз кылган иштерибиздин ар бирине жооп бере турган болсок, анда Кудай алдында болгон нерсенин баарын канчалык эрте ачсак, бизге ошончолук жакшы. Чындыгында эле, биз өзүбүз көрүнгөн күнөөлөрүбүздү канчалык эрте мойнубузга алсак, Кудай бизге көрүнбөгөн күнөөлөрүбүздү ошончолук тез ачып берет. Бирок ар кимибизде дагы канча күнөө калганын бир гана Кудай билет.

Күнөөнүн артында дайыма кесепет турат. Бул тууралу өз күнөөсүн моюнга алып жатып, Дөөт падыша өтө таамай айтат. «Мен унчукпай койгондуктан, ар күнү кыйнала берип, денем алсырап калды. Анткени менин үстүмдөгү колуң күндүр-түндүр кыйнады. Кургакчылык убагындагыдай, өң-түстөн кеттим» (Заб.31,3–4).

Мага терең жараат алып келген сөздөрдү, көп ирет бетке чапкан күйөөмдү көрөргө көзүм калбаган учурларымды эстейм. Өзүм көтөрүп жүргөн ачуу менен таарыныч менин жүрөгүмдү өтө сыздатты. Күйөөм гана күнөөлүү да, мен актана алам деп эсептегендиктен, өзүмдүн күнөөлүү сезимдеримди мойнума алгым келген жок. Бирок акыр аягы мен түшүндүм, бул кимдир бирөөгө кек сактоо — күнөө экенин түшүндүм, күйөөмдү көргүм келбегендигин моюнга алдым. Мына ошол замат денемден оорунун чыгып кеткенин сездим. «Сенин каарыңдан денемдин бир да соо жери жок. Күнөөлөрүмдүн айынан сөөктөрүмдө тынчтык жок. Анткени мыйзамсыз иштерим башымдан ашып, оор жүк сыяктуу мага салмагын салып турат. Акылсыздыгымдан жараларым ириңдеп, сасып жатат» (Заб.37,4–6). Бар болгон көйгөйлөргө кошумча кылып денедеги оорудан азап тартуунун кереги жок, жашоо ансыз деле оор.

Күнөөдөн оор эч нерсе жок. Биз анын оордугун, анын бизди алсыратып, жаныбызды жутуп жаткан бардык күчүн се-

зип көрмөйүнчө түшүнбөйбүз. Биз анын талкалоочу күчүн, Кудай менен биздин ортобузга коюлган дубалга башыбыз жарылмайын, акыл калчап баалай албайбыз. Ошондуктан бизге белгилүү болгон ар бир күнөөлөрдү моюнга алып, өз жүрөктөрүбүздү тазалап, ошончолук тез Кудай алдында туура турганыбыз жакшы. Тобо кылуу күнөөнү Кудай алдында көрсөтүп, ачык таанытат. Кудай биздин жардамсыз эле бардыгын биле алгандыктан, өз күнөөбүздү моюнга алып, Кудайды жаңы эч нерсе менен кабардар кылган жокпуз. Болгону, Ал сенин өз күнөөңдү өзүң мойнуңа алышыңды каалайт.

Бирок моюнга алуу — бул кадимки кичи пейилдик эмес, анткени ар бирибиз муну кыла алабыз. Көпчүлүк адамдар бул чебердикти жакшы үйрөнүп алышкан. Аларда муну кылуу бул аймактагы бай тажрыйбанын эсебинен турган кеп болуп калган. Алар өздөрүнүн «кечирип коюңузун» оңго да, солго да оңой эле ыргыта беришет, анткени өз жолдорун өзгөртпөйт. Алар «кечирип коюңузун» эч кандай айыпты туйбай туруп айтышат. Булар сөздөрү эч кандай маңызга ээ болбогон, өзүнчө бир адистер. Чыныгы тобо кылуу болсо кылганына толук өкүнүү келе турган күнөөнү моюнга алууну билдирет.

## Терең тобо кылуу

Өз кылыгы Кудайдын мыйзамын бузгандыгын моюнга алуу — башка иш, кылган ишине терең өкүнүп, чын жүрөктөн бул күнөөнү башка эч качан кылбоону чечүү — бөлөк иш. Бул тобо кылуу. Тобо кылуунун артында өзгөргөн ой жүгүртүү турат; ал жүз сексен градуска бурулууну билдирет. Тобо кылуу — демек кылган ишке терең өкүнүү жана мындан ары мындай нерсени башка жасабагыдай кылууга бекем чечим

чыгаруу. Тобо кылуу — демек өз каталыгын жана өз күнөөсүн *түшүнүү*. Тобо кылуу бул өз күнөөбүзгө биз катуу, ченемсиз, ооруганга чейин *өкүнгөнүбүздү*, андан баш *тартканыбызды жана алыс кеткенибизди* билдирет.

Ошого карабастан тобо кылуу, бул биз эми эч качан күнөө кетирбей калабыз дегенди билдирбейт,— бул, биз мындан ары эч качан күнөө кылууга *ниеттенбейбиз* дегенди билдирет. Мына ошондуктан, эгерде сага бир эле күнөөдө кайра-кайра тобо кылып, өкүнүүгө туура келсе, анда муну кылуудан коркпо. Душманыңдын мойнуңа минип алып, кулагыңа айыптоону шыбырашына жол бербе. Душманды өз ийиниңден ыргытып түшүрүп, жеңишке ээ болушуң үчүн, күнөөңдү мойнуңа ал да, анда канча жолу өкүнүш керек болсо, ошончо жолу өкүн. Мына буга окшогон ойлордун, сени ээлеп алышына жол койбо: «Балким, Кудай мени мындан ары кечирбейт го; анткени өткөн жумада эле бул күнөөм үчүн кечирим сурабадымбы». Жок, Ал сени, Анын алдында өз күнөөңдү *ачкан сайын* кечирип турат. «Мыйзамсыз иштери кечирилип, күнөөлөрү жабылган адам бактылуу!»(Заб.31,1). Теңир алдында өз күнөөңдөн өкүнө, сен өз жашооңду түп тамырынан өзгөртө аласың.

Кудайдын осуяттарын сен бузган сайын, күчтөнүп турган душман, «күнөөнүн жазасы — өлүм...»(Рим.6,23) деп жазылып тургандыктан, сага каардуу сокку ура албашы үчүн, тобо кылууну эч качан кийинкиге калтырба. Кудайдын алдында эмнеден сенин жүрөгүң таза жана адил эместигин көрсөтүп беришин Андан күн сайын суран. Теңирдин сен үчүн даярдап койгон, жакшылыктарынан ажырата турган эч нерсеге жол бербе.

## Сыйынуу

*Теңирим,* мен Сенин алдыңда моюн сунам, Сенден суранам: менин жүрөгүмдү ар кайсы мыйзамсыздыктардан тазарт, менде адилеттиктин рухун жаңыла. Сени даңазалабаган же Сенин осуяттарыңа каршы келген оозумдан чыккан сөздөрүм үчүн, кылган кылыктарым үчүн мени кечир. Мына буларда, мен Сенин алдыңда тобо кылам... (Кудайга жакпаган, бардык ойлоруңду, сөздөрүңдү жана кылыктарыңды ата). Мен буларды күнөө дейм, буларга өкүнөм. Мен бул ойлорду, жоруктарды калтырууну жана Сенин жолуңда жүрүүнү каалайм. Мен Сенин «жакшы жана боорукер, чыдамдуу, абдан ырайымдуу» (Жоел.2,13) экениңди билем. Муну баалабагандыгым үчүн, мени кечир.

Теңир, Сен «жүрөктөгү сырларды билесиң» (Заб.43, 22). Мен билбеген жүрөгүмдөгү сырларды мага ачып бер. Ойлорумда, сөздөрүмдө же иштеримде жашырынып жаткан, ачылбаган күнөөлөрдү мага көрсөт. Өзүм жөнүндөгү чындыкты, ачык көрө алышым үчүн мага ачып бер. Менин жанымды изилдеп, мен өзүм тууралуу эмне билишим керек болсо, ошону мага ачып бер. Мен өзүмдүн маңызсыз, жаман, Сага жакпаган адаттарымдан арылгым келет. Мүчүлүш жактарымды өзгөртүүгө мага жардам бер. Өз күнөөлөрүмдүн баарын моюнга алып, алардан баш тарта алышым үчүн, көрүшүм керек болгон нерселерге көздөрүмдү ач. Мен Сен Өз Сөзүңдө буйрук кылгандай, өз колум менен жүрөгүмдү тазалагым келет (Жкп.4,8 кара).

Мен Сага сыйынам: «Кудайым, мени Өзүңдүн улуу ырайымың боюнча ая, Өзүңдүн улуу кайрымдуулугуң боюнча күнөөлөрүмдү өчүрүп сал. Күнөөлөрүмдү тазаргыча жууп, кылмышымдан тазала...» (Заб.50,3–4). «Кудайым, таза жүрөк жарат, рухумду жаңыла. Менден жүзүңдү бурба, менден Өзүңдүн Ыйык Рухуңду алба» (Заб.50,12–13). «Мени жашыруун күнөөлөрүмдөн арылт...» (Заб.18,13). «Кара, мен коркунучтуу жолдо эмесминби, мени түбөлүктүү жолдо жетектеп жүр» (Заб. 138,24). Мени Сенин алдыңда адил жана таза кыл. Күнөөлөрүмдүн кечирилиши үчүн, мага Сенин кечиримиң керек. (Элч.иш. 3,19. кара).

# Сиздин сыйынууларыңызды бир кыйла таасирдүү кылууга жөндөмдүү БИБЛИЯДАН АЛЫНГАН АЯТТАР

Эгерде күнөөлөрүбүздү мойнубузга алып
ачык айтсак, ишенимдүү жана адилеттүү
Кудай күнөөлөрүбүздү кечирет жана бизди
бардык адилетсиздиктен тазалайт.
*1 Жкн.1,9*

Сүйүктүүлөрүм, эгерде жүрөгүбүз айыптабаса,
анда Кудай алдында кайраттуулукка ээбиз.
Эмне сурасак да, Андан алабыз, анткени Анын
осуяттарын аткарып жатабыз жана Ага
жакканды кылып жатабыз.
*1 Жкн.3,21–22*

Бирок мен Сага күнөөмдү ачык айттым,
айыбымды жашырган жокмун:
«Кылмыштарымды мойнума алып,
Теңирге ачык айтайын», — дедим,
ошондо Сен мени күнөөмдүн
айыптоосунан куткардың.
*Заб.31,5*

Ошондуктан күнөөлөрүңөрдүн кечирилиши үчүн,
тобо кылгыла, Кудайга кайрылгыла.
Ошондо силерге Теңирден кубанычтуу
мезгилдер келет ...
*Элч. иш.3,19–20*

Өз кылмыштарын жашырган
адам ийгиликке жетпейт,
ал эми өз кылмыштарын мойнуна
алып, аларды таштаган адамга
ырайым кылынат.
*Накыл.28,23*

## ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

# ТЕҢИРИМ, МАГА КЕЧИРГЕНДИ ҮЙРӨТ

Менин энем мага катаал эле, а атам андай эмес болчу. Машайакчы болуу менен мен өз энемди кечирдим. Бирок көп жылдар өтө, Кудай мага өз атамды кечирбегенимди ачып берди. Мен жан дүйнөмдү толтурган тынчсыздануу менен үмүтсүздүк тууралу айтып бергенимде, машайакчы психолог менден атама таарыныч катып жүрбөгөнүмдү сураганда, мен жок деп жооп бердим. Жок жерден элеби? Ал мени таарынткан эмес да. Бирок руханий устатым, Кудайдын мага бүтүндөй чындыкты ачып беришин суранып, сыйынышымды сураганда, күтпөгөн жерден менден бүт ачуу, таарыныч, оору көлдөгөн көз жаш менен төгүлдү. Көрсө, жүрөгүмдүн түпкүрүндө атамдын бир да жолу мага жардамга келбегенин, бир да жолу энемдин акылсыз кылыктарынан мени куткарбагандыгын эстеп калыптырмын. Ал бир да жолу мени энем көп ирет бекитип салган сүкөндөн чыгарып койгон эмес. Ал тургай, менде энемдин акыл-эсинин ордунда эместигин билип туруп, мага көңүл кош кала бергени үчүн, атама ушунчалык көп таарыныч топтолуп калганы оюма да келген эмес. Бирок ошол күнү, аны кечирге-

нимде, башымдан мурун эч качан өтпөгөн, ушундай тынчтыкты сездим.

Көп учурда биз кекчил экенибизди оюубузга албайбыз. Биз кечиргенди билебиз деп эсептейбиз, бирок бул чындыгында андай эмес. Эгерде биз Кудайдан кекчилдигибизди ачып берип, көрсөтүшүн суранбасак, анда биз эч качан анын өлтүрө турган чеңгелинен бошоно албайбыз. Биздин жогорку дегээлдеги адилдигибиз кечире билүү каалоолорубуздан көрүнөт. Мунсуз биз Кудай убада кылган мурасты эч качан ала албайбыз.

## Туура чечим кылуу

Биз «жек көрүү» деген сөздү, анын таасиринин күчүн билебиз, адатта аны колдонбогонго тырышабыз. Бизге чындыгында башка адамды жек көрө алабыз деген ойдун өзү эле жагымсыз. Бирок чындыгында, кекчилдик бул — жек көрүүнүн тамыры. Эгерде биз өз таарынычтарыбыздан бошонууну жана кечирүүнү каалабасак, бул эмоциялар жек көрүүгө айланат. Ыйса бул суроого өтө олуттуу караган. Ал айткан: «Бир тууганын жек көргөн адам — киши өлтүрүүчү. Киши өлтүрүүчү адам өзүндө бар болуп турган түбөлүк өмүргө ээ эмес экендигин силер билесиңер» (1 Жкн. 3,15). «Кимдир бирөөгө каршы бир нерсеңер бар болсо, сыйынып жатканыңарда, аны кечирип койгула. Ошондо асмандагы Атаңар да силердин күнөөлөрүңөрдү кечирип коет» (Мк. 11,25).

Кел, биздин ой жүгүртүүбүзгө бир нече тактыкты киргизели. Кимде ким кечирбесе, алар түбөлүк өмүргө жана күнөөлөрүнөн Кудайда кечиримге үмүтү жок киши өлтүргүчтөр деп аталат. Мен мындай деп айтмакмын: эгерде *кечирим* менен *кекчилдиктин* экөөнүн бирин тандоо болсо, анда мыкты жолду тандоого болот, демек, кечирим.

Кекчилдикти тандоо менен, биз өзүбүздү караңгыда жүрүүгө кириптер кылабыз (1 Жкн.2,9–11). Жашообузда айкын аянга ээ болбой туруп, чалынып, багытты жоготобуз. Бул бизди жолдон чыгарат да, каталарды кетиребиз. Ошондо алсыздыктарыбыз үстүбүздөн көтөрүп түшөт, оорулар каптайт, жүрөккө ызалык сойлоп кирет. Бул, эмоцияларыбызды жашыруу колубуздан келбей жаткандыктан, айлана-чөйрөдөгүлөрүбүзгө да байкалат. Ал тургай болуп жаткандардын өзөгүн түшүнбөсө да, айланабыздагы адамдар катылган таарынычыбызды сезишип, жанында турганыбыз аларгаың гайсыз болот. Эгер эле кечирүүнү чечсек, мындан бир эле биз эмес, бирок айланабыздагы адамдар да утушат.

## Жакындарыбызды кечире билүүнү үйрөнүү — биринчи кадам

Жакындарыбызды кечирүү өтө оор, анткени алар ар убак жаныбызда, бизди башкалардан жакшы билет, башкаларга караганда, бизди ашыкча күйдүрө жаралаганга жөндөмдүү. Бирок так ушу жакын адамдарыбызды кечире билүүнү билбөө, бизге чоң кайгыларды алып келет. Демек ар кандай кечирим өз үй-бүлөбүздөн башталат.

Баарынан мурун, Библия жетишерлик айкын эскерткен нерсе, бул ата-энебизди кечиришибиз керек. Он осуяттын бешинчиси ачык айтат: «Кудай-Теңириң берип жаткан жерде өмүрүң узун болсун десең, ата-энеңди сыйла» (Чыг. 20,12). Атаң менен энеңди сыйлабай, өз өмүрүңдү кыскартасың, бирок сен аларды кечирбей туруп, сыйлай албайсың.

Анын убадалары жашоомдо аткарылышы үчүн, өз энемди кечирүүнү чечип, мен Теңирге тил алчаак болууну кааладым. Балким, бул менде ишке ашкандыр — жаш курагымды билип алуу жетиштүү болду. Бирок бир ирет энеме кечирим

берүү бул көйгөй менен түбөлүккө кол жууну билдирбеди. Көп жылдар бою жан дүйнөмдө бүтүндөй катмар болуп тарыныч менен ыза топтолгон, ушул катмарлардын ар бири жогору көтөрүлгөн сайын, аны кечирип турууга туура келди. Жылдар өткөн сайын анын мүнөзү артыкча бузулуп тургандыктан, аны ар дайым кечирип турдум.

Эгер биз кайсы бир адамды кечирбөө каалообузду бир жолу кабылдасак, бул мунун так өзүн кийинки жолу дагы кылуу муктаждыгы болбойт дегенди билдирбейт. Ошондуктан кечирүү — демек кекчилдик менен боорукердиктин ортосундагы чечимди *күн сайын* кылуу. Биз бирөөнү кечирүүнү, муну каалаган каалабаганыбызга көз карандысыз чечебиз. Бул сезим эмес — бул чечим кабыл алуу. Эгер биз кечирип коюуга көңүлүбүз келгенге чейин күтө турган болсок, анда биз өмүр өткөнчө күтүп жүрө беребиз. Эгер кимдир бирөөгө кастыгыбыз бар болсо, бул кишинин кылгандарынан зыркырап азап чегебиз, анда бул жерде ар дайым биздин да айыбыбыз бар, анткени биз бул оорудан кутулуу чечимин кабыл албай койдук. Кудай алдында кекчилдигибизди моюнга алууга ар убак даяр болуу — биздин жоопкерчилик, бул жоопкерчиликти аткарганда гана, Анын бизге кечирүүгө жана андан ары жашоону улантууга жардамын сурай алабыз.

Ошондой эле, дагы туугандарыбыздын кимисин кечирүү керектигин бизге көрсөтүп беришин Кудайдан сурашыбыз керек. Кекчилдиктин ызасына толгон адамдардан болууга укугубуз жок (ырас, кээде кыжырданабыз, бирок бул башка нерсе). Бирок биздин үлгүлөр Кудайдыкынан алда канча төмөн болгондуктан, көп учурда кечиримибиз талап кылынган абалдарды көрбөйбүз. Кайсы туугандарыңа дагы эле каарданып жүргөнүңдү көрсөтүп беришин Теңирден сура. Сен кечиргендени үйрөнмөйүнчө, тынчтыкка ээ боло албайсың.

## Эгер кечиргенге күчүң жетпесе

Кечирүү дайыма жеңил эмес. А кээде бул бизге кылынган запкынын оорусунан улам деги эле мүмкүн эмес. Эгер сен бирөөнү кечире албай жатсаң, Кудайдан жардам сура. Так ушуну, мен энемдин өлүмүнө чейин жасадым. Акыр аягы энеме болгон ар кайсы жагымсыз сезимдерден толугу менен бошондум. Эгер такыр эле адамды кечире албай жатсаң, Теңирден аны кечирүүгө жөндөмдүү жүрөк тартуулашын сураң. Сени таарынткан адам үчүн, сага белгилүү сыйынуулардын баары менен сыйын. Таң калыштуу, Кудай кантип ушундай сыйынууларга жооп берип, жүрөктөрдү жумшартат. Бизге жамандык кылгандар үчүн сыйынганыбызда, биздин каар, жек көрүү жана оорубуз сүйүүгө айланат.

Кам да санаба: биздин кечирим адамдарды алардын кылгандарын актап жаткан жок — кечирим Кудай аларды соттой алгыдай кылып, Анын колуна өткөзүп берет. Кечирим болгон бардык табиятынан — ал бизди бул адамдардан бошотуп, Кудай биз үчүн даярдап койгон нерселерди алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ кылгандыктан, эң жемиштүү өч алуу түрү. Биздин кимдир бирөөнү кечирүүбүз, мына булардан, бул адам өз айыбын мойнуна алар же албасынан, кечирим сурар же сурабасынан көз каранды эмес. Эгерде бул мындай болбосо, анда кечирим деги мүмкүн болбос эле. Биз капа кылган адамдын кылыгына карабай, кечире билишибиз керек.

Кээде жашообузда ушунчалык үрөй учурган окуялар болот, муну ал тургай бир нече жылдар бою бизге карата жасалган жарааттын тереңдигин байкабайбыз. Кээде өткөн иш үчүн өзүбүздү кечирбейбиз да, анан өмүр бою эмне кылганыбыз же бир нерсени кылбаганыбыз үчүн өзүбүздү жемелейбиз. Кээде өткөн нерседе Кудайды күнөөлөйбүз. Ушуга окшогон нерселер жашоодо болгон жок беле, Кудайдын

көрсөтүп беришин сура. Кудайдын ойлогон оюнун аткарылыш жолуна кекчилдиктин ызасы тоскоол болушуна жол бербе.

## Бул эмнеге гана турбасын

Төрт жүз токсон — мына капа кылган адамды канча ирет кечиришибиз керектиги! Петр Ыйсадан: «Теңир, мага каршы күнөө кылган бир тууганымды канча жолу кечиришим керек? Жети жолубу?»— деп сурады. Ыйса ага мындай деп жооп берди: «Сага айтып коеюн, жети жолу эмес, жетимиштен жети жолу» (Мт. 18,21–22). Балким, сага кимдир бирөөнү бир күндө 490 жолу кечирүүгө туура келер, бирок сенин канча керек болсо, ошончо кечиришиң Теңирге жагат. Ал сени кечиргенди билген адам катары көргүсү келет.

Ыйса кожоюну тарабынан зор карызынан бошонгон адам тууралуу үлгү-насаат айтат. Бирок буга карабай, бул адам досун чоң эмес карызын кайтарбаганы үчүн түрмөгө айдатат. Муну уккан кожоюн мындай дейт: «...бүт карызыңды кечирдим эле. Мен сага ырайым кылгандай, сен да тиги кулга ырайым кылсаң болбойт беле?» (Мт.18,32–33). Кожоюн ушунчалык каарданып, бул адам өз карызын толук төлөп бергенче, иштей турган оор жумушка айдатат. Ыйса айтты: «Эгерде ар бириңер өз бир тууганыңардын күнөөсүн чын жүрөктөн кечирбесеңер, асмандагы Атам да силерге так ушундай мамиле кылат» (Мт.18,35).

Бул өтө олуттуу эскертүү. Машайакка ишенген ар бирибиздин абдан чоң карызыбыз кечирилген. Ошондуктан бири-бирибизге мамилелерибизде каардануугa акыбыз жок. Кудай айтты: «Бири-бириңерге кайрымдуу, боорукер болгула. Кудай силерди Машайак аркылуу кечиргендей, бири-бириңерди кечиргиле» (Эф.4,32). Эгер биз кечирбесек, өз

жек көрүүбүздүн кулу, өз жаалыбыздын курманы болуп калабыз.

Биздин бардык иштер түбөлүктүн көз карашы менен, эки сынак менен бааланат: Кудайга болгон сүйүү жана адамдарга болгон сүйүү. Адамдарга караганда, Кудайды сүйүү алда канча жеңил, бирок Кудай биринчи жана экинчи сынак ортосунда теңдик белгисин койот. Жакыныңа болгон сүйүүнүн эң айкын көрүнүшү болуп кечире билүү болуп саналат. Бизге оору алып келген, бизди таарынткан жана бизге адилетсиздик кылган адамдарды кечирүү кыйын. Бирок Кудай бизди, ал тургай душмандарыбызды сүйүүгө үйрөтөт. Бул жолдо Ал бизди жеткилеңдикке өстүрөт (Мт. 5,48 кара). Таарыныч менен каардануудга шылтоо издөө дайыма жеңил, бирок биз бул издөөлөрдү токтотушубуз керек.

Кудай сага Өзү сен үчүн даярдап койгон нерселерди бергиси келет, бирок эгер сен башкаларды кечирбесең, сенин руханий өсүшүң токтоп калат да, Кудай жашооңдо иштебей калат. Кечирим, сени Ыйык Рух эркин жетектей алышы үчүн, сенин жүрөгүңдү жана акылыңды ачат. Сен Кудайды күчтүү сүйгөндү жана Анын сүйүүсүн курч сезгенди үйрөнөсүң. Ансыз биздин өмүр маңызга ээ эмес.

## *Сыйынуу*

*Теңирим,* мага кечиргенди үйрөт. Кечире албастыгым эмнеде экендигин мага көрсөт. Жан дүйнөмдүн түпкүрүн ач, кекчилдик өмүр жолумда тоскоол болбошу үчүн, кекчилдигимди мага көрсөт. Эгер жүрөгүмдө ачуу, ыза же жаал катылып жүргөн болсо, күнөө ката-

ры мойнума алышым үчүн, аларды мага ачып бер. Анын ичинде, мен Сенден төмөнкү адамдарга кечирим бере алышыма жардам беришиңди өтүнөм...(кечирүүнү чечим кылган адамыңдын атын ата). Башкаларды кечире алышыма эч нерсе кедерги болбошу үчүн, менин күнөөлөрүмдүн Сенин кечиргениңдин тереңдигин түшүнүүгө мага жардам бер. Мен түшүнөм, бардык чындыкты Сен гана билесиң, адилеттик салтанат курушу үчүн Сен кам көрөсүн.

Мен кетирген катачылыктар менен адашкандарым үчүн өзүмдү кечирүүгө мага жардам бер. А эгерде кандайдыр бир ошолордо Сени күнөөлөгөн болсом, Сенин алдыңда аларды мойнума алганга жардам бер. Өз Сөзүңдө буйрук бергендей, мени куугунтуктап, мени каргагандарга бата берип, душманымды сүйгөнгө үйрөт (Мт. 5,44–45 кара). Мени капа кылгандар менен мага оору алып келген адамдар үчүн сыйынганга жардам бер, аларга карата жүрөгүм жумшарсын. Кекчилдиктин айынан жүрөгүмдүн катып калышын каалабайм. Мага кечиргенди үйрөт.

Мага ачып берчи, Теңирим, ата-энеме алардын кандайдыр бир кылган аракеттеринен улам, же тескерисинче, кай-бир абалдарда иш аракетсиздиги үчүн таарыныч катып жүргөн жокмунбу. Ата-энеме карата урмат-сыйдын жоктугунан, башкача айтканда Сен берген улуу буйрукту бузгандыгымдан өмүрүмдүн кыскартылышын мен каалабайм. А эгер мени менен туугандарымдын ортосунда таарыныч менен кечирбестик каалоосу менен тургузулган, алыстаткыч дубал турган болсо, Сенден өтүнөм, бул дубалды талкала. Адамдарды кечи-

риш керек болгон сайын, кечире беришиме жардам бер. Мүмкүнчүлүккө жараша, мени өз ара мамилелеринде тиштенүү менен көтөрө албастык өкүмчүлүк кылып турган үй-бүлөнүн башка мүчөлөрүнүн элдешүү куралы катары колдон.

Теңир, Сен экөөбүздүн ортобузда тосмо туруп, сыйынууларым менен жүрөгүмдөгү жашыруун күнөөлөрдүн тирелишин мен каалабайм. Бүгүн мен бардыгын кечиргим келет. Кекчилдик жүгүнөн арылган өмүрдө жүргүм келет. Эгер кимдир бирөөнүн мага кастыгы бар болсо, ал адамдын жүрөгүн жумшарт, мени кечиргенге ага жардам бер, мамилелерибизди кантип оңдоону көрсөт. Өзүм кекчилдик караңгылыгында болуп туруп, башкаларга жарык боло албашымды билем. Мен: Сен жарыкта болгон сыяктуу, мен да жарыкта жүрүүгө, ар кандай күнөөлөрдөн таза болууга чечим кабыл алам (1 Жкн.1,7кара).

## Сиздин сыйынууларыңызды бир кыйла таасирдүү кылууга жөндөмдүү БИБЛИЯДАН АЛЫНГАН АЯТТАР

Айыптабагыла, ошондо өзүңөр да айыпталбайсыңар.
Соттобогула, ошондо өзүңөр да соттолбойсуңар.
Кечиргиле, ошондо силер да кечирилесиңер.
*Лк.6,37*

Акыл-эстүү адам ачууга алдырбайт,
бирөөнүн кылмышын кечирип коюу — ал үчүн даңк.
*Накыл.19,11*

...Душманыңарды сүйгүлө, силерди каргагандарга батаңарды бергиле. Силерди жек көргөндөргө жакшылык кылгыла. Силерди таарынткандар үчүн жана куугунтуктагандар үчүн сыйынгыла. Ошондо силер асмандагы Атаңардын уулдары болосуңар.
*Мт.5,44–45*

Ал эми ким бир тууганын жек көрсө, ал караңгылыкта жүрөт жана өзүнүн кайда бара жатканын билбейт. Анткени караңгылык анын көзүн сокур кылып койгон.
*Жкн.2,11*

...Эгерде силер башкалардын күнөөлөрүн кечирсеңер, анда асмандагы Атаңар да силерди кечирет. Эгерде башкалардын күнөөлөрүн кечирбесеңер, анда Атаңар да силерди күнөөлөрүңөрдү кечирбейт.
*Мт.6,14–15*

## ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ

# ТЕҢИРИМ, БАРДЫГЫНДА САГА ТИЛ АЛЧААК БОЛУУГА ҮЙРӨТ

Мектепте кантип бир семестр бою сууда сүзүү сабактарына катышууга туура келгендиги эсимде. Аларды көргүм да келчү эмес, анткени алар эрте мененки саат 7.30 да башталчу, чач келбетим күн бою калыбына келбей калды (анткени ал кезде катырган фендер жок эле). Аба ырайынын ар кайсы шартында сүзүүгө милдеттүү элек, а кышкысын эрте менен Калифорнияда жетишерлик эле суук. Жападан жалгыз сабакта катышпоочу негиздүү себеп өлгөндөй оору гана боло алмак, анысы да далилди дарыгердин тастыктаган шартында гана.

Бирок бардык мындай ыңгайсыздыктарга карабай, сүзүү мага жакчу, анан жаман эмес натыйжаларга жетиштим. Мен түшүндүм: эгер эрежелерди сактасам жана так кыймылдарды аткарсам, анда умтула сүзүп, сууда жеңил жылмаша алам жана зор бассейндин арткы четине тез жетем. Мындай чакта эми эч нерсе мага тоскоол боло албайт — жада калса кошуна жолдо бара жаткан эпсиз сүзүүчүлөр да.

Бул эреже машайакчылар үчүн да пайдалуу. Эгер биз жашоодо ийгиликтүү сүзгүбүз келсе, сүзүүчүлөргө окшоп, көрсөтмөгө ылайык, туура кыймыл арактерди жасап, туура

абалды кабыл алышыбыз керек. Болбосо, оор кезеңдер келгенде, биз аларды көтөрө албай калабыз. Жыйынтыгында биз ошол эле бир жерде айланып, сүзүүдө кармалышыбыз үчүн, болуп көрбөгөн күч жумшап алсырай беребиз. Мындай абалда биз эч качан эч нерсеге сүзүп жетпейбиз.

Эгер биз Машайактын жетекчилиги астында туура жашоо тарабын ээлеп турсак, эгер биз Анын буйруктарын угуп, Андан үйрөнсөк, ошондо Ыйык Рухтун агымы бизди керектүү багытка алып келет.

## Туура аракеттерди жасоо

Кудайдын эркин, качан гана Анын Сөзүнө терең түшүнгөн учурда билүүгө мүмкүн. Эгер *кайсыл* аракеттер туура экендигин билбесек, биз туура аракеттерди жасай албайбыз. Кудайдын Сөзү болгон жашоонун ыйык окуу куралынан биз эмнеге муктаж болсок, ошонун баарын билип, бизден талап кылынган нерселердин баарына үйрөнө алабыз. Бирок мунун баарына карабай, кээде бизге «суута ыргууга» туура келип калат. Биздин ак ниеттигибиздин далилине биздин эмне туура экендигин билген билимибиз эмес, *кылган иштерибиз* кызмат кылат. Эмнени кылуу жана эмнени кылбоо тизмегин түзүү — бир иш, Кудайдын жолдорун сүйүү жана аларды ээрчүүнү жан дилден каалоого ээ болуу — таптакыр башка иш. Туура жашоо жөнүндө окуу — бир иш, а туура жашоо — таптакыр башка иш. Тил алчаактык сенин *кылган иштериңден* көрүнөт; тил алчак болуу каалоосу болсо сенин *сыйынууңда* көрүнөт.

## Теңирим, тартиптүү болуума жардам бер

Бул сыйынууну мен бүт дүйнөнүн аялдарынан угам. Биз эмне *кылыш керектигин* жакшы билебиз, бирок адатта дээрлик эч

нерсе жакшы *болбой калат*. Биз дайыма туура иш кылышыбыз үчүн, Кудайдан бизди тартиптүү болууга үйрөтүшүн сурашыбыз зарыл. Мен толук тыкан, так адаммын, бирок дайыма ушундай эмес элем. Бир нече жыл мурда жашоомдо бардыгы таптакыр башкача эле — ошондо депрессиядан өтө катаал запкы чеккем. Депрессиянын кысмагын өз башынан өткөргөн адамдардын көбү, эгер жашоо маңызын көрбөсөң жана аны табыш үчүн бардык күчүңдү жумшасаң да, туура ой жүгүртүү жана өз жашооңду туура уюштуруу мүмкүн эмес экендигин билишет. Мыкты бир нерсеге татыктуу экениңе ишене албагандыктан, сен айлана-тегерегиңден жакшы эч нерсени көрө албайсың. Сенин бардык күчүң дагы бир күндү баштан кечирүү үчүн жумшалгандыктан улам, сен алдыга жыла албайсың.

Жашоомдун ар жагдайы тууралуу сыйына баштаганымда, Кудайдын мага Анын Сөзүн күн сайын окууга, сыйынууга жана тил алууда болууга убакыт табууга жардам беришин сурандым. Анын мени депрессиядан жана Анын баталарынан жолумду эмне тосуп жатса, ошонун бардыгынан куткарышын сурадым. Кудайдын сыйынууларыма ушунчалык бат жооп бергенине таңдандым. Теңирге тил алчаак жана тартиптүү болгонду үйрөндүм. Бул мүмкүнчүлүктөрүмдөн тышкары болгондуктан, Анын жардамысыз эч нерсе колумдан келмек эмес эле. Бүгүнкү күндө, отуз эки жылдык Теңир алдында жүрүүдөн кийин да, тил алуунун жаңы деңгээлдерин таанууну улантып жатам. Денем карып баратат, бирок рухум жыл сайын жаңыланат, тил алуунун ар бир жаңы кадамы менен жаңы баталарды жана эркиндикти — демек, мурда мен үчүн кол жеткис болгон нерселерди алам.

Сен ойлобо, мына, куткарылууну алып, эми эч нерсеге кам санабай жашай алам деп. Бул, сенин күйөөгө чыгып, эми жуун-

бай калганың менен барабар. Ырас, албетте, бир нече убакытка көтөрүп турууга болот, бирок мындай иш опурталдуу, мындан жашооң олуттуу жабыркашы мүмкүн. Тил алууга көнүгүү — узун жүрүш, кээде бүтүндөй бир өмүргө созулат. Тырышып жетише турган, тил алчаактыктын сан жеткис көп деңгээлдери бар. Жада калса, эгер сен Теңир менен кырк жыл болсоң да — эч кандай мааниге ээ болбойт, сен мурдагыдай эле Кудайдын тил албастыкты көрсөткөн жагдайларыңды көрсөтүп беришине муктажсың. Биз *эмне кылышты билген киши сыяктана, эмнеде адашып жатканыбызды Кудайдан сураганды токтотуп, капканга түшүп калабыз.* «Ошондуктан ишенимден тайбаш үчүн, уккан сөзүбүзгө өзгөчө маани беришибиз керек» (Эвр.2,1).

Кудай биздин руханий өсүүнү жаңы деңгээлге көтөрүп, тынымсыз Өзүнүн талабын жогорулатып тургандыктан, бизге Ага тил алууда өзүбүздү жеткилеңдикке жетип калгандай көрсөтүп, эч качан өзүбүз менен мактанганга болбойт. Бирок өзүңө жаман ат жабыштырып: «Ушундай тартипке салынбас, үйрөнүүгө жөндөмсүз жанмын» деп, дагы бир чектен чыккандыкка кулоого да болбойт. Эгер Теңирдин буйруктарын аткарбай жатсак, бизге эч кандай актануу жок, андан бетер Өзү бизге Анын эркин аткарууга керек нерселерди берүүнү убада кылып жатат. Биз Анын жардамы тууралуу сурашыбыз керектиги талашсыз. Мына мындай сөздөрдү Ал бизден күтөт: «Теңир, Сага тил алчаак болуп, Сенин эркиң боюнча иш жасашым үчүн, тартипти сактаганга мага жардам бер, анткени Сен мени кандай кылып жаратсаң, ошондой адам болгум келет». Машайакта биз ээ болгон эркиндик жеткилең кылуучу, тең салмактоочу жана тазалоочу Ыйык Рухтун күчүсүз бейбаштыкка айланып калат.

## Белгилүү жагдайда Кудайдын эркин аткаруу

Сакташыбыз үчүн берилген негизги осуяттардан сырткары, биз дагы бул же башка жагдайларда Анын ойлогонуна ылайык, Теңирдин атайын буйруктарын аткарышыбыз керек. Бул ар кимде өз алдынча болот. Мисалы, Кудай сегиз жыл мурда күйөөмө жана мага Калифорниядан Теннессиге көчүүнү буйруду. Муну орундоого кыпындай да каалоом жок эле, андан бетер, мындай ой башыма келген да эмес. Олтурган жайымда мага жакшы эле, таптакыр андан козголгум келген жок. Бирок мага Кудайдан так көрсөтмө берилген, биз баш ийип, буюмдарыбызды салыштырып кирдик. Көчүп келгенибиздин негизи бир нече жылдардан кийин ачылды, ошондо Кудайдын буйругун угуп жана аны аткара алганыбызга мен кубанычтамын. Бирок эгер Ага: «Теңир, эмне кылышыбыз керек, бизге көрсөт » деген өтүнүч менен кайрылбасак, Анын үнүн укмак эмеспиз.

Кудайдан Анын *сенден* эмне күткөнүн, ачып беришин суроо маанилүү. Эгер сен сурабасаң, сен биле албайсың. Бул турган сөз. Мисалы, Кудай сага жумушту алмаштырууну, кайсы бир ишкердик менен иштөөнү токтотууну, так бир жыйындын мүчөсү болууну же күндөлүк жашоо адаттарын өзгөртүүнү сунуштай алат. Теңир сага эмнени гана аткарууга буйрубасын, бил, Ал муну сага улуу баталар төгүлүшү үчүн кылат. Бирок Ал Өз Сөзүндө: «Мыйзамды уккусу келбей кулагын жапкан адамдын сыйынуусу да жийиркеничтүү» деп көрсөткөндөй (Накыл.28,9), эгер тил алчаактыкта жүргөндү үйрөнбөсөң, сен Кудайдын чакырыгын укпай калышың мүмкүн.

## Өзүңдүн каалоолоруңа каршы иш жасоо

Биздин баарыбызга кылгыбыз келбеген нерселерди кылууга туура келет. Ал тургай эң сонун аткарылган иште да кемчи-

ликтер бар. Бирок жашообузда ийгиликке жетишүүнүн милдеттүү бөлүгү болуп, өзүмдүн каалоолорума бетме-бет туруу керектигим саналат. Бир нерсени каалагандыктан эмес, а керектигине жараша кыла биз өзгөрөбүз, бул бизди Кудай ишене алган, жоопкерчиликтүү адамдарга өзгөртүп, тартипке салат. Жасашыбыз *керек болгонду* эмес, а муну, *каалаганыбызды* жасаганыбыз үчүн, дайыма белгиленген бааны төлөшүбүзгө туура келет. Эгер биз бизге убада кылынган баталарды алгыбыз келсе, өз каалоолорубузду курмандык кылууну үйрөнүшүбүз керек.

Эгер сага кылууга кыйын нерсени жасашың керектигин билүү керек болсо, Ыйык Рухтун жардамын сура. Ырас, ал сага кандай гана таң калыштуу, шектүү, үрөй учурарлык, ыңгайсыз жана жагымсыз көрүнбөсүн, биринчи кадамды сен ташташың керек. «Силердин ичиңерге Өз рухумду салам, силерди Менин мыйзамдарым менен жүргүдөй, Менин буйруктарымды сактагыдай жана аткаргыдай кылам» (Жер. 36,27).

## Кудайга тил алчаак болуунун маанилүү он себеби

Кудайга тил алуу жолунда жүрүштүн көп себептеринин ичинен, башкы бирөөсү бар, бул: Ал ушундай буйрук берген. Ал тургай башка бир да себеп болбосо да, бул бирөө эле толук жетиштүү болмок. Бирок тил алганыбызды билдирүү үчүн, мааниси аз эмес, дайыма эсибизден чыгарбай турган негиздер бар. Алардын арасынан он негизгисин бөлүп алдым:

1. *Биз өз сыйынууларыбызга жооп алабыз.* «Эгерде мен жүрөгүмдөн мыйзамсыздыкты көргөн болсом, анда Теңир

мени укмак эмес. Бирок Кудай укту, менин жалынган үнүмө кулак салды» (Заб.65,18–19).

2. *Кудай менен болгон алда канча жакын мамиледен ырахаттанабыз.* «...Ким Мени сүйсө, ал Менин сөзүмдү аткарат. Ошондо аны Атам сүйөт, Биз ага келип, анын ичинен орун алабыз.» (Жкн.14,23).
3. *Биз акылмандыкка ээ болобуз.* «Ал адил адамдар үчүн куткарылуу сактайт. Ал — түз жүргөндөрдүн калканычы» (Накыл.2,7).
4. *Биз Кудайдын достору болуп калабыз.* «Эгерде силер Менин айткан сөздөрүмдү аткарсаңар, Менин досторумсуңар» (Жкн.15,4).
5. *Биз бейпилдикке ээ болобуз.* «Менин көрсөтмөлөрүм менен мыйзамдарымды аткаргыла, ошондо жер бетинде тынч жашайсыңар...» (Леб.25,18).
6. *Биз жеткилеңдикте өсөбүз.* «Ал эми ким Анын сөздөрүн аткарып жатса, ал адамда Кудайдын жеткилең сүйүүсү бар. Машайактын ичинде экенибизди ушундан билебиз» (1 Жкн.2,5).
7. *Биз баталарды алабыз.* «Мына, мен силерге бүгүн батаны жана каргышты сунуш кылып жатам: эгерде Кудай-Теңириңердин мен бүгүн берип жаткан осуяттарын аткарсаңар, бата аласыңар...» ( Мыйз.11,26–27 ).
8. *Биз бактылуу болобуз.* «...Ал эми Кудайдын мыйзамын сактаган адам бактылуу» (Накыл.29,18).
9. *Биз тынчтыкка ээ болобуз.* «Күнөөсүз адамды байкап жүр, адил адамды карап жүр, анткени андай адамдын келечеги — тынчтык» (Заб.36,37).
10. *Биз узун өмүр — белегин алабыз.* «...Менин акыл-насаатымды эсиңден чыгарба, жүрөгүң осуяттарымды сактасын. Анткени алар сага узун өмүр, узак өмүр жаш, тынчтык берет» (Накыл. 3,1–2 ).

## Өз тагдыр жолуңа

Кудайдын ойлогон ою бар. Теңир сенин өз өмүрүңдө өтө маанилүү бир нерсе аткарышыңды каалайт, ошондуктан сени өз тагдырың менен жолугууга даярдайт. Ал мына азыр баштайт. Бирок, Кудай убада кылганды алыш үчүн, сага тил алууда жүрүүгө жана Анын сенин жолуңду билерине жана эч качан сага зыян алып келе турганды жасабашына ишенүүгө туура келет.

Биз үчүн тургузулган Кудайдын эрежеси бизди кемсинтиш үчүн эмес, а бизге жакшы болушу үчүн гана берилген. Эгер аларды аткарсак, биздин өмүр ийгиликтүү түрдө тургузулат, а эгер андай болбосо — бизде баары кулайт. Эгер биз тил алчаактыкта жашасак, биз жолубузду ачык көрөбүз, а эгер андай болбосо, анда жашообузга баш аламандык келет. Тил алчаактык менен Кудайдын сүйүүсүнүн ортосунда түз байланыш бар. Эгер Анын эркин аткарбасак, Кудай бизди сүйсө да, Анын сүйүүсүн сезе албайбыз.

Ошондой эле, биздин тил алчаактыгыбыз менен сыйынууларыбыздын жооптору ортосунда да түз көз карандылык бар (1 Жкн.3,22 кара). Эгер сыйынууларыңдын жоопсуз калышы тууралуу кайгырып жатсаң, Кудайдан сура, бул көрүнүштүн себептери сенин тил албастыгыңда катылган эмеспи. Кудайга мындай собол менен кайрыл: «Теңир, айтчы мага, Сага мен эмнеде тил албай жатам?» *Өзүңдүн* каалагандарыңды Кудайга айтпа, *Ал* эмнени сага каалларын ачып беришин сура.

Кудай сага даярдагандардын учур чагы качан келерин сен билбейсиң. Баарынан мурда, мунун алдында байма-бай катар баскычтарды өтүүгө туура келет. Сенин ким экендигиң маанилүү эмес — карьера жасап жаткан, жалгыз бой ишкер аялсыңбы же балдарынын жашы онго толо элек, көп балалуу,

күйөөдөгү аялсыңбы; жаш курагың канчада экени маанилүү эмес — 19 же 90. Кудай күн сайын сени сенин алдыңа коюлган улуу тапшырманы аткарышка даярдап жатат. Ал сенин жүрөгүңдү тазартып, ишенимде бекемдеп, рухий жеткилең кылышына сен жан-дилиң менен жол беришиңди каалайт. Бирок эреже боюнча ойношуң керек. «Мелдешке чыккан адам мелдештин эрежелерин бузса, таажы албайт» (2 Тим.2,5). Эң башынан туура кыймыл аракет кылбасаң, ийгиликке жетишпейсиң.

## Сыйынуу

*Теңирим,* Сенин Сөзүңдө, Сенин мыйзамыңды сүйгөндөр тынчтыкка ээ, эч нерсе алардын жолдорунда бөгөт боло албайт деп жазылып турат (Заб.118,165 кара). Мен Сенин мыйзамыңды сүйөм, анткени билем: ал мага жакшылыкка берилген. Мага өмүр жолдорумда чалынып, жыгылып калбашым үчүн, бул мыйзамдын ар бир бөлүктөрүндө тил алып жашаганга мени үйрөт. Сенин жолуң менен бара жатканыма толук ишенимде болуп, тынчтыкта жашай алышым үчүн, Сага тил алчаак болушума жардам бер.

Теңир, бардыгында Сага моюн сунууга жүрөгүм чаңкап турат. Сага эмнеде тил албай жатканымды мага көрсөт. Эгер мен билбеген тил алчаактыктын кадамдарын жасашым керек болсо, чындыкты көрүшүм үчүн көздөрүмдү ач, бул кадамдарды жасоого мага жардам бер. Сенин жардамдарыңсыз туура кыла албастыгымды билем, ошондуктан өтүнөм: Сенин осуяттарыңа тил

алчаактыкта жашоого мени үйрөт. «Сени бүт жүрөгүм менен издейм, Өзүңдүн осуяттарыңдан четтеп кетүүмө жол бербе» (Заб.118,10).

Сенин Сөзүңдө мындай деп айтылган: «Эгерде күнөөбүз жок деп жатсак, анда өзүбүздү өзүбүз алдап жатабыз жана бизде чындык жок» (1 Жкн.1,9). Алданып, Сенин эркиңди таанып билбей калып, максаттан кыя өтүп кетишиме жол бербе. Аткара турганды аткарбаганымды, жасабай турганды жасаганымды мага көрсөт. Жеке мага тиешелүү Сенин буйруктарыңды укканга мага жардам бер. Эмне туура, эмне туура эместигин ажырата билүүнү үйрөнүшүм үчүн, Өз Сөзүң аркылуу мага сүйлө. Ыйык Рухуту эч нерсе менен капа кылгым келбейт (Эф.4,30 кара). Сенин толук катышууңда жашап, Сен убада кылган баталарды алышым үчүн, Сенин жолдоруңда жүрүүнү дайыма үйрөнүшүмө жардам бер.

## Сиздин сыйынууларыңызды бир кыйла таасирдүү кылууга жөндөмдүү БИБЛИЯДАН АЛЫНГАН АЯТТАР

Эмне сурасак да, Андан алабыз,
анткени Анын осуяттарын аткарып жатабыз
жана Ага жакканды кылып жатабыз.
*1 Жкн.3,22*

Анткени Кудай-Теңир — күн жана калкан,
Теңир ырайымын төгүп, даңкка бөлөйт.
Таза жүргөндөрдү Ал жакшылыктан ажыратпайт.
*Заб.83,12*

Ким Кудайдын осуяттарын аткарса,
ал Кудайдын ичинде болот
жана Кудай ал адамдын ичинде болот.
Анын биздин ичибизде экенин
бизге берген Руху боюнча билебиз.
*1 Жкн. 3,24*

Кудай сөзүн угуп, аны аткаргандар бактылуу!
*Лк.11,28*

Ким Менин осуяттарымды билсе жана аткарса,
ал Мени сүйөт. Ал эми Мени сүйгөн
адамды Атам сүйөт. Аны Мен да сүйөм
жана ага Өзүмдү ачып берем
*Жкн.14,21*

## БЕШИНЧИ БӨЛҮМ

# ТЕҢИРИМ, МЕНИ АМАЛКӨЙ МЕНЕН КҮРӨШҮҮ ҮЧҮН БЕКЕМДЕ

Нью-Йоркто 11-сентябрь 2001-жылкы жүрөк үшүн алган кайгылуу окуя болгондо, көптөр бири-биринен сурап жатышты: «Эмне үчүн болду?» Болгон окуядан аң-таң болуп, үрөйлөрү учкан алар жооп издешти. Бул суроого көптөгөн жооптор сунушталат, бирок негизгиси мындай айтылат: «Бизде душман бар». Нью-Йорктун же Америка Штаттарынын жашоочуларынын эле эмес, бирок бардык Кудай ишинин артында тургандардын душманы. Мына бул душман Кудайдын Өзү менен байланыштуу болгон бардыгына каршы аракеттенип, ишенгендерге же Кудайдын жолдору менен жүрүүгө аракеттенгендерге чабуул жасап, жерде Кудайга каршы согуш жүргүзөт.

Ар бирибизде душман бар — жандарыбыздын чыныгы террористи. Эгер муну моюнга албасак, бизди башкарып алышына жол беребиз. Ырас, ал бардык жерде боло албайт жана баарын биле албайт, ал биздин бардык ойлорубузду да биле албайт. Бирок эгер биздин душман өз мүмкүнчүлүктөрүндө чектелгендигин, ал жеңилип калгандыгын эсибизден чыгарсак, — ал дайыма бизди курчоого ала берет.

Айкаш жыгачта өлүп, тирилип, Ыйса Өз душманын күчтөн ажыратты. Айкаш жыгачта жеңишке жетип, сөз айта, Ал бизге анын үстнөн бийлик берди: «...силерге... душмандын бардык күчүн тебелеп таштагыдай бийлик бергем. Эми эч нерсе силерге зыян келтире албайт» (Лк.19,10).

Биз баарыбыз эч качан колго түшүп бербеген адамзаттын душманы менен рухий согуштун алгыр катышуучулары болуп саналабыз. Жашообузда жамандыкты адамдар кылып жатса да, бардык бул жамандыктардын артында биздин башкы душман — шайтан тургандыгын унутпашыбыз керек. «Анткени биз адамдарга каршы эмес, башчыларга, бийликтерге, бул караңгы дүйнөнүн башкаруучуларына жана асман астындагы жаман рухтарга каршы күрөшөбүз» (Эф.6,12). Жада калса адам бизге каршы чыгып жатса да, душманга каршы турушубуз үчүн, анын артында турган душманды табышыбыз керек.

Кудайдай эле, шайтанда да өз ойлогону бар. Шайтандын ойлогон ниети сени тоноп, жашооңду талкалоодо турат. «Ууру уурдоо, өлтүрүү жана жок кылуу үчүн гана келет» (Жкн. 10,10). Ал эч кимди үркүтпөш үчүн кууланып турат, сен коопсуздуктасың деген ыр менен сенин аркаңа таптагылайт (2 Кор.11,14 кара). Бирок биздин душман эч качан эс албайт; анда эс алуу күндөрү жок; ал үзгүлтүксүз өз ниетин ишке ашырууга тырышат. Ошондуктан Кудай Сөзү бизди чакырат: «Эстүү жана сергек болгула. Силердин душманыңар шайтан кимди жутуп жиберсем деп, айкырган арстан сыяктуу тегеренип жүрөт» (1 Пет.5,8).

Көп учурда кастык чабуулдарды ажырата билүү колдон келет. Бирок кээде душман тактикасы өтө кылдат жана курч болот, анын максаты — бизди акыры аягы Кудай жолунан буруп кете турган азгырыкка кириптер кылып, жок кылуу. Буга окшогон кастык айла-амалдарын таап-билүү алда канча

татаал. Мисалы, ал сен бир гана сөгүшкө татыктуу экениңди мээңе куюп кое алат. Бирок Кудайдын сүйлөө речинде мындай «татыктуу болуу» деген сөз жок. Анткени биз буга, Ыйсанын биз үчүн өлүшүнө татыктуу эмеспиз, бирок Ал буга барды. Кеп биздин шайтандын айла-амалдарына татыктуубузбу же жокпу дегенде эмес, а сөз Ыйсанын жолубузду бүтүндөй бул таштандыдан тазалаш үчүн өлгөндүгүндө жатат. Ошондуктан келгиле, Кудай бизди душмандын иштерин билип, андан кийин жазылып тургандай ал бизден «качып кетиши» үчүн, ага «каршы турууну» үйрөтүшүн сурайлы (Жкп.4,7).

## Адам баласынын душманынан кутулуунун беш натыйжалуу куралы

Кудай бизди душмандын ниеттерин талкалоо үчүн ар кандай куралдардын түрү менен камсыздандырган. Негизги бешөөнү атайбыз:

1. *Кудай Сөзү — душманга каршы күчтүү курал.* Ыйса Өзү аны, Ыйык Рух аркылуу чөлгө алынып барып, ал жерде шайтан Аны азгырууга аракеттенгенде колдонгон (Мт. 4,1кара). Көптөр Өзүн азгырууга шайтанга жол бербөө үчүн, Кудайдын Уулуна чөлгө бет алгандын кереги жок эле деп эсептешет. Бирок, ар бирибизге кандай келсе эле, так ошондой «азгыруучу Ага келди», душманга каршы тура алышы үчүн Ыйса Кудай Сөзүн колдонду. Ал шайтанга айтты: «Адам нан менен гана эмес, Кудайдын оозунан чыккан ар бир сөз менен да жашайт» (Мт.4,4). Эгер душман жашооңду бузууга аракеттенип жатса, Кудай Сөзүнүн жардамы менен аны талкала. «Акылдуу адам кырсыкты көрүп жашынат, ал эми тажрыйбасыздар түз барып кырсыкка учурашат» (Накыл. 27,12). Жашоондо жамандыктын ордун байкаар замат, дароо Кудай Сөзүнө кайрыл.

2. *Кудайды даңктоо — душманга каршы күчтүү курал.* Кудайга табынганыбызда, шайтан чыдай албайт. А бул анын өзүнө табынбаган адамдарды көрөргө көзү жоктугу менен түшүндүрүлөт. Бул ага ушунчалык жийиркеничтүү, Кудайга даңктоо ырдаган ар кимди ал жек көрөт. Кудайды урматтап, биз Ага жашообузда эшик ачабыз жана Анын катышуусун сезе баштайбыз. А шайтан болсо, ары жоголгонго аргасыз.
3. *Кудайга тил алуу — душманга каршы күчтүү курал.* Эгер биз күнөөдө жашап жана Кудайга тил албас болсок, үйүбүзгө бекем орношуп алыш үчүн, ага сойлоп кирүүгө жөндөмдүү шайтанды жашообузга чакырган болобуз. Биз менен болуп жаткан жамандыктардын көбү душмандын иштеринин кесепети болуп саналат. Бирок, күнөө кыла, биз өзүбүз ибилиске жашообузда өз сепилдерин курганга орун беребиз. Душман үстүбүздөн эч кандай бийлиги жок болсо да, Кудайдын осуяттарына баш ийбегендигибиз анын жашообузга киришине жол ачат, ал тургай анын алдына «жол килем» төшөйт. А мына бул күнөөнү моюнга алуубуз менен андан тобо кылуубуз анын нак тумшугунун алдында эшикти тарс жабат.
4. *Ишеним — душманга каршы күчтүү курал.* Төмөнкү нерсени, душман ар дайым жолдоруңа сен көрбөгөн, адам көзүнө көрүнбөс торлорун жаярын эсиңден чыгарба. Аларга түшүп калбас үчүн, мүмкүн болушунча Кудайга жакын келип, буттарыңды Анын багытташына жол беришиң керек. Бул үчүн болсо ишеним керек. «Эстүү жана сергек болгула. Силердин душманыңар шайтан кимди жутуп жиберсем деп, айкырган арстан сыяктуу тегеренип жүрөт. Ага бекем ишенимиңер менен каршы тургула, дүйнөнүн ар тарабындагы бир туугандарыңар

да силер сыяктуу эле азап тартып жатышканын билгиле» (1 Пет.5,8–9 ). Бекем ишеним — душмандын капкандарынан бекем коргонуч.

5. *Сыйынуу жана орозо — душманга каршы күчтүү курал.* Сыйынуу — орозонун коштоосунда алда канча натыйжалуу боло алган күчтүү курал. Душмандын толгоосунан сыйынуу менен орозодон кийин бошонууга боло тургандыгы сейрек эмес. Бул таң каларлык, ушундай сыйынуу менен орозо сыяктуу адаттагы куралды колдонуп, өтө көп нерсеге жетишсе болот, бирок бул чындыгында ошондой. Сыртынан эч нерсе болбогондой сыяктанат, бирок рухий дүйнөдө душманга олуттуу жеңилүүнү алып келет. Адатта 24 сааттык орозо жашооңду чулгап алган душмандын чынжырын үзүүгө жетиштүү. Дайыма орозо тутуп, жамандыкты жүгөндөп кармоого жана душман ниеттерин талкалоого болот. Мына ошону менен сен: «Мен өз каалоолорумдан баш тартып, жашоомдо Кудайды биринчи орунга коем» деп жаткандай болосуң. Душманга бул жек көрөрлүк, анткени ал анын үстүнөн жеңишке ээ болуу үчүн, сен колдоно алган орозонун күчүн билет.

## Мен жакшы адаммын, анда эмнеге душман мага асылат?

Бул суроону көптөр берет, бирок жооп анын ичинде эле: душман сага асылат, *анткени* сен так ошо, жакшы адам болгондуктан. Шайтан дайыма ким Кудайды сүйсө жана Анын эркине тил алчаак болсо, ошолорго зыян кылат. Чындыгында, мында шайтандын сага болгон жек көрүүсүнүн эң негизги себеби катылган. Жалгыз ага жага турган нерсе, — бул сенин ага окшошконду каалаганың. Бул үчүн сага ал тарапта

турушуңа туура келет. Кудайды жана Машайактын иштерин сүйүп турганыңда, сен душмандык жаа үчүн бутанын кызматын өтөйсүң.

Эсиңден чыгарба — Кудайга ишенимиң канчалык тереңдесе, ошончолук шайтан жашооңо күчөнө кийлигишет. Ошондуктан, эгер сен бардыгында Кудайга ишенип-таянууга умтулсаң же рухий жеткилеңдикте өссөң жана эркиндиктин жаңы деңгээлине жетишсең же жаңы кызмат алууга же болбосо Кудайдын даңкы үчүн кайсы бир жаңы ишке кошулууга даярдансаң, душманың сени токтотуш үчүн бардык күчүн жумшайт. Ал сени депрессия, кесел, күнөөлүү сезим менен кыйратыш үчүн, үзүлгөн үмүт же жеңилүү коркунучу менен жан дүйнөңдү уяткарыш үчүн, жан талашып аракет кылат. Ал сага каршы айла-амалдарды курат, ден-соолугуңду начарлатууга, үй-бүлөңдү, адамдар менен болгон мамилеңди бузууга, карьераңа жолтоо кылууга тырышат, ал сени үмүтсүздүккө түртүп, акыл-эсиңди тумандатат. Ибилис сени чегинтиш үчүн, бардыгын жасайт. Кудайдын кудурети менен салыштырмалуу, өзүнүн кичине күчүнө карабай, ал сени карама-каршы нерсеге ынандырат. Душман жалган аркылуу жашооңду кол алдына алууга аракеттенет, сен чындыкты көрбөй, жалганга ишенишиң үчүн, ал сени сокур кылууну каалайт. Ал сени өзү рухий салгылашта жеңип жатканына ынандырат, бирок чындык мына мында, ал алда качан уттуруп койгон.

Шайтан уурдап, өлтүрүү үчүн келет. Ыйса сага ашып-ташыган өмүр бериш үчүн келген. Кел, чечип алалы: өлүм менен талкалануу — ибилистен, өмүр менен молчулук — Ыйсадан. Эгер сен ашып-ташыган өмүргө ээ болбосоң, буга аны сенден уурдаган шайтан күнөөлүү экенин билдирбейби? Менимче, анын негизги максаты — уурдоо болгондуктан, бул четтен тыш эмес. Экинчи себеп мында: сенин Кудай менен

тыгыз мамилеңдин жоктугунда, Анын жолдорунда жүрбөгөндүгүңдө. Жашооңдогу бул же тиги жагдайлардын чындыгы жөнүндө Кудайдын ачып беришин сура. Душмандын кеңеш-кешпирин укпа, Кудай сен үчүн дайындагандан башка көйгөйдү чечүүнүн эч кандай жолдоруна макул болбо.

## Сыйынуу

*Теңирим,* Сенин мен үчүн айкаш жыгачта азап тартып өлгөнүң үчүн жана Сен өлүм менен тозокту жеңгениң үчүн ыракмат. Душманым Сен аркылуу жеңилди. Сенин мага анын үстүнөн бардык бийликти бергениң үчүн ыраазычылык билдирем (Лк.10,19). Сенин Ыйык Рухуңдун күчү менен шайтанга майтарган каршылык бере алам, ал болсо менден качып кетиши керек (Жкп.4,7). Жашоомо душман кол салган жерин, таанып билбеген жагдайларды мага көрсөт. Сен мага душманды жеңиш үчүн берген бийликти колдонгонго мени үйрөт.

Тил албастыкты эмнеде көрсөтүп жатканымды мага ачып бер. Эгер коргонуч чептеримде душманга уруп тешип аймак жасаганга жол берген болсом, анын чабуул мизин кайтарыш үчүн муну мага көрсөт. Сага жана Сенин Сөздөрүңө бекем ишеним менен мени куралдандыр. Жашоомдо душман тарабынан тургузулган, бардык чептер кулатылышы үчүн, үзгүлтүксүз сыйынып, орозо кармоого мага жардам бер.

Теңирим, рухий салгылашууда мен бекем жана кайраттуу болушум керектигин билем. Душмандан коркпо-

шум керек (Мыйз.20,3 кара). Кас душман мени чырмап, анын эркин жасоого мажбур эткен бардык аракетине карабай, мен дайыма анын торунан бошоно алганым үчүн, Сага ыраазычылык айтам (1 Тим.2,26 кара). Мени ибилистен жана мени жек көргөндөрдөн куткарганың үчүн Сага ыракмат (Заб.17,18 кара). Сен — калканымсың, анткени мен Сенин жолдоруңда жүрөм (Накыл.2,7 кара). Мага «жамандыкка жеңилбегенге» жардам бер, тескерисинче, «жамандыкты жакшылык менен жеңгенди» үйрөт. (Рим.12,21). Өз жүзүңдүн астына чатырыңда мени жаман адамдардан калкала (Заб. 30,21 кара). Чындыкта бекем туруп, Сенин Сөзүңдүн ичинде болуп турганымда, душман мени жеңе албаганы үчүн сага ыраазычылык билдирем.

## Сиздин сыйынууларыңызды бир кыйла таасирдүү кылууга жөндөмдүү БИБЛИЯДАН АЛЫНГАН АЯТТАР

Бирок Теңир ишенимдүү, Ал силерди
бекемдейт жана амалкөйдөн сактайт.
*2 Тес.3,3*

Ошондуктан кыйын күндөрдө
каршы тура алышыңар үчүн,
бардыгын жеңип, туруштук бере алышыңар үчүн,
Кудайдын бардык курал-жарагын алгыла.
Ошентип, чындык менен курчанып,
адилдикти соот кылып кийип,
бут кийимиңерди кийип, тынчтык жөнүндөгү Жакшы
Кабарды таратууга даяр тургула.
Баарынан мурун амалкөйдүн оттуу жебелеринин
баарын өчүрө алышыңар үчүн,
ишенимди калкан кылып алгыла. Ошондой эле
куткарылгандыгыңарды туулга кылып кийип,
Кудай Сөзүн — рухий кылычты алгыла.
Жалынуу жана сурануу менен,
бардык учурда Рухтун жетеги менен сыйынгыла.
Дайыма сергек болуп, туруктуулук менен сыйынгыла,
бардык ыйыктар үчүн...
*Эф.6,13–18*

Мыйзамсыз адам куюн учургандай жок болот,
ал эми адил адам түбөлүк негизде турат.
*Накыл.10,25*

Акырында айтарым,
Теңирден жана Анын кудуреттүү күчүнөн
күч алгыла. Шайтандын айла-амалдарына
каршы тура алуу үчүн,
Кудайдын бардык
курал-жарагын кийгиле.
*Эф.6,10–11*

АЛТЫНЧЫ БӨЛҮМ

# ТЕҢИРИМ, ОЙЛОРУМДУ БАШКАРУУГА МЕНИ ҮЙРӨТ

Бул күндү мен дайыма эстеймин — бул жума күн эле, күйөөм сапарда жүргөн, а балдарым досторунукунда конокто эле. Мен жалгыз калып, китеп үстүнөн иштөөнүн сейрек мүмкүнчүлүгүнө кубанып турдум. Бирок, өзүмдү таң калтырганы, күтүлбөгөн жерден тоодой жүк кусалык, капалык үстүмө үйүлүп, капыстан жанымды чулгап алды. Мен өмүрүмдү, андагы катачылыктарды издеп, иликтеп кирдим, мына натыйжасында депрессияга түшүп калдым. Мына бул кайгылуу ойлор мени так эле шал кылды, кимдир бирөөгө чалууга, же үйдөн чыгууга, же каттар, же үй иштери менен алек болууга менин алым жок эле. Китептин үстүнөн иштөө жөнүндө эч кандай сөз болушу мүмкүн эместиги белгилүү. Өз бөлмөмдө Библия ачылган бойдон, тизелеп олтуруп алып, ыйладым.

«Теңир, мени менен эмне болуп жатканын түшүндүр, муну менен эмне кылышым керек, — деп сыйындым мен. — Сени укканга чейин же абалым жакшырганга чейин сыйына берем».

Ишемби бою орозо туттум. Эрте мененки төрт чамасында жан дүйнөмдүн катуу кыжаалатынан ойгондум. Олтуруп

алып, Библия окуп кирдим. Көздөрүм пайгамбар Ышайанын Китебинен «кайгылуу рух ордуна даңктын кийими берилет» (Ыш.61,3), — деген сөздөргө түшкөндө, ошол замат иштин төгүнү «кайгылуу рухта» экенин түшүндүм. Ушундай рухтун жашоомдо болушуна себеп жок эле, бирок душман мени карама-каршыга ынандырганга аракеттенди.

Акыркы жыйырма мүнөт ичинде Кудайды даңктап ырдап, Анын сөзүн жарыяладым. Душманга жоголушун буйрук кылдым да, Ал мага мына ушуну кылууга берген бийлиги үчүн, Теңирге ыраазычылык билдирдим. Андан кийин депрессиянын караңгы, оор жабуусу ийинимден жылмышып түшкөнүн сездим, анан бул ушунчалык тез болгондуктан, бул мага айдан ачык болду — мен душмандын чабуулуна туш болдум.

Ошол күндү эстеп, болуп өткөндүн себебин түшүнөм: себеби, ошондо *Сыйынуучу колуктунун күчү* китебимдин үстүнөн иштеп жаткам, анын аяктоонун жарым жолуна келип калган элем, душман болсо ушундай жол менен мени жарым жолдо калтырууга аракет кылды. Бирок тескерисинче болуп чыкты. Келерки күндөрү мага жашоомдун жана келечегимдин жаңы аяны ачылды, мен болсо душмандык жалганды тезирээк таанып билип, чечкиндүү ага каршы туруп калдым. Бул жалганды дароо, адашып аны чындык катары кабыл алуу ордуна, аң-сезимиме кирер замат эле ажыратуу керектигин түшүндүм.

## Өз ойлорумду башкаруу

Жаныбыздын коопсуздугун камсыздандырууда жана аларды душмандан коргоодо өз ойлорубузду башкара билүүбүз негизги ролду ойнойт. Библияда жазылган, биз ар кандай ой жүгүртүүлөрдү Машайакка тил алдыруу үчүн туткундоону үйрөнүшүбүз керек (2 Кор.10,5).

Ар бир жаңы кайрылгандар үчүн болгондой эле, мен үчүн башыма келген ар кандай ойдун шек туудурганга укугум бар экендиги, аны угамбы же жокпу, менде тандоо бар экендиги жөнүндөгү кабар эң сонун ачылыш болду. Сандаган кишилерди өлтүрүүчүлөрдүн көптөрү, аларга өлтүрүүгө буйрук берген үндөрдү угушаарын, а алар болгону бул көрсөтмөлөрдү ээрчишерин тастыкташат. Баштарында угулган үндөрдү ажырата албоочу адамдар алардын ичинен аларга уурданып кирип, аларга өз ойлорун таңуулап жаткан митаам жалганчынын — ибилистин үнүн ажырата алышпайт.

## Биз ишенген жалган

Бир эле ойлор сени күндөп-түндөп кыйнай берген күндөр болуп турабы? Сенин акылыңа келген кайсы бир ой жүрөктөгү ооруну, карында жагымсыз туюмду, кокодогу карышманы, кол буттардагы алсыроону, көз жашты же денедеги бүдүрдү пайда кыла, сенин денелик абалыңа таасир эткени болуп турабы? «А эгер мындай болсо...?» — дегенге окшогон төмөнкүдөй ойлор: «А эгер балкондон секирсем эмне болот?», «А эгер машина менен дубалды сүзсөм эмне болот?» аң-сезимиңди курчап алган учур болгонбу? Мээңе: «Муну кылбай эле койсом болмок», «А эмнеге барбай койдум ал жерге?», «Бир нерсе айтсам болмок», — деген ойлор келди беле? «Эч кимге керегим жок», «Жолу жокмун», «Жакшы эч нерсем жок», «Колумдан эч нерсе келбейт» деген ойлор аркылуу, жок жерден өзүңө бооруң ачыгандык чулгап алды беле?

Эгер ушуга окшогон ойлор келген болсо, анда бил — алар Кудайдан келген жок, алар Теңир бергиси келген аяндар менен эч кандай биримдикке ээ эмес. Бул аң-сезимиңди башкарып алууга тырышкан душмандын иши.

Жашоодо көп азаптар бар, бирок биз көп учурда ага эч негизсиз эле кыйналабыз, анткени өзүбүз жана жашообуз жөнүндөгү жалганга ишенебиз. Бизди жок кылгысы келген душманыбыз эмне айтса, ошону чындык катары кабыл алабыз. Коркунучту сезебиз, депрессияга түшөбүз, өзүбүздү жалгыз сезебиз, кабатырланабыз, өзүбүзгө боорубуз ооруйт — мунун бардыгы өзүбүз ишенип алган жалгандын айынан. Бирок ар кандай жалганды сыйынуу, ишеним жана Кудай Сөзүнүн чындыгы менен жеңе алабыз.

Душман сенден Кудай Сөзүн уурдоого аракет кылышы жөнүндө унутпоо маанилүү. Ал сени азгырат жана Эдем багында Обого салгандай эле, сага да Кудай окутуусунун чындык экендигине шектенүүлөрдү салат: «Кудайдын айтканы чындыкпы же?», «Кудай ушуну айтайын деди беле?», «Сен кылайын деген нерсе, Кудайга жагабы?», «Чын эле Кудай сага кам көрөбү?».

Ошондон кийин душман Кудай Сөзүндө эмне айтылса, ошого карама- каршыны айтып баштайт: «Кудай муну айткан эмес», «Кудай буга каршы эмес», «Кудай сен жөнүндө ою жакшы эмес», «Кудай сени баталардан куру калтырат».

Эгер Кудайдын окутуусуна арсар болуп, ага каршы боло баштасаң, анда бил — акылың душманга курчалган. «Адамга түз көрүнгөн көп жолдор бар, бирок алардын акыры — өлүмгө алып баруучу жол» (Накыл.14,12) бар экенин унутпа. Кээ бир ойлор тууралай жана Жазууга ылайык келгендей көрүнүшү мүмкүн, бирок аларды Кудай Сөзү менен салыштырып келгенде жалган айгиленелет.

Жалган — душмандын өзгөрбөс куралы. Ыйса шайтандын «киши өлтүргүч болчу, чындык боюнча жашаган жок, анткени анда чындык жок. Жалган айтуу — анын табияты. Анткени ал — жалганчы жана жалгандын атасы» (Жкн.8,44)

экендигин айткан. Шайтандын күчү адамдарды, ал аларга салган жалганга ишенүүгө мажбур кылган жөндөмүндө турат. Эгерде адамдар анын жалганына ишенүүдөн баш тартса, анда ал максатына жетүү мүмкүнчүлүгүнөн ажырайт.

## Ойлоруңду изилде

Сенде тандоо бар: бир нерсени кабылдоо же баш тартуу. Же сен «ой жүгүртүүңөр Машайак Ыйсаныкындай » (Флп.2,5 кара) болушу үчүн, ой жүгүртүүлөрдүн ар бирин Машайакка тил алдырууга туткундоого макул болосуң, же шайтанга сени жалган менен азыктандырып туруп, жашооңо үстөмдүк кылышына жол бересиң. Ар бир күнөө жүрөктүн түпкүрүнөн чыгат (Мк.7,21–22 кара). Эгер сен ойлоруңду башкарууну үйрөнбөсөң, муну сенин ордуңа шайтан жасайт.

Ошондуктан сен бардыгына, оюңа эмне келгендин баарына, эмнени укканыңа, көргөнүңө же окуганыңа; теле жана радиопрограммаларга, журналдарга, китептерге, компакт-дисктерге өтө сактык менен мамиле кылууга жоопкерсиң. Алар сени байытып, акылыңды тазалап, сага тынчтык тартуу-лап, баталап Кудай жөнүндө ойлорго толтуруп жатабы, рухуң азыктануудабы же алар көңүлүңдү чөктүрүп, кысылтып, жаныңды талкалап, сени коркутушабы? «Анткени Кудай тартипсиздикти эмес, тынчтыкты каалайт» (1 Кор.14,33). Акылыбызды Кудай Сөзү менен толтуруп, ичинде Ыйык Рух жашаган адамдар тарабынан жазылган, машайакчылык мазмундагы китеп-журналдарды окуп, Теңирди даңазалап, мактаган музыканы уга, душмандын жашообузга киришине жол койбойбуз.

Тиги же бу ойду ким — душман же Теңир алып келип жатканын түшүнүш үчүн — өзүңдөн сура: «А бул ой мага

жагабы?». Эгер жооп «жок» болсо, анда, чынында, аны сага душман жиберип жатат. Эгер, мисалы, сен, жыйында олтуруп алып, кокус хордо ырдап жаткан адамдарды жылаңачтап элестетип жатсаң, анда бул ойдун башатын аныктоо таптакыр кыйын эмес. Өзүңдү кир ойлоруң үчүн жемелеп кыйнагандын ордуна, душманга акыл-эсиңе тийишпешине буйрук кыл, анткени сен ага жаныңды ар кайсы жиндердин акыр-чикири үчүн таштанды үймөк жайы кылышына жол бербейсиң. Сенде «Машайактын акылы» бар экенин ага айт, ошондуктан бардык адепсиз ойлорду башыңдан ыргытасың (1 Кор. 2,16 кара).

Туура эмес ойлорду угуудан баш тартканың аркылуу сен шайтанга каршы турасың. Муну жасоо зарыл болгон болсо да, канча адамдар мындай жасабайт!

Акыл-эсиң ар кандай баш аламандыктан жана чириктен эркин болушу керек. Сен муну менен жашабашың керек. Жазууда айтылгандай, «мындан ары силер бутпарастарга окшоп куру кыял менен жашабагыла. Алардын акылы караңгылангандыктан, түркөйлүктөрүнүн жана жүрөктөрүнүн катуулангандынын айынан Кудайдын жашоосунан четтеп калышкан» (Эф.4,17–18), сен муну жасабашың керек. Сен тунук акыл менен жашооңдо даана көрөгөчтүккө ээ болушуң керек. Душман сени мына мында, келечегиң анын өзүнүкүндөй эле үмүтсүздүгүнө, же болбосо жолу жабыктыгыңа, жашооң маңызсыз да, максатсыз да экендигине, болгон жөндөм менен таланттардан куру жалак калганыңа ишендире берсин, — бирок сен бил, Кудай мунун карама-каршысын айтат. Кудайга ишен, башка эч кимди укпа.

## Сыйынуу

*Теңирим,* Сенин чындыгыңды эч качан жалганга алмаштырбаганга мага жардам бер. Жалганды чындык катары кабылдаганымды мага көрсөт, душмандан келүүчү жалганды ажыратууга мени үйрөт. Сени даңктабаган, бардык үмүтсүз, акылсыз ойлорду башымдан ары ыргытам (Рим.1,21 кара). Мен «жаман жол менен, өз ойлорум менен...» жүргүм келбейт (Ыш.65:2). Мен ар бир оюмду Машайакка тил алдыруу үчүн туткундоону жана ойлорумду башкарууну үйрөнгүм келет.

Сенин Сөзүң «жүрөктөгү ойлорду, ниетти соттойт» (Эвр.4,12 кара). Сенин Сөзүңдү окуганда мага туура эмес ойлорду ачып берсин; ал душмандык калпты угаарым менен, ошол замат ажырата билишим үчүн, акыл-эсимде ушунчалык тамырласын. Сенден чындык Рухун суранам, алданып калбайын. Бизге «душмандын бардык күчүн тебелеп таштагыдай» (Лк.10,19) бийлик бергениңди билем, ошондуктан душмандын жашоомдон ары жоголушуна буйрук кылам. Анын калпына ишенүүдөн баш тартам.

Теңир, Сен мага «Машайактын акылын» бергениң үчүн, Сага ыраазычылык айтам (1 Кор.2,16). Сенин ойлоруң менин ойлорум болуп калышын каалайм. Сага жакпаган ойлордун эс-акылымды качан, кантип ээлеп алганга жол бергенимди мага көрсөт. Мындан ары андайдан качканга жардам бер жана акыл-эсимди Сени даңктоочу ойлор, сөздөр, музыка жана образдар

менен толтур. Эмне чындык, туура, адилеттүү, таза, адептүү, мактоого арзырлык болсо, ошол жөнүндө ой жүгүртүүнү мага үйрөт (Флп.4,8 кара). Сен мага «өзүн өзү башкара билүүнү» белек кылышыңды каалайм (2 Тим.1,7).

## Сиздин сыйынууларыңызды бир кыйла таасирдүү кылууга жөндөмдүү БИБЛИЯДАН АЛЫНГАН АЯТТАР

...Бул дүйнөгө ылайыкташпагыла,
тескерисинче, Кудайдын жакшы,
Өзүнө жаккан жана жеткилең эрки эмне
экендигин таанып билүү үчүн,
акыл-оюңарды жаңылантып туруу
аркылуу толугу менен өзгөрүлгүлө.
*Рим.12,2*

...Бул дүйнөдө жашап жатканыбыз менен,
адамдык кылып күрөшпөйбүз.
Анткени күрөшө турган куралдарыбыз
адамдык куралдар эмес,
алар — чептерди талкалаган
Кудайдын күчүнө ээ куралдар.
*2 Кор.10, 3–4*

Күнөөкөр табияттын каалоосу жөнүндө
ойлоо өлүмгө дуушар кылат,
Рухтун каалоосу жөнүндө ойлоо өмүр
жана тынчтык берет...
*Рим.8,6*

...Силер Андан алдамчы кумарлары менен
чирип бара жаткан эски адамдын мурдагы
жүрүм-турумун таштоо керек экендигин, акыл-
оюңарды жаңыртып турушуңар керек
экендигин, чыныгы адилдик жана ыйыктык менен

Кудайдын бейнеси боюнча
жаратылган жаңы адамды кийүү
керек экендигин үйрөнгөнсүңөр.
*Эф.4,22–24*

Руху бекем адамды Сен жеткилең
тынчтыкта сактайсың,
анткени ал Сенден үмүттөнөт.
*Ыш.26,3*

## ЖЕТИНЧИ БӨЛҮМ

# ТЕҢИРИМ, МЕНИ ЖАШООМДУН БАРДЫК ТАРАБЫНДА БАГЫТТА

Мен Кудайды сүйгөн, насаат айтуу жөндөмү бар бир жаш жигитти билем. Бирок буга карабастан, ал өмүрүн Теңирге толугу менен эч бир тапшыра албайт. Ал өз алдынча өзүнүн эрежелерине ылайык жашоосун улантып келет, аны дайыма жолу жоктук менен көңүл калгандык, жеке жашоосунда да, жумушунда да куугунтуктап жүрөт. Мен толук ишенем, эгер бул жаш жигит: «Теңирим, Сен эмне кааласаң баарын аткарам» деп убада берсеби, анан иш жүзүндө аткарса, анда Кудай ага назарын салмак, анын бүт өмүрү Кудайдын баталары менен бөлөнмөк.

Эмне үчүн кээ бир адамдар эч качан ишенимде өсүшпөйт? Эмне үчүн аларды кырсык дайыма куугунтуктайт, алар болсо эч бир өздөрүнүнүн адаттагы жашоо деңгээлинен жогору көтөрүлө алышпайт? Эмне үчүн алар Теңир менен болгон мамиледен кубанычты ушунчалык сейрек өткөрүшөт? Же рухий өсүү туюмдарынан? Же Теңирге жакын болуудан? Же Кудай берген таланттардын ачылып жаткандыгынан? Эмне үчүн Кудай алардын алдына койгон максаттарга эч бир жакындай алышпайт?

Мен ойлойм, жооп «берилүү» деген сөздө камтылган. Алар эч качан Кудайга толугу менен берилген эмес. Алар Ыйсанын алардын Теңири болушуна жол беришкен эмес.

Кудайга баш ийүү деген бул сөздөрдү айтуу: «Теңирим, Сен каалагандын бардыгын жасайм. Жашоомдо Сен көргүң келген нерсенин баарына «Ооба» дейм. Эгер керек болсо өзүмдөн жана каалоолорумдан баш тартууга даярмын. Сенин катышууңду бат-бат сезишим үчүн, күнөөкөр табияттын чакырыгын четке каканга даярмын. Эгер үйдө олтургум келсе, жыйынга барам; эгер тамак жегим келсе, орозо тутам; эгер уйкум келсе, сыйынам; телевизор көргүм келгенде, Сенин Сөзүңдү окуйм; өзүмө акча жумшагым келгенде, аны башкаларга берем. Дайыма Сага ыраазычылык билдирип, Сени даңктап ырдайм. Сага табынуу мен үчүн чуркап келген, акыркы айлам эмес, эң жогорку артыкчылыгым болсуң. Чын жүрөгүмдөн Сага жаккым келгендиктен жана Сенин баталарыңды алгым келгендиктен, Сен мага эмнени буйрусаң бардыгын аткарам». Эгер сен Ага толугу менен ишенсең, бул жашооңдун төрүндөгү сыйлуу орунду Теңирге берип жана Анын жетегинде жүргөнүңдү билдирет. Ошондо жашооң өзгөрө баштайт.

Ыйса — Теңир, биз муну моюнга алганыбызга, албаганыбызга көз каранды эмес. Бул ушундай, анткени «Кудай Аны жогорулатып, Ага бардык ысымдардан жогору ысым берди. Ыйсанын ысымынын алдында асмандагылардын, жердегилердин жана жер түпкүрүндөгүлөрдүн баары тизе бүгүшү үчүн, «Ыйса Машайак — Теңир, Кудай Атанын даңкы» деп, ар бир тил ачык таанышы үчүн ушундай кылды» (Флп. 2,9–11). Бирок Машайак ааламдын эле Теңири эмес — Ал ар бирибиздин Теңирибиз. Муну моюнга алабызбы же жокпу, бирок так ушунда жашообуздун ийгилиги жана сапаты түптөлөт. Эгер Ыйсаны өмүрүбүздүн Теңири деп кабыл ал-

басак, демек, Ыйык Рух бизди жетектебейт. «Кудайдын Рухунун жетегисиз эч ким «Ыйса Теңирим» деп айта албайт» (1 Кор.12,3). А эгер бизди Ыйык Рух жетектебесе, анда бул, дагы эле денебиздин жетегинде жашап жатканыбызды билдирет.

## Теңирим, Сен буйрук кылгандын бардыгын

Эски тасмаларда жакшы жигит (көп учурда, ак көйнөкчөн) адатта жаман жигитти (кара көйнөкчөн) колго түшүрөт да, тапанчасын ага такап: «Колуңду көтөр!» — деп буйрук кылат («Колуңду көтөр!» деген бул сөздөр анча деле коркунучтуу угулбайт).

Жаман жигит куралын жерге ыргытат, колун көтөрүп: «Багынам», — деп айтат.

Так ушуга окшогон «багынууну» Кудай сенден күтөт. Болгону сен — тасмадагы жаман жигит эмессиң, а Кудай болсо көкүрөгүңө тапанча менен сайбайт. Ал сага Өз сүйүүсү менен көрсөтөт, бирок күнөөлөй же ашкерелеп эмес — Ал сени Өз тобунун мүчөсүндөй тандагандыктан, сага сүйүү менен көрсөтөт. Теңир сага мындай дейт: «Сен! Мен сени тандайм! Мен сен үчүн даярдаганымды сага бере алышым үчүн, Мага багын».

Эгер биз: «Теңир, мен багынам. Менде болгондун баарын ал. Сен эмнени буйрук кылсаң, бардыгын аткарам», — деген жооп кыла алсак, жашообуз бардык тарабынан жакшы тарапка өзгөрмөк.

Эмне үчүн: «Теңир, Сен буйрук бергендин бардыгын... Мен Сага жаккандын бардыгын аткарам», — деп айтыш ушунчалык кыйын. Мунун себеби, өз каалоолорубуздун аткарылышын каалагандыктан, Кудайдын бизге айтар буйруктарынан корккондуктан. Бул кандайдыр бизге зыян алып кели-

ши мүмкүн деп кооптонобуз. Анткени эң татаалы, «Ыйса Эгедер», деп *айтууда* эмес, а Ал кандай айтса, ошондой *кылууда* турат. Ыйса сурады: «Эмнеге силер Мени: «Теңир! Теңир!» деп чакырасыңар да, айтканымды кылбайсыңар?» (Лк.6,46). Кудайдын буйруктары, чын эле бизге батага айланарына күмөн кылабыз. Бекер кылабыз. Кудай биздин жеңүүчүлөрдүн тобуна мүчө болуп калышыбызды каалайт.

Эгер жашооңдо рухий өсүш жок болсо, текшер, Кудайга толук ишенесиңби, өз каалоолоруңдан баш тартып, жашооңдо Ыйсага Кожоюндун ордун бердиңби. Эгер жок болсо, колуңду көтөрүп, биринчи бул кадамды жаса.

Ыйса айткан: «Ким Менин артымдан өз айкаш жыгачын көтөрбөй ээрчисе, ал Менин шакиртим боло албайт» (Лк. 14,27). Сен Анын айкаш жыгачын көтөрө албайсың, эгер Ага өмүрүңдү тапшырбасаң. Кудайга калдыксыз берилген, Ага толугу менен тил алган өмүр гана, Анын Падышачылыгынын даңкы үчүн жемиштүү колдонула алат. Кудайга жарым бөлүгүң керек эмес. Ал бүтүнгө ээ болууну каалайт. Кудай сенден эмнени күтсө, ошонун барын Ага бере алышың үчүн сыйын.

## Сыйынуу

*Теңирим,* ушул күнү Сенин алдыңда ийилем жана Сени жашоомдун бардык чөйрөсүндө Теңир деп атайм. Сага өзүмдү жана өмүрүмдү берем, акылымды, денемди жана рухумду башкар. Сени бүт жүрөгүм менен, бүт жан-дилим менен сүйөм. Сага өмүр бою ишенем. Сени өмүрүмдүн бардык чөйрөсүндө бүгүн жана күн сайын Теңир деп жарыя кылам.

Мага өзүмдөн баш тартып, өз айкаш жыгачымды алып, Сенин артыңдан ээрчигенге жардам бер (Лк.9,23 кара). Сен Өз Сөзүңдө айткандай, Сенин шакиртиң болгум келет (Лк.14,27 кара). Бул үчүн бардыгын жасоого мага жардам бер. Сен үчүн өз жанымдан ажырагым келет, аны сактап калышым үчүн (Лк.9,24 кара). Бул сөздөрдүн маанисин мага ачып бер. Сени түшүнө алгыдай кылып, мага сүйлө.

Сен мага бир нерсе кылууга буйрук берген сайын, Сага «макул» дегенге мага жардам бер. Менин негизги каалоом — Сага жагуу жана Сенден эч нерсе жашырбоо. Эч нерсе калтырбай, бардыгын Сага берем: адамдар менен мамилемди, акча каражатымды, жумушумду, бош убактымды, денемди, жанымды, каалоомду жана кыял-тилегимди. Мунун баарын Сага берем, Сенин даңкың үчүн колдонулсун. Ушул күнү жарыялайм: «Себеби мен Кудай үчүн жашайын деп, мыйзам аркылуу мыйзам үчүн өлгөм. Мен Машайак менен кошо айкаш жыгачка кадалгам. Азыр мен жашап жаткан жокмун, менин ичимде Машайак жашап жатат. Ал эми азыркы денедеги жашоомду айта турган болсом, мени сүйгөн жана менин ордума Өзүн курмандык кылган Кудай Уулуна болгон ишеним менен жашап жатам» (Гал.2,19–20). Теңир, жашоомдун бардык чөйрөсүн жетекте жана Сен мен үчүн даярдаган жерге мени алып бар.

# Сиздин сыйынууларыңызды бир кыйла таасирдүү кылууга жөндөмдүү БИБЛИЯДАН АЛЫНГАН АЯТТАР

...Ким Менин артымдан ээрчигиси келсе,
өзүнөн баш тартсын жана
күн сайын өзүнүн айкаш жыгачын алып,
Менин артымдан ээрчисин.
Ким өз жанын сактап калгысы келсе,
ал андан түбөлүккө ажырайт.
Ал эми ким Мен үчүн өз жанынан ажыраса,
ал аны сактап калат.
*Лк.9,23–24*

...Жашасак, Теңир үчүн жашайбыз.
Өлсөк, Теңир үчүн өлөбүз.
Ошондуктан жашасак да, өлсөк
да Теңирдикибиз.
*Рим.14,8*

Теңирибиз Машайак Ыйсаны
кандай кабыл алсаңар, Анын ичинде ошондой
жашай бергиле. Өзүңөргө үйрөтүлгөндөй, Анын
ичинде тамырлагыла, бекемделгиле, ишенимиңер
бекемделсин, ыраазычылыгыңар артсын.
*Кол.2,6–7*

Бүт жүрөгүң менен Теңирден үмүттөн,
өз акылыңа таянба.
*Накыл. 3,5*

Демек, Кудай силерди Өз убагында
жогору көтөрүшү үчүн, Анын күчтүү
колунун астында моюн сунгула.
Бардык түйшүктөрүңөрдү
Ага тапшыргыла, анткени
Ал силер үчүн кам көрөт.
*1 Пет.5,6–7*

## СЕГИЗИНЧИ БӨЛҮМ

# ТЕҢИРИМ, СЕНИН СӨЗҮҢДҮ ТЕРЕҢ ТААНЫП-БИЛИШИМЕ МАГА ЖАРДАМ БЕР

Бир нече жыл мурда, мени дароо операция кылган ооруканага түшүп калдым. Ооруканада эки жума жаттым, анан мени үйүмдө медсестранын көз салып турушу зарылдыгы менен чыгарышты. Операциядан кийин келерки сегиз ай медициналык байкоо алдында болдум. Толук айыгышыма бир жылдан ашык убакыт талап кылынды (кийинки бөлүмдөрдө бул тууралуу кеңири сүйлөшөбүз).

Ооруканада жатканымда, Кудайдын Сөзүн окуганга өтө эле алсыз элем. Көп сандаган, аспапка туташтырылган түтүкчөлөр, денемди туш тараптан ороп чырмаган, мен болсо отура да, оодарыла да албайм. А колума салмактуу Библияны кармоо туралуу сөз болушу да мүмкүн эмес. Күнү-түнү кароого муктаждыгымдан, эжем жаныма менин досторум менен туугандарымдан турган күзөттү уюштурду. Алар ар үч саатта бири-бирин алмаштырып турду, бир гана кызым мени менен он эки саат такай болду: кечки 8 ден эрте мененки саат 8 ге чейин. Бул ал коллежде окугандыктан өтө оор эле: түндөсү ар эки саатта мага дары бериши, а кийин күн бою сабакта олтурушу керек.

Бул сүйүктүү адамдар карап жаткан милдеттеринен сырткары, дагы мага Кудай Сөзүн окуп беришти.

Ооруканадан чыккандан кийин, мен айтып өткөндөй, мени үйгө медсестранын карамагында жиберишти. Организмге инфекциянын кирип кетүү коркунучу чоң болгондуктан, досторум, тааныштарым менен болгон мамилелерден кармануууга көрсөтмө беришкен. А үйдөгүлөрдүн бардыгы эч колу бош болбогондуктан, мага Библия окуганга киши жок (эч кимге таарынбайм: мен түшүнөм, мага кам көрүү менен өздөрүнүн күнүмдүк жумушун айкалыштыруу ар кимисине абдан татаал болду). Ошондо бардыгына оор эле.

Ошентип, мен үйдө төшөктө жатып, акырындап айыга баштадым жана магнитофон лентасына жазылган библиялык үзүндүнү угуп турдум. Бирок бул Библияны өз алдымча окугандын өзү дегенден алыс эле. Мен маалыматты угуп эмес, окуп өздөштүрөм. Андан бетер бирөөнүн аткаруусундагы, мен уккан библиялык үзүндүнү үн чыгарып окуучу тыным жасаган жок. Ошондуктан айтылган бир аят жөнүндө ой жүгүрткүчө, кийинки он аят кулагымдын сыртынан өтүп кетип жатты. Адатта, Кудай Сөзүн окуп жатып, азыркы учур чагыма актуалдуу болгон, аяттарга өзгөчө токтолуп, үзүндү боюнча жай кыймылдайм. Аларды «сиңире» баштайм жана Кудайдын мен мурда билбеген жаңыны ачып беришин суранам.

Бирок мен оңолуп, олтуруп, өз алдымча Библия окууга жарап калганымда дагы, башым тумандап, а көздөрүм күн сайын куюп турган ооруну басаңдатуучу чоң сандагы дармектердин айынан чел каптап турду. Ошондуктан Сөздү окуу мага кыйынга турду. Мен түшүнүп турдум, көйгөй *өзүмдө* жатканын, бирок бир нерсени өзгөртүүгө таптакыр алым жок эле. Кудай Сөзүн окуу дайыма мени күчкө толтуруп турчу, ошол күндөрү ал мен үчүн кандайдыр милдет-

темеге айланды. Мен аны ага болгон муктаждыгымды түшүнгөндүктөн гана окуп жаттым. Жагдай дагы төмөнкүлөр менен татаалдашты, беш ай бою жыйынга бара албай, мына ошондуктан койчунун насаатарын уккан жокмун, библиялык сабактарга катышпадым. Ушундай өтө чоң үзгүлтүктөр машайакчылык түзүлүшүмдө боло элек эле (эң чоң тыныгуу бүтүндөй 31 жылдык машайакчылык өмүрүмдө эки жумага созулган). Магнитофон лентасына жазылган насааттарды уктум, бирок ойлорум алыс бир жактарда сандалды, анан насааттардын так ортосунда сейрек эмес уктап калып жаттым.

Адаттагы үзгүлтүксүз Кудай Сөзү менен тамактануудан ажырап калгандыктан, бут алдымдагы кыртышты жогото баштадым. Мурдагыдай Кудай үнүн ушунчалык так уга албаганымдан чечим кабыл алуу кыйын болуп калды. Мага китеп үстүнөн иштөө кыйыныраак болуп калды, анткени Кудай мага айтканга оюмду топтой албай жаттым. Бирок эң жаманы, ички дүйнөмдөгү боштукту туйганым болду. Ушундай абал, бул көйгөйдүн чечилиши үчүн сыйыныш керектигимди түшүнгөнгө чейин улантыла берди, ошондон кийин жашоомдун бул аймагында рухий өсүү башталды. Мен: «Теңир, Сенин тирүү сөзүңө муктажмын. Ата, акылым менен жанымды тазарт, мага жардам бер. Билимимди кеңейт. Мурдагыга караганда Сенин Сөзүңө терең кирүүгө жардамдаш», — деп сыйындым.

Сыйына баштаганымдан бир жумадай өткөндөн кийин, Кудай мага жооп берди. Библия окуу кайрадан мен үчүн кызыктуу жана өзүнө тартып турууучу болуп калды; Теңирден жаңы ачылыштарды алдым. Кудай ушундай жөнөкөй сыйынууга жооп берип жатса, анда эмнеге Библия окугандын алдында ар качан: «Теңир, Сенин Сөзүңдүн тереңдигин ачып бер» деп сыйынууга болбосун? Ыйык Жазууну изилдөө жа-

шообуздун сыйынуу колдоосуна өтө муктаж болгон негизги жактарыбыздын бири болуп саналат.

## Жаныбыздын күндөлүк азыгы

Кудай Сөзү — жаныбыздын наны. Ансыз жашай албайбыз. Мындай деп жазылган: «Адам нан менен гана эмес, Кудайдын оозунан чыккан ар бир сөз менен да жашайт» (Мт. 4,4). Эгер Кудай Сөзү менен үзгүлтүксүз азыктанбасак, анда бизди рухий ачкалык жеңе баштайт.

Ооруканада жатып, буга таң калдым, Ыйык Жазуунун ушунчалык көп аяттары эсимден чыгып кетти. Албетте, буга ошондогу мен кабыл алган, ооруну басаңдатуучу чоң сандагы дары-дармектер таасирин тийгизди, ошентсе да бул далил мени катуу таң калтырды. Библияны ошончо көп жыл окуп жүргөндөн кийин, ушунча көп жана бат унутуп калууга кантип мүмкүн болсун? Антсе да кээ бир аяттар аң-сезимимде ушунчалык катуу орногон, ал тургай түшүмдө да аларды жатка таптак келтире айта алмакмын. Мына ошондо түшүндүм, ар бирибиз үчүн жан-дилибизде мөөрлөнгөн Кудай Сөзүн *сактоо* канчалык маанилүү. «Ошондуктан ишенимден тайбаш үчүн, уккан сөзүбүзгө өзгөчө маани беришибиз керек» (Эвр.2,1).

## Сөздү аткаруучу бол

Кудайдын жолдорунда көптөн бери жүргөнүң маанилүү эмес, — Теңир сени жаңы бир нерсеге үйрөтүүгө, же сага тааныш болгон нерселерде жакшыраак түшүнүк берүүгө, же мурда сага таптакыр белгисиз бир нерсени ачып берүүгө дайыма даяр. Кандай болсо да чындыкты *билип калуу* аздык кылат, ага ылайык *аткаруу* зарыл. «Ошондуктан ар кандай ыпыла-

стыкты жана калган жаман адаттарыңарды таштап, жүрөгүңөргө себилип жаткан, жаныңарды куткара ала турган сөздү момундук менен кабыл алгыла. Сөздү угуучулар гана болуп, өзүңөрдү алдабастан, сөздү аткаруучулар болгула. Сөздү угуп, бирок аткарбаган адамды күзгүгө каранып, ары басары менен өзүнүн кандай экенин унутуп койгон адамга окшоштурса болот» (Жкп.1,22–24 ). Эгер Кудай Сөзү буйрук кылгандай *жасабай жатсак*, биз аны эле эмес, бирок ким экенибизди да *унутуп калабыз.*

Кудай Сөзүн окуп, Кудайдан аны иш жүзүндө колдонууну сага үйрөтүшүн сура. Сен окуган нерсеге болгон ишенимиңди, өзүң окуган нерсеге ылайык жашоого ниетиңди билдире турган кадам жаса. Антпесең, сенде бар болгон Кудай Сөзүнөн алган билимиң да сенден алынып ташталат. *Сөздү* угуп, *Сөздү* окуп, ал тургай *Сөздү* окутуп жүрүп да баары бир мурдагы калыпта кала берүү мүмкүн. Жазуунун бардыгы окутат, ашкерелейт, байытат, айыктырат, бизди эскертет жана жүрөгүбүздү жумшартат. Ошондуктан сага Анын Сөзүн ар бир окуган сайын, Кудайдын сени менен сүйлөшүшүн жана Ал талап кылгандай жасоого үйрөтүшүн өтүнүүгө туура келет.

## Кудай Сөзүн окуунун кескин он себеби

Эгерде сага Кудай Сөзүн үйрөнүүгө күн сайын көңүл бөлгөнгө болбой жатса, анда төмөнкүдө келтирилген, Библия окуугa сени шыктандыра алган тизмекке кара:

1. *Сен кайда жүрүшүтү билип каласың.* Сен келечегиңди жана эмнеге ээ болооруңду так биле албайсың, бирок Кудай Сөзү жол көрсөткөнгө жөндөмдүү. «Буттарымды Сенин сөздөрүң менен жүргүдөй кылып бекемде, эч бир мыйзамсыз иштин мени бийлеп алуусуна жол берБе» (Заб.118,133) .

2. *Сен акылмандыкка ээ болосуң*. Кудай Сөзүн таанып-билүү сага акылмандыкты тартуулайт. «Кудайдын мыйзамы жеткилең, ал жанга күч берет. Теңирдин сөздөрү туура, ал жөнөкөйлөрдү акылдуу кылат» (Заб.18,8).
3. *Сен ийгиликке жетишесиң*. Эгер сен Кудай осуяттарын аткарып жашасаң, жашооң өзгөрөт. «Бул мыйзам китебинде жазылгандар оозуңдан түшпөсүн, анда жазылгандардын бардыгын так аткарыш үчүн, алар жөнүндө күнү-түнү ой жүгүрт, ошондо сен өз жолдоруңда ийгиликке жетишесиң жана акылмандуулук менен иш кыласың» (Жаш.1,8).
4. *Сен кемчиликсиздикте жашайсың*. Эгер сен Теңирдин жанында болгонуна кубангың келсе, сенин жашооң тазалык менен ыйыктыктын үлгүсү болушу керек. Бирок Кудай Сөзүнүнүн аракетисиз кемчиликсиздикте жашоо мүмкүн эмес. «Жаш жигит өз жолун канткенде таза сактап жүрө алат? Өзүн Сенин сөзүң боюнча сактаганда гана» (Заб.118,9).
5. *Сен тил алчаактыкта жүрөсүң*. Эгер Кудайдын мыйзамдарынын маанисин түшүнбөсөң, анда кантип аны аткара аласың? «Мага Өз мыйзамдарыңдын жолун көрсөт, Теңир, ошондо мен Сенин мыйзамдарыңды өмүрүмдүн аягына чейин сактайм. Мени акылга келтир, ошондо мен Сенин мыйзамыңды сактайм, аны бүт жүрөгүм менен аткарам. Мени осуяттарыңдын чыйыр жолуна сал, анткени мен ошол жолду каалайм» (Заб.118,33–35).
6. *Сен Кудайдан кубаныч аласың*. Эгер Кудай Сөзү жүрөгүңдө аракеттенбесе, сен чочулоо менен тынчсыздануудан бошонбойсуң. «Теңирдин буйруктары адилет, жүрөктү кубантат. Теңирдин осуяттары жарык, көздү ачат» (Заб.18, 9).

7. *Сен ишенимде өсөсүң.* Сен Кудай Сөзүн окуп, угуусуз ишенимде өсө албайсың. «...Ишеним уккан сөз аркылуу пайда болот, ал эми уга турган сөз — Кудайдын сөзү» (Рим.10,17).
8. *Сен эркиндикке чыгасың.* Кудай Сөзүн окубай туруп, эмнеден бошонушуң керектигин сен түшүнө албайсың. «Эгерде Менин сөзүм боюнча жашасаңар, анда Менин чыныгы шакирттеримсиңер. Ошондо чындыкты билип каласыңар жана чындык силерди эркин кылат» (Жкн. 8,31–32).
9. *Сен тынчтыкка бөлөнөсүң.* Сени курчап турган адамдар бере албаган тынчтыкты Кудай сага тартуу кылат, бирок биринчи бул тынчтыкты сен Анын Сөзүнөн табышың керек. «Сенин мыйзамыңды сүйгөндөрдүн тынчтыгы зор, аларга бөгөт жок» (Заб.118,165).
10. *Сен жаман менен жакшыны ажыратканды үйрөнөсүң.* Бардыгы ушунчалык салыштырмалуу болгон азыркы дүйнөдө сен эмне жакшы, эмне жаман экенин Кудай Сөзүсүз ажырата аласыңбы? «Сенин алдыңда күнөө кылбаш үчүн, мен Сенин сөзүңдү жүрөгүмө катып алдым» (Заб.118,11).

## Асыл кенчти издөөдө

Кудай Сөзү өзүндө кулак укпаган кенчти — кымбат баалуу таштарды — аларды болгону «издеп таба» билүү керек болгон кенчти сактайт. Кымбат баалуу таштар менен металлдар жерден казып алгандан кийин жылмалоого туура келген сыяктуу эле, Кудай Сөзүнүн кенчи да так ошого окшоп, Кудайдын убадаларынын сулуулугу бизге өзүнүн бардык көркөмү менен жаркылдоосунда ачылышы үчүн, жүрөктөрүбүздө боло турган кайра иштетүүгө, тазалоого муктаж.

Кудайдын убадаларын сен ар бир жолу жан-дилиң аркылуу өткөргөн сайын, ал сен үчүн ачыгыраак жаркылдай баштайт.

Кудай Сөзүнөн сен таба алган эң керемет кенчтердин бири — бул Кудай үнү. Бул үндү Теңир биз менен Өз Сөзү аркылуу сүйлөгөндө, биз окуганда же укканда, уга алабыз. Эгер, Өз Сөзүндө бизге Ал эмне айтканын укканды билбесек, анда Теңирдин үнүн тааныганды үйрөнбөйбүз. Библияны канчалык көп окуп үйрөнсөң, сага Анын үнүн таанууга ошончолук оңоюраак жана сенде ибилистин жалганына ишенүүгө ошончолук аз мүмкүнчүлүк бар.

Эң алгачкы машайакчылык жашоомдо депрессиядан тез-тез кыйналдым. Бул Кудай Сөзүнө кайрыла баштаганыма чейин улантылды. Библияны бир нече мүнөттүк окуу, тынчтанып, кайрадан үмүткө ээ болууга жетиштүү эле. Бул Теңир Сөзүнүн бизге ойлорубузду тартипке салып, чындыкты айкын көрүүгө жардам бергени менен түшүндүрүлөт. Ал бизди биз үчүн ойрондуу жана зыяндуу ойлордон бошотуп, жашоо кубанычын толук жеткилеңдикте сезишибизге жардам берет. Ал үмүт тартуулап, туура жолду көрсөтөт. Ал биз үстүнө жеткилең өмүр имаратын кура алган, бекем пайдубалды бизге камсыз кылат. Кудайга жолугууну күн сайын Анын Сөзүндө изде, анткени Ал бул жолугушууну каалайт жана сенден мамилени күтөт.

Кудайга жакындоонун, өз жүрөгүңдү тазалоонун жана кечирүүнү үйрөнүүнүн, Анын эркине тил алып жашоонун, өз акыл-эсти башкара билүүнүн, душманга татыктуу сокку берүүнүн жана өз өмүрүңдү Ыйса Теңирде көрүүнүн — Кудай Сөзүндө үзгүлтүксүз болуудан башка жолу жок. Библия — бул жол көрсөткөн сенин компасың, сени тааныштыруучу гид. Ансыз сен эч качан максатка жете албайсың.

# Сыйынуу

*Теңирим,* Сенин Сөзүң үчүн Сага ыраазычылык айтам. «Сенин сөзүң — бутума шам, жолума жарык» (Заб.118,105). Ал — жанымдын азыгы, мен болсо ансыз жашай албайм. Аны туура түшүнүүгө мени үйрөт. Сенин окутууңду терең билгенге мага жардам бер, анан кенчиңде катылган, ушул убакка чейин мага белгисиз болгондорун ачып бер. Сага сыйынам: мага үйрөнүүгө жөндөмдүү жүрөк бер, аны мен үчүн Сен маанилүү деп тапканды кабылдаш үчүн ач. Сенин жетектөөңө мутажмын. Эмнени үйрөнүшүм керек болсо, ошону үйрөнгөндү үйрөт. Сенин Сөзүңдү күн сайын тырышчаактык менен таанып биле берүүгө жардам бер. Сенин Сөзүңдө болууга колдонгондун ордуна, убакытты курулай кетиргенимди мага көрсөт. Аны эске жакшы тутушум үчүн мага жардам бер, аны жүрөгүмө катып кой. Ал менин бөлүгүм болуп калсын, мени өзгөртсүн.

Теңир, Сенин Сөзүңдү угуучу эле эмес, аткаруучу да болгум келет. Аткаруучу болгонго жардам бер. Жазууну Сенин эркиңе ылайык түшүнгөнгө мени үйрөт. Эмнеде ага баш ийбей жатканымды мага көрсөт. Жүрөгүмдү Сенин Осуяттарыңа бур, кулагымды Сенин акылдуу сөздөрүңө төшө (Накыл. 23,22 кара). Сенин Сөзүң жашоо көз карашымды оңдосун жана алдын ала дайындалган жердеги тапшырмам жөнүндө эскертсин. Ал жүрөгүмдү тазаласын, мага кемчиликтеримди жеңе алышыма үмүт берсин. Аны окуп, ишенимде өсөйүн жана Сенин Ким экениңди, Сен мени ушунчалык катуу

сүйөөрүңдү дайыма эстен чыгарбайын. Сенин Сөзүң өмүрүм Сенин колуңда экенине жана Сен бардык муктаждыктарымды толутурарыңа бекем ишеним тартууласын. Теңирим, Сага ыракмат, Ыйык Жазууда Сени таба алганым үчүн. Сенин Сөзүңдү окуп үйрөнүү аркылуу Сени дагы жакшы таанып-билүүгө мага жардам бер. Библияны окуганда, ар дайым кулактарым Сенин үнүңдү уксун (Мк.4,23). Сен мени алып бараткан жолдон чыгып кетким келбейт. Сенин үнүңдү угуп, Сенин артыңдан ээрчий, ар дайым ашып-ташыган өмүргө ээ болом; Сен көрсөткөн жолдон чыгып кетип, рухум чөккөндөн азап тартып калам. Мени жетеле, жеткилең кыл, күн сайын Сенин сөздөрүңө толтур.

## Сиздин сыйынууларыңызды бир кыйла таасирдүү кылууга жөндөмдүү БИБЛИЯДАН АЛЫНГАН АЯТТАР

Себеби Кудайдын Сөзү тирүү жана
таасирдүү, кош миздүү ар кандай
кылычтан курч:ал жандан рухту ажыратып,
муунга чейин, сөөктүн чучугуна чейин
жетет,жүрөктөгү ойлорду,
ниетти соттойт.
*Эвр.4,12*

Жеткилең мыйзамга,
эркиндиктин мыйзамына, дитин коюп,
ошол мыйзам боюнча жашаган адам
унутчаак угуучу эмес, аткаруучу болуп,
өз иш-аракетинен бакыт табат.
*Жкп.1,25*

Кудайсыздардын кеңешмесине барбаган,
күнөөкөрлөрдүн жолунда турбаган,
бузулгандардын жыйынында отурбаган
адам бактылуу. Ал Кудайдын мыйзамынан
кубаныч алат, Анын мыйзамы тууралуу күнү-түн
ойлонот. Ошондо ал суу боюна
отургузулган, мөмөсүн өз маалында
берген, жалбырагы соолубаган дарактай
болот. Ал эмне иш кылбасын,
бардык ишинде ийгиликке
жетишет.
*Заб.1,1–3*

...Ал эми ким Анын сөздөрүн
аткарып жатса, ал адамда
Кудайдын жеткилең сүйүүсү бар.
Машайактын ичинде экенибизди
ушундан билебиз.
*1 Жкн.2,5*

Ишти акылдуулук
менен жүргүзгөн адам ийгилик табат,
Теңирге таянган адам бактылуу.
*Накыл.16,20*

## ТОГУЗУНЧУ БӨЛҮМ

# ТЕҢИРИМ, ЖАШООМДУ ТАРТИПКЕ КЕЛТИРГЕНГЕ МАГА ЖАРДАМ БЕР

Табита Машайактын шакирти болгон. *Шакирти!* Бул анын Ыйсанын осуяттарын аткарган, ишенген адам болгонун билдирет. Ал көптөгөн жакшы иштерди кылган, жакындарына кайрымдуу эле. Ошондуктан аны көп адамдар абдан сүйүшчү.

Ыйса өлүп тирилгенден бир нече убакыттан кийин Табита ооруп, өлүп калды. Бир нече адам он эки элчинин бири Петирди издөөгө аттанышты, аны Табитанын денеси көргө коюуга даярдалган үйгө алып келишти. Үйгө кирип, Петир жогорку, маркум жаткан бөлмөгө кирди. Петир ыйлап жаткан аялдардын сыртка чыгышын өтүнүп, сыйынуу үчүн тизе бүгүп жыгылды.

Сыйынып бүтүп, ал маркумга бурулуп, айтты: «Табита! Ордуңдан тур!». Аял ошол замат көздөрүн ачып, өйдө болуп отурду. Петир колун сунуп, ага турууга жардамдашты. Табитанын тирилгенин көрүп, көптөгөн адамдар Теңирге ишенип калышты (Элч. иш.9,36–42).

Мындан башка Табита жөнүндө бизге эч нерсе белгисиз, бирок ушул кыска аңгемеден улам бул аялдын жашоо арты-

кчылыктары туура жайгаштырылганы даана билинет. Ал Теңирди сүйгөн. Анын моюн сунган жүрөгү болгон. Жашоосу менен ал Кудайга жаккан жана айланасындагыларга бата берген. Ал жөнүндөгү бардык маалымат бир сөздө камтылат — «шакирт».

Табита ооруп, өлүп калганда, Кудай өзүнүн берилген шакирттеринин бирин ал үчүн сыйынып, аны тирилтүүгө жиберди. Ал үчүн Кудай дайындаган жолдон, кайдадыр алыс калып, өз жашоосу менен жашаган, ишенүүчү деген ысымга эле ээ болсо, ушундай нерсе болор беле? Эгер Табита Теңирди сүйбөгөн болсо, ушундай нерсенин болушу мүмкүн беле? Эгер башка адамдарга көңүл кош караган болсочу? Эгер көкүрөгүндө жоошутулган жүрөк сокпогон болсочу? Эгер өзүн өзгөлөргө арнабаган болсочу? Эгер Теңирге тил алчаак болбосочу? Балким, жок. Табитанын жашоосунда толук тартип салтанат курган, мына ошондуктан Кудай аны баталап, ага экинчи өмүрдү белектеген. Ошонун өзүн эле Теңир биз үчүн да кылгысы келет, албетте, эгер жашообузда Ага биринчи орунду бошотууга даяр болсок.

## Жогорку артыкчылык

Эгер жашоо артыкчылыктар туура эмес жайгаштырылган болсо, жашообуз ийгиликтүү боло албайт. А артыкчылыктарды орунга коюуштуруу менен күн сайын алектенебиз. Бирок жашообузду өз алдынча тартипке келтирүүгө жөндөмсүзбүз. Бул үчүн бизге Ыйык Рухтун жетекчилиги жана Кудай Сөзүндө жакшы билим керек. Бул эки эң башкы артыкчылыктарыбыз жөнүндө Жазууда Ыйса Өзү айткан: «Кудай-Теңириңди чын жүрөгүң менен, жан-дилиң менен, бүт акылың менен сүй. Экинчиси ушуга эле окшош: «Өзүңдү кандай сүйсөң, жакыныңды ошондой сүй» (Мт.23,37–39). Таа-

майыраак айтуу мүмкүн эмес. Эгер сен бул эки осуятты — Кудайды сүйүү жана жакыныңды сүйүү — жогорку артыкчылыктар деп кабыл алсаң, анда жашоондогу калган адеп-аклах сабактарын туура коюштура аласың.

Жашооңдун эң башкысы Теңир менен болгон мамилең болушу керек. Кудай айткан: «...Менден башка кудайларың болбосун» (Чыг.20,3). Бул чындыгында ушундай. Кудайга сенин *бөлүнбөс* көңүл бөлүүң керек. Эгер сен Анын жүзүн күн сайын издесең, жашооңду тартипке салышыңа Анын жардамын сурасаң, анда Ал сага жооп берет. Мен жеке тажрыйбамдан билем, эгер Теңирди биринчи орунда издебесек, жашообуз тизгинден чыгып кетет. Натыйжада жагдай биз *аны* башкарганыбыздын ордуна, *бизди* башкара баштайт.

Теңир — тартиптин Кудайы. Мунун далили болуп, эч кандай баш аламандыгы же кокустугу жок, ааламдын түзүлүшү кызмат кылат. Жашообуз дагы ушундай курулушу керек, анткени бул Кудайга жагат: «...баары өз орду, өз тартиби менен болсун» (1 Кор.14,40). Эгер ушул жөнүндө сыйынсак, Ал бизге жардам берет. Ал бизге кантип күчтүү канат жана ишенимдүү бийлик алдында, башкача айтканда, Анын коргоочу күчү алдына кирүүнү көрсөтөт. Бул Кудайдагы баталарга бараткан жолдогу иштерибиз үчүн өтө маанилүү.

## Моюн сунуу кыйынчылыктары

Моюн сунуу — бул сен ээ болууну өз *алдыңча чечкен* жана эч ким сени буга *мажбур кыла албаган* сапат. Өзүн моюн сундуруу, эгер сен муну бүт жүрөгүң менен каалаган учурда гана мүмкүн. Моюн сунган жүрөккө ээ болуу — демек өзүн моюн сундуруу жана Кудайдын эркине баш ийдирүү. Өзүн моюн сундурууга ээ болуш үчүн, дайыма «Кудайга моюн сунууга» (Жкп.4,7) умтулуу зарыл. Мындан сен Кудайдын осуяттарын

бузууга түрткөн, бирөөнүн эркине баш ийбешиң керектигиң келип чыгат. Моюн сунган жүрөккө ээ боло, абийириңди оорлонткон жана Кудайдын осуяттарына каршы жүргөн нерседен бөлүнө аласың.

Мисалы, эгер жашоодо негизги ролду ойноочу адам сени Кудайдын окутуусуна ылайык келбеген, жаман иш кылууга түртсө, сен анын сунушун уятсыз деп таап, андан бөлүнүшүң керек. Ушундай учурда мындай адамдын бетине: «Сен акмак! Акылсыз! Сага эмне болду? Жолобо мага ибилис!» деп кыйкыруунун кажети жок. Мунун ордуна жай отуруп, ага түшүндүрүш керек: «Сизге (сага) болгон бардык сыйлоомо карабай, сиздин сунушуңуз Кудайдын мыйзамдарын бузганын көрүп турам, ошондуктан мен абийириме каршы чыга албайм, анткени билем, бул экөөбүзгө тең Кудайдын каарын алып келет». Же мындайча: «Сиздин (сенин) мага карата сөзүңүз жана сиздин (сенин) кылыгыңыз Кудайдын көз алдында жийиркеничтүү, мен сизге (сага) айтышым зарыл, жана сиздин (сенин) жаман кылыгыңыз сизге (сага) да, мага да жакшылык алып келбейт».

Эгер чын жүрөктөн моюн сунсак, анда бизге баталар белен, эгерде андай болбосо, анда кырсык бизди күтүп турат.

Ыйса Өзүн Кудай алдында басынтты. Талашсыз, Ал артыкчылыктарды туура койгон. Бизде да ушундай болушу Кудайга жагат; «силердин ой жүгүртүүңөр Машайак Ыйсаныкындай болушу керек. Ал Кудайдын бейнеси болгонуна карабастан, Өзүнүн Кудай менен теңдигин олжо деп эсептеген жок. Бирок кул кейпин кийип, адамга окшош болуп, сырткы көрүнүшү боюнча адамдай болуп, Өзүн Өзү басынтты. Өлгөнгө чейин, айкаш жыгачта өлгөнгө чейин тил алчаак болуп, Өзүн басынтты» (Флп.2,5–8). Мына чыныгы моюн сунгандык! Балким, эгер кимдир бирөө моюн сунууга муктаж болсо болгондур, бирок Ыйса эмес. Суроо туулат, эмнеге Ыйсага ушун-

дай баш ийгендикти көрсөтүү керек болдду? Кудайдан Ага алдын ала белгиленген, Өз өмүрүндөгү эң башкы ишти аткарыш үчүн. Ушул максатка жетүү үчүн, Ал Атанын эркине баш ийди, Өзүн басынтты, ойго келбес кыйноого чыдады, азаптуу өлүмдү кабыл алды. Ыйса биз үчүн кандай жаркын үлгү!

## Ишеним кетип жатканда

Көптөгөн аялдар үчүн баш ийгендикке ээ болуу өтө кыйын. Мунун себеби мында, качандыр бир аларды бирөөлөр сатып кеткен, а алардын башка адамдарга баш ийүүсү өз баштарына түшкөн чоң балекетке айланган. Эч ким бут аарчыгыч килемче же каар өч алуунун карааны болгусу келбейт. Кудай да муну сага каалабайт. Ал сенин үн катпаган робот болушуңду каалабайт. Ошондуктан сен Теңирден акылмандык сурашың керек. Бул абдан жүрөк заада собол, а аны Анын үнүнө кылдаттык менен кулак салып гана чечүүгө болот.

Оор эскерүүлөрдөн азап тарткандарды шыктандыргым келет. Кудай сенин ойлонбой туруп иш кылышыңды каалабайт, акыл-эсиңди кайсы бир туткан эреже үчүн же бейбаштын колунан жапа чеккенге курмандыкка алып келишиңди каалабайт, — жок, эгер сураган болсоң, Ал сага акылмандык бергиси келет. Кудай Сөзүн четке каккан, Анын ыйык мыйзамын бузуучу жана сенин абийириңдин тазалыгына асылуучу адамды уккандык — моюн сунгандыкты эмес — бул туңгуюкка түшкөндүктү билдиргенин түшүнүп алышың керек. Өзүңдү бурчка такаба.

Мага өз жинди-күйөөсүнө, тиги аны өлтүрүп тынганга чейин баш ийгендикти көрсөткөн окуя маалым. Аялдын рухтарды айырмалоо жөндөмү болгон эмес, анткени жашоосун-

да Кудайды биринчи орунга койгон эмес, Анын жетегин сураган эмес. Жардам сурап кайрылышы керек болсо да, кайгылуу окуя болгонго чейин, зордук чөйрөсүндө ал кала берген. Бул ушу абалда талашсыз зарыл эле. Аял моюн сунгандыкты эмес, акылсыздыкты көрсөттү.

Башка дагы бир күйөөсүнө моюн сунгандыкты көрсөтүүдөн баш тартып, аягында үй-бүлөсүнөн жана баш паанегинен куру калган окуяны билем. Анын мындай кылык-жоругунун себеби өспүрүм кезинде зордуктоо курманы болгонунда жатат, ошондон бери бир да эркектин алдында ушунчалык моюн сунгудай ишене алган эмес.

Экөөнүн ортосун табыш керек, а бул эң биринчиден Кудай алдында моюн сунуунун шартында гана мүмкүн болот. Сен алдында моюн суна турган адамга акыл-эстүүлүк менен мамиле кылууга Анын үйрөтүшүн сура. Эч качан сокурлукта жана түркөйлүктө жүрүп, моюн сунууга болбойт. Сен эмне кылып жатканыңды так түшүнүшүң керек. Эгер туура иш кылгың жана жашооңду туура жолго койгуң келсе, Кудай сага тең салмактуулукка ээ болушуңа жардам берет.

## Бардыгы өз ордуна келе баштайт

Жыйындагы Кудай тарабынан бийлик берилген адамдарга, үй-бүлөдө, жумушта жана мамлекет алдында моюн сунуу — биздин милдет экени Библияда айтылган. Жашообуз тартипке салынып, ийгиликтүү болушу үчүн жыйындын ичинде болушубуз керек. Биз мунусуз максатка жете албаганыбыздан, бул Кудай алдыбызга койгондун бардыгынын негизи.

Ар бир жыйындын өзүнүн кайталангыс көркү жана тапшырмасы бар, эгер Кудай сен үчүн алдын ала караштырганды таппасаң, сен бактылуу боло албайсың. Бул сен ар кай-

сы жыйындардын эшигин каккылап, сага кынтыксыз көрүнгөнүн издешиң керек дегенди билдирбейт. Жөн эле мындайлар болбойт. Анткени жыйын мага жана сага окшогон жеткилең эместерден турат. Мындан келип чыкты, сен Кудайдан сеники болуп кала турган жыйын үй-бүлөсүнө алып келишин сурашың керек.

Эгер сен «өз» жыйыныңда болсоң, анда койчунун насааттары сен үчүн маанилүү жана рухий өсүү чөйрөсүндө ишенүүгө татыктуу көрсөтмөлөр болуп калат. Бирок сен баары бир Кудайдын акылмандыгына жана жетекчилигине мутажсың. Эгер жыйыныңдын жетекчиси чындык жолунан четтеп, адеп-аклахтан чыккан жашоо жолунда жүрсө, эгер сен жыйында Кудайдын осуяттары бузулганын же Кудай Сөзү бурмаланганын көрүп жатсаң, анда сен мындай жетекчиликке баш ийүүгө милдеттүү эмессиң. Кудайдын сени күнөөдө бузулган коомдон алып чыгып кетишин сура.

Биз баарыбыз бизди чындык жолуна насааттаган койчуга, күчтүү машайакчы жетекчиге же окутуучуга муктажбыз. Кудай сөзсүз аны сага көрсөтөт. Мени терс түшүнбө: бул жерде гуру тууралуу айтып жаткан жокпуз. Кудай ордуна өзүнө табынууну сунуштаган адам эмес, а Кудайдын *жөнөткөн элчиси* гана сенин рухий устатың боло алат. Жынысы тууралуу суроо, бул жерде орунсуз. Библияда жазылган: «эркек да, аял да жок, анткени бардыгыңар Машайак Ыйсанын ичинде бирсиңер» (Гал.3,28). Бул жерде сага чындыкты сүйүү менен айтканга жана сен үчүн, сени менен бирге сыйынууга жөндөмдүү адам жөнүндө сөз болуп жатат.

Мындан сырткары, сен «Кудайдан коркуу менен бири-бириңерге баш ийе» (Эф.5,21) алышың үчүн, Кудай алдында жана бийликтин мыйзамдуу өкүлдөрүнө моюн сунушуң, дагы сен сени курчап турган адамдар менен туура мамиле куру-

шуң керек. Эгер адамдарды өзүңдү сүйгөндөй сүйө албасаң, алардын алдында моюн сунуш мүмкүн эмес. Мына ушунда көйгөйдү чечүү ачкычы катылган. Эгер сен баарынан мурда Кудайды сүйсөң, андан кийин жакындарыңды, ошондо бардык артыкчылыктарың өздөрү керектүү орунга тургузулат, жашооңо тартип келет. Эгер сен Кудайдан сени артыкчылыктарыңды туура жайгаштырууга үйрөтүшүн сурансаң, Ал сага сөзсүз сага жардам берет.

## *Сыйынуу*

*Теңирим,* Сага сыйынам: жашоомдо талаптуу тартип киргизгенге мага жардам бер. Сен мен үчүн калган бардык нерселерден жогору турушуңду каалайм. Мен Сени чын жүрөгүм менен, жан-дилим менен, бүт акылым менен сүйгөндү үйрөт. Каерде, качан туура эмес кылганымды көрсөт. Эгер качандыр бир кайсы-бир жасалма кудайларга табынган болсом, мага ачып бер. Сага, жалгыз Сага гана кызмат кылгым келет. Жүрөгүмдүн ушул каалоосуна ылайык жашаганды мага үйрөт.

Мага жоошуган жүрөк бере көр. Башкаруучу бийликтерге жана үй-бүлөмдө, жумушта, жыйында баш ийүүгө татыктуу адамдарга дайыма моюн сунууга жардам бер. Рухий устатым боло турган күчтүү адамды мага көрсөт. Сен мага даярдаган жыйынга мени алып кел. Жашоомдун ар бир аймагында, «түз» адамдар менен мамилемди жакшыртууга жана алардын алдында өзүмдү түшүнүү менен моюн сундурууга жардам бер.

Кимдин алдында моюн сунбаш керектигимди жана кантип муну кылууну көрсөт. Бул суроодо мага акылмандык жана айырмалай билүү жөндөмүн бер. Татыктуу адамдар алдында талап кылынгандай баш ийбей жатканымды көрсөт.

Өз жашоомду тартипке салбай туруп, Сенин баталарыңды ала албашымды билем. Ошондой эле: эгер баарынан мурда Сени издесем, калгандарынын баары мага кошулуп берилерин билем (Мт.6,33). Ушул күнү Теңир, Сени издеп тапкым келет жана жашоомдо талап кылынган тартипти киргизгенге мага жардам беришиңди өтүнөм. Сен мен үчүн дайындаган, рухий коргоо чатырынан эч качан чыкпоого акылмандык тартуула.

# Сиздин сыйынууларыңызды бир кыйла таасирдүү кылууга жөндөмдүү БИБЛИЯДАН АЛЫНГАН АЯТТАР

Баарынан мурда Кудайдын Падышачылыгын
жана адилеттигин издегиле, ошондо мунун
баары силерге кошулуп берилет.
*Мт.6,33*

Ким өз жанын аяса, ал андан
түбөлүккө ажырайт. Ал эми ким Мен үчүн өз
жанынан ажыраса, ал аны сактап калат.
*Мт.10,39*

...Жыйын башчыларына баш ийгиле.
Бардыгыңар бири-бириңерге баш ийип, момун
болгула. Анткени Кудай текеберлерге каршы турат,
ал эми момундарга ырайым кылат.
*1 Пет.5,5*

Биз Андан «Ким Кудайды сүйсө,
ал бир тууганын да сүйсүн» деген осуятты алганбыз.
*1 Жкн.4,21*

Жетекчилериңерге баш ийгиле, моюн сунгула.
Себеби алар силер үчүн жооп бере турган адамдар
катары силердин жаныңар үчүн күндүр-түндүр
кам көрүшөт. Алар үшкүрүнө эмес, кубаныч менен
кам көрүшү үчүн баш ийгиле. Алардын үшкүрүнө
кам көргөнү силер үчүн пайдасыз.
*Эвр.13,17*

## ОНУНЧУ БӨЛҮМ

# ТЕҢИРИМ, СЕНИН ЧЫНЫГЫ ТАБЫНУУЧУҢ БОЛГОНГО МАГА ЖАРДАМ БЕР

Ырчы, бийчи жана артист болуп, телеберүүдө (ал кезде мюзикл өзгөчө белгилүү эле) иштеп жүргөнүмдө, мага бир эле ырды күн бою көп жолу ырдоого жана аны бий адистери менен даярдоого туура келчү. Кийин аны кечкисин келерки күнгө белгиленген шоу үчүн фонограммаларды жаздыруу үчүн эсепсиз санда ырдашым керек болчу. Фонограмма, бир эле убакта бийлеп, микрофондо ырдоого туура келген себебинен улам керек эле, а бул өтө оор болчу. Кечинде, акыркы репетициядан же концерттен кийин, үйгө келип, башымда кайталанып жаткан ырдын дабышынан эч бир арыла албачумун. Ал тургай мунун айынан уйкусуздуктан жабыркачумун.

Мына ушунун өзү бир эле даңктоону жана табынуу гимнин көп жолу ырдаганыбызда, биз менен болот. Аларды угууну уланта беребиз, ал тургай Кудайды даңктабай турган учурда да, мисалы, түшүбүздө.

Бул мага көп жыл илгери Ыйсага ишенгенимде ачылып берилди. Ал кезде өтө оор депрессиядан кыйналып жүргөм, ушул эзилип туруштук бере албай басынган абалдан кутулуш

ниетим менен гана көп ирет түнкүсүн туруп алып, Теңирге гимндерди ырдап, Аны даңазалачумун. Ушул себептен мен көптөгөн дарыгерлерге кайрылдым, бирок алар мага жазып берген дарылары жардам берген жок. Дарынын таасири бүтөөр замат, кайрадан башталчу. Мен дарыга каршымын деп айтып жаткан жокмун, бирок мен адамдардын бардык ооруларга болгон жалгыз ишенимдүү каражат деп дарыга таянгандарына каршымын. Депрессия мени бала чагымдан бери, апам мени чуланга камап баштагандан бери кыйначу. Үмүтсүздүк, жакшылыктан кол жуугандык сезимдери, көңүл чөгүү күн сайын мени кайгылантчу. Мага Теңирден болгон кубанычтын иньекциясы керек болчу, а бул сезим мен Теңирди даңктап ырдаганда гана келчү.

Мен Кудайды даңктап, Ага табынган кезде менин рухум кубанып-шаттанчу. Мен ыраазычылык менен жана даңктоо менен Ага караганымда, Теңирден болгон кубаныч менин денемди, акылымды, жанымды жана рухумду толтурчу. Дайыма ушундай болчу.

Мен табынуу гимндери жазылган кассеталарды, андан кийин компакт-дисктерди сатып ала баштадым. Мен аларды унаада баратканда, жуунучу бөлмөдө, ашканада тамак жасап жатканда, үй жумушу менен алектенип жаткан кезде, жазуу үстөлүнүн жанында отурганымда, каттарды карап жатканда укчумун. Кээде мен өзүм даңктоо гимндерин ырдачумун, бирок көп мезгилде өзүм аркылуу жана жаным аркылуу өткөрүү менен укчумун. Өз Атасын даңктап жаткан Кудайдын баласынын жүрөгүндө дүрбөлөң, маанайы пастык, коркунуч жана тынчсызданууга окшогон терс көрүнүштөргө орун жок экендиги мени таң калтырчу. Жыйынтыгында мен толугу менен депрессиядан бошондум. Адамдын жашоосун өзгөртүүдө Кудайды даңктоодон башка бир кыйла кудуреттүү жана эффективдүү каражат жок. Биз Кудайды даңктаган жана Ага

табынган ар бир убакытта Ал бизге көрүнөт жана Ыйык Рухка биздин жүрөктөрдү жумшартууга жана кайра курууга мүмкүндүк берүү менен өзгөртөт.

Кудайга табынуу биздин күнөөкөр табиятыбызга өтө *жага бербегендиктен*, биз аны муну жасоого *мажбурлаганга* туура келет. Көп кезде биз бул нерсени өз жашообуздагы биринчи орунга койбогондуктан, өзүбүздү тартипке салууга жана шартка карабай, убакыт бөлгөнгө мажбурбуз. Сен: «Мен Теңирди даңктайм», — деп айтышың керек. Биз канчалык Кудайды көбүрөөк таанып баштасак, Анын даңктоо бизге ошончолук жөнөкөйүрөөк болот экен. Эгер биз Аны даңктамайынча тура албай калган деңгээлге жетип калган болсок, анда бул биз рухий өсүүнүн тепкичинин болушубуз керек жерине жетип калганыбызды билдирет. Эгер сенде Кудайды даңктоого каалоо жок болуп жатса, 102-забурду окуп, Кудайга табынуунун жыйырма себебин тапканга аракет кылып көр. Бул мага дайыма жардам берет.

## Теңирге табынуунун кескин жыйырма себеби

1. *Ал менин бардык күнөөлөрүмдү кечирет.*
2. *Ал мени ооруларымдан айыктырат.*
3. *Ал менин өмүрүмдү көрдөн куткарат.*
4. *Ал мени ырайым жана марттык менен башымды байлайт.*
5. *Ал менин каалоомду жакшылыкка толтурат.*
6. *Ал кордолгондорго чындыкты жана сотту жаратат.*
7. *Ал Өз жолун көрсөтөт.*
8. *Ал жакшы.*
9. *Ал берешен.*
10. *Ал аягына чейин ачууланбайт.*
11. *Ал ыраймга мол.*
12. *Ал түбөлүк каардандбайт.*

13. *Ал күнөөлөрүбүзгө жараша жазалаган жок.*
14. *Ал Андан корккондорго мээрман.*
15. *Ал бизден мыйзамсыздыктарыбызды алып салат.*
16. *Ал бизди кечирет.*
17. *Ал биздин топурак экенибизди билет.*
18. *Анын ырайымы кылымдан кылымдарга.*
19. *Ал Анын мыйзамдарын сактоочу балдарыбыз менен неберелерибизди баталайт.*
20. *Ал асманга Өз тактысын орнотту, Анын Падышачылыгы бардыгын башкарат.*

## Анын жолдорун даңкта

Ал тургай, эгер Кудайды тааныйбыз жана сүйөбүз деп ойлосок, бирок Аны күндө мактап, даңктабасак, Анын чыныгы жүзүн көрбөй, караңгыда жүргөн болобуз. «Анткени алар Кудайды таанып билип туруп, Аны Кудай катары даңкташкан жок, Ага ыраазычылык билдиришкен жок, тескерисинче, куру кыялдарга батышты, алардын эч нерсени түшүнбөгөн жүрөктөрү караңгыланды...» (Рим.1,21). Кудай татыктуу болгон даңкты Ага бербей, өзүбүздү абдан жакырлантабыз. Кудуреттүү Кудайыбыздын *чыныгы* табынуучулары болбогонубуздан эле, жашоо маңызына ээ болууга курулай тырышып, караңгы жерлерде адашып жүргүбүз келбейт.

### Теңирге даңк тартуулоонун Кудайга жаккан беш жолу

1. *Кудай биздин Ага мактоо ырын ырдашыбызды каалайт.* «Теңирди мактагыла, анткени Кудайыбызды даңктап ырдаган жакшы, анткени бул жагымдуу. Ал даңкка татыктуу» (Заб.146,1). «Теңирге кубаныч менен кызмат кылгыла. Анын алдына ыр менен баргыла!» (Заб.99,2).

2. *Кудай биздин Ага өз колдорубузду өйдө көтөрүшүбүздү каалайт.* «Ыйык жайда колуңарды өйдө көтөрүп, Теңирди даңктагыла!» (Заб.133,2).
3. *Кудай биздин ооздорубуз менен Аны даңазалашыбызды каалайт.* «Ошондуктан Кудайга мактоо курмандыгын, башкача айтканда, Анын ысымын даңктаган ооз курмандыгын Ыйса аркылуу тынымсыз алып келели» (Эвр.13,15).
4. *Кудай биздин бийлеп, музыка аспаптарында ойноп, Аны даңкташыбызды каалайт.* «Анын ысымын бий бийлеп даңкташсын. Ага дап кагып, гусли чертип ырдашсын» (Заб.149,3).
5. *Кудай биздин ишенгендердин жыйынында Ага табынышыбызды каалайт.* «Сенин ысымыңды бир туугандарыма жарыялайм, Сени жыйында даңктап ырдайм» (Эвр.2,12).

Ишенгендердин жыйынында Кудайды даңктап ырдоо жана Ага табынуу — Теңирге көрсөтчү эң маанилүү кызматтарыбыздын бири. Бириккен сыйынуулар душман тургузган чептерди талкалайт, кандайдыр-бир башка жагдайларда эч бир мүмкүн болбос, жашообузда ушундай керемет өзгөрүүлөргө жол ачат.

Азыркы учурда жыйыныңда кандай гана абал болбосун, Кудайдан сени кандай кылып көргүсү келсе, так ошондой Өзүнүн чыныгы табынуучусу кылуусун сура. Ага табынууга өзүңдү бүтүндөй бер. Дем чыгарып турганча, бил, сен «Кудайдын Машайак Ыйса аркылуу силерге ачылган эрки ушундай» болгондуктан, «дайыма кубанганга, үзгүлтүксүз сыйынганга, бардыгы үчүн ыраазычылык билдиргенге чакырылгансың» (1 Тес.5,16–18). Жүрөгүңдө ырдалган даңктоо ырлар, түндөсү да кайра-кайра жан-дилиңди толтуруп турат.

## *Сыйынуу*

*Теңирим,* мен үчүн Сени даңктагандан артык башка кубаныч жок. Сенин алдыңа ыраазычылык менен келем, Сага таазим кылам. Сенин ысымыңды даңазалайм, анткени Сен улуусуң, даңктоого татыктуусуң. «Сен менин жүрөгүмдү кубанычка бөлөдүң» (Заб.4,8), ошол үчүн Сага ыраазычылык айтам. Теңир, Сен ыйык жана адил, кудуреттүү жана даңктуу, улуу жана атактуусуң!

Сен «кайрымдуу жана ырайымдуу, чыдамдуу жана абдан боорукер» болгонуң үчүн» (Заб.144,8), Сен «улуу», «күчүң зор», Сенин «акылың чексиз» болгону үчүн (Заб.146,5) ыраазычылык айтам. Момундарды жогору көтөрүп, ал эми кудайсыздарды жерге кулатаканың үчүн Сага ыракмат (Заб.146,6 кара). Сен кор болгондорго адилеттик кылганың, ачкаларга азык, туткундарга бошотондук бергениң үчүн ыракмат. Сокурлардын көзүн ачып, кыйшайгандарды түзөткөнүң үчүн Сага ыракмат (Заб.145,7–8кара).

Сага ыракмат Теңир, үмүткө толгон келечегим үчүн көргөн керемет камылгаңа ыраазымын. Жашоомду ар дайым Сен жакшы тарапка өзгөртүп жатканыңа ыраазымын. Сен — менин Айыктыруучум, Бошотуучум, Куткаруучум, Атам жана Сооротуучум болгонуң үчүн Сени даңазалайм жана ыраазычылык билдирем. Туткундарды бошотуп, Өзүңдү мага Өз Сөзүңдө, Өз Уулуңда жана Өзүңдүн улуу иштериңде, жерде жана жашоомдоо ачып берип жатканың үчүн Сага ыраазычылык айтам. Сенин сүйүүң, тынчтыгың, кубанычың, туруктуу-

лугуң, ырайымың, мээримиң, айкөлдүгүң, чындыгың жана айыгууң үчүн ыраазычылык айтам. Мен Сага ыраазычылык айтам, Сага толугу менен ишене алам, анткени Сен Өзүң жана Сенин Сөзүң күнөөсүз. Сен кечээ, бүгүн да ошондой жана түбөлүккө ошол болгонуң үчүн ыраазымын.

Теңир, кечир мени, эгер мен Сага Сен каалагандай табынып, даңктаганды билбей жатсам. Бүт жүрөгүм менен Сага жаккандай Сени даңктаганды мага үйрөт. Теңир, мени Өзүңдүн чыныгы табынуучуң кыла көр. Жашоомдо болуп жаткандардын бардыгы үчүн, Сага ыраазычылык айтканды үйрөнөйүн.

Теңир, Сенин атыңды ушул күнү даңктайм, анткени Сен жакшы жана ырайымың түбөлүктүү (Заб.135,1 кара). «Анткени өмүргө караганда Сенин ырайымың артык, оозум Сени даңктайт. Сени өмүрүм өткөнчө ушинтип мактайм. Сенин ысымың үчүн колумду жогору көтөрөм» (Заб.62,4–5). Мен «элдер арасында Анын даңкын жарыя, бардык уруулар арасында Анын кереметтерин даңаза...» кылам (Заб.95,3 кара). Мен Сени Сенин ыйыктыгыңдын улуулугунда даңктайм жана Сенин атыңа даңкты берем (Заб.28,2 кара).

## Сиздин сыйынууларыңызды бир кыйла таасирдүү кылууга жөндөмдүү БИБЛИЯДАН АЛЫНГАН АЯТТАР

Чыныгы табынуучулар
Атага рух менен, чындык боюнча табына турган
убакыт келет, ал тургай, келип да калды.
Анткени Ата да Өзүнө ошондой
табынуучуларды издейт. Кудай — Рух.
Ага табынуучулар да рух менен,
чындык боюнча табынуулары керек.
*Жкн.4,23–24*

Кудайга мактоо
курмандыгын алып кел, кудуреттүү
Кудайга берген убадаларыңды аткар.
Башыңа кыйынчылык түшкөн күнү
Мени чакыр, Мен сени куткарам,
сен болсо Мени даңктайсың.
*Заб. 49,14–15*

Сага таянгандардын бардыгы кубанычка
бөлөнүп, түбөлүккө шаттанышат,
Сен аларды коргойсуң. Сенин ысымыңды
сүйгөндөр Сени менен мактанышат.
Анткени Сен, Теңир, адил адамга
батаңды бересиң, аны Өзүңдүн
ырайымың менен калкан сымал
калкалайсың.
*Заб. 5,12–13*

Мага мактоо курмандыгын
алып келген адам —
Мага урмат көрсөткөн адам.
Өз жолун байкап жүргөн адамга
Мен Кудайдын куткаруусун көрсөтөм.
*Заб. 49,23*

Мен Сени бүт жүрөгүм
менен даңктайм,
кудайлардын алдында Сага ырдайм.
Ыйык ийбадатканаңдын алдында
башымды ием, ырайымың үчүн,
чындыгың үчүн Сенин ысымыңды даңктайм,
анткени Сен Өз сөзүңдү Өзүңдүн бардык
ысымдарыңдан жогору койдуң.
Сени чакырган күнү мени угуп,
жаныма сергектик бердиң.
*Заб.137,1–3*

## ОН БИРИНЧИ БӨЛҮМ

# ТЕҢИРИМ, МЕНИН ЭМГЕГИМЕ БАТАҢДЫ БЕР

Мен уйкуга ач курсак аттануу эмне экенин билем. Ата-энем өтө жакыр болушкан, үйдө эч кандай тамак жана аны алганга каражат жок учур сейрек эмес эле. Үрөй учурган ачка болуу сезими эсимден эч качан кетпеди — жада калса жеткилең курагымда да. Ушуга окшогон нерсе кайталанып калбасын деген коркунуч мени тынымсыз иштөөгө түртүп турду. Өспүрүм-досторум менен убакыт өткөрүүнүн ордуна, ишемби жана жекшемби күндөрү саатына 50 цент үчүн, бала багуучу болуп иштейм. Жуманын калган күндөрүндө да, сабактан кийин күүгүм кечке чейин иштейм. Мектепте жана коллежде окуп жүргөнүмдө да ушундай эле. Коллежди бүткөндөн кийин деле ошонун эле айынан эки жумушта катар иштейм. Жүрөгүмдүн түпкүрүндө коркконум эле — менде тамакка акча жетпей калат деген ой, мына өзүмдү күч келген мээнет менен эзем.

Теңирди таанып-билгенде гана, Ал Өз балдарын камсыз кыла турганын түшүнө баштадым, мына бул коркунучтан бошондум. Ошондо мен үчүн кам көргөн Кудайга ишене ала турганымды ушунчалык жеңилдөө менен билдим. Теңирден

бардык муктаждыктарымды толтуруп беришин сурай алгандыктан, мындан ары дүрбөлөңгө түшпөй калдым.

Жумуш караштырууда колго биринчи урунганына чуркаганды калтырып, бир канча ылгап калдым. Ар убак, Ал мага кандай ишти караштырганын Кудайдан сурап турдум. Эгер мен кылчу ишти Теңир жетектесе, анан бул ишти Ага Анын даңкы үчүн багыштасам, анда Ал сөзсүз аны баталай тургандыгы мага ачылып берилди. Жумушум мен үчүн катаал болбой калды. Кудайдан ар убак, жумушум акырындык менен чыныгы жемиштүү жана ийгиликтүү болушу үчүн, Ал мага жоопкерчилигимди жакшы аткарууга жардамын беришин сурап турдум.

## Ар ким үчүн жумуш бар

Сенин ким экендигиң андай деле маанилүү эмес — күндүзгү бөлүмдүн студентисиңби; ири бирикме кызматчысысыңбы; жалгыз бой аялсыңбы, өзүн өзү камсыздандырган аялсыңбы; үй-аялсыңбы; ишкер аялсыңбы; майыпсыңбы; киши баккан аялсыңбы; жалгыз бой энесиңби; кайрымдуулук уюмунун кызматкерисиңби, — ким болсоң да, сен өз жумушуңду аткарып жатасың. Сенин ким экендигиң чоң мааниге эмес — шоу-бизнесинин жылдызысыңбы же Кудай гана көргөн «кичинекей» адамсыңбы. Сен аткарып жаткан жумуш Кудай үчүн маанилүү болгондуктан, сенин канча акча иштеп тапканың мааниге ээ эмес. А сен Ал эмгегиңе батасын берерине үмүттөнөсүң.

Эмне иш кылбайлы, өз ишибизди жакшы кылгыбыз келет. Эгер иш жүрүшүп турса, бул бизди кубанычка батырат. Айланадагыларыбызга, үй-бүлө мүчөлөрүнө, өзүбүзгө пайдалуу бир жакшы иш жасап, канааттангандыкты туябыз. Эгерде эмгегибиз Теңирден баталанбаса, көңүл калуу менен канааттанбагандыкты сезебиз.

Библия жеткилең аялдын үлгүсүн улуу мээнеткеч катары сүрөттөйт (Накыл. 31). Ал аял менчик алып жана сатат (кыймылсыз мүлк агент?); ал аял жүзүм зар багат (бакчы-декоратор?), кийим тигет (модельер?) жана аны сатат (кийим дүкөнүнүн башчысы?). Бул аял күчтүү, кубаттуу, жасап жаткан ишинин жакшы экенине толук ишенип, жарым түнгө чейин эмгектенет. Кудай биздин ийгиликке кубанып, канааттанышыбызды каалайт. Бирок бул сыйынуусуз мүмкүн эмес.

Сыйынуу бул өмүрүбүздөн ажыраткан «бирөөнүн байлыгына көз артуу» (пайдага сугалактык) менен (Накыл.1,19 кара) бизди жарды кылган «эринчээк колдун» ортосунда тең салмактуулукту орнотууга жардам (Накыл.10,4 кара) берет. Сыйынуу «байлык жыйнаш» каалоосунан бизди сактайт (Накыл.23,4–5 кара), бирок ак эмгек болсо аягында бизге материалдык сыйлык алып келет (Накыл.10,4 кара). Сыйынуу жалкоолук менен көр эмгекчилдиктин ортосундагы тең салмактуулукту тапканга бизге жардам берет жана бүт дүйнөгө ээ болуп, а өз жанына зыян келтирип алуудан коргойт (Мт.16,26 кара).

Библияда мындай деп жазылган: «Эмгектенген адам эмгек акысын алууга татыктуу» (1 Тим.5,18). Буга ылайык, сен өз эмгегиңе жараша сыйлыкка татыктуусуң. Кээде эмгектин өзү сыйлык болуп саналат. Мисалы, үй-оокатын башкарганың үчүн, бекер түшкү тамак таратканың үчүн, же баланын бут кийиминин боосун байлаганың үчүн сен маяна албайсың. Бирок кандай гана болбосун, эмгегиң үчүн баа жеткис сыйлык болуп анын үзүрүн көрүү мүмкүнчүлүгү саналат. «Адил адамдын эмгеги өмүргө ээ кылат...» (Накыл.10,16).

Эгер маянасы чоң жумушуң бар болсо, эмгегиң мындан ары да марттык менен сыйланышы тууралуу сөзсүз сыйын. Өзүңдүн жумуш берген адамың, ал өз жумушчуларына жакшы төлөп бергенге мүмкүнчүлүгү болуш үчүн, анын бизне-

си тууралуу сыйын. Жумушуңдун башкалар тарабынан ардакталышы жана алардын алдында баалуу болушу тууралуу сыйын. Сыйынууңда өзүңдүн карьера тепкичинде көтөрүлүшүң жөнүндө, бирок Кудайдын эрки менен гана болушун сура. Мындай деп айт: «Теңирим, мен жогорку кызматка көтөрүлүүнү жана ошого ылайык маянамдын жогорулашын абдан каалайм. Эгер ушуга Сенин эркиң болсо, албетте, болсун». Эгер сен ушундай сыйынсаң жана ошону менен бирге жумушуңду Теңирге арнасаң, Ал аны баталайт.

Материалдык абалың кандай гана болбосун — дуруспу же жокпу, — сенин эмгегиң Кудай үчүн маанилүү, адамдар үчүн маанилүү, сен үчүн маанилүү. Сен бул сыйынууну барк албай койбошуң керек. Эмгегиңди Теңирге арна жана ага бата беришин сура.

## *Сыйынуу*

Теңирим, мен аткарууга чакырылган жумушту мага көрсөт. Эгер өз ишим менен иштебей жаткан болсом, мага ачып бер. Эгер негизги жумушума кошумча дагы кайсы бир нерсени кылышым керек болсо, аны да мага көрсөт. Эгер Сен мени бир ишти азыр же келечекте аткарууга чакырып жатсаң, Сенден суранам, бул үчүн мага күч жана кубат бер. Милдетимди жакшы жана ийгиликтүү орундоого мага жардам бер. Жумушумдун жада калса, эң жагымсыз өткөөлдөрүндө да кубаныч менен канааттанууну тапканга мага жардам бер. «Ар бир эмгектен киреше кирет» (Накыл.14,23), ошол үчүн Сага ыраазычылык айтам. Мен эмгегиме дайыма

татыктуу маяна төлөнсүн деп сыйынам. Сенин ашып-ташыган мол булагыңдан марттык менен сыйланышы тууралуу суранам. Мен кол алдында иштеп жаткан адамдарга батаңды бер. Мени менен болгон мамиле алар үчүн бата болсун, а мен алардын ишенимдүү жардамчысы болоюн. Сенин сүйүүң менен тынчтыгың мен аркылуу аларга төгүлүшү жана Сенин жакшылыгыңды күбөлөндүрсүң. Сенин Падышачылыгыңдын даңкынын урматына кызматташтарымдын жүрөктөрүнө тийгенге мага жардам бер.

Теңир, Сен мага белек кылган таланттар үчүн Сага ыраазычылык айтам. Эгер өз жумушумду сапаттуу аткара алышым үчүн квалификациямды жогорулатышым керек болсо, мында мага жардам көрсөт. Эмгегимдин жемиши башкалар үчүн жагымдуу болушу үчүн, адистик деңгээлимди жогорулатканга мага жардам бер. Билгендеримди колдонууга мүмкүндүк тартуула жана кирүүм керек болбогон жерге кирүү мүкүндүгүн жаап кой. Мага акылмандыкты тартуу кыл жана ушул суроодо мени жетекте.

Теңир, иштеримди Сага арнайм, ошондо бардыгын татыктуу түрдө Сен ишке ашыраарыңды билем (Накыл.16,3 кара). Мага өз адистигиме болгон сүйүү тартуула, мага жаккан ишти жакшы аткарууга жардам бер. Сенин Сөзүңө ылайык, жумуш ордумда дайыма аракетчил жана тырышчаак болуп, эч качан «аракетимден жазбай», Сага кызмат кылууну каалайм (Рим.12,11). Эмгегим башкалардын көз алдынан кубаттоо тапкандай жана көптөр үчүн бата болгондой кыл. Эмгегим ар качан Сени даңктасын.

## Сиздин сыйынууларыңызды бир кыйла таасирдүү кылууга жөндөмдүү БИБЛИЯДАН АЛЫНГАН АЯТТАР

Теңирден корккон, Анын жолдору менен
жүргөн ар бир адам бактылуу!
Сен өз колуңдун эмгегинен жейсиң.
Сен бактылуусуң, сага жакшы болсун!
*Заб.127,1–2*

Теңирдин батасы байытат,
өзү менен кошо кайгы алып келбейт.
*Накыл.10,22*

Кудай-Теңирибиздин ырайымы
биздин үстүбүздө болсун.
Биздин иштерибизге ийгилик бер,
биздин колдон чыккан иштерге ийгилик бер!
*Заб.89,17*

Өз ишин жакшы билген адамды көрдүң беле?
Ал жөнөкөй адамдардын алдында эмес,
падышалардын алдында турат.
*Накыл.22,29*

Эгерде адам ичип-жеп,
ар бир ишинин үзүрүн көрүп жатса,
анда бул — Кудайдын белеги.
*Нас.3,13*

## ОН ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

# ТЕҢИРИМ, СЕНИН РУХУҢДУН ЖЕМИШТЕРИН АЛЫП КЕЛҮҮГӨ МАГА ЖАРДАМ БЕР

Атам өмүрүнүн көп бөлүгүн дыйканчылыкта өткөрдү. Ал сепкенди жана мол жемиш алганды билчү. Жашоомдун ошол мезгилинде эмнеге үйрөнгөнүмдүн негизгиси — бул жашылчалар менен жемиштерди өстүрүү болду. Ал учурда бизде орок менен күрөктөн бөлөк, эч кандай атайын куралдар жок эле. Өсүмдүктөрдү автоматтык тармакта сугаруу жөнүндө айтпаганда да, жада калса, үйүбүздө суу түтүгү да жок эле. Биз жер астынан суулар үстүнө көтөрүлүп чыгып, жерде казылган кичинекей арыктар менен эки тараптан жөөктөргө агып келгиче күтчүбүз. Көчөттөрдүн тамырлары ушундай жол менен сугарылчу, а көчөттөр суу менен агызылып кетчү эмес.

Урук сээп, сугаргандан кийин, эгиндин эркин өсүшүнө мүмкүндүк бериш үчүн, жер семирткичтерди салып, жерди жумшартчубуз. Биз өсүмдүктөрүбүздү мөндүрдөн, бороон чапкындан жана үшүк алуудан коргочубуз. Биз жемиштердин сабактан, а сабактын тамырдан үзүлбөшүнө көз салчубуз. Жетиштүү тырышуу жана аракет кылуу менен жакшы жемиш алчубуз, атам ар убак бул үчүн сыймыктанчу.

Муну түшүнөбүзбү же жокпу, бирок ар бирибиз күн сайын жашообузда бир нерсе себебиз жана өткөн жашоодо эмнени сепсек, ошону оруп алабыз. Азыркы жашообуздун сапаты алыс эмес өткөлүбүздө эмнени сепкенибиз жана алганыбыз менен аныкталат. Сепкенден кийинки көптөгөн жылдардан кийин же жакшы, же жаман жемиштерди алууну улантуудабыз. Ошондуктан сапаттуу урук себүү жана аларга көз салууну азыр баштоо ушунчалык маанилүү.

Ыйса, Ал — Сабак, биз силер менен болсо — бутактар экенибизди айткан. Эгер биз Анын ичинде болсок, биз көп жемиш беребиз (Жкн.15,5). «Ичинде болуу» деген «калуу, дайыма болуу» дегенди билдирет. Башкача айтканда, эгер дайыма Анда болсок, а Ал биздин ичибизде болсо, анда биз Анын Рухунун жемиштерин бере баштайбыз (Гал.5,22–23). Биз буга мутажбыз.

Кимге жакын жашап, көп баарлашсак, ошол адамга окшошуп каларыбыз жөнүндө айтылат. Эгер биз өз өмүрүбүздү Ыйсага берсек, анда Анын мүнөзүнө өзгөрүлөбүз. Эгер Аны менен бириксек, анда Анын Рухунун жемишин алып келе баштайбыз.

## Мол түшүм алуунун ишенимдүү тогуз ыкмасы

1. *Сүйүүнүн уругун себүү.* Сен Кудайдан жан-дилиңе Анын сүйүүсүнүн катышуусун бүтүндөй толук туя алышың үчүн, ушунчалык күчөтө себишин суран. Теңирден Анын сүйүүсү сен аркылуу башкаларга төгүлүп турушун суран. Ыйса айткан: «Мен Атамдын осуяттарын аткаргандыктан, Менде Анын сүйүүсү бар. Ошол сыяктуу эле Менин осуяттарымды аткарсаңар, силерде Менин сүйүүм болот» (Жкн.15,10). Анын сүйүүсү сенин жан-дилиңде ар дайыма жыпар жыт аңкытып туруш үчүн, ушунчалык Кудайга тил алчаак болгонго Анын үйрөтүшүн суран.

2. *Кубанычтын уругун себүү.* Теңирден болгон кубаныч жашооңдогу абалдар менен эч кандай катышы жок. Сен кубанычты, сенде пайда болуучу татаал жана жүрөк ооруткан көйгөйлөргө карабастан сезе аласың, анткени кубаныч Теңир менен болгон баарлашуудан гана туулат. Кубаныч өзүн Кудайдан алыстаткан же Анын убадаларына ишенбеген адамдарга берилбейт. «Силерде Менин кубанычым болсун деп, силерде толук кубаныч болсун деп, Мен силерге ушул сөздөрдү айттым» (Жкн.15,11). Эгер жашооңдо Теңирден болгон кубаныч бар болсо, Теңир сенин тагдырыңда улуу нерсени аткарaарына үмүтүң бар. Теңирден кубаныч уругу сенин жан-дилиңе себилишин жана бул кубанычты сен айланаңдагы адамдарга бере алышың тууралуу сыйын.
3. *Тынчтыктын уругун себүү.* Кудайдын жашооңдогу катышуусу сенин жан-дилиңде акыл жеткис болгон тынчтыгын орнотушу үчүн, бул тынчтык эч нерсеге карабай, жүрөгүңдө өкүм сүрүшү тууралуу сыйын. «Ошондо Кудайдын акыл жеткис тынчтыгы силердин жүрөгүңөрдү жана ойлоруңарды Машайак Ыйса аркылуу сактайт» (Флп.4,7). Кудай тынчтыгы мындай бир шартта бизде болот: эгер бизде Кудай менен бекем мамиле курулган болсо. Аны терең таанып билиш үчүн, айланаңдагы адамдарга тынчтыктын булагы болушуң үчүн, Кудайдын жардамын сура.
4. *Чыдамдуулуктун уругун себүү.* Кандай ойлойсуң, эмне үчүн Кудай, биздин чыдамдуулуктун жемишин алып келишибизди каалайт? Балким, Кудайдын Өз убактысы болгондуктан чыгаар. Ал дайыма бизге белгилүү болгондон көптү кылат, ошондуктан, Ал бул же тиги ишти орундоого белгилүү мөөнөттү белгилегенде, Ага

ишенүүгө бизде толук негиз бар. Бизге карата Өз ниетин жүзөгө ашыруу алдында, Кудай бизди жеткилең кылат жана тазалайт, бул белгилүү бир убакытты талап кылат. «Жалкоолонбогула, убадаланганды ишеними жана чыдамдуулугу менен мурастагандардан үлгү алгыла» (Эвр.6,12). «Бардык жагынан жеткилең, эч кемчиликсиз болушуңар үчүн, чыдамкайлык жеткилең аракетке ээ болушу керек» (Жкп.1,4). «Чыдамдуулук менен жаныңарды сактап кала аласыңар» (Лк.21,19). «Сен көп нерсени башыңдан өткөрдүң, сенде чыдамкайлык бар...» (Аян 2,3). Мына сөз калган жок. Ар кандай чыдамдуулукта бекемделишиң үчүн жана эч кайсы сыноо бул чыдамды жан-дилиңден тамыры менен үзүп кете албашы үчүн сыйын.

5. *Кайрымдуулуктун уругун себүү.* Сенде бакчаңа себүү үчүн, уруктун кайсы сортун артык көрүү тандоосу бар. Сен керектүү урукту тандайсың да, аларды айдоого таштайсың, а Кудай аларды өстүрөт. Кайрымдуулуктун уругу — мына сага биринчи кезекте себе турган нерсе. Башкача айтсак, кийимди кийген сымал, аны кийиш үчүн, сен ак көңүлдүүлүктү тандайсың (Кол.3,12). Кайрымдуулуктун эң жогорку көрүнүшү, Ыйсанын айкаш жыгачта Өз өмүрүн биз үчүн берип, курман болгондугу болуп калды. Жүрөгүңдө Анын кайрымдуу уругу өсүшү үчүн жана сени өзүн курмандык кылгандай, чындыгында ушудай кайрымдуу ишке даярдашы тууралуу сыйын.
6. *Боорукердиктин уругун себүү.* Ыйсанын боорукердиги жан-дилиңе олтургузулганда, жакшылык иш жаратууга сенде каалоо пайда болот. «Жакшы адам жакшы казынасынан жакшылык алып чыгат. Жаман адам жаман казынасынан жамандык алып чыгат» (Мт.12,35). «Ар

бир жакшы дарак жакшы жемиш берет, жаман дарак болсо жаман жемиш берет» (Мт.12,35). Анын боорукердиги сенде өсүп-өнүгүшү үчүн, Анын ичинде болууга, Кудай сага жардам беришин сура. Жүрөгүңдө ал канчалык тамыр жайганына жараша, айланадагыларга көбүрөк жакшылык кыласың.

7. *Ишенимдин уругун себүү.* Эгер Андан көз карандылыгыбызды түшүнсөк, эгер ишенимдүү, берилген жана ишенимге татыктуу болсок, Теңирге болгон өз ишенимдүүлүгүбүздү көрсөтө алабыз. «Аз нерседе ишенимдүү адам көп нерседе да ишенимдүү. Аз нерседе ишенимсиз адам көп нерседе да ишенимсиз» (Лк16,10). Кудайга ар качан ишенимдүү болушуң үчүн сыйын. Сыйынууда мамиле кылган адамыңа жакшы үлгү болуп, Теңирге ишенимдүүлүктү сактай алгыдай болушуң тууралуу сыйын.

8. *Кичи пейилдиктин уругун себүү.* Эгер бой көтөрүп, орой мамиле кылсак, анда бул адамдарды капа кылат жана аларды бизден качырат. Кичи пейил болуу — бул айланаңдагылар менен бейпил, сылык жана момун мамиле кылуу, мамиледе жагымдуу болуу. Библияда айтылган: «Теңирдин кулуна урушуп-талашууга болбойт, тескерисинче, ал бардыгына кичи пейилдик менен мамиле кылуусу, үйрөтүүгө жөндөмдүү жана сабырдуу болуусу зарыл» (2 Тим.2,24). «Ал эми асмандан келген акылмандык баарынан мурун таза, андан кийин тынчтыкты сүйүүчү, момун, тил алчаак, боорукер, жакшы жемиштүү, калыс, эки жүздүү эмес» (Жкп.3,17). Адамдарга кичи пейил мамиле кылып, башкалардын сезимдери менен муктаждыктарына көңүл бөлүшүң Кудайдын Рухуна тил алчаак экениңди, а Ал аркылуу сага себилген урук өнгөнүн күбөлөндүрөт. Сыйынууда сенин

мүнөзүңдө Ыйсанын момундугу жана кичи пейилдиги чагылсын деп сура.

9. *Өзүн өзү кармай билүү уругун себүү.* Өзүн өзү кармай билүү бат сына турган кызылгаттын бир кичине түбүн эмес, а зор жана бекем алма сөңгөктү элестетет. Жан-дилиңде ушундай күчтүү, татыктуу жемиш алып келе алган өсүмдүктү жалгыз Кудай гана олтургуза алат. Өзүн башкара албаган адам, кылыгынын кетирер кесепетине көз салбай, өзүнө эмне жакса, ошону кылат. Башыңа түшкөн азгырыктарга каршы туруштук бере алышың үчүн, Кудайдан күч сура. «...Силер да бүт аракетиңерди жумшап, ишенимиңерде жакшылык кылуучулукту, жакшылык кылууда эстүүлүктү, эстүүлүктө өзүн өзү токтото билүүнү, өзүн өзү токтото билүүдө чыдамкайлыкты, чыдамкайлыкта такыбаалыкты... көрсөткүлө» (2 Пет.1,5–6). Кудайдан сура, жан-дилиңе бекем дарак болуп өсүп чыга турган, өзүн өзү кармай билүүнүн уругун олтургузсун. Андан сенин каалоолоруң менен эмоцияларыңды Өзүнүн Рухуна баш ийдирип, башкарышын өтүн. Теңир талашсыз сага өзүн-өзү тартипке салууну үйрөтөт.

Эгер сенде көңүлүң каалаган Ыйык Рухтун жемиштерин алып келүү колдон келбей жатса, Кудайдан жан-дилиңе жакшы урук олтургузушун жана анда өндүрүлгөн бардык отоо чөптөрдү жулуп салышын өтүн. Жүрөгүңдүн талаасын Кудай Сөзүнүн азыгы менен семирт жана аны Ыйык Рухтун Кудай суусу менен күн сайын сугарышын сура. Эгер сен Теңирге ишенимдүү, чыныгы Сабак ичинде болсоң, жан-дилиңде Асмандагы Атаң ыраазы болгон рухий жемиш сөзсүз өнүп чыгат.

## *Сыйынуу*

*Теңирим,* жүрөгүмдү изилде, менде кандайдыр бир жаман урук жокпу, мага айт. Жан-дилимдеги бардык начар нерсени жулуп сал. Жан-дилиме Сенин уруғуңду сеп, ал өнүп чыгып, өсүп, түшүм бергидей кыл (Мк.4,8 кара). Жакшы жемиш алып келишим үчүн, Сенин ичиңде болууга мага жардам бер, Ыйса Теңир. Ыйык Рух, Сенден суранам мени Сенин *сүйүүңдүн* жыпар жытына толтур, ал мен аркылуу башка адамдарга төгүлүп турушу үчүн.

Кудайым, Сен Өз Сөзүңдө айткансың: «Жүрөгүңөрдө Машайактын тынчтыгы бийлик кылсын, силер бир Дененин мүчөлөрү катары ушул тынчтыкка чакырылгансыңар. Ыраазычылык билдирүүчүлөрдөн болгула» (Кол.3,15). Теңир, айланамдагы адамдар туя алгыдай болуш үчүн, Сенин *тынчтыгың* жүрөгүмдү, ойлорумду сактап жүрсүн. Мага «тынчтыкка жана бири-бирибизди бекемдөөгө умтулууну» (Рим.14,19) издөөгө жардам бер.

Мага Сени таанып-билип гана сезүүгө болгон, *кубаныч* тартуула. Адамдарга Сенин мүнөзүңдү көрсөткүм келгендиктен, алар менен болгон мамилемде мени *чыдамдуулукка* үйрөт. Мүмкүн болгон ар убакта *кайрымдуулук* көрсөткөнгө жардам бер, Сенин *боорукердигиң* мен аркылуу төгүлүп, бардыгы үчүн жакшылык алып келсин. Бардыгында ишенимге татыктуу болушум үчүн, мени *ишенимдүүлүккө* үйрөт. Сенин *момун* рухуң менде көрүнүшү үчүн, «Машайактын момундугу жана ырайымдуулугуна» ээ болууга мага жардам бер (2 Кор. 10,1

кара). Ойлорум менен сөздөрүмдү башкарууну мага үйрөт.

Эгер жакшы жемиш алып келишим үчүн, мен бутактарымдын кыйылып кесилишине муктаж болсом, анда Сенден муну жасашыңды суранам. Сенсиз эч нерсе кыла албашымды мен билем. Сен Сабак, а мен бутакмын, мен жакшы жемиш алып келишим үчүн, мен Сенин ичиңде болушум керек. Мында мага жардам бер. Эгерде Сенин ичиңде болсом, а Сенин сөздөрүң менин ичимде болсо, анда, эмне кааласам, ошону сурай алам, мунун баары мага берилет, ушундай Сенин убадаң үчүн, Сага ыракмат айтам (Жкн.15,7 кара). Эгер бир нерсе сурасам, анда аны аларым анык, ушундай Сенин убадаң үчүн, Сага ыраазычылык айтам (Жкн.16,24 кара). Мен Сенин тирүү сууңдун боюна отургузулган, мөмөсүн өз маалында бере алган, жалбырагы соолубаган дарактай болоюн (Заб.1,3 кара). Ыйса Машайактын атынан суранам: жанымдагылардын барына көрүнүктүү болуш үчүн жана Сени даңкташ үчүн, менин ичиме Сенин Руhуңдун жемишин өстүр.

## Сиздин сыйынууларыңызды бир кыйла таасирдүү кылууга жөндөмдүү БИБЛИЯДАН АЛЫНГАН АЯТТАР

Рухтун жемиши болсо булар: сүйүү, кубаныч,
тынчтык, чыдамдуулук, ак көңүлдүк, боорукердик,
ишенимдүүлүк, момундук, өзүн өзү токтото билүү,
буларга каршы мыйзам жок.
*Гал.5,22–23*

Мен чыныгы жүзүм Сабагымын,
Атам болсо — Жүзүмчү. Мендеги жемиш
бербеген ар бир бутакты Ал кесип таштайт.
Ал эми жемиш берип жаткан ар бир бутакты
дагы көбүрөөк жемиш берсин деп тазалайт.
Силер Менин сөзүм аркылуу тазартылдыңар.
Менин ичимде болгула, ошондо Мен силердин
ичиңерде болом. Сабактан ажыраган бутак
жемиш бере албайт. Ошол сыяктуу эле силер
да Менин ичимде болбосоңор,
жемиш бере албайсыңар. Мен Сабакмын,
силер болсо бутактарсыңар. Ким Менин
ичимде болсо, Мен анын ичинде болсом,
ал көп жемиш берет. Анткени силер Менсиз
эч нерсе кыла албайсыңар.
Ким Менин ичимде болбосо, ал бутак
сыяктуу сыртка ыргытылат да куурап
калат. Андай бутактарды чогултуп,
отко ыргытышат, алар күйүп кетет.
Эгерде Менин ичимде болсоңор,
Менин сөздөрүм силердин

ичиңерде болсо,
эмне кааласаңар да сурагыла,
силерге берилет. Эгерде силер
көп жемиш берсеңер,
Атам даңкталат,
Менин шакирттерим
болосуңар.
*Жкн.15,1–8*

## ОН ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

# ТЕҢИРИМ, МЕНИ ТАЗАЛЫКТА ЖАНА КЕМЧИЛИКСИЗДИКТЕ САКТА

Сени бул бөлүмдүн аталышы чоочутпасын: кемчиликсиз болуу деген жеткилең болуу дегенди билдирбейт, бул Ким Ыйык болгон болсо, Ошол сенин *ичиңде* болушуна жол берүүнү билдирет. Биз өз алдыбызча кемчиликсиздикте жашоону үйрөнө албайбыз, бирок тандай алабыз, ошондо Кудайдын ыйыктыгы бизде көрүнөт. Биз такыбаалыгыбызды түйшүк кылган бардык баш тартууга жана кумарларыбыз үчүн өлүк болууга чечим чыгара алабыз. Мына ушундай айтылгандыктан «Машайак Ыйсага тиешелүү болгондор өздөрүнүн күнөөкөр табиятын кумардануулары жана күнөөлүү каалоолору менен бирге айкаш жыгачка кадашкан» (Гал.5,24), бул чындыгында эле биздин колубузда. Мындан ары биз денебиздин кулу эмеспиз — биз Теңирге арналагн, таза өмүр сүрө алабыз.

Кээде адамдардан мындай сөздөрдү уксак болот: «Мен порнографияга так аныктама бере албайм, бирок аны көрсөм, ажырата алам». Мына кемчиликсиздик жана тазалык менен иш айтымы ушунун тескериси болот: сен ыйыктыктын аныктамасына бир жактуу жооп берүүдөн кыс-

таласың, антсе да, эгер кайсы бир адамдын жашоосунан ыйыктыктын белгисин *көрбөсөң*, адил болуу эмне экенин сен сөзсүз түшүнөсүң. Төмөндө кемчиликсиздикте жүрүүнүн жети мүнөздүү белгилери берилген. Тизмекти окуп чыгып, алардын кайсылары жашооңдо жоктугун, сен түшүнөсүң.

## Ыйыктыкта жүрүүнүн жети мүнөздүү белгилери

1. *Ыйыктыкта жүрүү дүйнөдөн өзүн бөлүүнү билдирет.* Бул муну, мисалы, бардык ишенбегендерден бөлүнүп, тоого чыгып кетиш керек дегенди билдирбейт. Мында сен бул дүйнөнүн баалуулук тармактарын четке кагасың, анын ордуна Кудай бардыгынан жогору баалаганды кабыл аласың дегенди билдирет. Болбосо, кесепети жүрөк үчүн аларлык болот: «Бузуктук кылуучулар, бул дүйнө менен болгон достук Кудайга каршы кастык экенин билбейсиңерби? Бул дүйнө менен дос болууну каалаган адам Кудайдын душманы болуп калат» (Жкп.4,4). А кимдин Кудайга душман болгусу келет?
   Жашап жаткан дүйнөңдөн бөлүнүү кандай кыйын экенин мен түшүнөм. Бирок эгер сенде ушундай каалоо бар болсо, анда Кудайдан жардам сура. Ырас, сенде тандоо бар: кээ бир телеберүүлөрдү көрүү же көрбөй коюу, белгилүү бир тасмаларга баруу же барбоо, кээ бир журналдарды окуу же окубай коюу, же кээ бир жерлерге баруу же барбоо. «Бул дүйнөнү жана бул дүйнөдөгүнү сүйбөгүлө. Ким бул дүйнөнү сүйсө, ал адамда Атага болгон сүйүү жок. Анткени бул дүйнөдө болгон нерсенин баары: дене кумары, көз кумары жана турмуш-тиричиликтеги текебердик. Булар Атадан эмес, бул дүйнөнүкү» (1 Жкн.2,15–16). Кудайдан сени дүйнөлүк иштерден бөлүнүшүңө жардам беришин сура

жана дүйнөдөн артык Аны сүйүүгө үйрөтүшүн Андан өтүнүп сыйын.

2. *Ыйыктыкта жүрүү өз жүрөгүн тазартууну билдирет.* Жүрөктү тазалоо — бул кемчиликтерди бүтүндөй жашыруучу ак кийимге кийинүүнү билдирбейт. Чынында бул Ыйык болгон Кудайдан жүрөгүңдү тазартышын өтүнүүнү билдирет. Башынан эле жүрөктө күнөө жашайт. Тазалоонун мааниси мында, жашооңду, ойлоруңду, кылыктарыңды, кызмат байланыштарыңды изилдеп чыгып, ар кандай арамдыктан тазаланууга чыгынууда турат. Биз адеп-алках жана таалим-тарбия (этика) мамилелерде таза болууга чечим алып, жигердүү аракетти баштašыбыз керек. «Машайактан ушундай үмүт кылган адам Машайактай таза болуу үчүн, өзүн тазалайт» (1 Жкн.3,3).

   «Ыйык болгула» (Леб.19,2) деген сөздү айта, Кудай бизге осуят берди: уурдаба, жалган айтпа, митаамдык кылба, ушактаба, өч алба, жасалма кудай жасаба. Мындан — биз ыймансыздыктан тазаланганыбызды далилдөөчү, белгилүү иш аракет кылыш керектигибиз келип чыгат. Биз бузулган татыксыз жашоо жолуна үгүттөгөндүн бардыгына түшүнүп туруп, андан жийиркенишибиз керек. «...Бардык жүрүш-турушуңар ыйык болсун, анткени силерди чакырып алган Кудай ыйык. Себеби Ыйык Жазууда: «Ыйык болгула, анткени Мен ыйыкмын», — деп жазылган» (1 Пет.1,15–16). Өз жолдоруңду кылдаттык менен изилдегенди үйрөнүп, Теңирге кайрылуу тууурасында сыйын (Жер.ый.3,40 кара).

3. *Ыйыктыкта жүрүү дене боюнча эмес, а рух боюнча жашоону билдирет.* Денелик ой жүгүртүүбүз кылган иштерибизден кем эмес, биздин чыныгы табиятыбызды ачып берет. Кимдир бирөөгө көз артабызбы? Кимдир бирөө

менен кастыктабызбы? Жашообузга түшүнүп билип эле күнөөнү киргизебизби? Эгер мындай болсо, анда дененики боюнча жашап жатабыз. «Анткени күнөөкөр табияттын каалоосу боюнча жашагандар күнөөкөр табияттын каалоосу жөнүндө, ал эми Рухтун каалоосу боюнча жашагандар Рухтун каалоосу жөнүндө ойлошот. Күнөөкөр табияттын каалоосу жөнүндө ойлоо өлүмгө дуушар кылат, Рухтун каалоосу жөнүндө ойлоо өмүр жана тынчтык берет. Анткени күнөөкөр табияттын каалоосу жөнүндө ойлоо — Кудайга каршы кастык, себеби ал Кудайдын мыйзамына баш ийбейт, баш ие да албайт. Ошондуктан күнөөкөр табияттын каалоосу боюнча жашагандар Кудайга жага алышпайт» (Рим.8,5–8). Эгер сен өз жашооңо туура баа бере алсаң, оруп алган жемишиңе жараша, эгиниң кандай болгонун, кайда сепкениңди — денегеби же рухкабы, көрөсүң. «Алданбагыла: Кудай шылдың болбойт, анткени адам эмнени сепсе, ошону орот. Себеби өзүнүн күнөөкөр табиятына сепкен адам күнөөкөр табиятынан чирий турган нерсени алат, ал эми Рухка сепкен адам Рухтан түбөлүк өмүрдү алат» (Гал.6,7–8).

4. *Ыйыктыкта жүрүү сексуалдык күнөөдөн тазаланууну билдирет.* Сексуалдык күнөөгө жеңил ой мамиле кылуу коомубуздун эбегейсиз чоң адашуусу болуп саналат. Мына буга окшогон, өздөрүн Кудайдын баталарынан ажырата, ибилистин жалганына ишенишкен, денесин саткан аялдарда, Ыйык Рухтун кандай капа болорун элестетип көрсө болот. Дагы бир мисал: өзүн өзү алдоону тандап алган азыркы муун сенин жубайың болуп саналбаган адам менен болгон оралдык сексти, деги эле секс болуп саналбайт деп ишенишет. Демек, мына ушундай жол менен өз денеңди, кандайдыр- бир кесепеттерден

кооптонбой тамшандырасың. «Өзүнүн ыпыластыгынан жуулбай туруп, өзүн тазамын деп эсептеген адамдар бар» (Накыл.30,12). Бойго бүтүүдөн гана сактанганы менен, бул адамдар өз жандарын жок кылат, а кийин жубайы менен болгон катнаштан келген кубаныч кайда кетти деп аң-таң болушат. Ыйыктыкта жүрүү — бул кайсы бир жаңы заман бап ойдун же бүтүмдүн артынан ээрчүү эмес (Фес.4,3–5 кара). Кудайдан акылыңды, жан-дилиңди жана денеңди тазалыкта сакташын суран.

5. *Ыйыктыкта жүрүү Ыйсанын аты менен ыйыкталууну билдирет.* Ыйсаны жашообузга чакыргандан кийин, эми мурдагы күнөөкөр табиятыбызда жашай албайбыз. Азыр Ал ичибизде жашап, Ыйык Рух бизди толтуруп, өзгөртүп жатканда, өзүбүздүн татыксыз жүрүм-турумубузду актай албайбыз. «Биз Кудайдын ушул эрки боюнча Ыйса Машайактын бир ирет курмандыкка алып келген денеси аркылуу ыйыкталдык» (Эвр.10,10). «Анткени Ал ыйыкталып жаткандарды бир ирет курмандык алып келүү аркылуу түбөлүккө жеткилең кылды» (Эвр.10,14). Бул Машайак бизге кам көргөндүктөн, күнөөдөн толугу менен корголгонбуз, каалаган эркибизди кылганга эркүүбүз дегенди билдирбейт. Бул мындай эмес. Бул болгону Ыйсанын ичинде болууну *улантышыбыз* жана Кудайдын бизге ыйыктыкта жүрүүгө жардам сурашыбыз керек дегенди билдирет.

6. *Ыйыктыкта жүрүү Кудайга жакындоону билдирет.* Эгер биз тазалыкта жана тынчтыкта жашап, Кудайдын жолдорунда жүрүшүбүзгө, Кудайга жакын болуубузга кам көрбөсөк, эч качан Теңирди көрбөйбүз. «Бардык адамдар менен тынчтыкта болууга жана ыйык болууга умтулгула, ыйык болмоюнча, эч ким Теңирди көрбөйт» (Эвр.12,14). Кудайдын ыйыктыгын туюп билип, тазалы-

кта жашоо — мына Ага жакын болуунун жалгыз жолу (Заб.23,3–4 кара). «...Мен Өзүмө жакындагандардын арасында Өзүмдүн ыйыктыгымды көрсөтөм, бардык элдин алдында даңкталам» (Леб.10,3). Кудайга жакындоодон артык эч нерсе жок.

Ар кимибиздин жашообузда, Кудай жаныбызда экенин, Ал сыйынууларыбызды угуп жатканын түшүнө баштаган учурлар келет. Кудай менен *келишим түзө* калганга убактыбыз болбойт, бирок Анын алдында *жооп бергенге* туура келет. «Теңир Өзү үчүн Өзүнүн ыйыгын бөлүп койгонун билип койгула. Мен Теңирди чакырганда, Ал мени угат» (Заб.4,4). Азыр адил жашоону баштап, жашообузду тазалап, ыйыктай турган убак, анткени келечекте сыйынууларыбызга жооп алууну каалайбыз.

7. *Ыйыктыкта жүрүү Кудайга толугу менен ишенүүнү билдирет.* Ыйыктык — ийинге илип же чечер кийим эмес. Биз ыйыктыкта жашашыбыз керек — эң башынан эле Кудай эрки ушундай. «Биз Кудайдын алдында сүйүүдө ыйык жана кемчиликсиз болушубуз үчүн, Ал бизди дүйнө жарала электен мурун Машайак аркылуу тандап алып, Өз каалоосу жана жакшы тилеги боюнча Ыйса Машайак аркылуу Өзүнө бала кылып алууну алдын ала белгилеп койгон» (Эф.1,4–5). Кудай бизге ыйык жашоого жол көрсөттү, Ал бизди тазалыкта сактайт. Эгер жүрөктөрүбүз адил өмүр сүрүүнү эңсесе, Кудай бизди күнөө жасоодон сактайт.

Ыбрайым Аби-Мелек падышага Саараны аялым эмес, а карындашым дегенде, тиги аны өзүнүн үйүнө алдырат. Бирок Кудай Аби-Мелекке түшүндө ал бирөөнүн аялын алып олтургандыктан жакында өлө турганын ачып берди. Аби-Мелек айтты: «Мен муну таза жүрөк, таза кол менен кылгам»» (Баш.20,5).

Кудай Аби-Мелекке жооп берди: «Сен муну таза жүрөк менен кылганыңды Мен билемин, ошондуктан сени ага тийгизбей, Мага каршы күнөө кылуудан сактап калдым...» (Баш.20,6).

Эгер адил жашасак, Кудай бизди күнөөдөн сактайт.

Эгер, ал тургай ыйыктыкта жүрүүнү жашоо жолубуз кылып тандап алсак да, аны Кудайдын жардамысыз жүргүзө албайбыз. Мунун себеби мында — Кудай бизге Ал Өзү эмнени кылууга чакырса, ошону орундоого гана күч берет. Бирок биз ар убак Теңирден бул тууралуу суранышыбыз керек, анткени Ал биз Анын ыйыктыгын баалай турганыбызды жана издей турганыбызды билгиси келет. Ыйыктыкта жүрүү адамдардын сейрек эмес бул жашоо жолун четке какканына карабастан, аларга жагымдуу. Өзүнүн ыйыктык ажайыбына сени кошуп алып, жашооңду тазалашын Кудайдан сура.

## *Сыйынуу*

*Теңирим,* Сен Өз Сөзүңдө, мени ыпыластыкка эмес, ыйыктыкка чакырганың жөнүндө айткансың (1 Тес. 4,7 кара). Өз жүзүңдүн алдында мени ыйык жана кемчиликсиз көрүү Сага жагат. Ыйсанын ысымынын урматына жуулдум, ыйыкталдым жана акталдым, муну билем (1 Кор.6,11 кара). Сен мени Өз адилдигиңе кийгиздиң, «чыныгы адилдик жана ыйыктыктагы» жаңы адамды жараттың (Эф.4,24 кара). Сенин Рухуңдун күчү менен тазартууну улант, мага «жакшылык кылууга умтулууга» (Рим.12,9 кара) жана өзүмдү таза сактаганга жардам бер (1 Тим.5,22 кара).

Теңир, ыплас нерсенин бардыгынан бөлүнгөнгө мага жардам бер; мен өз өмүрүмдү бейпайда иштерге короткум келбейт. Мага бардык көңгөй, курулай нерселерди ажырата билгенди үйрөт жана мунун баарынан бөлө көр. Бардык бузук нерседен алыс болгонго жардам бер, Сенин ниет-максатыңдын ишке ашышына көмөктөшкөн каалоолорду издөөнү тартуула. Сенин эркиңе ылайык жашай алышым үчүн, Сенин жакшы ниетиңе карама-каршы болгондун бардыгын жашоомдон сууруп таштай алышым үчүн, колумдан келгендин бардыгын жасоого мага жардам бер. Эч кандай арам ойлор мени ээлеп албашы үчүн, Сени даңктабаган бардык жасалма кудайларды жок кылып, өзүмдү телеберүүлөрдү, тасмаларды, видеотасмаларды көрүүдөн, китеп, журналдарды окуудан сактаганга мага жардам бер. Эгер туура жолдон четтеп кетсем, дайым артка кайрылып келе алышым үчүн, өз жолдорумду изилдөөнү мага үйрөт. Сенин алдыңда тазалана алышым үчүн керек болгондун бардыгын жасоого жардам бер.

Теңир, мен ыйыктыкта жашагым келет, анткени Сен ыйыксың. «Сен ыйык болгонуңдай, мага да ыйык болууга» (Эвр.12,10 кара) жол бер, рухум, жаным жана денем эч кемчиликсиз, толук сакталсын (1 Тес.5,23 кара). Мен билем, Сен мени ыйыктыкка чакырып, мындай деп айттың: «Силерди чакырып алган Кудай ишенимдүү, Ал ишке ашырат» (1 Тес.5,24). Мен Сенин мурасыңды бүтүндөй толктугунда ала алышым үчүн, мени тазалыкта жана ыйыктыкта сактаганга Сен убада бергениң үчүн, Сага ыраазычылык айтам.

## Сиздин сыйынууларыңызды бир кыйла таасирдүү кылууга жөндөмдүү БИБЛИЯДАН АЛЫНГАН АЯТТАР

Биз Кудайдын алдында сүйүүдө ыйык жана
кемчиликсиз болушубуз үчүн,
Ал бизди дүйнө жарала электен мурун
Машайак аркылуу тандап алып...
*Эф.1,4*

Жүрөгү таза адамдар бактылуу,
анткени алар Кудайды көрүшөт.
*Мт.5,8*

Бир чоң үйдө алтын жана күмүш
идиштер гана эмес, жыгачтан жана чоподон
жасалган идиштер да бар. Бирөөлөрү сыйга
урунулат, бирөөлөрү күндө урунулат.
Ошондуктан ким өзүн ушулардан тазаласа,
ал сыйга урунула турган, ыйыкталган,
Кожоюндун керегине жарай турган жана бардык
жакшы иштерге даярдалган идиш болот.
*2 Тим.2,20–21*

Сүйүктүү бир туугандарым,
Кудай бизге ушундай убадаларды
бергендиктен, денебизди жана
рухубузду булгаган ар кандай ыпыластыктан
арылалы, Кудайдан коркуу менен,
ыйыктыкка умтулалы.
*2 Кор.7,1*

Ал жерде чоң жол болот,
ал жол ыйык жол деп аталат.
Ал жол менен таза эместер басышпайт,
ал жол менен алар гана басышат.
Ал жол менен бара жаткан адамдар, атүгүл,
тажрыйбасыз адамдар да адашпайт.
Ал жерде арстан болбойт, ал жолго жырткыч
айбан чыкпайт, аны ал жерден таппайсың,
ал жол менен куткарылгандар гана жүрүшөт.
Теңир куткаргандар кайтып келишет,
Сионго кубанычтуу кыйкырык менен келишет,
алардын баштарын түбөлүктүү кубаныч курчайт,
алар шаттык жана кубаныч табышат,
кайгы менен үшкүрүк жок болот.
*Ыш.35,8–10*

## ОН ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ

# ТЕҢИРИМ, МАГА СЕН ЧАКЫРГАН ИШКЕ ТАТЫКТУУ БОЛУУГА ЖАРДАМ БЕР

Балдарым өсүп жетилгенде, мен алар үчүн, аларга Кудайдын жараткандары катары алдын ала жашоо максатын Кудайдын ачып беришин сурап, көп сыйындым. Мен Теңирдин алар үчүн дайындагандан эч кандай түшүнүгү болбогондугунун айынан гана өмүрлөрүн ыксыз сарпташкан көптөгөн жаш адамдарды билем. Жаш кезимде мен да чакырыгым жөнүндө эч нерсе билчү эмесмин, мына ошондуктан өмүрүм өтө кырсыктуу кыналды. Ырас, балдарым үчүн жакшы тагдыр тилейм. Балдарым жашоо максаттарын жакшы билгендиктен, сыйынууларым жоопсуз калган жок. Бүгүн, алар жыйырмадан ашып калды, алар жөндөмдөрүн өнүктүрүп жатышат, а алардын өмүр жолдору көбүрөөк ачылып жатат. Алар өз келечектерин майда-чүйдөсүнө чейин билишпесе да, анын бар экенине жана ал сонун экенине толук ишенишет.

*Ата-энелик сыйынуунун күчү* китебимдин үстүнөн иштеп жатканымда, өтө көп убактымды балдар үчүн сыйынууга арнадым, мага өз баштан өткөргөндөрүн мени менен бөлүшкөн көптөгөн каттар келди. Алар үчүн бала чагында

эч ким сыйынбаганына өкүнгөндөр өтө көп болуп чыкты. Алар өмүрлөрүн жашоо маңызын издөөдөгө ыксыз сарптап, маанилүүсүн — максатты, Кудай алар үчүн алдын ала дайындаганды, колдон чыгарып жибериштен кооптонушкан. Мен бул адамдарды: «Сиз Кудай алдыңызга койгон максатка алып баруучу жолдон канчалык бурулуп кетпеңиз, эгер Анын колуна өмүрүңүздү берип, ага көз карандылыгыңызды моюнга алсаңыз, Ал азыркы убакта турган жериңизден, сиз турушуңуз керек болгон орунга жол төшөйт. Албетте, мындай учурда, максатка жетиш үчүн, эгер эң башынан туура жолдо болгондугуна караганда, көп убакыт талап кылынат». Бирок, муну эсиңизден чыгарбаңыз, эгер Теңирдин артынан калбай ээрчий турган болсоңуз, Ал сизди керектүү орунга алып келет» дей, шыктандырганга аракет кылам.

Эч качан, «колдон учурдум» деп ойлобо. Библияда айтылган, «Кудай берген белектерин кайра алып албайт, чакыруу чечимин өзгөртпөйт» (Рим.11,29). Бул демек, Кудай бизге бөлүп берген касиеттер менен таланттарын кайрып албайт. Алар жокко чыгарылбайт. Анын белектери дайыма сени менен. Бирок бул мындай көрүнүшкө, майлоо сыяктуу, Кудай сага тийип, сага караңгылыкты тарата турган, жарык жана өмүр алып келе турган табияттан сырткаркы күчтү тартуулайт дегенге кирбейт. Ыйык Рухтун ыроолосунан, тобо кылынбаган күнөөнүн айынан ажыроого мүмкүн. Биз адамдар кандай бузуктук жасап, бирок жөндөмдүүлүктөрүн курулай улантышкандарын жана мында Ыйык Рух аларды калтырып кеткенин түшүнүшпөгөндүгүн көп көрдүк. Күнөө аларды сокур кылды, алар болсо эмнени жоготушканын түшүнүшкөн да жок.

## Максат ар кимде бар

Ар бир аялдын өз дайындалган орду бар, бирок ар кимиси эле муну түшүнө бербейт. А эгер бизде чакырыгыбыздын так аяны болбосо, кимдир бирөөнү туурап баштайбыз, же чындыгында ким болбосок, ошолбуз деп элестетип алабыз. Өзүбүздү башкаларга салыштырабыз да, өзүбүздү жолу жок неме эсептейбиз.

Эгер өзүбүздүн жеке ойлоп алганыбызга ылайык келбесек, анда өзүбүзгө өзүбүз наарazычылык билдире, өзүбүздү бечара жана коргоосуз туя баштайбыз. Өзүбүздү жемелейбиз, бизге жөн гана боштуктай сезилген жашоодон көңүлүбүз калат, өзүбүзгө туюк кулпуланабыз, биз кандай болушубуз *кереги* тууралуу ойлой берип, тынымсыз өзүбүздү каза беребиз. Мунун баары бизди, өз жашообузду элестетип алганыбызга ылайык оюп-жоно башташыбызга түртөт. Эң болбоду дегенде, өзүбүздү өзүбүз алдай баштайбыз, аягы келип өзүбүз жөнүндө тескери ойду калыптандырабыз. Жашоо максатын жана багытын жоготкон адамдарды оңой таанууга болот, анткени алар тегерегинде кооптонгондук, канааттанбагандык жана тынчсызданууучу чөйрөсүн түзүшөт.

Кудай сага мындай тагдырды каалабайт. Ал сенин жашооңдун максатын так билишиңди каалайт; Ал сага берген таланттарды ачып бергиси жана аларды Кудайдын даңкынын урматына өстүрүүгө сени үйрөткүсү келет.

## Ким экениңди жана кайда бара жатканыңды бил

«Алдын ала аныктап коюу» деген сөз өз алдында белгилүү максаты, дайындалган жери бар дегенди билдирет. Библия, Кудайдын каалоосунун чечимине ылайык, ар бирибизде ал-

дын ала аныктамабыз бар экенин айтат (Эф.1,11 кара). Кудай сенин кайда барышың керектигин, керектүү орунга сени кантип алып келиш керектигин да билет. Бирок жашоо максатыңды билсең да, эгер сени жаратканды Өзү менен тыгыз байланышта болбосоң, ага сен жете албайсың, эгер Кудай менен баарлашпасаң, анда алсыздыкка алдырып турган капилетте, айталы, катуу кумарда же каарда, сен жөн эле өзүңдү жана белегиңди алдырасың. Күндөлүк жаңылыктар түрмөгүнөн бизге кантип адамдар өздөрүн өздөрү сатышканын баяндашат. Эгер сен Кудай менен тыгыз мамиледе болсоң, анда өзүң чакырылган ишти эч качан барктабай кое албайсың. Жашооң душманга олжо болуп, жеңил ойлуу кабыл алынган чечимдин айынан талкаланышына жол бербейсиң.

Балким, бечара жана корголоору жок сезимдерди күнөө деп эсептөө адилетсиздик болор. Бул араң жан жаткан адамды сабаганга эле барабар. Бирок, сөз өзүнө жетиштүү ишенбестик ишенимдин жоктугунунун натыйжасы болуп саналганында, ишенбестик бул күнөө, анткени ал Кудайга ишенимдин жоктугун күбөлөндүрөт. Эгер биз өзүбүзгө жана биз аткарууга чакырылган ишке шектенсек, өмүрүбүздү Кудайга ишенип бербейбиз, Анын Өз Сөзүндө биз тууралуу айтканына ишенбейбиз. Ишенбестик бизди Ага жана *Анын* каалоолоруна кадалгандын ордуна, өзүбүзгө, *өзүбүздүн* каалоолорубузга көңүл бурууга мажбур кылат. Ар бир аял зат өмүрүндө ажайып бир нерсе кылууну кыялданат, бул улуу иштерди аткарууга ар биринде белгилүү жөндөм бар. Бул биз Теңирге таандык экендигибиз менен, ичибизде Ыйык Рухтун жашашы менен түшүндүрүлөт. Анын кудурети биздин *ичибизде* болгондуктан, Ал биз *аркылуу* улуу иштерди жарата алат. Биз бир гана нерсени эсибизден чыгарбашыбыз керек — Кудайдын көз алдындагы ийгиликти адамдар алдындагы ийгилик

менен чаташтырбоо керек. Бул дүйнөнүн адамдары өздөрүн өздөрүнүн иштери менен даңктайт, а Кудайдын балдары Теңирде даңкталат. «Теңир мындай дейт: Акылман акылына мактанбасын, күчтүү күчүнө мактанбасын, бай байлыгына мактанбасын. Бирок мактана турган адам Менин жер үстүндө ырайымдуулукту, акыйкаттыкты жана чындыкты жараткан Теңир экенимди түшүнгөнү менен, билгени менен мактансын. Анткени Мага ушул гана жагат» (Жер. 9,23–24). Теңирге таандык экениңди билгенде, жашоо жолунда Анын жетегине жол бергениңде, ошондо өзүңдү толук коопсуздукта туясың.

## Өз тилегиңди Теңирге тапшыр

Эгер Ага бардык каалоо-тилегибизди тапшырбасак, биз эч качан Кудай бизге дайындаган мурасты ала албастыгыбызды, Ал бизди ким кылып жаратса, ошол боло албасыбызды түшүндүм. Ыйса айткан: «Ким өз жанын сактап калгысы келсе, ал андан түбөлүккө ажырайт. Ал эми ким Мен үчүн өз жанынан ажыраса, ал аны сактап калат» (Мт.16,25). Демек, Теңирде корголой алышыбыз үчүн өз ой-максаттарыбыздан баш тартууга жана жарыялоого туура келет: «Менин эрким эмес, Теңир, бирок Сенин эркиң болсун». Бул оңой эмес, анткени өз максат-оюубуздан баш тартууну баарынан көп каалабайбыз. Антсе да бизге Кудайдын Андан келбеген бардык тилектерди, жүрөктөрүбүздөн алып салышын, анан Ага жаккандарды салышына сурануута туура келет.

Эгер ойлоруң Кудайдын ниети менен ылайык келбесе, Ал аларды иш жүзүнө ашыруу каалоосунан арылтат жана сага Өз эркин ачып берет. Өз тилеген үмүтүңдөн баш тартуу, өзгөчө бул тилек-кыял менен көп жылдардан бери жашап кел-

сеӊ жана анын учугуна илешип турсаӊ, балким оор жана жүрөк оорутарлык болот. Бирок Кудай батасын бербеген максатка жетүүгө өмүрдү сарп кылууга болобу? Анткени мындай учурда сени көӊүл калуу кууп жүрөт, а кыял-тилегиӊ орундалбаган бойдон кала берет. Сен Кудай жүрөгүӊө салган, тилек менен жашашыӊ керек.

Бирок тилектериӊ Кудайдан болгон күндө да, Кудай жүрөгүӊдүн, өзүӊдүн жеке үмүт-кыялыӊа эмес, а Ага байланышын каалагандыктан, аларды баары бир Ага тапшырышыӊ керек. Жүзөгө ашырууга чабалактап, алдан-күчтөн тайышыӊ Ага жакпайт. Ага сенин ишенимиӊ керек, ошондо Ал Өзү өмүрүӊдө тилегиӊди орундатат.

## Өз ордуӊду тап

Бардыгыбызга жердеги турагыбыздын маӊызын түшүнүп алуу зарыл. Бардыгыбызга атайын максат менен жаратылганыбызды билүү маанилүү. Атайын өзүбүз алдын ала аткарууга жаратылган ишти баштаганга чейин чыныгы бакытты сезе албайбыз. Бирок, эгер аз нерседе Ага ишенимдүү экенибизди далилдей албасак, анда Кудай ошол улуу нерселерди бизге ачып бербейт. Ошондуктан, эгер азыркы ушул убакта кичине эле иш менен алектенип жатсаӊ, кубан! Кудай сени келечекте сени күтүп турган чоӊ иштерге даярдап жатат.

Эгер Кудай азырынча сени Өзү ойлогон оюна ылайык, сен үчүн дайындалган орунга кое элек болсо, көӊүлүӊдү чөгөрбө, эч качан кеч болду деп ойлобо. Эгер сен Кудайга ишенген болсоӊ, анда өз ишиӊди табуу *эч качан* кеч болбойт. Менин өмүр жолумда бардыгы кеч болду: Кудайга 28 жашымда келдим, күйөөгө кеч чыктым, балдарым да кеч төрөлдү, кырк курактан ашып калганымда адис жазуучу болдум. Эгер дем

чыгарып эле турган болсоң, мага ишен: Кудайдын сен жөнүндө ойлогон ою бар; Анда сен үчүн *азыр* дайын иш бар.

Эгер сен Кудайдын ойлогон оюнда сага өзгөчө ролдун даамын татуу берилгенине ишене албай турсаң, башкалар үчүн арачылыкты башта. Анткени башкалар үчүн сыйынуу — биздин чакырыгыбыз. Өз жыйынында кызмат кылып башта. Анткени бардыгыбыз Жыйындын алдында, Машайактын Денесинин алдындагыдай баш ийүүгө жана башкаларга көмөктөшүүгө чакырылганбыз. Эгер биз муну жасасак, Теңир бизди жаңы бийиктиктерге чыгарат.

Кудайга ыраазычылык келтирүүнү унутпайлы; «Ал бизди иштерибиздин негизинде эмес, Өзүнүн каалоосунун жана ырайымынын негизинде куткарды, ыйык чакыруусу менен чакырып алды. Бул ырайым бизге кылым менен белгиленген убакыт баштала электен мурун Машайак Ыйса аркылуу көрсөтүлгөн» (2 Тим.1,9). «Кудайдын бизге көрсөткөн ырайымынын негизинде ар кандай рухий жөндөмдүүлүктөргө ээбиз...» (Рим.12,6). «Бирок ар бир адамдын Кудайдан алган рухий жөндөмдүүлүгү бар, бири мындай болсо, экинчиси тигиндей» (1 Кор.7,7). Ошентип, «Кудай кимге эмнени белгилесе жана кимди кандай абалында чакырып алса, ошол боюнча жашасын» (1 Кор.7,17).

«Аны таанып билишиңер үчүн силерге акылмандык берүүчү жана түшүндүрүүчү Рухун берсин деп; Ал чакырып алганда ээ болгон үмүтүңөр эмне экендигин» (Эф.1,17–18 ) Кудай ачып берсин деп сыйынам. Кудай «сага жүрөгүң каалаганды берсин, бүт тилегиңди аткарсын» (Заб.19,5).

Кымбатуу кыз тууганым, Кудай жашооңдо маанилүү бир нерсе аткарууну ойлоп койгондугун жана бул сага жакшылыкка кызмат өтөөрүн эсиңден эч качан чыгарба.

## Сыйынуу

*Теңирим*, Сен мени кылган иштерим үчүн эмес, Өзүңдүн каалооң жана ырайымыңдын негизинде, Машайак Ыйса аркылуу мага берилген ыйык чакырык (2 Тим.1,9 кара) менен чакырып алганың үчүн мен Сага ыраазычылык айтам. Мен билем, Сенин ойлогон оюң мен Сага ишене электе эле бар болчу жана Сен аны жүзөгө ашырасың. Мага «Кудай тарабынан чакырылып алынганыма ылайык жашаганга» жардам бер (Эф.4,1 ). Мен билем, Сен мен үчүн өзгөчө кызмат дайындап, өзгөчө тагдыр көздөп койгонсуң.

Жашоомдун максатын түшүнгөнгө жана Сенин чакырыгыңды укканга мага жадам бер. Сенин баталарыңды алууга тоскоол болгон бардык нерселерден, текеберчиликтен, өзүмчүлдүктөн бошот. Сен койгон максаттан кыя өтүп кетким келбейт, мен үчүн Сен дайындап койгон жол менен жүргүм келет. Мен Сен үчүн жашабаган ар бир күнүм үчүн Сенден кечирим сурайм. Мындан ары Сенин ойлогон оюң менен айкалышып жашаганга мага жардам бер.

Теңир, өз чакырыгымды түшүнгөнгө мага жардамдаш. Менден ар кандай үмүтсүздүк жана пессимизм сезимдерин кубала, алардын ордуна мага Сен мен аркылуу иштей баштаганыңда Сенин катышууңду түшүнүүдөн кубаныч тартуула. Менин жолдоруума Сен койгон адамдардын жашоолорун өзгөртүү үчүн, мени Өз колуңдун куралы катары колдон. Сен мага белгилеген убакыт жеткилең экенине ишенгенге жардам бер. Мен билем: эгер Сен мени кайсы бир ишке чакырып жатсаң, Сен аны аткарууга мага күч бересиң.

Мен Сага сыйынам: Сенин эркиңди аткаруудан мени эч нерсе алагды кылбасын; мен үчүн Сен алдын ала караштырган иштен четтеп кетпешиме жол бербе. Мага өмүр жолдорумдун так ачылыштарын жана максатымды айкын түшүнүүнү тартуула. Мен Сага толугу менен ишенем жана өз тагдырымды Сенин колдоруңа тапшырам. Мен Сенин эркиң менен жашап жатамбы же жокпу, мага көрсөт. Мен жашоомдогу Сен аркылуу аткарылган өзгөрүүлөр убакыт менен сыналышын каалайм. Мен мага Сен тарабыңдан дайындалбаган ишке убакыт короткум келбейт. Азыркы абалым менен канааттана билгенди мага үйрөт, анткени Сен мени түбөлүккө мында калтырып койбостугуңду билем.

Теңир, мен Сени сүйгөндөргө жана Сенин максатыңа жетүүгө чакырылгандарга «бардык нерсе жакшылыкка» болорун билем (Рим.8,28 кара). Сенин максатыңды билген кишидей болуп анткорлонгум келбейт. Ошондой эле өмүрүмдү өзүм божомолдогон максатты табууга короткум келбейт, ошону менен бирге өз максатымды жоготкум келбейт. Ошондуктан мен Сенден суранам, Теңир, Сен мага баталаган жөндөмдүүлүктөр менен таланттарды көрүүгө мага жардам бер. Жеткилең болушум үчүн, мени өмүр бою жетеле. Сенин таланттарыңды Сенин эркиңе ылайык, Сенин даңкың үчүн колдонгонго мага жардам бер.

## Сиздин сыйынууларыңызды бир кыйла таасирдүү кылууга жөндөмдүү БИБЛИЯДАН АЛЫНГАН АЯТТАР

...Ошентип, Теңир үчүн туткун
болгон мен силерден өтүнөмүн:
Кудай тарабынан чакырылып алынганыңарга
ылайык жашагыла, бардык учурда момун,
жоош жана чыдамдуу болгула,
бири-бириңерге сүйүү менен
мамиле кылып, көтөрүмдүү болгула.
Рух биримдигин тынчтык байланышы
аркылуу сактоого аракеттенгиле.
*Эф.4,1–3*

Машайакка башынан үмүт кылып
жүргөн биз аркылуу
Анын даңкы чыгышы үчүн,
бардыгын Өз каалоосунун чечими
боюнча Жасоочунун алдын ала
аныктап койгону боюнча, Машайак
аркылуу биз да мурасчылар болуп калдык.
*Эф.1,11–12*

Мына ошондуктан, бир туугандар,
чакырылганыңарды жана тандалгандыгыңарды
уламдан-улам бекемдөөгө аракеттенгиле.
Анткени ушундай кылсаңар,
эч качан мүдүрүлбөйсүңөр...
*2 Пет.1,10*

Ал эми силер тандалган
уруусуңар, Падышанын ыйык кызмат
кылуучуларысыңар, ыйык элсиңер, Кудай энчилеп
алган элсиңер. Силерди караңгылыктан
Өзүнүн ажайып жарыгыначакырып алган
Кудайдын улуу иштерин
жар салыш үчүн тандалгансыңар.
*1 Пет.2,9*

Кудай кимдерди
алдын ала белгилесе,
ошолорду чакырды,
чакыргандарын актады,
актагандарын даңктады.
*Рим.8,30*

ОН БЕШИНЧИ БӨЛҮМ

# ТЕҢИРИМ, АДАМДАР МЕНЕН ТУУРА МАМИЛЕ КУРУУГА МАГА ЖАРДАМ БЕР

Бир жолу радио аркылуу Лос-Анджелестен гангстердик уюмдашкан топтордун биринин мүчөлөрү менен болгон интервьюну угуп калдым. Ошол кезде шаарда кылмыштуулуктун деңгээли адаттан жогору эле. Каракчылар түз эле өздөрүнүн унааларынын терезелеринен адамдарга баш-аламан ок атышып, ар кайсы уюмдашкан топтордун мүчөлөрү тарабынан эбегейсиз санда өлүм болгон. Ошол интервьюнун катышуучулары болгон жаш адамдар, алардын каракчыларга киришинин негизги ниети кайсы бир уюмдашкан топторго таандык болуу көксөсү болгондугун айтышты. Жаны муздай каткан тикелик менен кайсы бир кылмышкер шериктештикке кабыл алынышы үчүн, анын мүчөлөрүнөн бедел алыш үчүн, бардыгына кайыл, даяр болушканын алар моюнга алышты. Ушу үчүн киши өлтүрүүгө алар бара алышкан.

Кээ бирөөлөрү, эгер сен биринчи кезиккен адамды өлтүрө алсаң, анда каракчылардын толук укуктуу мүчөсү боло аларыңды ачык айтып беришти. Мындай киши өлтүрүүчүлүктүн мааниси мында, сен жаңы кошулган адамга көрсөтүлгөн

талапка ылайык келериңди, өз каракчы тобуң үчүн бардыгына даяр экенини далилдеш үчүн болгондугунда турат. Кээ бир жаш адамдар, аларды мындай сунуштар кандай жийиркенткендиги жана алар каракчылар тобуна башка бир шарттарда кирүүнү каалагандары туралуу айтышты. Бирок кылмышкерлердин шериктештигине таандык болуу каалоосу жогору болгондуктан, аларга анын шартын кабылдоого туура келди. Бул ачылыштар бизди, жергиликтүү тургундарды, коркунучка салды, биз таптакыр коргонучсуз экенибизди түшүндүк.

Өз короосунун жанында бейкапар эс алып жүргөн досторубуздун бирине эки бирдей жаш адам жакын келишет. Бул экөө ошол күнү тынч, жайлуу тар көчөдө сандалып жүрүшкөн, биздин досубузга кокустан урунушат. Жаш жигиттердин бири тапанчасын сууруп чыгып, таанышыбызга такап туруп атып жиберет, андан кийин кылмышкерлер качып кетишет. Тоноочулук да, башка түр зордук да болбогон. Бирок досубузду периштелер коргошкон окшойт, анткени ал тирүү калды. Ошого карабай ал өтө жабыр тартты, мындан кийин өзүнүн сүйүктүү иши менен иштей албай калды, ал эксперт болуп иштечү, ага бир нече жыл убакытты дарылануута жумшоого туура келди.

Ошол интервьюнунун катышуучулары болгон жаш адамдар өздөрү таандык болгон каракчылар тобунан сырткары жашоолорунун маңызын көрө алышкан эмес. Алардын көпчүлүгү атасыз өскөндөр, а кээ бирлери тоголок жетимдер болушкан. Мен ишенем, эгер тиги жаш адамдар бекем үй-бүлөдө өсүшүп, эгер жакындарынын сүйүүсүн сезишкен болсо, анда алар эч качан мына бул өлүм жолуна түшүшмөк эмес. Бул болгону дагы бир жолу адамдар бири-бирине жанынын бардыгынча муктаж экендигин далилдеп турат. Эгер үй-бүлөдө, анын мүчөлөрүнүн арасында туура Кудайга жак-

кан мамилелер орнотулбаган болсо, анда балдар мындай мамилелерди көчөдөн издей башташат, кесепетинде кылмыштарга тартылган болуп чыгат. Каракчылар тобу ушундайча түптөлөт.

Биз баарыбыз үй-бүлөгө, досторго, сезимде катышуубуз болгон кайсы бир адамдык шериктештикке курч муктажбыз. Эгер сен ушундай муктаждыкты туйбай жатсаң, демек ал дайыма жашоондо канааттандырылып келген. Кудай бизди үй-бүлөдөгү жашоого жараткан. Биздин ичибизде табигый ачкалык — биз кимдир бирөөгө керек экенибизге толук ишенимде болууга, тынчтык туюмуна ээ болушубуз үчүн кайсы-бир коллективдин бөлүгү болууга, ага таандык болууга өтө катуу каалоо жашайт. Бирок биздин денелик ата-энебиз бекем үй-бүлө кура алышпаса дагы көңүл чөктүрүүгө болбойт, анткени биз үчүн жакшы кабар бар: Кудай бизди *рухий* үй-бүлөгө киргизет, бул көптөгөн мамилелерде өтө маанилүү.

## Рухий үй-бүлөгө ээ болуу кандай маанилүү

Кудай — биздин Атабыз. Биз — Анын балдарыбыз. Демек, ишенегендердин бардыгы — Ыйса Машайакта бир туугандар. Биз ушунчалык көппүз, бардыгыбызды бир жерге батырууга болбойт, ошондуктан Кудай бизди жыйын деп аталган ар башка үйлөргө жайгаштырат. Жыйын үй-бүлөлөрүндөгү бири-бирибизге болгон мамилелерден биздин ишибиздин оңунан болушу, аман-эсендигибиз көз каранды. Жыйындагы адамдар менен мамилебизди кандай курганыбыз биздин руханий өсүшүбүзгө таасир этет. Кудай жашообузга киргизген адамдардан обочолонуп алыс турсак, эч качан максатыбызга жетпейбиз. Бул, мына бул адамдар максатыбызга жетүүгө кандай бир жардам берет дегенди билдирбейт. Бирок алар менен болгон мамиле ийгилигибизге талашсыз көмөк берет.

Теңир менен бирге бараткан өмүр жолундагы адамдар менен тыгыз мамиледе болуу бизге маанилүү. Биздин терең ишенүүчүлөр менен болгон мамилебиздин жүрүшүндө бизде алардын алдында жоопкерчилик сезимдери калыптанат, а аларда, өз кезегинде, ушундай эле жоопкерчилик сезими алар мамилелешкен, рухий жактан алда канча күчтүү жетекчилер алдында калыптанат. Руханий жеткилеңирээк адамдын карамагында болуу биздин ар бирибиз үчүн абдан маанилүү, анткени биз баарыбыз алданып калышыбыз мүмкүн. Ар бирибизде алсыздыктар бар, ошондуктан бизди жана жашообузду чындыктын жарыгында көрүүгө жөндөмдүү адамдарга муктажбыз. Адил сын-пикир сындыра албаган мамилелерге муктажбыз.

Бул, сенде жыйын жетекчилери жана келгиндери менен мамиледе көйгөйлөр болбойт дегенди билдирбейт. Бирок ар бир келишпестиктерди сен туура эмес жерде турганың катары кабылдай берүүгө болбойт. Өз ара мамилелердин *ар кайсысы* жеткилеңдикке өстүрүүгө жана тазалоого муктаж. Мамиледеги кыйынчылыктарды жеңүү достукту байытып гана турат. Бирок баары бир рухий үй-бүлө ичиндеги өз ара мамилелерибиз сыйынуу колдоосуна муктаж болуп турат.

Сенин душманың сени рухий үй-бүлө ичинде же Кудайдын адамдары арасында көргүсү келбейт, анткени ал бул достук сага канчалык жакшы таасир этерин билет. Ал сенин рухий үй-бүлөнүн колдоосу жок ишенимде өсө албашыңды да билет. Ал сенин муну каалайсыңбы же жокпу, андан көз карандысыз эле, рухий үй-бүлө менен жуурулушмайынча, өзүңдү ага арнамайынча, күңкүлдөп, наалыгандардын катарында болуп калганыңды билет. Эгер сен рухий үй-бүлө мүчөлөрү менен мамиледе болбосоң, сени Кудай кандай кылып жаратса, ошондой эч качан боло албастыгыңды ал билет. Ошондуктан ал бардык болгон күчү менен сени бул ма-

миледен буруп кетүүгө тырышат, мына ошондуктан сен жеткилең ишенген адамдар менен мамилелериң бекемделиши жөнүндө сыйынышың керек.

## Достон артык

Библияда туура дос тандоо суроосуна өтө көп көңүл бурулган, биз бул теманы аттап кете албайбыз. «Адил адам жакынына жол көрсөтөт, ал эми мыйзамсыздын жолу аларды адаштырат» (Накыл.12,26). Эгер акырындап биз чын эле өз досторубузга окшоп кала турган болсок, анда демек, биз досторду акылмандык жана кылдаттык менен тандашыбыз керек. Жакын досторду тандоодо бизди сырткы жагымдуулук, талант, байлык, акыл, байланыштар же белгилүүлүк же башка адам азгырбасын. Негизги, бизди кызыктарган нерсе — мына бул адам Кудайды канчалык сүйөт же Анын алдында канчалык коркот. Эгер Кудайдын жеткилең эркин аткарууга умтулган досуң бар болсо — баарлашуусу Теңирдин жакшылыгына сени толтурган адам сенде бар экенин бил.

Бизге чоочун ишенбеген адамдар менен кайсы бир түйүндөр менен өзүбүздү байлаганыбыз бул Кудайга жакпайт. Бирок бул, биз Теңирди билбегендердин бардыгынан обочо болушубуз керек дегенди билдирбейт. Таптакыр мындай эмес. Биз — Өз Сөзүн ишенбегендердин арасында жайылтыш үчүн Ал колдонгон, Кудайдын колундагы куралбыз. Бирок жашообузга таасир берүүчү тыгыз мамилелерде болсо, биз чечимибизди Кудайды сүйгөн же Анын алдында корккон адамдарга токтотуп, акылмандык менен курушубуз зарыл. Эгер сенин жакын машайакчы-досторуң жок болсо, Кудайдан келген адамдар, жашооңо кириши жана чыныгы досторуң болуп калышы тууралуу сыйын.

## Чыныгы досту айырмалоочу жети негизги белги

1. *Чыныгы дос чындыкты сүйгөндүктөн айтат.* «Сүйгөн адамдын жемеси чын жүрөктөн чыгат, жек көргөн адамдын өбүүсү жалган» (Накыл.27,6).
2. *Чыныгы дос акылдуу кеңеш берет.* «Жыпар жыттуу майлоочу май менен түтөтүлүүчү зат жүрөктү кубантат, адамга досунун чын жүрөктөн берген кеңеши да ошондой жагымдуу» (Накыл.27,6).
3. *Чыныгы дос жүрөгүңдү тазалоого жардам берет.* «Темирди темир курчутат, адамды адам курчутат» (Накыл. 27,17).
4. *Чыныгы дос акылдуу болушуңа жардам берет.* «Акылдуу адамдар менен мамилелешкен адам акылдуу болот, ал эми акылсыз адамдар менен достошкон адам бузулат» (Накыл.13,20).
5. *Чыныгы дос кыйбас дос.* «Дос күткүсү келген адам досторчо мамиле кылышы керек. Бир тууганыңдан да жакын дос болот» (Накыл.18,24).
6. *Чыныгы дос ар качан жаныңда.* «Дос ар дайым сүйөт, башыңа иш түшкөндө, ал бир тууганыңдай болуп келет» (Накыл.17,17).
7. *Чыныгы дос — жамандыкта жардамчы.* «Жалгыз болгонго караганда, экөө болгон жакшы, анткени алар өздөрүнүн эмгеги үчүн жакшы сыйлык алышат. Анткени бирөө жыгылса, экинчиси тургузат. Бирок жыгылса тургузары жок жалгыз адамга кайгы» (Нас.4,9–10).

Эгер сенде жогоруда келтирилген сапаттарга ээ досторуң бар болсо, алар менен достугуңду корго жана ал тууралуу сыйын. Эгер сенин досторуң айтылган мындай сапаттардын баарына ээ болбосо, алар үчүн сыйын.

## Жалган досту айырмалоочу жети негизги белги

1. *Жалган дос адеп-ахлаксыз жана айланасындагыларды сыйлабайт.* ««Бир тууганыңармын», — деп коюп, бузуктук кылганын, дүнүйөкорлугун, бутка табынганын, ушак сүйлөгөнүн, ичкилик ичкенин, уурулук кылганын ташбаган адам менен мамилелешпегиле. Атүгүл, аны менен бирге отуруп тамак да ичпегиле» (1 Кор.5,11).
2. *Жалган дос туруксуз.* «...Козголоңчулар менен байланышпа. Анткени Теңир менен падышадан өлүм күтүлбөгөн жерден келет, экөөнөн келе турган кыйроону ким алдын ала айта алат?» (Накыл.24,21–22).
3. *Жалган дос көп ачууланат.* «Ачуулуу адам менен достошпо, ачуусу чукул адам менен байланышпа, болбосо анын жолун үйрөнүп аласың жана өз жаныңа сыйыртмак саласың» (Накыл.22,24–25).
4. *Жалган дос жаман уюмга алып барат.* «Кудайсыздардын кеңешмесине барбаган, күнөөкөрлөрдүн жолунда турбаган, бузулгандардын жыйынында отурбаган адам бактылуу» (Заб.1,1).
5. *Жалган дос ишенимге ээ эмес жана Кудай мыйзамын кабыл албайт.* «Ишенбегендер менен бирге жат моюнтурукка кошулбагыла. Себеби адилдик менен мыйзамсыздыктын ортосунда кандай жалпылык бар? Жарык менен караңгылыктын ортосунда кандай жалпылык бар? Машайак менен Белиардын ортосунда кандай макулдашуу бар? Ишенген адам менен ишенбеген адамдын ортосунда кандай жалпылык бар?» (2 Кор. 6,14–15).
6. *Жалган дос акылсыз.* «Акылдуу адамдар менен мамилелешкен адам акылдуу болот, ал эми акылсыз адамдар менен достошкон адам бузулат» (Накыл.13,20).

7. *Жалган дос Кудайдан жана Анын осуяттарынан алыс.* «Сенден корккондорго, Сенин буйруктарыңды аткаргандарга шерикмин» (Заб.118,63).

Эгер сенде ушундай сапаттагы досторуң болсо, Кудайдын сага жаңы жолдошторду тартуулашын сура, бирок ошол эле убакта эски досторуң өзгөрүшү тууралуу сыйын.

## Адамдар менен болгон мамилени сактоо тууралуу сыйынуу

Адамдардын өз ара мамилелериндеги олуттуу көйгөйлөр көп учурда кайгылуу натыйжага ээ. Ал тургай тиги же башка адам менен мамилең түбүнө чейин бузулбаган болсо да, алардын калыбына келишине жылдар кетиши мүмкүн. Адамдар менен болгон мамилени сактоо тууралуу сыйынуу, алардын жаңыртуу туурасындагыга караганда алда канча жеңил. Жеткилең куракта адамдар менен мамилебиздин абалы жаштыгыбызда кыйын жагдайлардан чыгууну жана достукту сактаганды кандай үйрөнгөнүбүздөн көз каранды. Өткөн жашообуздан алып келген адаттар менен баарлашуу бүгүнкү күндөгү адамдар менен мамилебизге курч таасирин тийгизет. Шайтандын биздин мамилелерибизде кийлигише, аларды бузуп жарууга аракет кылар ыктымалы бийик. Сен өзүң чыныгы дос боло алышыңа Кудай жардам беришин жана сага таза сүйгөн жүрөк беришин суран. Айрыкча ким менен чогуу жашасаң, ошол үчүн сыйын. Библияда айтылган: «Ич ара бөлүнгөн падышачылык кулайт» (Мт.12,25). Жакындарың менен чыр-чатакта болсоң, сен дүйнөнү таанып билбейсиң.

Айланадагылар менен мамилеңди абалдын эркине калтырба. Жашооңдо сен баарлаша алаар такыбаа адамдардын

пайда болушу тууралуу сыйын. Тааныштык күтүүгө тырышпа, бирок алар үчүн *сыйын*. Качан алар пайда болгондо, аларды колдо, алардын сакталышы тууралуу сыйын. Бул сага көп дос күтүүгө болбойт дегенди билдирбейт. Негизгиси, сени досторуң менен Теңирдин күчү бириктирсин. Мында сан эмес, сапат маанилүү.

Айланадагылар менен мамиле биздин бүтүндөй жакшы жашообузга таасир этет. Жан-дүйнөлүк же рухий обочолонгондук — өз табиятынан эле оорулуу көрүнүш. Туура тургузулган мамилелер сени байытат, тең салмактантат жана өз жашоо окуяларыңа акыл серп караганга үйрөтөт. Кудайдын адамдары сенин туура багытта жүрүшүңө жардам беришет, а алардын жакшы жагы сеники болуп калат. Сенин адамдар менен болгон мамилеңдин сапаты, жашооңдун сапатына талашсыз таасир берет.

## Сыйынуу

*Теңирим,* айланадагы адамдар менен мамилелерим чыңалышы тууралу сыйынууну Сага алып келем жана өтүнөм: аларга бата бер. Алардын бардыгы Сени даңазалашын каалайм. Туура жолдон чыгып кетпешим үчүн, мага досторду акылмандык менен тандоону үйрөт. Ар кайсы жаман таасирлерден алыс болгонго мага күч бер. Сенин колуңа адамдар менен болгон мамилелеримдин бардыгын берем жана Сенин эркиң аткарылышы тууралуу сыйынам.

Мендеги тил табышууга такыр болбой жаткан адамдар менен мамиле орнотууга жардам бер. Негизи-

нен мында, мамиленин жакшыртылышы тууралуу сыйынам... (сенде кимдер менен мамилелер үлөң-салаң болгондордун атын ата). Мен билем, эки адам өз ара макулдашпай туруп жолго чыга албайт (Амос 3,3. кара), ошондуктан бизге бир бүтүм менен бир ойго келишибизге жардам бер. Биздин ар бирибизде өзгөрүүгө муктаж болгонду өзгөрт. «(Бизди) бөлүп туруучу тосмону» жана түшүнбөстүктү талкала (Эф. 2,13–15 кара). Мен бул адамды Сенин колуңа тапшырам жана суранам: аны менен болгон мамилелерибизди Сага жаккандай кыл, муну Сенин даңкыңдын урматына кыл.

Мен үй-бүлө мүчөлөрүнүн бардыгы менен мамилелерим чыңалышы тууралу сыйынам, айрыкча... (үй-бүлө мүчөлөрүнүн аттары, сени тынчсыздандырган мамилелер). Мен Сага_кайрылам: эмне айыгууга жана жаңыртууга муктаж болсо, ошону айыктырып жаңырт, бизге элдешүүгө жардам бер жана өз ара мамилебизге бата бер.

Теңир, ошондой эле, Сени тааныбаган, ишенбеген адамдар менен болгон мамилелерим тууралуу да кам көр. Алардын жүрөгүн Сага бура турган сөздөрдү мага шыбырап кой. Алар үчүн мени жарык кыл. Өзгөчө Сага мына булар үчүн ...(ишенбеген же Кудайдан четтеп кеткендердин атын ата) сыйынам. Анын жүрөгүн жумшарт, ал Сени көрө алып, Сенин артыңдан калбай ээрчий алышы үчүн, анын көздөрүн ач.

Жашоомо Теңирдин кишилери киришин сурап сыйынам: достор, мугалимдер жана мага үлгү боло ала тургандар. Теңир, мага чындыкты сүйүү менен айта алган адамдар менен кездешүүнү бер. Атайын мына буларды

сурайм, жашоомдо ишенимге татыктуу, боорукер, сүйгөн жана туруктуу курдаштар пайда болушсун. Бирок бардыгынан артыкча каалaрым: алар ишенимде күчтүү болуп, алар менен болгон мамиле мага руханий жеткилеңдикке, буга барабар эле аларга — мени менен болгон мамиле жардамдашып, биз биргеликте жаңы алда жогорку үлгү тургузуп, ага умтулуу. Бир бирибиз менен болгон мамиле аркылуу дүйнөгө кечирим менен сүйүү эркин төгүлүп турсун. Адамдарга Сенин жарыгыңды жеткизгенге мага жардам бер.

## Сиздин сыйынууларыңызды бир кыйла таасирдүү кылууга жөндөмдүү БИБЛИЯДАН АЛЫНГАН АЯТТАР

Демек, силер эми чоочундар
жана келгиндер эмессиңер, ыйыктардын
мекендештерисиңер жана
Кудайдын Өз элисиңер, силер
элчилер менен пайгамбарлардын
пайдубалынын үстүнө курулгандарсыңар,
ал эми бурчка коюлуучу негизги таш —
Ыйса Машайак Өзү.
Ошол Таштын үстүнө кыналып
курулуп жаткан бүт имарат
Теңирдин ыйык ийбадатканасы
болуу үчүн бийиктеп келе жатат.
Кудайдын турак жайы болуу үчүн,
силер да Рух аркылуу
ошол Таштын үстүнө
курулуп жатасыңар.
*Эф.2,19–22*

Кудай жалгыздарды үйгө киргизет,
туткундарды кишенден бошотот,
ал эми баш ийбегендер ысык чөлдө калат.
*Заб.67,7*

Кыжырдан, ачуудан, каардан,
кыйкырыктан, заар тилден жана
бардык жаман нерселерден арылгыла.
Бири-бириңерге кайрымдуу,

боорукер болгула. Кудай силерди
Машайак аркылуу кечиргендей,
бири-бириңерди кечиргиле.
*Эф.4,31–32*

Ал буларды адамдык амалкөйлүк
жана ар кандай азгыруу ыкмасы
менен адаштырган ар кандай
окутуулардын шамалына айдалган,
олку-солку болгон жаш
балдардай болбой, тескерисинче,
чындыкты сүйүү менен айтып, бардык
жагынан Башчыбыз Машайакка окшошуп
өсүшүбүз үчүн дайындады. Анын башчылыгы
астында өз ара бириккен бардык муундардын
жардамы менен бириктирилген жана
түзүлгөн дене өзүн сүйүү менен бекемдеп,
ар бир мүчөнүн өз алдынча кылган
аракетине жараша өсөт.
*Эф.4,14–16*

## ОН АЛТЫНЧЫ БӨЛҮМ

# ТЕҢИРИМ, ДАЙЫМА СЕНИ УГУП, СЕНИН ЭРКИҢДИ АТКАРГАНГА МАГА ЖАРДАМ БЕР

Балдарым жана мен, 1993-жылы жер титирөөдө талкаланган Нортриджжеги (Калифорния штаты) үйүбүздүн урандыларында чогуу сандалып жүрө, ыйладык. Биз түшүнгөнбүз: ошондо үйдө болсок, баарыбыз өлмөкпүз. Бул сонун үйдү абдан сүйчүбүз жана аны калтыргыбыз келбеди. Бирок жер титирөөгө бир нече ай мурда, башка штатка жаңы турак жайга көчүп кеткен элек. Биздин көчүп кетүү чечимибиз зор көп сандагы сыйынууларды жана ички чоң күрөштү алып келди, бирок биз Кудай бизди алып келгенине толук ишенгенбиз. Токтоосуз кетишибиз керектигин сезгендиктен, жада калса, көчүп кеткенге чейин үйдү сатканга да үлгүрбөдүк. Эгер биз ошондо Кудайдын эркин таанып билүүгө толбогон болсок, Теңирдин чакырыгына жооп бербесек, жада калса көңүлдөнбөй кылсак, жер титирөөнүн башкы борборунда калмакпыз.

Кудайдын эрки — биз үчүн баш калкалар жай. Мен бул кырсык учурунда Теңир Калифорниядагы калгандарга кам көргөн жок деп айткым келбейт, болгону билгеним, биз Анын көңүл борборунда болгонубуз. Азыр мен түшүнөм, ошондо

үйүбүз — анын жаңы ээлери өлүп калбашы үчүн гана сатылган эмес. Эгер Кудайдын эркин аткарсак, биз коопсуздукта болобуз; эгер Кудайга баш ийбесек, Анын коргоосунан ажырап калабыз.

Ар бирибиз Кудайдын ой борборунда болгубуз келет, ошондуктан ар бир олуттуу кадам — жаңы жумушка которулуу болсун, жаңы конушка көчүү болсун, же ушундай бир нерсе — Кудайдын ага макулдугусуз аткарылбашы керек. Биз дайыма Кудайдын бизге Өз эркин ачып беришин жана бизди жетектешин сурашыбыз керек; Анын бизге, биз Аны түшүнгүдөй кылып сүйлөшүн сурашыбыз керек. «Эгерде оңго же солго кыйшайып кетсеңер, кулагың артыңдан «Жол мына, ушул жол менен жүргүлө» деген сөздү угат.» (Ыш.30,21). Мен жана менин үй-бүлөм дайыма Теңирге, Анын үнүн угуп, Анын эркин аткарганга Ал бизге жардам бергени үчүн ыраазычылык айтабыз.

## Кудайдын эрки жөнүндөгү төрт чындык

1. *Кудайдын эркин аткаруу көйгөйлөрдөн толук кутулууга кепилдик бербейт.* Кайгы жашоо тиричилигибиздин бөлүгүн түзөт. Өмүр толуктугун жана тынчтыкты кырсыктар арасында туюу — мына Кудай биз үчүн эмнени караштырат. Кудайдын эрки боюнча жасап жана Теңирге жагып жатканыңа болгон толук ишеним, жашоо сага алып келген кыйынчылыктар менен ийгиликтүү күрөшүүгө сага күч берет. Бил, өмүрүңдөгү кырсык жана кайгы — бул дегинкиси, Теңир азаптарды жеткилеңдикке жетишибизде колдоно турган нерсе, ал Кудай сени унутуп калганынын белгиси эмес. Булардын, Кудай жиберген сыноолорду баштан өткөрүү менен, Кудай тарабынан калтырылгандын ортосунда чоң айырма бар. Эки жагдайда тең ыңгайсыздыкты сезсең деле, би-

ри өмүргө, а экинчиси — өлүмгө алып барат; биринде сен бардык ыңгайсыздыктарга карабай тынчтыкка ээсиң, а экинчисинде — жок.

2. *Кудайдын эркин аткаруу — жеңил иш эмес.* Ыйсанын өмүрү муну далилдейт, Кудайга тил алуу — оюн-тамаша менен жеңилдиктен алыс турган маселе. Ыйса айкаш жыгачка баратканда, Кудайдын эркин орундаган. Ал айткан: «Анткени Мен Өз каалоомду эмес, Мени жиберген Атамдын каалоосун аткарыш үчүн, асмандан түштүм» (Жкн. 6,38). Жалгыз Ал гана ошондо: «Мен бүгүн Кудайдын эркине баш ийүүнү каалабайм» деген укукка ээ эле, бирок Ал бул сөздөрдү айткан жок, Кудайдын эркин аткарды. Азыр ал бизге ушундай кылууга жардам берет.
3. *Кудайдын эркин аткаруу толгон ыңгайсыздыктар менен курчалган.* Ачыгын айтсак, эгер Теңир менен жүрүүңдө эч кандай күч келгендикти, эч кандай ыңгайсыздыктарды туйбай жатсаң, анда мен сенин чындыгында эле Кудайдын эркин *аткарып жатканыңа* шектенгенге бардык негизге ээмин. Мен өзүмдүн жеке тажрыйбамдан, чындыгында Кудайга баш ийип жүргөндөрдө кайгы менен кырсык өзгөрбөс жолдошу болуп калганына толук ынандым.
4. *Кудайдын эркин аткаруу толук түшүнүү менен орундалат.* Кудай бизге тандоо укугун сунуштайт: Анын эркине баш ийүү же жок. Бул чечимди биз күн сайын чыгарабыз. Анын эркин *издеп* жатабызбы? Акылмандыкты Андан *сурайбызбы*? Ал кандай буйруса, ошондой кылуууну каалайбызбы? «...Акылсыз болбогула, тескерисинче, Кудайдын каалоосу эмне экендигин таанып билгиле» (Эф.5,17). Күн сайын чечим чыгарып жатып, Анын эрки менен жеке өзүбүздүкүнүн бирин тандайбыз.

Сен өз денеңдин каалоолорун канааттандырыш үчүн жашаганың Кудайга жакпайт, Ал «Кудайдын эрки менен» жашашыңды каалайт (1 Пет.4,2). Анын тилеги: «Өзүнүн эрки аткарылышы үчүн», «ар кандай жакшы ишке» биздин жеткилең болушубуз, «Өзүнө жага турганды жаратып» турушубуз (Эвр.13,21). «Анткени Кудай силердеги тилекти да, аракетти да Өзүнүн жакшы ниети боюнча жаратат» (Фил.2,13). Мен сенин «жеткилең болушуң үчүн, Кудайдын эркин таанып билишиң үчүн» (Кол.4,12) сыйынам.

Кудайдын эркин таанып билүүнүн баарынан жакшысы — Теңирге ыраазчылык келтирүүдөн баштоо: «Бардыгы үчүн ыраазычылык билдиргиле, анткени Кудайдын Машайак Ыйса аркылуу силерге ачылган эрки ушундай» (1 Тес.5,18). Теңирге Ал сага кам көрүп жатканына ыраазычылык айт, андан кийин Андан сенин ар бир кадамыңды багытташын суран. Сен туура жолдо турганыңа жана Ага жакканды *жасап жатканыңа* толук ишенип туруу — канчалык сонун, бул сезимдин урматына бардык ыңгайсыздыктарга макул болуу арзыйт.

## *Сыйынуу*

*Теңирим,* Сенден өтүнөм: мага «[Сенин] каалооңду акылмандуулук жана рухий түшүнүк менен толук таанып билишиме» (Кол.1,9) жардам бер. Сенин алдыңда татыктуу жүргөнгө, бардыгында Сага жакканга, бардык иштерде жакшы жемиштерди алып келгенге жана Сенин жолдоруңду мындан дагы жакшы таанып билгенге мага жардам бер. Ар бир кадамымды багытта. Мени «Сенин чындыгыңда алып жүр, «менин ал-

дымдагы Өзүңдүн жолуңду түздө» (Заб.5,9 кара). Сага жакын болгонума, Сени менен түзгөн жакын мамилеме жараша кайда барышым керек болсо, ал жакка алып бар.

«...Мен каалагандай эмес, Сен каалагандай болсун!» (Лк.22,42) деп айткан Ыйсанын артынан, мен Сага айтам: «Жашоомдо, менин эрким эмес, Сенин каалаганың болсун!». «Мен Сенин эркиңди аткаргым келет, Кудайым. Сенин мыйзамың менин жүрөгүмдө» (Заб.39,9). Жарык дүйнөдө, Сен мен үчүн баарынан артыксың. Мен Сенин кулуң болуп, эркиңди чын жүрөктөн аткаргым келет (Эф.6,6 кара).

Теңирим, жүрөгүмдү Сенин жүрөгүңө бириктир. Мага: «Бул туура жол. Ал аркылуу бас», — деп Сенин сүйлөгөнүңдү укканга мага жардам бер. Эгер Сенин эркиңди бузуп жатсам, муну мага көрсөт. Мен сени түшүнө ала тургандай кылып, Өз Сөзүң аркылуу мени менен сүйлөш. Жашоомдун бүт тарабын мага көрсөт, кай жеринде адашып, максаттан бута ургулап жатам. Эгер мага аткарууга дайындалган нерсе болсо, мага өз чакырыгымды ачып бер жана ага жанашканга жардамдаш. Мен Сен кубаттаган гана нерсени жасагым келет.

Теңирим, мен адам өз жолун багыттай албастыгын билем, Сенден өтүнөм: мен дайындалган өз ордумду Сен гана билгендиктен, буттарымдын басканын багытта. Сен койгон жолдон чыгып кетип, туура эмес жерде туруп калгым келбейт. Сенин мурасыңа ээ болууга жана Сен мени кандай жаратсаң, ошондой болууну эңсеп турам, мына ошол үчүн бүгүн Сенин жеткилең эркиңе моюн сунганга мага жардам бер.

## Сиздин сыйынууларыңызды бир кыйла таасирдүү кылууга жөндөмдүү БИБЛИЯДАН АЛЫНГАН АЯТТАР

Мени «Теңир! Теңир!» дегендин баары эле
Асман Падышачылыгына кирбейт,
асмандагы Атамдын каалоосун
аткаргандар гана кирет.
*Мт.7,21*

Кудайдын каалоосун аткарып,
Анын убадалаганын алуу үчүн, силерге
чыдамкайлык керек...
*Эвр. 10,36*

Анткени Кудайдын эрки болсо,
жамандык кылып азап тарткандан көрө,
жакшылык кылып азап тарткан жакшы...
*1 Пет.3,17*

Ошондуктан Кудайдын
эрки боюнча азап тартып жаткандар
жакшы иш кылуу менен, өздөрүнүн жанын
ишенимдүү Жаратуучуга тапшырышсын.
*1 Пет.4,9*

Бул дүйнө өзүнүн кумарлары менен
кошо жок болот. Ал эми Кудайдын эркин
аткарган адам түбөлүк жашайт.
*1 Жкн.2,17*

## ОН ЖЕТИНЧИ БӨЛҮМ

# ТЕҢИРИМ, МЕНИ ЖАНА МЕНДЕГИ КЫМБАТ БОЛГОНДУН БАРДЫГЫН КОРГО

Жакында эле, океандын так жээгинде жайгашкан көп кабаттуу мейманканада эс алууга мага мүмкүнчүлүк болду. Менин апартаменттерим жогорку кабатта болуп, бардык — уктоочу, конок жана тамак-аш бөлмөлөрдүн терезелери — океанга чыгып турду. Көз алдымда тартылган сүрөт, акыл-оюмду ээлеп турду.

Ал жакта болгон биринчи күнү ойгоно калып, ордуман турдум, парданы тартып жылдырып, терезедеги көрүнүшкө суктанып, дептерчеме ой кайрыктарды жаза калышым үчүн, төшөккө кайра жаттым. Жер үстүнөн жетишерлик бийиктикте туруп, асман менен суудан башка эч нерсе көрө албадым, ылдыйдагы пляждын кум сызыгын көрүш үчүн, конок бөлмө аркылуу балконго өтүп, тосмодон эңкейиш керек.

Өз ойлорума батып, мына бу көк асман менен океанга жуурулушуп олтургам, күтүлбөгөн жерден терезенин артынан калдайган учак түз эле көздөрүмдүн деңгээлинде көрүнүп жок болду. Ал так жанымда тургандай көрүндү. Калдайган жана өкүргөн караандын капыстан пайда болушу менин эсимди ушундай учурду, үрөйүм учкандан жүрөгүм аз жер-

ден токтоп кала жаздады. Дүрбөлөңгө түшүү менен эстен алган коркунуч мени каптап алды, көкүрөгүм бычак сайылгандай ооруду. Мындан тышкары дагы, өзүмдүн болгон окуяга кылган жоругума эс таң болуп, өлгөндөй коркуп турдум. Качан бир коркунучтуу көрүнгөн нерсени ушундай курч кабыл алганым эсимде жок

Бардыгы ушунчалык күтүлбөстүктөн болду, анан дагы өмүрүмдө эч качан абадагы учакты ушунчалык жакындан көргөн эмесмин. Коркунуч мени шал кылды.

2001-жылдын 11-сентябрына чейин учак менин тереземе учуп келе алары оюма келген да эмес. Бирок мындан мен аны түшүнөмбү же жок экендигинен көз карандысыз эле, ушундай мүмкүнчүлүк бар экени көрүндү. Кызык, — деп ойлодум мен, — дагы канча мүмкүнчүлүктүү коркунучтар күн сайын бизди курчап турат? Биз жамандык өзүнүн болгон бардык күчү менен, башыбызды басып калмайынча жана жашообузду түп-тамырынан өзгөртмөйүнчө, көп нерселерди баамдабайбыз.

Мен ишенем, бизге Асмандагы Атабыз биз ойлогондон, алда канча жакшы кам көрөт. Бирок биз буга кандайдыр бир өзүнөн өзү боло кала турган нерседей мамиле кылбашыбыз керек, анткени бул тууралуу дайыма сыйыныш керек.

Эгер биз Ага тил алууда жүрө, Анын эркин аткара турган болсок, Кудай бизди ошондо гана коргойт. Бул шарттардын бирин орундабай калып, Анын коргоочу жабуусунан ажырап калабыз. Кайсы жолдор менен бара турганыбызды бизге айтып турган Аны укпай калабыз. Эгер адамдар Кудайдын аларды жетектешин суранган жана Анын буйруктарын аткарган болсобу, канчалаган кырсыктардан кутулушаар эле. Же жок дегенде Ага кулак салышкандабы!

Бир мындай окуя эсимде, унаа менен калың кар түшкөндөн бир нече күндөн кийин, кар чулгаган жолдо бараттым.

Кыймыл көп болгон чар кесилиш жолго жай токтоп, светофордун кызыл белгиси күйүп тургандыктан, тормоз педалына бутумду койдум, бирок унаа алдыга тоголонуп бараткамын улантты. Натыйжасында, мен кокусунан бир аз кар менен кыламыктаган, муз тилкеге чыгып кеткеним билинди. Тиги чар кесилиш бир нече таш жолдордун кесилишкен жери болчу, эки тарабы тең казылган каскак аң эле. Бет маңдайымда чар тарапка унаалар алып учуп турду, мен башкарууну жоготуп, токтото албасымды түшүндүм.

«Ыйса мага жардам бер!» — деп жалынып жибердим. Болгон күчүм менен казылган каскак аңдардын бирине кирип кетпөөгө далбас урдум. Менин тегерегимде айдоочулары башкарууну жоготуп албоого тырышкан унаалар зуулдап өтүп жатты. Түз менин алдыман тосуп жашыл унаа учуп келе жатты, мен ушу күнгө чейин түшүнбөйм, кантип буруп кетип, аны менен кагышпай калууга жолум болду. Жалгыз гана, эсимде калганы, — мен айлам куруй, тынымсыз сыйынганым. Теңир ошондо чын эле кийлигишсе керек, болбосо менин тирүү калышым накта керемет эле. Ошол күнү жолго чыгаар алдында, мен Кудайдын мени коопсуздукта сакташын сурап сыйынган элем. Анын сыйынуума жооп бергенине шектенбейм.

Ушуга окшогон учурларда, чындыгында эле өмүр кыл учунда турганда, сага Асмандагы өз Атаң менен байланышың бар экенине жана Ал сени көрүп турганына ишенүү өзгөчө зарыл. Мен кабылган, ошого окшогон жагдайларда, бизге сыйынуубузга көз ирмемдеги жооп керек, бирок мындай жоопту аларыңа ишенишиң үчүн күн сайын сыйынууда болушуң керек. Кудай — сенин калкалар жайың, сен ага дайыма баш калкалай аласың, бирок бир гана мындай учурда, эгер сен Аны менен үзгүлтүксүз баарлашып турган болсоң, ал сага ачылып берилип, сенин карамагыңдагы жер болот. Библияда

жазылган: «Теңирден коркуу — бекем таяныч, Ал — Өз уулдарына баш паана. Теңирден коркуу — өмүр булагы, ал өлүм торунан сактайт» (Накыл.14,26–27). Эгер биз *Кудайга* көз салсак, Ал *бизге* көз салат.

## Сыйынуу

*Теңирим,* Сенин коргоочу колуң менин үстүмдө болсун деп сыйынам. Мени бөйдө кырсыктардан, оору-кеселдерден жана жаман таасирлерден сакта. Мени бардык жолдорумда корголо. Мени учактарда, унааларда жана башка жол жүрүү транспорторунда коопсуздукта сакта. Мен айтылган Сенин Сөзүңө ишенем, Сен — менин аска-зоом, сепилим, Куткаруучум, калканым, чебим жана күчүмсүң, Сага таянам.

Теңирим, мен Сенин үйүңдө жашагым, Сени далдаа кылгым келет (Заб.90,1 кара). Мени Өзүңдүн коргоочу жабууңдун алдында сакта. Сен мага алдын ала дайындаган нерседен, Сенин эркиңди аткаруудан же жолдон четтеп кеткенге мага жол бербе. Мага жол көрсөткөн Сени дайыма укканга жардам бер. Өз периштелеринди жибер, алар мени бардык жолдорумда коргоп, сактап жүрүшү үчүн. Бутумду ташка уруп албашым үчүн, алар мени колдоруна көтөрүп жүрүшсүн (Заб.90,12 кара). Теңир, Сен — менин баш калкалар жайым жана күчүмсүң, «кыйынчылык учурунда тез жардам берүүчүмсүң» (Заб.45,2 кара).

Мага каршы жасалган бир да курал мени жеңе албайт, Сага ушул үчүн ыракмат. (Ыш.54,17 кара). Мени

өлтүрүүнүн жолун издеген Кудайсыз адамдын колуна салып бербгениң үчүн Сага ыракмат (Заб.36,32–33 кара). Кудайсыз адамдардын ниетинен, күтүлбөгөн коркунучтан мени корголо. «Мени көзүңдүн карегиндей сактай көр, канатыңдын астына калкалай көр» (Заб.16,8). «Ырайым кыл мага, Кудайым, ырайым кыл мага, анткени менин жаным Сага таянат, кыйынчылык артта калганга чейин Сенин канатыңа корголой турайын» (Заб.56,2). «Мен тынч жатып, тынч уктайм, анткени мага коопсуз жашоо берген бир Өзүңсүң, Теңир» (Заб. 4,9), Сага ушул үчүн ыракмат. Мени коргойм деп убада бергениң үчүн ыраазычылык айтам. Мына бүгүн мен бул убадаларга толук ишене турганымды билдирем.

## Сиздин сыйынууларыңызды бир кыйла таасирдүү кылууга жөндөмдүү БИБЛИЯДАН АЛЫНГАН АЯТТАР

Анткени сен: «Менин тирегим —
Теңир», — дегенсиң.Бардыгынан жогору
турган Кудайды өзүңө баш калкалар жай
кылып тандап алгансың. Сен эч кандай
жамандык көрбөйсүң, үйүңө
жугуштуу оору жолобойт...
*Заб.90,9–10*

Сага каршы жасалган бир
да курал сени жеңе албайт...
*Ыш.54,17*

Сен суулардан өтүп бара
жатканда, Мен сени мененмин,
сен дарыялардан өтүп бара
жатканда, алар сени чөктүрбөйт.
Оттон өтүп бара жатканда,
күйбөйсүң, жалын
да сени куйкалабайт...
*Ыш.43,2*

Ал сени Өзүнүн канаттары
менен калкалайт, Анын канаттарынын
астында коопсуз болосуң. Анын чындыгы —
калкан жана коргон. Түнкү коркунучтардан,
күндүзгү учкан жебелерден,
караңгылыкта жүргөн каргашадан,

чак түштө кырган жугуштуу оорудан
коркпойсуң. Жаныңда миң, оң жагыңда
он миң кырылып жатса да,
сага жакындабайт...
*Заб.90,4–7*

...Анткени Ал Өз периштелерине
сени бардык жолдоруңда коргоп
жүрүүнү буйруйт
*Заб.90,11*

## ОН СЕГИЗИНЧИ БӨЛҮМ

# ТЕҢИРИМ, ТУУРА ЧЕЧИМ КАБЫЛ АЛГАНГА МАГА АКЫЛМАНДЫК ТАРТУУЛА

Алдыңкы бөлүмдө айтып өткөн мейманкананын балконунда олтурганымда, мага төмөн жакта, пляжда эмне болуп жатканына көз салуу сейрек мүмкүнчүлүгү колго тийди. Жогору жактан мага океандын жээгиндеги бардык жээк кумдары менен ойдуңдары абдан жакшы көрүнүп турду. Мен адамдардын кандай терең жерлерден сүзүп келип, кумга туш болгону, ошондо аларга бутка туруууга туура келгенин көрүп турдум, анткени ал жерде суу тизеге чейин араң жетет. Эс алуучулардын кандай океандын кумдуу жээгинде ары-бери сайраңдап жүрүп, күтпөгөн жерден тереңдикке кирип кетишине көз салуу кызык болчу.

Мен элестетип көрдүм: эгер менин тиги адамдар менен кандайдыр бир байланышым бар болсо, анда алар ойдуңдарга жакындаган сайын, коркунучтарды эскертип турмак элем. Бирок алардын мени менен байланышы жок эле. Ошондуктан өз тарап жагымдан көргөнүмдү, аларга эч бир кабарлай албайм.

Мен ишенем — биздин Кудай менен болгон мамилелерибиз менен да ушундай болот. Ал бардыгын көрүп турат, ант-

кени бардыгыбыздан жогоруда турат. Эгер дайыма Аны менен байланышта болуп, Андан: «Теңир, биз кулап калбашыбыз үчүн, бизди жетеле», — деп сурансак, анда Ал бизди туңгуюктуктун кырынан буруп кетмек. Бирок көп учурда бизде Кудай менен мындай байланыш жок, анткени биз Ага кайрылбайбыз, Анын жетекчилигин издебейбиз. Андан акылмандыкты сурабайбыз, Анын ачылыштарын түшүнүүгө аракет кылбайбыз. Ошондуктан көп мүдүрүлөбүз, кулайбыз.

Библиядан маалым болгондой, Лот, Ыбрайымдын жээни, өмүрүнүн аягында адам тукумунун душманынын торуна түштү, анткени анын ою боюнча жакшы деген жерди өзүнө тандады (Баш.13,10–11 кара), бирок, белгилүү болгондой, бул жер ыймансыз адамдарга толгон экен (Баш.13,13 кара). Лот өз ой жүгүртүүсү боюнча, *ага* көрүнгөндөй, эң мыкты чечим, жасап, чечим кабыл алды, буга, анын чечими тууралу *Кудай* эмне ойлогонуна кызыкпады. Канча ирет адамдар аларга туура көрүнгөн чечимдерди кабыл алышкандары үчүн гана *Анын* коргоосунан жана баталарынан ажырап калышты? Алар *Кудайдын* акылмандыгын жана *Кудайдын* жетекчилигин сурашкан жок.

Ушуга окшогондор сени менен болгон эмеспи? Эгер биз бир нече мезгил адил өмүр сүргөн болсок, бул дагы эле, мындан кийин өткөн каталыктарыбызды кайталабай калабыз дегенди билдирбейт. Биз Кудай бизге Өз эркин бүгүн ачып бере тургансып алабыз, анткени өткөн жолу Анын муну кылышын суранганыбызда, Ал өтүнүчүбүздү орундап берген эле деп адашабыз. Чындыкка жакыны, ошол нерсенин өткөн жолу иштеп кетиши, эми бүгүнкү жагдайларда иштебейт. Кудайдын акылмандыгын жана Анын жетекчилигин дайыма сураш керек.

Кудай менен байланышкандын бардыгы, Рухта гана ачылат. «Табигый адам Кудайдын Руху ачып берген чындыктар-

ды кабыл албайт, анткени ал муну акылсыздык деп эсептейт. Ал муну түшүнө албайт, анткени бул жөнүндө рухий ой жүгүртүү керек» (1 Кор.2,14). Акылмандыкка ээ эмес, адам кандай адепсиз жорук кылганын же акылсыз чечим кабыл алганына сен күбө болдуң беле? Мындай кадамдын кесепети сага айкын, бирок *андан* жашыруун. Бирөөнүн акылсыздыгы, өзүңдүкүнө караганда дайыма көрүнүп турат. Мына эмне үчүн биз күн сайын бизге акылмандуулуктун тартууланышына сыйынышыбыз керек.

Акылдуу болуу — демек, жашоо жагдайларын так көрүп, терең түшүнүп, алардын ар биринде туура чечим кабыл алуу. Бул деген жалгандан чындыкты ажырата билүү, бардыгы жөнүндө акылга сыярлык чечмелей билүү, туңгуюктуктун кырына жакындап келгенде коркунучту көрүү жана туура чечим кабыл алуу. Бирок бул Кудайдын гана колунан келет, муну кандай кылышты да Ал гана билет. «Чындык Руху келгенде, силерди чындыкка үйрөтөт. Ал Өз атынан сүйлөбөйт, эмнени укса, ошону айтат жана силерге келечекте эмне болорун билдирет» (Жкн.16,13). Биз элестете да албайбыз, канча ирет акылмандык өмүрлөрүбүздү сактап калды, канча ирет жаман жолдон бизди жулуп кетти, келечекте ага муну дагы канча ирет жасоо турат. Ошондуктан ансыз эч буйтап кете албайбыз, мына ошондуктан Кудайдан аны сурашыбыз керек. Сен мындай сыйынышың керек: «Теңир, ар бир иште мага акылмандык бер. Мага күн сайын акылмандыкта жүргөнгө жардам бер».

## Акылмандыкта жүрүүнүн он ишенимдүү жолу

1. *Кудай Сөзүндө болуу.* «Уулум! Эгерде менин сөздөрүмдү кабыл алсаң, менин акыл-насааттарымды сактасаң, кулагыңды акылмандыкка төшөсөң, жүрөгүңдү ой жүгүртүүгө бурсаң... Теңирден коркуу деген эмне экенин

түшүнөсүң, Кудай жөнүндөгү билимге жетесиң» (Накыл.2,1–5).

2. *Акылмандыкты белек кылсын деп сыйынуу.* «Кимиңерге акылмандык жетишпей жатса, баарына берешендик менен, жемелебестен берген Кудайдан сурасын, ага берилет» (Жкп.1,5)
3. *Кудайды бардык нерседе таанып билүү.* «Бардык жолдоруңда Кудайды таанып бил, ошондо Ал сенин жолдоруңду багыттайт» (Накыл.3,6).
4. *Кудай алдында коркуу менен кастарлап, урматтап жана ыраазы болуп жүрүү.* «Акылмандыктын башталышы — Теңирден коркуу, ыйык Кудайды таанып билүү — акыл» (Накыл.9,10).
5. *Акылдуу адамдарга кулак салуу.* «Кулагыңды төшөп, акылдуу адамдардын сөздөрүн ук, жүрөгүңдү менин билимиме бур»(Накыл.22,17).
6. *Акылмандыкты баарынан жогору баалоо.* «Даанышмандыкка ээ бол, акылмандуулукка ээ бол. Муну эсиңден чыгарба, менин айткандарымдан четтебе. Менин сөзүмдү таштаба, ошондо ал сени сактап жүрөт; аны сүй, ошондо ал сени коргоп жүрөт» (Накыл.4,5–6).
7. *Тил алчаактыкта жүрүү.* «Ал адил адамдар үчүн куткарылуу сактайт. Ал — түз жүргөндөрдүн калканычы» (Накыл.2,7).
8. *Момун болуу.* «Текебердик келгенде, маскаралык да келет, ал эми момундарда акылмандык» (Накыл.11,2).
9. *Жакыныңды сүйүү.* «Кем акыл жакынына жек көрөрүн айтат, ал эми акылдуу адам унчукпайт» (Накыл.11,12).
10. *Дүйнөнүн эмес, а Кудайдын акылмандыгын издөө.* «Ал аркылуу силер Машайак Ыйсанын ичиндесиңер. Машайак биз үчүн Кудайдан келген акылмандуулук, адилеттик, ыйыктык жана куткарылуу болуп калды»

(1 Кор.1,30). «Даанышман кайда? Мыйзамды окутуучу кайда? Бул дүйнөнүн акылдуусу кайда? Бул дүйнөнүн акылмандуулугун Кудай акылсыздыкка айландырган жокпу? Өзүн акылман санаган бул дүйнө Кудайды кудайлык акылмандуулук боюнча тааныбай койгондуктан, Кудай ишенгендерди акылга сыйбаган сөз аркылуу куткарып алууну туура тапты» (1 Кор.1,20–21).

## Акылмандыкты сурагандын он негизги себеби

1. *Акылдуу адам узак өмүрү, байлыгы жана кадыр-баркы менен ырахаттанат.* «Анын оң колунда — узун өмүр, сол колунда — байлык менен атак-даңк» (Накыл.3,16).
2. *Акылдуу адам өмүргө ыраазы.* «Анын жолу — жагымдуу жол, анын бардык жолу — бейпилдик» (Накыл.3,17).
3. *Акылдуу адам өмүр толуктугуна ырахаттанат.* «Ага ээ болгондор үчүн ал — өмүр дарагы, аны сактагандар — бактылуу адамдар!» (Накыл.3,18).
4. *Акылдуу адам коопсуздукта жашайт.* «Ошондо өз жолуңду коркпостон улайсың, мүдүрүлбөйсүң» (Накыл.3,23).
5. *Акылдуу адам эс алууда ырахаттанганды билет.* «Жатканыңда коркпойсуң, уйкуң таттуу болот» (Накыл. 3,24).
6. *Акылдуу адам өзүнө бек турат.* «Анткени Теңир сенин таянычың болот, бутуңду тузактан сактайт» (Накыл. 3,26).
7. *Акылдуу адам корголгон.* «Менин сөзүмдү таштаба, ошондо ал сени сактап жүрөт; аны сүй, ошондо ал сени коргоп жүрөт... Бара жатканыңда жолуң тарыбайт, чуркап жөнөсөң мүдүрүлбөйсүң» (Накыл.4,6.12).
8. *Акылдуу адам иштеринде жемиштүү.* «Аны бийик баалասаң, ал сени бийикке көтөрөт. Эгерде ага жабышсаң, ал сенин даңкыңды чыгарат» (Накыл.4,8).

9. *Акылдуу адам жамандыктан сакталып калат.* «Акылмандык жүрөгүңө киргенде, билим жаныңа жакканда, сени эстүүлүк сактап жүрөт, акыл кайтарып жүрөт, жаман жолдон, жалган айткан адамдан сактайт» (Накыл. 2,10–12).
10. *Акылдуу адам билимин арттырат.* «Бул сөздөргө акылман адам кулак төшөп, билимин арттырат, акылдуу адам акылдуу кеңештерди табат» (Накыл.1,5).

## Кудайдан кеңеш сура

Адамдардан кеңеш сурагандан мурда, алгач Кудайга кайрылуу зарыл. Мен айткым келбейт, ишенбеген дарыгердин же юристтин сунушун угууга арзыбайт — мен мына буга басым кылгым келет, баарынан мурда, кимдир бирөөгө кайрылгандан көрө, алгач Кудайдан сура, сенин кимге барганың жакшы, андан кийин, Кудайдан ал адамга акылмандык жана билим сура, ал аларды сени менен бөлүшө алгандай болсун. Эгер сен маалымат издеген булак, Кудайдан болбосо, Теңирден сени абайлатышын суран. Ыймансыз кеңешчилердин кеңешинен сени корголошун жана жолдоруңа адил, акылман адамдарды коюшун Андан өтүн.

Бир гана кызыкканымдан улам, ошондо мен ылдый пляжга түшүп келип, жогорудан көргөн кумдардын бирине суу бойлоп келдим. Эң бийик жерге чыгып, тереңдик кай жерден башталаарын аныктаганга аракет кылып, сууну карап чыктым. Мен билгем, бир жагынан бул тик жар, анын эң кырына бекем ишеним менен жөнөдүм. Бирок кокустан кумдун уч кыры бырчаланып, кулап түштү, мен да аны менен кошо кулап түштүм. Мени менен да жогорудан мен байкап тургандын эле өзү, бардык суучулдардай болду. Ошентип, менин өзүмө ишенгендигим негиздүү түрдө «суга малынды», а мен

өзүм, ичиме чейин суу өтүп, жээке илээлеп кайттым. Мен түшүндүм: сен билимиңе канчалык ишенбегин, эч качан өзүңө таянуугa болбойт. Бизге Кудайдын акылмандыгы жана Анын кеңеши ар кандай себепте керек, анткени бардыгы жөнүндө чындыкты Ал гана билет.

## Сыйынуу

*Теңирим*, Сага сыйынам: мага Сенин акылмандыгыңды жана билгичтигиңди бардык жагдайларда тартуула. Мен билем, даанышмандыкка ээ болуу алтындан, акылмандыкка ээ болуу күмүшкө ээ болуудан алда канча жакшы (Накыл.16,16 кара). Ошондуктан мага даанышмандык менен акылмандыктын байлыгын белек кыл. Сен «акылдууларга акылмандык, түшүнө ала тургандарга билим» бергениң (Дан.2,21 кара) үчүн Сага ыракмат. Ар бир турмуштук жагдайларды чындыктын жарыгында көрө алышым үчүн, акылыма акыл кош, билимимди көбөйт.

Теңирим, такыбаа адамдардан гана кеңеш сурап, дүйнөгө жана адилетсиз адамдарга кайрылбаганга мени үйрөт. Ыракмат Сага, Теңир, Сен мени жада калса түшүмдө да, акылыма келтирип жатканың үчүн. Сага ыракмат, Сен «мага өмүр жолун көрсөтөсүң» (Заб. 15,7–11 кара).

Мен Сенин осуяттарыңды жана Сенин Сөздөрүңдү сүйөм. Алар тууралуу күнү-түнү ой жүгүрткөндү мага үйрөт. Мага библиялык аяттарды жакшы жаттаганга жардам бер, Сенин Сөздөрүңдү жүрөгүмө салып кой.

Теңир, мен билем: «Өзүнө таянган адам акылсыз, акылмандык менен жүргөн адам аман-эсен болот» (Накыл. 28,26). Мен өз жүрөгүмө таянгым келбейт; дайыма акылмандыкта жүрүп, эч качан акылсыз иш кылбашым үчүн, мен Сенин Сөздөрүңө, Сенин кеңештериңе таянгым келет. Мени акылдуу адам кыл. Сен Өз Сөзүңдө айткансың, акылмандыкты бересиң (Накыл. 2,6–7 кара). Мага адилеттикте жана кемчиликсиздикте, Сенин осуттарыңда тил алууда жүргөнгө жардам бер. Сенин Сөзүң убада кылгандай, дайыма денем саламаттыкта болушум үчүн, жамандыктан качканга, мага жардам бер (Накыл. 3,7–8 кара). Мага мен муктаж болгон акылмандык, билим, эстүүлүк, акыл тартуула, мүдүрүлүп калбай, коопсуз жолдордо баса алышым үчүн, мени шайтандын торунан сакта (Накыл.2,10–13 кара). Теңир, Сен айттың, Сенде бул «акылмандыктын жана билимдин бүт кенчи жашырылган» (Кол.2,3). Бул кенчти тапканга мага жардам бер.

## Сиздин сыйынууларыңызды бир кыйла таасирдүү кылууга жөндөмдүү БИБЛИЯДАН АЛЫНГАН АЯТТАР

Акылмандыктын башталышы —
Теңирден коркуу, ыйык
Кудайды таанып билүү —
акыл. Анткени мен аркылуу
өмүрүң узарат, өмүрүңө
өмүр кошулат.
*Накыл.9,10–11*

Адил адамдын оозунан
акылдуу сөздөр чыгат, тили чындыкты
сүйлөйт. Кудайдын мыйзамы анын
жүрөгүндө, анын буттары тайыбайт.
*Заб.36,30–31*

Үй акылмандык менен курулат,
акыл менен бекемделет. Үй ичи ар
кандай кымбат баалуу, сонун мүлккө
билгичтик менен толтурулат.
*Накыл.24,3–4*

...Мени чакыр, ошондо Мен сага жооп
берем, Мен сага сен билбеген улуу жана
кол жеткис нерсени көрсөтөм.
*Жер.33,3*

...билимди чакырсаң, акылга
кайрылсаң, аны күмүш менен кенчти

издегендей издесең, Теңирден коркуу
деген эмне экенин түшүнөсүң,
Кудай жөнүндөгү билимге жетесиң.
Анткени акылмандыкты Теңир берет.
Анын оозунан билим менен акыл чыгат.
*Накыл. 2,3–6*

## ОН ТОГУЗУНЧУ БӨЛҮМ

# ТЕҢИРИМ, АР КАНДАЙ ЖАМАНДЫКТАРДАН МЕНИ КУТКАР

Мен Кудайды өзүмдүн Куткаруучум катары билем. Ал мени көп нерседен бошотту, алардын ичинде көз карандылыктан, ичимдиктен, баңги заттарынан, коркунучтан, депрессиядан, чочулоодон жана кек сактоочулуктан бошотту. Кээде Теңир көз ачып жумганча бошотуп жатты, кээде айыгуу жүрүш иши бир нече жылдарга созулду. Кээде бошонуум тууралуу көпкө сыйынып, орозо кармоого мага туура келди, а кээде бошонууну жөн гана Кудайдын катышуусун сезгенден алып жаттым. Бошонуу кандай жолдор менен өтпөсүн, негизгиси бул, ал аткарылып жатат. Кез-кез биз баарыбыз бир нерседен бошонууга муктажбыз, а мунун себеби мында, биздин руханий абалыбызга карабастан, биз дагы эле денеде жашап турганыбызда катылган. Жашообуздун канчалык жакшы экенине карабай, бизде айланабызга жамандык чебин көтөрүүгө тырышчу дагы эле душман бар. Кудай болсо бизди байлап, кармап тургандын жана Андан бөлгөндүн бардыгынан бошоткусу келет.

Ыйса бизге мындай сыйынууну үйрөткөн: «бизди жамандыктан сакта» (Мт.6,13 кара). Эгер буга муктаж болбогон бол-

сок, Ал бизге мындай буйрук калтырмак эмес. Бирок көп учурда биз мындай сыйынбайбыз, Машайак деги эч нерсе айтпагансып, өз түшүнүгүбүз боюнча иш кылабыз. Адатта биз Ыйса биздин эркиндигибиз үчүн жогорку бааны төлөгөнүн билбегендей жашай беребиз. Ыйса «бизди бул жаман дүйнөдөн куткарыш үчүн, Кудайыбыздын жана Атабыздын каалоосу боюнча биздин күнөөлөрүбүз үчүн Өзүн курмандык кылган» (Гал.1,4). Ал *келечекте* деле бизди бошоткусу келет.

## Кудайдын сени бошоткусу келет

Сенде оор финасылык кризистер болуп, мына ошону сен аларды эч качан жеңип кете албоочудай көрүнө баштаган учурлар болобу? Сени бир эле кырсык, эч бир тастыкталбаган, айыкпаган, бир эле оору кайра-кайра куугунтуктап алабы? Сенде ушундай бир сезимдер, жетишкендиктериң эч нерсеге арзыбагандай көрүнгөн учурлар болуп турабы? Жеңе алгыс тартып турган күчтү же ашыкча берилүүнү буга окшогон арак, баңги заттар, бузуктук тасмалар же кумар оюндар сыяктуу нерселерге азгырылып турганыңды сезесиңби? Аморалдык жашоо жолу сени өзүнө тартып турбайбы? Балким, сен, бардык аракетиңе карабай, кайсы бир адамга өзүңдүн кастык мамилеңди өзгөртүүгө алың жок? Же жашооңдо негизги роль ойноочу адам менен мамилең оор болуп турат?

Кээде сага, Кудай сенден алыста тургандай сезилеби? Сага сыйынууларыңды эч ким укпагандай, эч ким жооп бербегендей көрүнөбү? Жашоондо Теңирден келген кубаныч эмес, а көңүл калуу менен көңүл чөгүү ээлеп алабы? Сага бир эле, ошол эле көйгөйгө же адатка, кайра-кайра кайтуу, бир эле ошол каталыкты кайталай берүү болобу? Сени өзүңө болгон

наарazычылык башкарып алабы? Эгерде бул суроолордун жок дегенде бирөөсүнө тастыктуу жооп берген болсоң, менде сен үчүн жакшы кабар бар: Кудай сени бошоткусу келет. Ал сенин Куткаруучуң болгусу келет (Рим.11,26 кара) жана «өлүмгө өкүм кылынгандарды куткарууга» убада берет (Накыл.24,11кара).

Сен душмандын ар кайсы алсыздыгыңды колдоно алаарын жана бул алсыздыкты сага каршы куралга айландырарын билесиңби? Биз көп учурда шайтандын пландары менен макулдашабыз да, баарын өзгөртүү колубузда экенин билбейбиз. Биз жөн эле жолубуз оңунан чыкпай жатат, бактысыздык пешенеге жазылган ойлойбуз, а чындыгында душман бизге каршы чыгып жатат. Бирок Ыйса мына ушул үчүн жерге келген — бизди мунун баарынан бошотуш үчүн. Ал бизди өлтүрүүгө аракет кылуучу душманды жеңгенге жардам бериш үчүн келген. Теңир туткундардын жана камалгандардын онтогон үнүн угат (Заб.101,20–21 кара). Эгер сен Ага боздоп ыйлап кайрылсаң, Ал сени бошотот. Анткени айтылган, «силерди Уул эркин кылса, анда чындап эркин болосуңар» (Жкн.8,36). Душман кандай гана күчкө ээ болбосун, Кудай сени бошотуучу, чексиз чоң күчкө ээ.

Кудай сени, сени сүйгөндүктөн жана сага боор ооругандыктан эле бошоткусу келген жок, бирок сен Ага «[өмүрүң] өткөнчө Анын алдында, Ага ыйыктык жана адилеттүүлүк менен, коркпостон» (Лк.1,74–75) кызмат кылышың үчүн» бошотту. Ырас, биз жамандыктан оолак болууга милдеттүүбүз. Библияда айтылган: «Адил адамдардын жолу — жамандыктан оолак болуу. Өз жолун сактаган адам өз жанын сактайт» (Накыл.16,17). Биз жашообузда болуп жаткандарга жоопкерчиликтүү экенибиз талашсыз, бирок унутпашыбыз керек, бийлигинен биз бошонушубуз керек болгон душман дагы анда таасир кылат.

## Боштондукка кантип ээ болобуз

Бошонуу жалгыздыкта же (Заб.71,12 кара) руханий күчтүү, ишенген адам менен бирге сыйынуудан кийин (Заб.33,16 кара), же Кудай Сөзүн окугандан (Жкн.8,31 кара) кийин, же түздөн-түз Кудайдын катышуусунда болгондон кийин келет. Даңктоо жана табынуу — мына ушул Теңирдин катышуусунда болуунун эң үзүрлүү жана зор жолу. Кудайдын даңктаган сайын, рухий дүйнөдө бир нерсе болуп турат, жамандык күчтөрүнө кыйратуучу сокку урат. Бул Теңир «[сенин] даңктоо ырларынын арасында» жашагандыктан болот (Заб.21,4 кара), демек, сен Анын катышуусунда болосуң. «Теңир — Рух, Теңирдин Руху болгон жерде — эркиндик» (2 Кор.3,17).

Библияда айтылган: «Теңирдин периштеси Кудайдан корккондорду курчап турат, аларды куткарат» (Заб.33,8). Сага шайтан келип, кулагыңа көйгөйдөн сага эч качан кутулбашыңды шыбырары менен, Кудайды даңктап, бул жалганды куу, анткени Ал — сенин Куткаруучуң. Теңир сени, ошол заматта, Аны даңктап жатканыңда бошотот. А эгер сен эркин болуп калсаң, бул тууралуу башкаларга айтып бер (Заб.106,2 кара).

Эгерде эски күнөөлөрдү кайтадан кылып жатканыңды же төмөн кулап баратканыңды көрө калсаң, анда убакытты үмүт үзө, көңүл чөгөрүүгө коротпо. Жада калса эгер өтүп кеткен нерсе жашоонДо кайра пайда болсо да, үмүтүңдү үзбө, анткени, чындыкка жакыны мына бул: сен жарааттын алда канча терең катмарларынан кутулуп жатасың. Бул сенин эскиге кайтып кетип жатканыңды билдирбейт, бул сенин толугу менен айыгып жатканыңды билдирет. Жан дүйнөңдүн түпкүрүнө тийип жатканда, бул бошонуунун биринчи баскычына караганда, көбүрөөк оору алып келиши мүмкүн. Теңирге таян, өмүрүңдү Анын колуна тапшыр,

ошондо Ал сени Өзү белгилеген мөөнөттө куткарат (Заб. 30,16 кара).

Эркиндикке чыгуу Теңирден келе турганын бил, бирок бул узакка созулган жүрүш экенин эсиңден чыгарба. Кудай «бизди өлүм коркунучунан куткарып алды, куткарып жатат, дагы да куткарат деп, биз Андан үмүттөнөбүз» (2 Кор.1,17). Кудай Өзү баштаган ишти дайыма аягына чейин чыгарат, ошондуктан эгер бошонуу сен күткөндөн көп убакыт кармаса, колуңду түшүрбө жана ындыныңды өчүрбө. Мында «[сенде] баштаган жакшы ишин Кудай Ыйса Машайактын күнүнө чейин аягына чыгараарына» бекем ишенип тур (Флп.1,6).

Сенин чындыгың жарык сыяктуу чыкмайынча, сенин куткарылууң күйүп турган чырактан сыяктуу жарык болмоюнча Кудай унчукпай, басылып калбайт (Ыш.62,1 кара). Бошонуу сени кандайдыр бир башка жан кылып койбойт, бирок сен кандай болсоң ошондой болуу үчүн, жаңыдан жараласың — акылдуу, өзүңө бек, талантуу, жакшы жана эстүү, Кудайдын сонун кызы болосуң.

## *Сыйынуу*

*Теңирим,* Сага «мени ар кандай жамадыктан куткарып, Өзүнүн Асмандагы Падышачылыгы үчүн сактайм» (2 Тим.4,18) деп убада кылганыңа, ыракмат. Мен билем, «биз адамдарга каршы эмес, башчыларга, бийликтерге, бул караңгы дүйнөнүн башкаруучуларына жана асман астындагы жаман рухтарга каршы күрөшөбүз» (Эф. 6,12). Сен бардык Өз душмандарыңды

багындырганың (Эф.1,22 кара ) үчүн Сага ыракмат, «анткени ачылбай калчу жашыруун эч нерсе жок, билинбей калчу эч бир сыр жок» (Мт.10,26).

Теңирим, мен билем, жашоомдо душман тургузган чептердин, бардыгын көрө биле албайм, ошондуктан Сага таянам жана Сен аларды мага көрсөтөсүң деп үмүт кылам. Сен «жүрөгү жаралууларды айыктырууга, туткундарга боштондук жарыялоого, сокурлардын көзүн ачууга, кыйналгандарды эркиндикке чыгарууга» (Лк.4,18 кара) келгениңе ыракмат. Сенсиз мен кумарларымдын туткуну болуп, чындыкты көрбөй, көздөрүм сокур бойдон, кыйналгандардын катарында кала бермекмин. Бирок Сени менен менин толук эркиндигим келет. «Менин күндөрүм Сенин колуңда. Мени душмандарымдын колунан, куугунтукка алгандардан куткар» (Заб.30,16).

Мен билем, менин кутулуум Сенде камтылган. Сен «мени чоң суулардан тартып чыгардың; менден күчтүү болгон жек көрүүчүлөрдөн куткардың» (Заб. 17,17–18 кара), Сага ыракмат. Машайак мага тартуулаган эркиндикте бек турганга, кайрадан кулчулуктун моюнтуругун кийбегенге жардам бер (Гал.5,1 кара).

Теңирим, Сенден өтүнөм, мени Сенден бөлгөн нерсенин бардыгынан кутулт. Өзгөчө мени мындан ...(кутулушуң керек болуп турган көйгөйдү ата) куткарууңду суранам. Денемдин кыйкырыгын угуп, душманга эшик ачып берген ар бир окуя үчүн тобо кылам. Тил албастыкты көрсөткөн жагдайларымды мага көрсөт, мени Сенин эркиңди аткара турган жолго бур. Чындык жолунда жүргөнгө мага акылмандык тартуула жана мени

төмөн тарткандын бардыгынан жогору турганга мага күч бер (Накыл. 28,26 кара).

Мен денеде жашап турсам да, менин күчүм анда камтылан эместигин билем, анткени «күрөшө турган куралдарыбыз адамдык куралдар эмес, алар — чептерди талкалаган Кудайдын күчүнө ээ куралдар» (2 Кор. 10,3–4). Ыйсанын атынан сыйынам, жашоомдо душман тарабынан көтөрүлгөн ар кайсы шайтан чептери пайдубалынан куласын. Менин алдымда караңгылык жарыкка айлансын, кыйшык жолдорум — түздөлсүн (Ыш.42,16 кара). Мен билем, Сен менде баштаган жакшы ишиңди аягына чейин чыгарасың (Флп.1,6). Мен жеңилип калбашым үчүн, мага чыдамдуулук, Сенин Сөзүң ичинде болуууга күч тартуула.

# Сиздин сыйынууларыңызды бир кыйла таасирдүү кылууга жөндөмдүү БИБЛИЯДАН АЛЫНГАН АЯТТАР

Адил адамдар чакырганда,
Теңир аларды угуп, бардык
кыйынчылыктарынан
куткарат.
*Заб.33,18*

Башыңа кыйынчылык түшкөн
күнү Мени чакыр, Мен сени куткарам,
сен болсо Мени даңктайсың .
*Заб.49,15*

Өзүнө таянган адам акылсыз,
акылмандык менен жүргөн
адам аман-эсен болот.
*Накыл.28,16*

Сага Асман Падышачылыгынын
ачкычтарын берем. Жер үстүндө эмнени
байласаң, асманда да ошол байлануу
болот. Жер үстүндө эмнени чечсең,
асманда да ошол чечилүү болот.
*Мт.16,19*

Мени сүйгөндүгү үчүн, аны куткарам,
коргойм, анткени ал Менин ысымымды
таанып билди.
*Заб.90,14*

## ЖЫЙЫРМАНЧЫ БӨЛҮМ

# ТЕҢИРИМ, МЕНИ ТЕРС ЭМОЦИЯЛАРДАН БОШОТ

Мен мурда, турмуштагы дүрбөлөң, депрессия, коркунуч жана үмүтсүздүктөр — адаттагы көрүнүш деп ойлогом. «Балким, мен өзүм ушундаймын», — деп эсептегем. Бирок Теңирге ишенип, Анын жолдору менен жүрө баштаганда, Кудайга ишенип, баш ийгендерге бардыгы мүмкүн экенин түшүндүм. Көрсө, терс эмоцияларсыз жашаса да болот экен. Эгер Кудайдан муну сурасак, Ал бизди алардан калың ным төшөнчөдөн сууругандай бошотот. Ошондуктан бул тууралу сыйынышыбыз керек.

Сенде Кудай сени таштап кетип калгандай сезим болду беле? Эгер ооба болсо, анда сен жалгыз эмессиң, иштин жүрүшү боюнча, сен абдан жакшы топто турасың. Мунун өзүн миллиондогон башка адамдар гана баштарынан өткөрбөстөн, бирок ушуга окшогонду баштан кечирүү Ыйсага да жетти. Өзүнүн өмүрүндөгү эң азаптуу саатында Ал кыйкырып жиберди: «Кудайым ай, Кудайым ай! Мени эмнеге жалгыз калтырдың?» (Мт. 27,46). Өзүбүздү жалгыз жана кароосуз таштаЛгандай сезип тургандагы оор кезеңдер ар бирибизде болуп турат. Чачтан көп көйгөй, кырсыктарда терс эмоцияларга ал-

дырбашыбыз керек. Биз аларга Кудайдын Сөзү айткан чындыктарды жарыялай, сыйынуу менен каршы тура алабыз.

## Терс эмоциялардан арылуунун жети ишенимдүү жолу

1. *Тынчсыздануудан баш тарт.* Турмуш жолдорубузда кезикчү канча олуттуу тоскоолдуктар болушу маанилүү эмес, Ыйсанын аларды жеңгендигин эсиңе түй. «Бул дүйнөдө азап тартасыңар, бирок кайраттуу болгула, анткени Мен бул дүйнөнү жеңдим» (Жкн.16,33). Кудайдын катышуусунда болуп туруп эле тынчсыздануудан арылабыз. «Менин жүрөгүмдө кайгы көбөйгөндө, Сенин сооротууларың жанымды жыргатат» (Заб.93,19). Кабатырланып, тынчсызданып жатып, биз үчүн кам көрө алган Машайакка таянбай калабыз. Бирок эгер сен Ага кайрылсаң, Ал сөзсүз Өзүнүн ишенимдүүлүгүн далилдейт. «Ошондуктан силер: «Эмне жейбиз же эмне ичебиз?» — деп ойлонуп, тынчсызданбагыла. Бул дүйнөнүн адамдары ушунун баары үчүн түйшүк тартышат. Ал эми силердин бул нерселерге муктаж экениңерди Атаңар билет. Кудайдын Падышачылыгын бардыгынан көбүрөөк издегиле, ошондо мунун баары силерге кошулуп берилет» (Лк.12,29–31). Кудай бизге эч нерсе тууралуу кабатырланбашыбыз, бирок бардыгы тууралуу сыйынышыбыз керектигин айтып жатат.
2. *Ачуудан баш тарт.* Ачууланганга жол берүү менен, Кудайдын баталарынын жашообузга жетишине бөгөт койобуз. Көп жолу буга, адамдар кандай ачууланып, Кудайдын жашоолоруна киришине тоскоол болгондоруна күбө болдум. «Ачууланганыңарда күнөө кетирбегиле: күн батканча, ачууңарды баскыла, шайтанга орун бербегиле» (Эф.4,16–17).

Каарданып турган адам айланасындагынын баарын курутат жана натыйжасында олуттуу каталарды кетирет. «Каардуу адам чыр-чатак чыгарат, ачуусу чукул адам көп күнөө кылат» (Накыл.29,22). Канча көптөгөн эркектер ачууга алдырып, аялдарын токмоктойт, өз өмүрлөрүнө өлгөнчө балта чаба, жада калса, аларды өлтүрүп да алат! Нечен ачууланып алган аялдар, Кудай аларга бергенди курмандыкка чала, адамдар менен мамилесин жана үй бүлөсүн бузуп алат! Акылсыз адам гана ачууга чукул, акылдуу адам болсо, бирөөгө каарын чачып алып, өмүрү менен төлөп бергиси келбейт. «Ачууланганга шашпа, анткени ачуу акылсыздардын жүрөгүндө уялайт.» (Нас.7,9). Ал сага убада кылган жакшыны ала алышың үчүн, Кудайдын сени кыжырдан сакташын суран.

3. *Наарazычылыктан баш тарт.* Терс жактарга ыкталып, жашоодогу кемчиликтерди чукуп табуу канчалык жеңил! Бирок андагы бейкуттук менен тынчтыктын жоктугу, адамдын өзүн, курчап турган адамдардын бардыгын бирдей бактысыз кылат. Жашоодо маанилүү жана керектүү өзгөрүүлөрдү каалоонун эч бир жаман жагы жок, бирок эгер бул ой жадатма болуп баратса, анда ички дүйнөбүздү курмандыкка алып келебиз. Ар качан наалып киргенде, элчи Пабылдын сөздөрүн эсте: «Муну муктаж болгонумдан улам айтып жаткан жокмун, себеби болгонуна ыраазы болууга үйрөнгөм: жокчулукта да, молчулукта да жашай алам. Мен бардыгына үйрөнгөм: ачкачылыкка да, токчулукка да, барга да, жокко да көнгөм. Мага күч-кубат берген Ыйса Машайак аркылуу бардыгын кыла алам» (Флп.4,11–13).

   Кудай сага эс алууну убада кылат: «Демек, Кудайдын эли үчүн ишемби күн али алдыда» (Эвр.4,9). Ар кандай

жагдайда тынчтык, бейкуттук жана кубаныч тапса болот. Кудайга айт, бул тапшырманы өзүңдүн алдыңа койдуң, Ал жардам берсин.

4. *Көрө албастыктан баш тарт.* Көз карегиңди Теңирге када, Анын эмнеге ээ экенине эмес; башка адамга, анын колундагысына кадаганда, көрө албастыктын руху сага үстөмдүк кыла баштайт. «Анткени кайсы жерде ичи тарлык жана менменсинген өзүмчүлдүк бар болсо, ал жерде тартипсиздик жана ар кандай жаман нерселер бар. Ал эми асмандан келген акылмандык баарынан мурун таза, андан кийин тынчтыкты сүйүүчү, момун, тил алчаак, боорукер, жакшы жемиштүү, калыс, эки жүздүү эмес» (Жкп.3,16–17). Өзүңдүн мындай ойлошуңа жол бербе: «Эгерде менин, чачтарым... жүзүм *аныкындай*... дене келбетим *аныкындай*... кийимим *аныкындай болсо!*.. Эгерде менде *анын* таланты, *анын* жөндөмү, *анын* байлыгы, *анын* батасы болсо!.. Эгерде *аныкындай* күйөөм, *аныкындай* балдарым болгондо!..» Мунун ордуна көз карегиңди Машайакка бур. *Анын* сулуу-лугу, *Анын* байлыгы, *Анын* таланттары, *Анын* мүнөзү, *Анын* жардамы, *Анын* күчү тууралуу ойлон. Ал сага калтырып кеткен мол мурасына ыраазычылык билдир, Ага аны аларыңа чамынып, чыдабай турганыңды айт.

   Көрө албастык Кабыл Абылдын колундагысын алгысы келгенде туулган, мына ошонун айынан өз агасын өлтүрдү. Бирок кийин Кабыл өз кылмышынын айынан өмүр бою азап тартты. «...Ортоңордо көрө албастык, уруш-талаш, келишпестик бар болсо, дененин каалоосун аткарып жашаган адам эмей кимсиңер? Силер адамдык кылып жаткан жоксуңарбы?» (1 Кор. 3,3) Өзүбүзгө таандык болбогон нерсеге ээ болуу, той-

бос каалообуздун айынан, калган өмүрдү кыйналып өткөргүбүз келбейт. Көрө албастык үчүн биз төлөй турган баа өтө бийик. «Момун жүрөк — денеге өмүр, ал эми көрө албастык — сөөккө ириң» (Накыл.14,30). Кудайдын сүйүүсү тууралуу адамдарга күбөлөндүрө алышың жана аны көрсөтө алышың үчүн сыйын. «Сүйүү чыдамдуу, боорукер, сүйүү көрө албастык кылбайт, мактанбайт, текеберденбейт...» (1 Кор.13,4).

5. *Депрессиядан баш тарт.* Адам жанынын бардык терс абалдарынын ичинен, депрессия эң кеңири жайылгандарынын бири болуп эсептелет. Арабыздагылардын көбү депрессияны түшүнбөй эле, анда жашай берет. Жанчылган жан абалы бардыгына тамгадай тааныш, мына ошондуктан, анын ичинде болуу табигый нерсе эсептелет. Бирок Кудай сенин кысылып турганыңды каалабайт.

   Депрессия абалы көптөгөн библиялык каармандарга да тааныш болгон. «Үшкүрө берип, аябай чарчадым. Жаткан жеримди ар түнү көз жашым менен жууйм, төшөгүмдү көз жашка чылайм. Кайгыдан көздөрүм соолуду, бүт душмандарымдын айынан көздөрүм тунарып калды» (Заб.6,7–8). «Шылдың сөздөрү жүрөгүмдү оорутту, алсырап калдым. Бирөө кайгыма ортоктош болор бекен деп күттүм, бирок андай болбоду; сооротуучуларды күттүм, бирок таба албадым» (Заб.68,21). «Менин жаным кайгыдан алсырап бара жатат, мага Өзүңдүн сөзүң менен күч бер» (Заб.118,28). Бирок жакшы жаңылык мына мында, биздин ушундай кысталган көңүлдө көрүү Кудайга жакпайт. Ал, Анын кубанычы ичибизде болуп, депрессия рухтарын сыртка кубаланышын каалайт. «Теңир жалынуумду укту, Теңир сыйы-

нуумду кабыл кылат» (Заб.6,10). Кудай бизди өйдө көтөрүп, депрессиядан чыгарып алыш үчүн боздоп, ыйлап Ага кайрылышыбызды уккусу келет.

6. *Ызадан баш тарт.* Терини жегичтер ириткендей эле, ыза денебиз менен жаныбызды иритет. Эгер ызакордук сага үстөмдүк кылып алса, анда Кудайдын баталарынан куру жалак каласың. «Анткени мен сенин көрө албастык кылып жатканыңды жана күнөөнүн кишенинде экендигиңди көрүп турам» (Эл.иш.8,23). Эгер сен күн сайын, забурчуга окшоп, өзүңө собол салсаң: «Качанга чейин мен өз жаным менен өзүм кеңешем, күнү-түнү кайгырып азап тартам? Качанга чейин душманым мага үстөмдүк кылат?» (Заб.12,3), анда демек, ызакордук жан-дүйнөңдө тамыр жайып, залалдуу шишик сыңары, өсүп чыгып алган. Антсе да, буга окшогон ойлордон баш тартып, башыбыздан ыргыта алабыз. Аларга каршылык көрсөтүүгө Кудайдан жардам сурай алабыз. «Эч ким Кудайдын ырайымынан ажырап калбашы үчүн, кандайдыр бир ачуу тамыр өсүп чыгып, зыян келтирбеши үчүн жана ал аркылуу көптөр булганбашы үчүн сак болгула» (Эвр.12,15).
   Кудайга сыйын, сени ар кандай ызадан бошотуп, Анын сени ыраазычылык, даңктоо жана табынуу рухуна толтурушун сура.
7. *Үмүтсүздүктөн баш тарт.* Үмүтсүздүк — дароо эмес, а акырындап денең менен жаныңа таасир кыла, өлтүрө турган душман. Бирок эгер сен бардык таянычыңды Теңирге артуу чечимин кабыл алсаң, Ал сенин бардык муктаждыктарыңды толтурат жана үмүтсүздүктөн сени куткарат. Буга окшош эле, турмуштагы тиги же башка көрүнүштөргө кандай мамиле кылууну кандай чече алсак, бүгүн биз Теңирге бардык таянычыбызды

тапшырууну да ошондой чече алабыз. Бизде жаныбызды сактоочу каражат бар. «...Тикенек менен тузак бузукунун жолунда, ким жанын сактагысы келсе, алардан оолак болсун» (Накыл.22,5). Үмүт үзүлгөндүк — жан үчүн өлүм. Аны четке какканга чечим чыгар. Жашооң сага кандай караңгы болбосун, сен дайыма Теңирде бекем ишене аласың. Кудайдын сага келечекке үмүт беришин жана жүрөгүңдү ыраазычылыкка толтурушун сура.

Терс эмоциялардын артында шектенүү турат. Толугу менен Теңирге таянгандардарда дүрбөлөңгө түшүүгө себеп барбы? Аларда ачууга, муңга түшүүгө, көрө албастыкка, кайгырууга жана үмүтсүздүккө негиз барбы? Албетте, биз баарыбыз турмуштун тиги же башка кыр мезгилдеринде терс көңүлдөргө чалдыгабыз, ошондуктан алар пайда болгондо уялуунун кереги жок. Бирок алар узак убактытка сага үстөмдүк кылбашы керек. Бул терс эмоциялардан баш тарт, аларды жашооңо киргизбе. Аларга кыйратуучу таасирин сага жайылтып, натыйжада Кудай сага даярдаган нерсенин көркүн кетиришине жол бербе.

## *Сыйынуу*

*Теңирим,* мага Сенин кубанычыңда жана Сенин тынчтыгыңда жашаганга жардам бер. Чочулоого, ачууга, тынчсызданууга, көрө албастыкка, депрессияга, ызага, үмүтсүздүккө, коркунучка жана күнөөлүү сезимге каршы тура алышым үчүн, мага акыл, күч тартуула.

Мен «ындыным өчүп калды, жүрөгүм сенейип катып калды» (Заб.142,4) деп турганымда, мени сакта. Бул терс сезимдерге жашоомду баш ийдирип берүүдөн баш тартам. Сен мага жакшы бир нерсени даярдап койгонуңду билем. Эгер мен терс сезимдердин таасирине алдырып баратсам, муну мага ачып бер.

Сен Өз Сөзүңдө, биз чыдамдуулук менен жаныбызды сактап кала алаарыбызды айткансың (Лк. 21,19). Ушундай кылышым үчүн, мага чыдамдуулук бер. «Баарынан да, сактай тургандардан [жүрөгүмдү] сактаганга жардам бер, анткени өмүрдүн булагы анда» (Накыл. 4,23) экенин билем. Өзүмдү коопсуздукта сезгенге жана Сага ыклас коюу мүмкүнчүлүгүн жана Сенин сүйүүңдү көрсөтүүнү өткөзүп жибербешим үчүн, өзүмө көңүл ойду кадабаганга мага жардам бер. Боорукер болууга жардам бер, жүрөгүмдү жумшарт. Башкалардын алсыздыктарына түшүнүү менен мамиле кылганды жана өзүмө катуу турганды үйрөт. Менин улуу кубанычымды булагы бул Сенин айкаш жыгачта кылганыңда. Бул тууралу эч качан унутпоого мага жардам бер.

«Душман мени аңдып жүрөт, өмүрүмдү жерге тепсеп, небак өлгөн кишидей караңгылыкта жашоого мажбур кылды. Ошондо ындыным өчүп калды, жүрөгүм сенейип катып калды. Байыркы күндөрдү эстеп, Сенин бардык иштериң жөнүндө ойлоном, колуңдун иштери жөнүндө ой жүгүртөм. Сага колумду сунам; суусага чаңкаган жердей болуп, жаным Сага тартылат. Мени тезирээк ук, Теңирим, рухум алсырап бара жатат. Менден жүзүңдү жашырба, көрдө жаткандарга окшоп калбайын. Сенин ырайымыңды эртерээк угайын,

анткени мен Сага таянам. Мага жүрө турган жолумду көрсөт, анткени жанымды Сенин алдыңа алып келем.» (Заб. 142,3–8). Теңир, азап-кайгыда Сени чакыра алам, а Сени чакырып жатканымда, Сен мени угасың, ушул үчүн Сага ыракмат (Заб.16,6). Сени таанып билгенден келген кубаныч жүрөгүмдү бакыт менен тынчтыкка бөлөсүн.

## Сиздин сыйынууларыңызды бир кыйла таасирдүү кылууга жөндөмдүү БИБЛИЯДАН АЛЫНГАН АЯТТАР

Эч нерсе тууралуу кам санабагыла,
ар дайым сыйынганда жана жалынганда,
каалооңорду ыраазычылык билдирүү
менен Кудайга айткыла.
Ошондо Кудайдын акыл жеткис
тынчтыгы силердин жүрөгүңөрдү
жана ойлоруңарды Машайак Ыйса
аркылуу сактайт.
*Флп.4,6–7*

Алар кыйналганда, Теңирди чакырышты,
ошондо Теңир аларды кыйынчылыктарынан
куткарды. Теңир аларды караңгылыктан
жана өлүм көлөкөсүнөн куткарды, аларды
байлаган кишендерди талкалады.
*Заб.106,13–14*

Чарчап-чаалыккандар жана
түйшүк тарткандар, баарыңар Мага
келгиле, Мен силерге тынчтык берем.
Менин моюнтуругумду алып,
Менден үйрөнгүлө, анткени Мен
жоошмун жана момунмун. Ошондо
жаныңарга тынчтык табасыңар.
Анткени Менин моюнтуругум
жакшы, жүгүм жеңил.
*Мт.11,28–30*

Адил адамдар чакырганда,
Теңир аларды угуп, бардык
кыйынчылыктарынан куткарат.
Теңир чын дилинен
өкүнгөндөргө жакын,
моюн сунгандарды куткарат.
*Заб.33,18–19*

...Ал эми Теңирден үмүттөнгөндөр
кайрадан күчкө толушат, бүркүттөй
болуп канаттарын көтөрүшөт,
чуркашат, бирок чарчашпайт,
жөнөшөт, бирок алсырашпайт.
*Ыш.40,31*

## ЖЫЙЫРМА БИРИНЧИ БӨЛҮМ

# ТЕҢИРИМ, АЗАП-КАЙГЫ УБАГЫНДА МЕНИ СООРОТ

Ар качан бүркөлгөн, караңгы жаандуу күндө учакта учууга мага туура келген кезде, учак калың кара булуттарды көзөп өтө, кандай жогору учуп чыгат да, ал жакта көп чакырым аралыкта күн жаркылдап турган, көгүлтүр ачык асман көрүнгөн абалга мен суктана берем. Мен көп ирет, жада калса аба ырайынын эң жаман учурунда, бурганактаган шамал менен бороон чапкындын үстүнө көтөрүлүп, сонун, бейкут дүйнөгө түшүп калуу мүмкүнчүлүгү бар экенин унутуп калам.

Биздин жандык жана рухий тиричилигибиз көп жагынан ушул сүрөттү эстетет. Кайгы жана ызанын каран түнү каптаганда, күрөштөр менен азаптар башыбыздын үстүндөгү асманды ушунчалык бекем чулгап алат, эми биз дээрлик эч нерсе көрбөй калдык, ошондо, кайдадыр бир жогоруда, бейпилдик менен тынчтык салтанат курган, ачык жана жарык болгон жер бар экенине анча ишене бербейбиз. Эгер турмуштун ушундай кыйын кезеңдеринде Кудайдын колунан кармап алсак, Ал бизди жагдайларыбыздын үстүнөн жогору көтөрүп алып өтөт да, атайын бизге да-

ярдалган, ыңгайлуу, жылуу жана коопсуз жерге жайгаштырат.

Соороттуучу — Ыйык Рухутун мен эң сүйгөн аттарынын бири (Жкн.14,26 кара). Күндөн жарыкты сурагандын зарылдыгы жок болгондой эле, Ыйык Рухтан соороттууну өтүнгөндүн зарылчылыгы жок, анткени Ал бул соороттуунун *Өзү*. Болгону бизден, Андан бөлгөн нерсенин бардыгынан арылышыбыз талап кылынат. Биз сыйынууда, оор сыноолор убагында Теңир бизге Өзүнүн улуу соороттуусун тартуулашын сураныышыбыз керек.

Ар бирибизде турмуштун оор мезгилдери болуп турат. Жүрөк зыркыраткан оорулар менен жоготуулар — жашообуздун бир бөлүгү. Турмушубуздагы болуп туруучу кырсыктардын көп себептери бар, бирок эгер биз Андан сурансак, Кудай кырсыкты батага айлантуу үчүн дайыма биз менен болот. Эгер биз азап чегүү жашообузду байытаарын түшүнө турган болсок, анда биз өз жүрөк ооруларбызды жеңе алабыз жана ишенимибиз сыноолор ичинде кандай өсүп жатканын көрө алабыз.

## Жашообуздагы кыйынчылыктардын пайда болушуну чыныгы төрт себеби

1. *Кээде кыйынчылыктар Кудайдын даңкы бизге көрүнүп, биздин ичибизде ачылышы үчүн пайда болот.* Ыйса тубаса сокур адамдын жанына өтүп баратканда, Андан окуучулары сурашты, бул кишинин сокур болуп төрөлүшү кимдин күнөөсүнүн айынан болду, өзүнүкүбү же ата-энесиникиби. Ыйса жооп берди: «Өзүнүкү да, ата-энесиники да себеп болгон жок. Анын жашоосунда Кудайдын кудурети көрсөтүлүшү үчүн ушундай болду» (Жкн.9,3). Биз турмушубузда андай же башка окуялардын эмнеге болуп өткөнүн дайыма эле биле

бербейбиз. Балким, эгер Теңирге келбесек, эч качан билбей калабыз. Бирок эгер оор күн ириминен Кудайга жалынсаң, Анын даңкы сага көрүнүп, сенде ачылат.

2. *Кудай кыйынчылыктарды сени тазалаш үчүн колдонот.* «Машайак биз үчүн денеси менен азап тарткандыктан, силер да ошол ой менен куралдангыла. Анткени денеси менен азап тарткан адам күнөө кылганын коет» (1 Пет.4,1). Мындан чыкты, азап тарткандык менен күнөөлөрүбүз жана өзүмчүлдүгүбүз «күйүп кетет». Кудай бизге сыноолорду, бизди өзүбүз үчүн эмес, а Ал үчүн жашаганды үйрөнүшүбүз үчүн, өзүбүздүн эркибизди эмес, а Анын эркин аткаруучулардан болушубуз үчүн жиберет. Кез-кез бул таптакыр жеңил эмес жана жагымсыз, бирок Кудай, «Өзү ыйык болгонундай, биздин да ыйык» болушубузду каалайт (Эвр.12,10). Дененин кумарларынан бошонуп, эң керектүүгө, демек Ага жабышканыбыз, Теңирге жагат.

3. *Кудай бизди тарбиялаш үчүн, жашообузда кыйынчылыктардын пайда болушуна жол берет.* «Убагында ар бир жаза кубанычтай эмес, кайгыдай туюлат. Бирок ал аркылуу тарбиялангандан кийин, ал адилеттиктин тынчтык берүүчү жемишин берет» (Эвр.12,11). Кудайдын ушундай сабагынан кийин биз алып келген жемиш, чындыгында эле буга, ал үчүн азапка чыдоого татыктуу, анан тоскоолдук кылбай, андан бетер бул Кудайдын жазасына каршылык көрсөтпөй, бардыгын кылышыбыз керек. «Теңирдин жазасын четке какпа, Ал сенин айыбыңды ашкерелегенде, көңүлүңдү чөгөрбө. Анткени Теңир кимди сүйсө, ошону жазалайт. Кабыл алган ар бир уулун уруп-сабайт деп айтылган насаатты да унутуп койдуңар» (Эвр.12,5–6).

4. *Кээде биз душман торуна түшүп калабыз.* Сен бактысыз болуп турганда, душман тойлойт, анткени анын максаты сенин жашооңду жок кылууда турат. Сенин ушундай терс сезимдерди, ачуу, кайгы, сар-санааны кечип жатканыңа ал жоопкерчиликте экендиги сейрек эмес. Бирок мында азырынча сенин да, кимдир бирөөнүн да айыбы жок. Сенин сооронучуң, эгер сен азап тартуу ичинде Кудайга даңктоо ырларын арнасаң, Ал душманды талкалайт жана жашооңду сен элестете да албагандай кылып өзгөртө турганына бекем ишенгениңде жашырылган. Кудай сенин ошондой азаптуу мезгилдерде Анын артынан ээрчишиңди каалайт, Ал сени Ага толук таянууга үйрөтөт.

Эч кимге азап тартуу бизге жакшылыкка жибериле турганы, башыбызга түшкөн оору, каран түн, жоготуу жана көңүл калуу акыр аягы бизге пайдалуу экендиги тууралу угуу жага бербейт. Азаптуу күндөрүбүздө биз эч бир башыбыздан кечип турган ооруларды ойлобой кое албайбыз. Антсе да бизге ар дайыма жардам берүүгө даяр турган Ыйык Рух бар. Библиянын кээ бир котормолорунда Ал Жардамчы деп аталган. Ыйса айтты: «Мен Атамдан өтүнүп сурайм, Атам силерге башка Сооротуучуну, чындык Рухун берет: Ал түбөлүк силер менен болот» (Жкн.14,16–17). Ыйык Рухка жардам, сооронуч сурап кайрылганыбызда, Ал бизге жардам эле бербестен, бирок бизди Өзүнө жакындатат. «Ыйлагандар» катары биз бактылуу болобуз, анткени Сооротуучу бизди сооротот (Мт. 5,4 кара).

Бир нече жыл илгери дос кызым көкүрөктүн залалдуу шишик оорусунан көз жумганда, мен кайгыга жанчылып эле калдым. Биз мектеп партасынан бери курдаш болуп келдик, бул жоготууну мен кантип көтөрө турганымды элестете да албадым. Баарынан оору мага жерге койгондун биринчи күнү

болду. Мен эч бир ачуу чындык менен бой суна албай койдум, көзүмдөн жаш жаандай төгүлүп турду. Буга кошумча, колумда багып өстүрө турган анын сегиз жашар баласы калды (ошол учурда өзүмдүн да эки — алты жана жети жаштагы балдарым бар эле). Мен бул оор жүктү көтөрүп кетип, өз кезегинде баланын кайгыга алдырбашына жардам бере алышыма Кудайдын жардамын сурадым. Ар убак Кудайга колдоо, сооронуч бериши үчүн кайрылган сайын, Ал сыйынуума жооп берип турду. А муну мен күн сайын кылып турдум.

Ар качан сен оор жүгүңдөн көтөрүлгөн сайын, Теңирдин жакшылыгына, тынчтыгына жана жарыгына бөлөнөсүң, ишенимиң өсөт. Кудай сени бардык азап-кайгыда сооротуп, бата эле бербестен, дагы башкалардын кайгысын бөлүшүүнү да үйрөтөт. Эгер сен Теңирдин катышуусунда жашап жатсаң, Анын даңкы сага ачылып берилет.

## *Сыйынуу*

*Теңирим,* турмушумда кандай гана караңгылык каптабасын, Сен — менин түбөлүк, өчпөс жарыгым экениңди эсимден эч качан чыгарбаганга мага жардам бер. Жашоомдун асман мейкиндигин кандай калың туман чулгабасын, Сен мени алааматтын үстүнө көтөрүп, мага бейкуттукту тартуулайсың. Сен гана менин жоготкондон алган жүгүмдөн бошотуп, орду толбос боштукту Өзүңдүн жакшылыгыңа толтура аласың. «Мен чакырганда, үнүмдү ук, мени актоочу Кудай! Кысталыштарда Сен мага эркиндик берип тургансың. Мага ырайым кыл, сыйынуумду ук» (Заб.4,2).

Оор мезгилдерде алсыз болбой, а күчтүүрөөк болгум келгендиктен, кайгы тарткан, азаптуу күндөрүмдө менин жанымда болушуңду Сенден өтүнөм. Шектенүүгө алдырбай, ишенимде өскүм келет. Сыноо күндөрүндө үмүт мени калтырбашын каалайм, үмүтсүздүккө түшүп кетким келбейт. Сезимдер шап эте ороп албашы үчүн, Сенин чындыгыңда бекем тургум келет.

Сага ыракмат, Сага «таянгандыктан», [менин] жүрөгүм бекем», жаман кабардан коркпостон тура алам (Заб.11,2 кара). Сага ыракмат, «Сен менин жанымды өлүмдөн, көздөрүмдү жаштан, буттарымды мүдүрүлүүдөн куткардың» (Заб.114, 8). Сага ыракмат, Сенин артыңдан ээрчип, үмүт кыла алам, мен «өлбөйм, жашай берем, Теңирдин иштерин жарыя кыла берем» (Заб.117,17). Эгер «менин жаным кайгыдан алсырап бара жатса», суранам, мага «Өзүңдүн сөзүң менен күч бер» (Заб.118,28 кара).

Бардыгы үчүн Сага ыраазычылык айтканды эч качан унутпаганга жана Сен бүт жерде падышачылык кыларыңды унутпаганга мага жардам бер. Сен менин күнөөлөрүмдөн куткарып алганыңды жана мен Сага таандык экенимди эч качан эсимден чыгарбайын, мага мындан артык эч нерсе жок. Мен билем: мен суулардан өтүп бара жатканымда, Сен мени мененсиң, мен дарыялардан өтүп бара жатканымда, алар мени чөктүрбөйт. Оттон өтүп бара жатканымда, күйбөйм (Ыш.43,1–2 кара). Бул ушундай, анткени Сен жакшысың, Сен Өзүңдүн Ыйык Рухуңду мени сооротууга жана жардам берүүгө жибергенсиң. Мен сага сыйынам, о үмүттүн Кудайы, «Ыйык Рухтун күчү менен үмүткө бай болушум үчүн»

(Рим. 15,13), мени кубанычка, тынчтыкка жана ишенимге толтур. Сен Өзүңдүн Ыйык Рухуңду менин Сооротуучум жана Жардамчым кылып жибергениң үчүн ыракмат. Оор кезеңдерде бул тууралу эсиме салып тур.

## Сиздин сыйынууларыңызды бир кыйла таасирдүү кылууга жөндөмдүү БИБЛИЯДАН АЛЫНГАН АЯТТАР

Сүйүктүү бир туугандар, сыналышыңар
үчүн жиберилип жаткан оттуу сыноону жат нерсе
катары өгөйлөбөгүлө. Тескерисинче, Машайак тарткан
азапка ортоктош болуп жаткандыгыңар үчүн
кубангыла, анткени Анын даңкы көрүнгөндө,
кубанычка жана шаттыкка бөлөнөсүңөр.
*1 Пет.4,12–13*

Бизди Машайак Ыйса аркылуу Өзүнүн түбөлүк
даңкына чакырып алган жана ырайымдын булагы
болгон Кудай бир аз убакыт азап тартканыңардан
кийин, силерди Өзү жеткилең, бекем,
кайраттуу жана туруктуу кылат.
*1 Пет.5,10*

Теңирден үмүттөн, кайраттуу бол,
жүрөгүң бекем болсун, Теңирден үмүттөн.
*Заб.26,14*

...Руху жакырлар бактылуу, анткени Асман
Падышачылыгы алардыкы. Ыйлагандар
бактылуу, анткени алар сооронушат.
*Мт.5,3–4*

Теңир азыр жана түбөлүккө сени чыкканыңда да,
киргениңде да сактайт .
*Заб.120,8*

# ЖЫЙЫРМА ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

# ТЕҢИРИМ, МАГА КҮНӨӨЛҮҮ АЗГЫРЫКТАРГА КАРШЫ ТУРУУГА ЖАРДАМ БЕР

Эмне үчүн бардыгында ийгилик коштогон жаш адам, буга, бардыгын жоготууга макулдук берет? Мен бир музыкага шыктуу, сымбаттуу, кайраттуу, бай, артыкчылыгы ашкан, кадырлуу, үй-бүлөлүү, Теңирден батага ээ болгон жаш жигитти билем. Буларын бардыгына кошумча дагы ал өз өлкөсүнүн коркунучтуу душманын жалгыздыкта жеңип берген. Бирок, ушунун бардыгына карабай, ал азгырыкка түшүп, күнөөгө ушунчалык батып кетти.

Дөөт падышанын өтө көп бош убактысы болгон көрүнөт, ал буту басып барбашы керек болгон жерлерде болуп калды. Падышага ылайык болгондой, башка эркектер менен бирге согушта болгондун ордуна, өз сарайынын төбөсүндө сейилдеп, кошуна үйдүн короосундагы аялдарга көз салып жүрөт. Эң чоң катасы, бул ар бирибиз менен болушу мүмкүн болгондуктан, анын азгырыкка кириши эмес, а бул, ал жерден бурулуп, качып кетип, токтоосуз Кудайга тобо кылуу менен кайрылбаганы болду. Дөөт караганын улантып тура берди. Ал ойлонуп, ниет кылды. Ал тагдырын Кудайдын колуна

тапшыргандын ордуна, дене кумарынын жеңишке жетишине жол берди. Мунун кесепетинен ал киши өлтүрүүчү, ойноштук кылуучу болду, мунусу үчүн башынан көп азапты өткөрүп, арасында өз баласынын өлүмүн кечип, калган бүт өмүрүн төлөдү.

Ыйса дагы азгырыктан качып кеткен жок, бирок Ал Дөөттөй эмес, туура мамиле кылды. Дөөт дененин тилине ээрчиди, а Ыйса анткен жок. Ыйса Кудайдын Сөзүндө бекем турду, а Дөөт болсо ал жөнүндө унутуп калды. Мен узак өмүр сүрүп келем, өз өмүрлөрүн кумарларга курмандык кылган аял-эркектерди көп көрдүм. Бизди ар кандай азгырыктар чалат. Баарынан көп адамдар денелик кумар торуна түшүшөт. Таланттуу адамдардын кандай гана, каалоолорунун айынан сокур болуп, Кудай аларга дайындаган өмүр менен белектерди четке какканын мен көрдүм. Алар кулашты, метеориттердей кулашты, күйүп кетишти, болбосо азыр жылдыздардай жаркырап турушмак. Ал тургай, алар өз күнөөлөрүн жуушуп, кайра жаңыланышса да, эми алар менен мурда бирге болгон Кудайдын майлоосун өздөрүнө кайра кайтара алышкан жок.

Ойноштук кылып, адамдар күнөөнүн курмандык чалынуучу жайына өз өмүрлөрүн салат. Ырас, эгер алар күнөөлөрүнөн тобо кылышса, алар кечирилишет, айыгышат, буга карабастан эми алар болсо, эгер бул күнөөнү жасабай турганда ала турган нерсени, эч качан ала алышпайт. Дөөт кечирим алып, айыккан, бирок эң кымбатын — өз баласын жоготту, ошондон баштап анын падышачылыгы караңгыланды, бир кырсык, анан бир башкасы болуп олтуруп, ага эң сүйүктүү жана жакын адамдарынын өлүшүнө чейин жетти. Кудай аны мурдагыдай эле сүйүп келди, бирок кылынган күнөөнүн кесепети дайыма бар. Адамдар, дененин каалоосуна орун бере, канчалык көптү жоготорун түшүнүшпөйт. Алардын жашоо-

сундагы жарык эми, эгер алар дененин чакырыгына ээрчибегенде жаркырай алгандагыдай, ачык жаркырай албайт.

Мен алган өтө көп сандаган каттардан улам, карама-каршы жыныстагы жүздөргө, акылга туура келбеген жыныстык катнашка тартылуу эркектер менен аялдардын арасындагы олуттуу көйгөй болуп саналарын билдим. Адатта кыялын жүзөгө ашырууга чейин жетпейт, бирок адам өз кыялдануусун уланта берет. Антсе да, белгилүү болгондой, күнөөлүү ойлор дагы олуттуу кесепеттерге ээ боло алат. Адатта жыныстык күнөө мындай ойлор менен уурданып кирет: «Бул адам жөнүндө мен өмүр бою эңсеп келгем, менин турмушта экендигим же анын үй-бүлөсү бар экендиги эч кандай мааниге ээ эмес»; «Балким, мунун жаман эч жери жок, болбосо, мен бактылуу болмок эмесмин»; «Мен эмне кааласам, ошого жетем»; «Бул тууралу эч ким билбейт»; «Бул, тагдыр, эмеспи».

Шайтанга, сенден Кудайдын баталарын уурдап, бул кир ойлорду сага асышына жол бербе. Биз талантты, кеменгер акылды же көрүнүктүү келбетти жогору баалаганыбыздын эч жаман жагы жок, антсе да эгер сен аны менен никеде турбаган болсоң, эсиңден чыгарба, ал сен үчүн Теңирдеги тууганың гана болот. Эгер өзүңдөн кайсы бир эркекке татыксыз тартылууну байкап калсаң, дароо Кудайдын алдында бул каалооңду моюнга ал да, Анын сени андан бошотушун суран. Анан шайтанга аны ниетинен тутуп алгыныңды, сендеги Кудайдын мурасын уурдап, сени өлтүрө албашын айт. Керек болсо, орозо тутуп сыйын, бул душман чеби кулатылсын. Ал жеңилмейинче, чегинбе. «Азгырылып кетпеш үчүн, сергек болгула жана сыйынгыла, анткени рух сергек, дене алсыз» (Мт.26,61). Сага канчалык көп жөндөмдөр берилген болсо, аларды уурдап алыш үчүн, ошончолук душман катуу чабуул кылат.

## Эске тутуп жүрүүбүз керек болгон азгырык жөнүндөгү алты чындык

1. *Ким:* өздөрүнүн машайакчылык жакшылыктары менен сыймыктанган, рухийлиги жана күчтүүлүгү менен мактанган адамдардын өзгөчө кандай оор кулаганын көрдүм. Буга карабай, алар төмөн кетишти, бирок тобо да кылышкан жок. Биздин текебердигибиз кулашыбызга түрткү беришине жол кое албайбыз.
2. *Эмне:* эмне гана болбосун күнөө кылууга түртүшү мүмкүн. Бөтөнчө сексуалдык азгырыктын торуна түшүү коркунучу жогору. Азгырылуунун дагы башка түрлөрү бар, мисалы, акча, бийлик. «Тескерисинче, ар ким өзүнүн кумарына берилип, алданып азгырылат. Кумар түйүлүп, күнөө туулат. Ал эми кылынган күнөө өлүмгө дуушар кылат. Сүйүктүү бир туугандарым, алданбагыла!» (Жкп.1,14–16). Душман алсыздыгыңды сени азгырыкка киргизиш үчүн колдонот. Дененин каалоолоруна каршы күрөшө алышың үчүн Кудайдан күч сура.
3. *Качан:* эрежеге ылайык, азгырык сен көптөн көп күтпөгөн кезде жана ачык турганыңда, кокустан сени басып калат. Эгер сен, азгырыктан өз алдымча чыгып кете алам деп ойлоп алсаң, алданып калуу коркунучу бар. Эң жакшысы бул көйгөй тууралуу Кудайга айтып бер, а ошондон кийин ишенүүгө боло турган жана сен үчүн бирге сыйына турган адамды тапканга аракет кыл. Азгырык көз ирмемде эле жоголуп кетет деп үмүттөнбө. Бул качан гана болбосун, ар дайым коркунуч өтө жогору жана башыңдын үстүндө асылып турчу опуза анык.
4. *Кайда:* кай жерде гана болбосун азгырыкка түшүү мүмкүн: жыйында, жумушта, үйдө, автобуста, учакта. Ал

сага, сен көптөн көп күтпөгөн жерде жетиши мүмкүн. Бул кайсы гана жерде болбосун, күчүңдү жыйып, сени азгырган нерседен алыс тур. Эгер сени таттуу азгырса, кондитер мекемесине жакындаба, анткени андан чыккан, буркураган жыт сени акылыңдан алдырат, сен болсо калчылдай баштайсың. Эгер сени кайсы бир эркек азгырса, ага такыр жолобо. А эгер бул мүмкүн болбосо, аны менен жалгыз калба. Сени азгырган ар кимден бөлүн, ар кайсыл адепсиз каалоого каршы турганга Кудайдан күч сура.

5. *Эмнеге:* душман сени азгырат, анткени Кудай жашооңдо улуу өзгөрүүлөрдү аткарууну каалай турганын билет. Ибилис сенде бир нече көз ирмемдик ырахат үчүн, бардыгын таштаганга жетиштүү акылсыздык бар деп үмүттөнөт. Ал сен кылган күнөө, сага эле зыян алып келбестен, башкаларга да тиерин билет, демек душман бир эле убакта бир нечесин өлтүргүсү келет. Анын тузагын көрөрүң менен, дароо ага өмүрүңө балта чаптырганга жана башка адамдарга кыянат кылганга жол бербей турганыңды айт.
6. *Кантип:* азгырыктар кандай гана болбосун, эсиңден чыгарба, бул сени өлтүргүсү келген ибилистин колундагы иш. Ал алсыз жериңди табат, муктаждыктарыңды караштырат, коргоочусу жоктугуңду колдонуп, жеңил эле сени күнөөгө түртүүгө, бардык күчүн жумшайт. Так мына ошондуктан алсыздыктарыбыздан арылып, толук кандуу инсандардан болушубуз ушунчалык маанилүү, мунубуз менен душмандын жашообузга колу жете турган жолдордун бирин тосуп кое алабыз.

Баарынан жакшысы, азгырыкка кирерден *мурун* сыйына баштоо, болбосо, ал сага кирип келгенде, ага күчүңдүн жетүүсү алда канча оор. Ыйса бизге, биз колдоно ала турган

сыйынуу үлгүсүн берди: «...азгырылышыбызга жол бербе, бизди жамандыктан сакта» (Мт.6,13 кара). Ыйсанын көрсөткөн үлгүсүн кайталап, Ал кандай душманды Кудайдын сөзү менен ашкерелегендей, биз да кыла алабыз. Биз «Машайак бизге тартуулаган эркиндикте жашап, кайрадан кулчулуктун моюнтуругун кийбей» (Гал.5,1) кое алабыз. Биз «Өзү сыналып азап чеккендиктен, сыналып жаткандарга да жардам бере алган» (Эвр.2,18) Теңирдин атынан сурана алабыз.

Азгырык башыма эми келе албайт деп эч качан ойлобо. Канчалык жашың өткөн сайын, ошончолук шайтандын бутасы болуу мүмкүнчүлүгүң чоң. Көптөгөн адамдар так ушу жеткилең курагында, азгырыкка дайыма күрөшө ала алчудай эсептей баштаганда, Кудайдан кайтып кетишет. Убактылуу гана ишенип, сыноо убагында ишенимден четтеп кеткен адам болбошубуз керек (Лк.8,13 кара). Ыйса Өз шакирттерин «азгырылып кетпеш үчүн» сыйынууга чакырган. Бул чакырык бизге да таандык.

Азгырык Ыйсанын башына тикеден-тике Анын өмүрү жана жашоосу кескин бурум алдында келди. Буга ылайык, ал сенин да башыңа — так өмүрүңдүн улуу окуясы болор алдында келет. Буга даяр бол да, муну эсиңден чыгарба, азгырык кандай гана күчтүү болбосун, « ...[сенин] ичиңдеги Рух бул дүйнөдөгү рухтан чоң» (1 Жкн.4,4). Сенде душманды жеңе ала турган күч бар.

## Сыйынуу

*Теңирим,* душмандын торуна түшпөшүм үчүн, акыл-эс жана рухум менен күчтүү болгонго жардам

бер. Азгырыкка киришиме жол бербе, бирок мени шайтандын илмектеринен сакта. Артыкча мени ...(сени өзүнө тартып жаткан азгырыктарды ата) тынчсыздандырып жатат. Ыйса Машайактын атынан азгырык мени кишендеген кишендердин бардыгын үзөм. Мени Сенин баталарыңдан куру калтырып, азгырыкка кириптер кыла ала турган бардык нерсеге каршы тура алышым үчүн, мага күч бер.

Мен менде ыймансыз каалоолорго май тамызчу кылык жорук же бир сөз айтар жашыруун кылтык ой болбосун деп сыйынам. Сенден суранам, жашоомдо тегерегимдегилерден жашыруун уят иш жасай турган көмүскө жер болбосун. Караңгылыктын жемишсиз иштерине аралашкым келбейт. Мунун ордуна шайтандын иштерин ашкере кылганга мага жардам бер (Эф. 5,11 кара). Жолдорумду оңоп, түзө, күтпөгөн жерден душман чыга калып, жүзү каралык менен мени баса калышына жол бербе (Эвр.12,13 кара).

Мен билем, «Кудай тартипсиздикти эмес, тынчтыкты каалайт» (1 Кор.14,33). Мени ар кайсы тартипсиздиктен жана баш аламандыктан сакта. Сенин алдыңда күнөө кылбаш үчүн, өз жолумду айкын көрүшүм үчүн, мага Сенин сөзүңдү жүрөгүмө катып алганга жардам бер (Заб.118,11 кара). Ыйык Рухтун күчү менен күнөөнүн денеде бийлик жүргүзүшүнө жол бербейм (Рим.6,12 кара), дененин күнөөлүү кумарларына баш ийбейм.

Теңир, Сага ыракмат, анткени Сен Өзүңдү чакырганымда угасың, Сенин баталарыңдан куру калтырар азгырыктардан бардыгынан сактайсың (Заб.144,18–19 ка-

ра). Сага ыракмат, анткени Сен «такыбаалларды азгырыктардан кантип куткаррууну» (2 Пет.2,9 кара) билесиң. Сага ыракмат, Сен мени ар кайсы азгырыктардан сактап, тазалыкта сактап жатасың.

## Сиздин сыйынууларыңызды бир кыйла таасирдүү кылууга жөндөмдүү БИБЛИЯДАН АЛЫНГАН АЯТТАР

Сыноолорду башынан өткөрүп жаткан
адам бактылуу. Анткени сыноодон өткөндөн
кийин, ал адам Теңир Өзүн сүйгөндөргө
убада кылган өмүр таажысын алат.
*Жкп.1,12*

Силер адам баласынын башына
келе турган эле сыноолорго туш болдуңар.
Кудай ишенимдүү, Ал силердин көтөрө
алгыс сыноо менен сыналышыңарга
жол бербейт. Сыноону көтөрө алышыңар үчүн,
сыноо учурунда чыгуу жолун да берет.
*1 Кор.10.13*

Ушундай көп күбөлөрдүн
курчоосундагы биз ар кандай түйшүктөн
жана оңой эле чырмап алчу ар кандай
күнөөдөн арылып, алдыбыздагы жарыштын
аягына чыдамдуулук менен чыгалы.
Ишенимибиздин баштоочусу жана
бүтүрүүчүсү болгон Ыйсаны карайлы.
Ал алдыда күтүп турган кубанычтын ордуна,
шылдың болгонуна карабай, айкаш жыгачка
керилип, азапка чыдады, андан кийин
Кудайдын тактысынын
оң жагына отурду.
*Эвр.12,1–2*

Бир туугандарым,
башыңарга келген ар кандай сыноолорду
зор кубаныч менен кабыл алгыла.
Анткени сыналган ишенимиңер
чыдамкайлыкты жаратарын билесиңер.
Бардык жагынан жеткилең,
эч кемчиликсиз болушуңар үчүн,
чыдамкайлык жеткилең аракетке
ээ болушу керек.
*Жкп.1,2–4*

Ошондуктан туруп турам деп ойлогон
адам жыгылып калуудан сак болсун.
*1 Кор.10,12*

## ЖЫЙЫРМА ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

# ТЕҢИРИМ, МЕНИ АЙЫКТЫР ЖАНА ӨЗ ДЕНЕМЕ ТУУРА КАМ КӨРҮҮНҮ ҮЙРӨТ

Эки жыл мурда аз жерден өлүп кала жаздадым. Бир нече ай катар карын аймагындагы оору мени кыйнап келди, анан мен көптөгөн дарылоо мекемелерин кыдырып, көптөгөн жалпы жана атайын адис дарыгерлерге кайрылдым, бирок алардын эч кимиси анык диагноз бере албады. Анализдер дени сак экенимди көрсөтүп турду. Эч ким азабымдын себебин аныктай албады.

Бир жолу түнкүсүн, мурда эч качан көрүп-билбеген, үрөй учурган бир демени баштан өткөрүүгө туура келди: ичимде бир нерсе жарылгандай болду, эгер тез жардам көрсөтүлбөсө, өлүп бартканымды мен түшүндүм. Күйөөм түнкү саат 3.30 да, биз «тез жардам» машинасын күтө албагандыктан, мени ооруканага жеткизди. Андан кийин оорукананын кабылдамасында, эгер мени менен бир нерсе кылышпаса, өлүп бара жаткандыгымды какшап айта, жардам берүүлөрүн жалбарып, бир нече саат жаттым. Менден жанагы эле, мурда бир нече ирет алган анализдердин бардыгын алышты, бирок дагы эле мага эмне болгонун эч ким айтып бере албады.

Күйөөм мен үчүн тынымсыз сыйынып турду, анан оорукага эжем Сьюзан жана жакын курбум Роза келишип, алар да мен үчүн сыйынышты. Алар кимдир бирөө менин дартымдын себебин аныктап, мага жардам бериши үчүн башка адамдардын да сыйынып турушун суранышты. Менде бир эле сыйынуу бар эле: «Ыйса, мага жардам бер».

Мен Кудайдан сурап жаттым: «Чын эле өлө турчу күнүм келип калдыбы?» Антсе да, Кудайдын мага: «Ооба» деген жообун сезе албадым. Ал мага, Анда мен жөнүндө дагы бир ойлогон ою бар экенин түшүнүүнү берди.

Ооруканага түшкөнүмдөн сегиз саат өткөндөн кийин гана, кайраттуулук менен мага билдире алган хирургду чакырышты: «Мен азыр сизге эмне болгонун айта албайм, бирок менимче, сокур ичегиңиз жарылып кеткен көрүнөт. Мен сизди токтоосуз операцияга жөнөтөм. Мүмкүн, мен адашып жатам, бирок биз жок дегенде көйгөй эмнеде экенин аныктайбыз».

Аныкы туура болуп чыкты. Операциядан кийин хирург айтты: «Бир саатан кийин сиз уулуу комага түшүп кетмексиз, мен сизди сактап кала алмак эмесмин». Кудай айыгышым тууралуу сыйынуубузга жооп бергенин, а тиги хирург болсо бул жооптун бөлүгү болгонун түшүндүм.

Операциядан кийин бир нече жума оорукана керебетине көптөгөн түтүкчөлөр менен, буга караганда төрөт толгоосу жагымдуурак болор, оорудан азап чегип, байланып жаттым. Жада калса, үзгүтүксүз сайылып турган морфия да аны толук басаңдата алган жок. Бир жолу эрте менен дарыгер киргенде, мен андан, кантип мындай болору тууралуу сурадым.

«Балким, мен бир нерсени туура эмес кылып жаткан жокмунбу? — деп сурадым. — Мүмкүн, витаминдерди ашыкча алып жаткандырмын? Же өтө аз? Же керек эмесин? Көнүгүүлөрдү аз жасап жатамбы? Же өтө көппү? Мен ар убак

ден-соолугума көз салууга аракет кылып келгем. Болуп жаткан нерседе, мен күнөөлүү эмесминби?»

«Мында сизден эч нерсе көз каранды эмес, — жооп берди дарыгер. — Чындыкка жакыны, бул тукум куучулук».

Аныкы дагы бир жолу туура чыкты. Үй-бүлөмдүн көп мүчөлөрү ушундай дарттардан азап чегип келишкен, бирок мага караганда, алда канча жаш курактарында. Мен ойлогом, эми мени менен буга окшогондор болбойт, анткени туугандарым дартка чалдыккан курак менден өтүп кетти деп. Ошондо бардыгын туура кылууга жумшаган аракетибизге карабай, дарттын организмибизге кирип келишин алдын албагандыгыбызды түшүндүм. Өзүбүзгө кам көрүүгө милдеттүү болсок дагы, баары бир биз Айыктыруучу Кудайга муктажбыз.

## Көйгөйдүн эки жагдайы

Айыгуу жана денеге кам көрүү — эки башка нерсе. Кудайга айыгуу тууралуу өтүнүч менен кайрылып жатып, биз бул — *Анын* иши экенин билебиз, а денеге кам көрүү — *биздин* милдет.

Биздин кулаган пенде экенибизди, эч нерсени жеткилең кыла албашыбызды Кудай билет. Ошондуктан, Ал бизге Айыктыруучубуз катары Ыйсаны жиберген. Антсе да, буга катар Ал бизди Анын бардык жаратуусуна, анын ичинде өз денебизге татыктуу башкаруучулар болушубузга чакырды. Ал биздин чың денеде жашап, денебизге кам көрүп, өзүбүзгө зыян келтирбешибизди каалайт. Ага денебизге туура кам көрүп, Аны даңкташыбыз жагат, анткени ал Ыйык Рухтун ийбадатканасы.

Биздин көпчүлүгүбүз мындай ой жүгүртөбүз: «Менде болгон нерсенин бардыгы, азыктануу менен дене жүгүнөн

башкасы, Теңирдики. Бул менин карамагыма берилген». Же: «Өмүрүм Теңирге таандык, а денем мага карайт, ошондуктан аны менен эмне кааласам, ошону кыла алам». Бирок эгер Теңирге таандык болсок, анда денебиз дагы, башка бардык нерселердей, Ага таандык. Дене камы — жашообуздун Теңирге көз карандысыз, өзүнчө аймак эмес.

Бул иште туура ниет чоң ролду ойнойт, демек, денебизди жаш жана сымбаттуу сактоого умтулууда эмне түрткү берип турат. Ийгилик биздин жеке ниетибизден көп жагынан көз каранды. Эгер биз кооз кийимде сулуу көрүнүшүбүз үчүн эле туура азыктанып, дене көнүгүүлөрдү жасасак, анда жаш өткөн сайын бул ниет өзүнүнү жүйөлүүлүгүн жоготот. Бирок эгер Теңирдин чыйрак, тени сак, толук кандуу кызматчысы болушубуз үчүн, туура тамактанып, спорт менен машыксак, анда кылган иштерибиздин жыйынтыгы түбөлүктүүлүктө чирибес болот, чындыгында, мындан ары дагы келбеттүү калууга дайыма колдоо көрсөтө алабыз.

Элдердин мындай: «Мен денемдин чындыгына кам санабайм, анткени Теңир дартка чалдыкканда айыктырат», — дегендерин сейрек эмес угуп жүрөм. Мындай ойлоо кооптуу жана дагы бул кырсыкка алып келиши мүмкүн. Шайтан бизге болушунча катуурак зыян келтиргиси келет, а биз өзүбүзгө болгон ушундай мамиле менен анын чырагына май тамызып гана турабыз. Сага зыян алып келгендин бардыгынан качып, сага пайда алып келгендин бардыгын аткаруунун тартипке салынышына Кудайдын жадамын сура.

## Айыктыруучуга кол тийгиз

Бардык кылган аракетибизге карабай, кээде ооруп калабыз. Бардыгын туура кылууга болот, бирок өзүбүздү олуттуу дарттардан коопсуз кыла албайбыз. Кээде биз ата-бабаларыбыз-

дан кайсы бир дартка жакындыгыбызды тукум куучулукта алып калабыз. Биз билбей туруп да, үрөй учурган кеселдин курмандыгы болуп, ооруп кала алабыз. Башыбызга караан күн түшүшү мүмкүн. Кудай муну билген, мына ошондуктан бизге Ыйсаны — биздин Айыктыруучубузду жиберди. Анын айыктыруучу колу Кудайдын мээриминин күбөлүгү болуп саналат.

Библия бизге, адамдар жөн эле Ыйсага кол тийгизип, айыгып кетишкени тууралуу баяндайт. «Ал кайсы гана жерге барбасын, айылда болобу, шаарда болобу, кыштакта болобу, оорулууларды ачык жерлерге жаткырып, Андан кийиминин бир четине эле кол тийгизүүгө уруксат сурап жатышты. Ага колун тийгизгендер айыгып жатты» (Мк.6,56). Айыгыш үчүн, биз дагы Ага кол тийгизишибиз зарыл, а бул — Анын катышуусуна кирүү дегенди билдирет. Кудайдын сени айыктырышын сура жана Ал муну Өзүнө жаккандай кылып, Өз убагында орундатарына ишен. Денеңе кам көрүп жатканда, сен болгону — Анын буйруктарын аткаруучу гана болгондуктан, Кудайга кызматташ бол, а Ал — Айыктыруучу.

## *Сыйынуу*

*Теңирим,* Сен — менин Айыктыруучум болгонуң үчүн Сага ыракмат. Мен ар бир жабыркоодо жана ар бир оорудa Сага жардам сурап, жүгүрүп келем. Сенден өтүнөм, бүгүн мени айыктыр, өзгөчө айыгуу тууралуу сыйынам… (<u>Айыгууга муктаж болгон дене бөлүгүн ата</u>). Сенин «Ышайа пайгамбар аркылуу айтылган: «Ал биздин кеселдерибизди Өзүнө алып, ооруларыбызды

көтөрдү» төмөнкү сөздүн аткарылышы үчүн (Мт. 8,17) мени айыктыр. Мен айыгуу, кечирим жана түбөлүк өмүр ала алышым үчүн Сен азап чектиң, курман болуп, көргө коюлдуң. Сенин жарааттарың менен мен айыктым (1 Пет.2,24). Сен келгенде гана айыгып кетеримди мен билем. Сен келгенде, жооп кыла Сен мага кол тийгизишиң үчүн, мен Сага колумду тийгизе алам.

Бир гана Сен эмне мага жакшы, эмне жаман экенин билесиң, суранам муну мага ачып бер. Менден ар кайсы баш катырма жана далилсиз маалыматтарды алып сал жана мага зыян келтирчү азыкты жебегенге жана туура тамактанганга мени үйрөт. Муну Сенсиз кыла албайм, Теңир, анткени Сен гана мени Өз жаратканың катары билесиң. Жакшы келбетте жүргөнгө, өзүмө дайыма колдоо бергенге жардам бер. Мага «денемди зордоп кулга айландырганга» жардам бер (1 Кор.9,27 кара).

Теңирим, Сен Өз Сөзүңдө айткансың: «Элим Мени таанып билбегендиктен кырылды» (Ош.4,6). Эмне туура экенине билбегендиктен өлүп калгым келбейт. Мени үйрөт жана андан ары окуп үйрөнгөнгө жардам бер. Туура кеңеш берген адамдарга мени алып бар; Сенин буйруктарыңды ээрчип, Сен койгон эрежелерди аткарууга жардам бер. Дартка чалдыгып, дарыгерге кайрылууга туура келген учурда, мага дарыгерди таап бер жана кеселди дарылоо ыкмасын тандашы үчүн ага акылмандык тартуула.

Мени баарынан көп... (<u>ден-соолугуңа байланыштуу, көйгөйдү ата</u>) тынчсыздандырат. Теңир, бул мүшкүлдө

жанымда бол жана Өз эркиңди орунда. Мына ушул турган абалда эркиндик жана айыгуу алууга мага жардам бер.

Теңирим, өзүмдүн бардык иштеримде Сени даңазалагым келет. Сен мага берген денеге эстүү мамиле кылганга жардам бер. Мен кечирим сурайм, денемдин кемчилигин соттоп, сындаганым үчүн. Ушул үчүн тобо кылам. Денем менде жашаган Ыйык Рухутун ийбадатканасы экенидигин мен билем. Бул чындыкты бекем эске тутууга жана дайыма ийбадатакананы тазалыкта жана туура тутууга мага жардам бер. Өз денеме туура мамиле кылып, туура кам көрүүгө үйрөт.

## Сиздин сыйынууларыңызды бир кыйла таасирдүү кылууга жөндөмдүү БИБЛИЯДАН АЛЫНГАН АЯТТАР

Ким ооруп жатса, ал Жыйын башчыларын чакыртсын. Алар аны Теңирдин атынан зайтун майы менен майлап, ал үчүн сыйынышсын. Ишеним менен сыйынганда, оорулуу айыгат, Теңир аны бутуна тургузат. Эгерде оорулуу күнөө кылган болсо, күнөөлөрү кечирилет. Ошондуктан айыгышыңар үчүн, бири-бириңерге күнөөлөрүңөрдү ачык айтып, бири-бириңер үчүн сыйынгыла. Адил адамдын күчтүү сыйынуусу көп нерсени аткара алат.
*Жкп.5,14–16*

Мени айыктыр, Теңир, ошондо мен айыгам. Мени куткар, ошондо мен куткарылам. Анткени менин мактанычым Сенсиң.
*Жер.17,14*

Сени болсо сакайтам, жараатыңдан айыктырам, — дейт Теңир.
*Жер.30,17*

Ошентип, ичсеңер да, жесеңер да, эмне кылсаңар да, баарын Кудайды даңкташ үчүн кылгыла.
*1 Кор.10,31*

Жердеги үйүбүз,
бул чатырыбыз, кыйрагандан кийин,
Кудай бизге асмандан адамдын
колу менен жасалбаган имаратты,
түбөлүк үйдү, берерин билебиз.
*2 Кор.5,1*

## ЖЫЙЫРМА ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ

# ТЕҢИРИМ, МЕНИ ЖАЛГАН КОРКУНУЧТАН БОШОТ

Көп жыл мен тынч душка түшө алчу эмесмин, анткени *Психоз* тасмасынын жүрөк үшүн алган көрүнүштөрү дайыма мени куугунтуктап жүрчү. Бул тасманы жаш кыз курагымда көрсөм деле, ошондон бери душ алдында жуунудан коркуп келгем. Теңирге жаңы эле ишенип калган кезимде бир машайакчы бул коркунучтан бошонушум үчүн сыйынды, мына акыры мен өзүмдү жеңил кармап, көзүмдү жума, суу агымына ырахаттана алам.

Мындан сырткары, мен өлүмдөн, ачкачылыктан, жолу жоктуктан, аба жолдорунан, кырсыктардан, ийнеден, бычактан, жоголуп кетүүдөн, ташталып калуудан, ооруп калуудан, жараат алуудан, караңгылыктан, белгисиздиктен, адамдардын пикирлеринен жана жалгыздыктан коркчу элем. Бирок Теңир мени бул коркунучтардын бардыгынан бошотту. Алардын кээ бирлеринен атайын сыйынып арылдым, а кээ бирлери Кудайдын эркин аткарып, Анын сүйүүсүндө болгонумда, өздөрү эле жок болду.

Биздин коркунучта жашашыбызды Кудай каалабайт, анткени, коркунуч эч качан Андан келбейт. Дүйнө коркунуч-

ту иштеп чыгарат: кинодон көргөнүбүз, гезит жана китептерден окуганыбыз бизди коркутат. Адамдардын кылыктары менен сөздөрү дагы бизде коркунучту туудурат. Душман бизди эмне менен гана болбосун, алардын ичинде келечегибиз менен да коркутат. Биз корккон кырсык, чын эле башыбызга түшүп калат деп кооптонобуз. Бирок чындыгында коркунуч биздин үстүбүздөн бийлик кылбашы керек.

## Жалган коркунуч

Адамга жарашкан бир гана коркунуч бар, бул — Теңирден коркуу. Калган бардыгы — жалган. Биз Кудайдын алдында кастарлаган коркунучта, бизге азап чегүү алып келген башка коркунучтарга алдырбай жашоо үчүн сыйынышыбыз керек. Өтө кеңири таралган коркунучтардын бири болуп адамдын алдындагы четке кагылып калуу саналат. Бул сыйыртмакка көп учурда түшүнбөй туруп, илинип калабыз. Бул тууралуу бирөөнүн айтканын эмес, а Кудай эмне айтканын көп ирет эстеп турууга туура келет. Кабыл алуу менен кубаттоодо адамдарга эмес, а Кудайга кайрылышыбыз керек. Эгер жүрөгүбүздө Кудай биринчи орунда турбаса, биз дайыма адамдардан корко беребиз. «Адамдардан коркуу тузак коет, ал эми Теңирден үмүттөнгөн адам коопсуз болот» (Накыл.29,25).

Дүйнөдө коркконго көп шылтоолор бар. Кээде жандүйнөңдүн үшүн алдырууга бир жаңылыктар түрмөгүн көрүү эле жетиштүү. Жада калса өзүбүздүн жеке апыртмаларыбыз деле бизди коркута алат. Бирок Кудай бизди ар кандай коркунучтан бир ирет жана түбөлүккө бошоткусу келет.

## Жалган коркунучтан бошонуунун ишенимдүү төрт жолу

1. *Сыйынуу.* Библияда коркунучтарыбыздын себеби, сүйүүдөгү жеткилең эместигибиз болуп саналаары айтылат. «Сүйүүдө коркунуч жок. Тескерисинче, жеткилең сүйүү коркунучту жок кылат, корккон адам кыйналат. Корккон адамдын ичиндеги сүйүү жеткилең эмес.» (1 Жкн.4,18). Кудайдын сүйүүсүн гана жеткилең деп айтууга болот. Анын сүйүүсүндөгү жеткилеңдикке, эгер Ага мүмкүн болушунча жакын болуп, Анын сүйүүсүнө толуп турганда гана, бир гана ушундай учурда өсүү мүмкүн. Эгер сен ушундай кылсаң, Теңир сени бардык коркунучтарыңдан бошотот.
2. *Ойлоруңду башкара билүү.* Дүйнөдө болуп жаткан окуялар жөнүндөгү жаңылыктар, бизге сейрек эмес коркунуч салат. Дүйнөдөн кайсы маалыматтарды кабылдап жатасың? Балким, бул маалыматтардын кайсы бир бөлүгү сени коркутат? Муну өзгөртүүгө болобу? Коркунучтуу тасмаларды көрүүгө барасыңбы же телевизор аркылуу «үрөй учургуч» көрөсүңбү? Эгер ооба, болсо, анда анын ордуна Кудайдын Сөзүн оку. Эгер жаңылыктар түрмөгү сени коркутса, анда аларды көрбө, же бул көрсөтүүлөрдө баяндалган адамдар жөнүндө сыйын. Сени Кудайга жакындата турган нерсенин бардыгын жаса (мисалы, табынуу гимндерин угуп же даңктоо ырларын ырдаса болот). Кудай келгенде бардык коркунучтар жоголуп кетет.
3. *Кудайдын Сөзүндө болуу.* Мага коркунучтуу болгон сайын, мен Библия окуп кирем, ар ирет коркунуч мени калтырып кетет. Кудайдын биздин коркунуч тууралуу эмне айтканын укканда, бардыгы өзгөрүлөт. А Кудайдын айткандарын жарыялоо — ар кайсы коркунучка

каршы кубаттуу курал. Библиялык ар бир бөлүм коркунучту кууп чыга алгандыктан, сөзүз эле коркунуч тууралуу аяттарды так терип окуу же сөз келтирүү зарыл эмес, анткени Жазуунун ар бир барагында Теңирдин Рухунун катышуусу бар.

4. *Кудайдан коркуп жашоо.* Теңирди канчалык көп таанып биле баштасаң, ошончолук Анын мүнөзүн түшүнө баштайсың, ошончолук Анын алдыда Аны кастарлап, урматтап тургуң келет, ошончолук Анын нааразычылыгын туудуруудан корко баштайсың. Бул сезим Кудайдан коркуу деп аталат, так ошол сени Теңирге баш ийүүгө түртөт. Ушул кудайлык коркунуч сага Кудайга жакындоо каалоосун пайда кылат. Теңирдин алдындагы коркунучка ээ боло, Анын кудуреттүүлүгү алдында, бардыгы бозоруп кеткендиктен, мурда сени коркуткан нерселердин бардыгын унутасың. Эгер сенде Кудайдын коркунучу жашаса, сен бир гана нерседен — Теңирдин баталарынан куру калуудан коркосуң жана Ансыз өмүрүңдү коркунуч менен элестетесиң.

## Теңирден коркуу

Нухтун өмүрү — Теңирден корккон адамдын жашоосунун көрүнүктүү үлгүсү. Аны топон суу алдында кеме курууга козгогон жалгыз ниети анын ичинде жашаган Кудайдан коркуу болгон. «Ишеними аркылуу Нух пайгамбар али көрүнө элек нерсе жөнүндө аян алып, өз үй-бүлөсүнүн куткарылышы үчүн, Кудайдан коркуу менен кеме курган. Өз ишеними менен ал бүткүл дүйнөнү айыптады, ишенимдин негизинде адилеттиктин мурасчысы болду» (Эвр.11,7). Нух кемени курганча, адамдар аны келекелешти, бирок ал Кудайга болгон ишениминде бекем эле. Ал адамдардын эмес, а Теңирдин

оюна кулак төшөдү. Жыйынтыгында ал куткарылып калды. Эсиңден чыгарба: «Кудайдан корк, Анын буйруктарын аткар, анткени бул — адам үчүн эң керектүү» (Нас.12,13). Сенин куткарылууң мына ушунда.

## Теңирден коркуу менен жашап, ала турган жети жакшылык

1. *Кудайдын багуусундагы жакшылык.* «Теңирден корккула, Кудайдын ыйыктары, анткени Кудайдан корккондор эч нерсеге муктаж болушпайт» (Заб.33,10).
2. *Кудайдын коргоосундагы жакшылык.* «Теңирден коркуу өмүргө алып барат, Теңирден корккон адам дайыма ыраазы болот, анын башына жамандык келбейт» (Накыл.19,23).
3. *Кудайдын ырайымындагы жакшылык.* «Анткени асман жерден кандай бийик болсо, Теңирден корккондорго Анын ырайымы ошондой зор.» (Заб.102,11).
4. *Кудайдын ак көңүлдүүлүгүндөгү жакшылык.* «Сенде Өзүңдөн корккондор үчүн сактап койгон, адам баласынын алдында Өзүңө таянгандар үчүн даярдап койгон жакшы нерселер көп!» (Заб.30,20).
5. *Кудайдын берешендигиндеги жакшылык.* «Моюн сунуудан кийин, Теңирден коркуу, байлык, атак-даңк жана өмүр келет» (Накыл.22,4).
6. *Кудайдын жардамындагы жакшылык.* «Ал Өзүнөн корккондордун каалоосун аткарат, алардын зар-муңун угат, аларга жардам берет» (Заб.144,19).
7. *Кудайдын колдоосундагы жакшылык.* «...Теңирден коркуу жамандыктан алыстатат» (Накыл.16,6).

Кудайда сыр бар. Бул, ал сенден бир нерсени жашырат дегенди билдирбейт. Болгону Ал сенин Аны издеп, Ага жакындашыңды жана Анын сырларын өзүң ачышыңды каа-

лайт. «Теңирдин жашыруун сыры — Кудайдан корккондорго, Ал Өзүнүн келишимин ошолорго жарыялайт» (Заб.24,14). Кудайга сенин Ага тил алчаак болуп, Аны менен баарлашканың, Аны менен сен экөөңөрдүн ортоңордогу мамиле Ага Өзүн сага тартуулаганга жана сага белгисиз болгон, эгер Ал Өзү ачып бербеген болсо, ошол бойдон кол жеткис болуп кала берүүчү, жаңы нерселерди ачып берүүгө жол берилишин калайт. Эгер сен Кудайга жакын болуп, тынчтыкта жана бейпилдикте Аны угуп турсаң, бир жолу Ал сени менен жай үнү менен сүйлөп кирет, ошондон кийин жашооң бүтүндөй өзгөрөт. Мына ушул заматта сенин бардык коркунучтарың жоголот. Кудайдын бүгүн сага сүйлөшүн сура.

## *Сыйынуу*

*Теңирим,* менин жарыгым, менин куткаруучум, Сен менин күчүмсүң. Кимден коркмок элем? Мага бүтүндөй кошуун каршы чыкса да, менин жүрөгүм коркпойт (Заб.26,1–3 кара). Мен бекем жана кайраттуу болом, анткени мен кайда барсам, Сен ошол жерде мени менен болоруңду билем (Жаш.1,9 кара). Мени ар кайсы жалган коркунучтан бошот, анткени бул коркунуч Сенден эмес.

Акылым менен жүрөгүмдү коркунучтун рухунан сакта. Бүгүн мен мына булардан корком... (эмнеден корксоң, ошону ата). Коркунучту алып салып, ордуна мага жеткилең сүйүү бер. Эгер менде коркунучту туудурган ойлор бар болсо, аларды мага ачып бер. Эгер

өзүмө көңүл буруп, Сенден алыстап бараткан болсом, муну токтотууга жардам бер, өзүмө эмес, а Сага кунт коюп караганга мага күч тартуула. Коркунучка өзүмдү багындырып бергенге жол бергенимде, мага көрсөт, андан арылууга жардам бер. Адамдар тарабынан четке кагылып калуу коркунучунан мени бошот, мунун ордуна мага Сенден коркууну тартуула.

Сенин Сөзүңдө айтылган, Сен адамдардын жүрөгүнө Өзүңдөн коркуу сезимин саласың, аларга ырайым кыласың, алардан баш тартпайсың (Жер.32,40 кара). Сенден мага да ушундай кылышыңды суранам. Мен билем, Сен мага коркунучтун рухун берген эмессиң, ошондуктан андан баш тартам жана анын ордуна мага Сенин сүйүүңдү, тунук акылыңды, демек Сен мага дайындаган бардык нерсени беришиңди Сенден суранам. «Сенде Өзүңдөн корккондор үчүн сактап койгон... даярдап койгон жакшы нерселер көп!» (Заб.30,20). Жана «солкулдабаган Падышачылыкты кабыл алган [мен] Кудайга ыраазычылык билдирип, коркуу жана урмат көрсөтүү менен» өмүр бою Сага жаккандай кызмат кылайын (Эвр.12,28 кара).

Сага ыракмат, анткени Сен мага «Теңирден коркуу өмүргө алып барат, Теңирден корккон адам дайыма ыраазы болот, анын башына жамандык келбейт» (Накыл.19,23) деген чындыкты ачып бердиң. Жүрөгүмдү Сенин атыңдын алдындагы коркунучка бекемде, Сага жагып, шайтандын оюн буза алгандай болоюн. Сенден корккондордун бардыгы, эч качан эч нерсеге муктаж болбогондугу үчүн Сага ыракмат.

## Сиздин сыйынууларыңызды бир кыйла таасирдүү кылууга жөндөмдүү БИБЛИЯДАН АЛЫНГАН АЯТТАР

...Анткени Кудай бизге коркунучту эмес, күчтү, сүйүүнү жана өзүн өзү башкара билүүнү берүүчү Рухту берген.
*2 Тим.1,7*

Сүйүүдө коркунуч жок. Тескерисинче, жеткилең сүйүү коркунучту жок кылат, корккон адам кыйналат. Корккон адамдын ичиндеги сүйүү жеткилең эмес.
*1 Жкн.4,18*

Сенин чындык жолуңда жүрүшүм үчүн, мени Өз жолуңа сал, Теңирим. Сенин ысымыңдан коркуп турушум үчүн, жүрөгүмдү бекемде.
*Заб.85,11*

...Мени чакырасыңар, бирок мен силерди укпайм. Мени таң заардан издейсиңер, бирок таппайсыңар. Анткени алар билимди жек көрүштү, Теңирден коркууну тандап алышкан жок.
*Накыл.1,28–29*

Кулагыңды акылмандыкка төшөсөң, жүрөгүңдү ой жүгүртүүгө бурсаң, билимди чакырсаң, акылга кайрылсаң, аны күмүш менен кенчти издегендей издесең, Теңирден коркуу деген эмне экенин түшүнөсүң, Кудай жөнүндөгү билимге жетесиң.
*Накыл.2,2–5*

## ЖЫЙЫРМА БЕШИНЧИ БӨЛҮМ

# ТЕҢИРИМ, САГА КЫЛГАН КЫЗМАТЫМ АРКЫЛУУ АДАМДАРДЫН ЖҮРӨКТӨРҮНӨ ТИЙГЕНГЕ МАГА ЖАРДАМ КӨРСӨТ

Өткөн айлардын жүрүшүндө, *Сыйынуучу колуктунун күчү* китебимдин үстүнөн иштеп жатканымда, мен эч качан айта элек сыйынууга мени Ыйык Рух кандай алып келгенин сездим. Мен дайыма Кудайдан китептин жазылышына жардам сурап келгем, бирок бул жолу Ыйык Рух таптак айкын мени бул китеп көптөгөн адамдардын жүрөгүнө тийиши тууралу сыйынууга ойготту. Буга чейин үч китепти жазып койгом, бирок бул тууралуу сыйынуу каалоосун бир да жолу баштан өткөрбөгөм. Мен өз ой-сезимдеримди сыйынуу тобу менен бөлүштүм, топтун мүчөлөрү мени толугу менен колдошту, анан бардыгыбыз чогуу бул китеп Кудайдын жардамы менен жер жүзүнүн бардык булуң-бурчтарына жетип, ар кайсы тилдерге которулушу жөнүндө сыйындык. Мен өзүм ишене албай турдум, ушундай улуу иш жөнүндө сыйынууга кайраттуулук алып жатканыма, бирок сезип турдум, Кудайга так ушундай сыйынуу жагып турган. Бул тууралуу эми китеп жарыкка чыккандан кийинки ар жумада сыйынып турдук.

Акыркы жети жылдын ичинде дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрүнөн басып чыгаруучулар мага китепти алардын өлкөлөрүнүн тилине которуу жана чыгаруу уруксатын алууга кайрылышты. Көп өтпөй китебимдин француз, немец, португал, голланд, венгер, корей, испан, япон, индус, индонез жана африкан тилдериндеги экземплярларын ала баштадым. Анан ар бир жолу жүрөгүм кубанычтан катып калып жатты, анткени Кудай сыйынуума ушундай керемет жол менен жооп берди.

Бир жолу китебимдин кытай тилиндеги экземплярын алып, ыйлап жибердим, анткени менин оюма да келбеген сонун нерсе болду. Мен эч качан көрбөгөн, асыл зат кытай аялдары жөнүндө ойлодум, алар китебимди кандай окуп жана өз үй-бүлөлөрү тууралуу сыйынууну үйрөнүп жаткандыгын көз алдыма келтирдим. Албетте, мен дүйнөнү бүт кыдырып, бардык окурмандарым менен жолугуу колдон келбейт. Кытайга бара албадым — эми качан бир бара аларым күмөн, — бирок Кудайдын мен аркылуу берилген сөзү ал жакта болуп келди. Бул адамдар эч качан мени менен бетме-бет кезигишпейт, бирок алар Кудайды жакшыраак таанып калышат.

Сыйынуунун кандай сонун жообу! Мен досторум менен көп ирет Кудайга бул сыйынууну алып келген биринчи күндү эскердик. Азыр Кудай ага жооп бергенине кубанып турдук. Ошондон бери, үстүнөн иштеп жаткан ар бир китеп жөнүндө, төмөнкүчө сыйынам: «Теңир, бул китеп аркылуу Сенин сүйүүң, Сенин ырайымың, Сенин үмүтүң жана Сенин чындыгың дүйнө жүзү боюнча көптөгөн адамдарга ачылгандай кыл». Сен дагы ушундай сыйынуу менен сыйына аласың, Кудай болсо сенин таланттарың менен жөндөмдүүлүктөрүңдү башка адамдардын жүрөгүнө жеткиргенге колдонот. Эгер сен Кудай сага тартуулагандар менен

башкаларга бөлүшүүгө даяр болсоң, Ал сөзсүз мында сага жардам берет.

Колуңда эмне болсо, ошону Кудайга жана адамдарга бере билүү жердеги өмүрүбүздүн ушунчалык маанилүү бөлүгүн түзөт, ансыз эч качан каалаган максатка жете албайбыз. Муну билүүсүз Кудай алдыбызга койгон улуу максаттар эч качан алдыбызга ачылып берилбейт. Бере билүүнү үйрөнбөй туруп, биз эч качан өзүбүздүн инсандыгыбызды толук жана бүтүндүгүн сезе албайбыз, тынчтыкка да ээ болбойбуз. Кудайдан бизге бурулган, ашып-ташыган баталар биз аркылуу агып өтүш керек. Өзүбүздө болгон нерсени Кудайга жана адамдарга өткөрүп берип жатканда, бизде Кудай Өзүнүнүн баталарына толтуруп турган вакуум пайда болот. Бул ташкынга бөгөт кое, биз өмүрүбүздүн агымына тосмо коебуз. Биздин милдет — бул тууралуу сыйынуу, Кудай бизди таратып бергенге үйрөтсүн жана бул үчүн бизге күч тартууласын.

## Сыйынуу жөндөмдүүлүгү

Көптөгөн адамдар мага китебим алардын үй-бүлөлөрүн кандай сактаганы, балдарын же өздөрүн коргоп калганы тууралу жазышты. Алар менден сурашат, кантип биз сизге ыраазычылыгыбызды көрсөтө алабыз, эмне менен көрсөтө алабыз деп, мен дайыма бирдей жооп берем: «Силер мага кылып бере ала тургандын эң мыктысы — мен үчүн сыйынуу. Эмгегимдин убайы, ден-соолугумдун абалы, үй-бүлө жана никем тууралу сыйынып туруңуз. Мен дагы башка адамдарды Теңирге алып келе алган, Ал алардын өмүрүн жаңыланткан китептерди жазышым тууралу сыйынып туруңуз». Мен үчүн кимдир бирөөнүн сыйынуусунан артык белек жок. Мен ишенем, ошондо ооруканада жатканымда миңдеген адамдардын

сыйынуусу өмүрүмдү сактап калды. Эгер сен алардын бири болсоң, мен сага чексиз ыраазычылыгымды билдирем. Мен силердин сыйынууңарды сезип жаттым, мына ошонун аркасынан бүгүн тирүү жүрөм.

Сыйынуу — улуу касиет, аны башкалар менен бөлүшө алабыз. Албете, эгер кимдир бирөө нанга, кийимге жана баш паанага муктаж болуп турса, жардам берүүгө милдеттүүбүз, бирок ошол учурда бул адамдар үчүн сыйынууну четке какпашыбыз керек. Каражат каржысы убактылуу, а сыйынууларыбыз алардын өмүрүн түпкүрүнөн өзгөртө алат.

Эгер башкалар үчүн арачылык кылып сыйынууга үйрөнбөгөн болсок, биз Кудайдын мурасын эч качан ала албайбыз. Мында биздин жалпы чакырыгыбыздын маанилүү бөлүгү камтылган, анткени биз баарыбыз бири-бирибиз үчүн сыйынууга чакырылганбыз. Бири-бирибиз үчүн сыйынууда өз жанын берип коюуга даяр турганыбыз Кудайга жагат.

11-сентябрь 2001-жылы ошондо Нью-Йоркто, Пенсильванияда жана Вашингтондо калган, адамдар үчүн арачылык сыйынуулар токтоосуз угула баштады. Андан кийин адамдар Кошмо Штаттардын бардык чет жакаларынан Нью-Йоркко жардам көрсөтүш үчүн агылып келишти. Алар кан тапшырыш үчүн кезектерде турушту, алар жакындарынан ажырап калган үй-бүлөлөргө акчалай курмандык кылышты. Ар ким колунан келгенин кылды, бирок мунун бардыгын сыйынуу алып келди. «...сөзүбүз же тилибиз менен эмес, ишибиз менен, чын жүрөгүбүз менен сүйөлү» (1 Жкн.3,18). Эгер сен Кудайды сүйсөң, сен адамдарды сүйөсүң, бул сүйүү аларга жардам бериш үчүн, сени бардыгын жасоого шык берет. Сыйынуу — бул сапардын байсалдуу башталышы.

Берген Кудайга жагат. Ал айткан: эгер башкаларга жардам бербей жатсак, Аны сүйбөй жатабыз. «Колунда бар болгону-

на карабастан, бир тууганынын муктаждыгын көрүп туруп жардам бербеген адамда кантип Кудайдын сүйүүсү болсун» (1 Жкн.3,17). «Ар бир адам өзүн эле эмес, өзгөнү да ойлосун» (1 Кор.10,24). Сен Кудайдын сага кызматың менен адамдардын жүрөгүнө жетишине жардам беришин сурай баштаганыңда, улуу кол жеткис баталар сага төгүлөт.

## *Сыйынуу*

*Теңирим,* мени Сага жаккандай кызмат кылганга үйрөт. Азыр эле, эмне менен башкаларга бөлүшө аларымды мага көрсөт. Адамдардын муктаждыктарын көрө алышым үчүн, көздөрүмдү ач. Мага мүшкүл тарткандар менен бөлүшүүгө даяр, берешен жүрөк тартуула. Сенин баталарыңды туура бийлей билгенге мени үйрөт: аларды башкалар менен бөлүшүүгө мага каалоо бер. Азыр мен кимге кол кабыш кылганга колумду сунаарымды мага көрсөт. Бардык адамдарга карата мени сүйүүгө толтур, аны айкын жана белгилүү түрдө көрсөтө алганга үйрөт. Сага кылган кызматым менен адамдардын жүрөктөрүнө тийгидей кыл. Сага эмнени беришим керек болсо, бардыгын бергенге үйрөт. Чындыгында Сага таандык нерсени, Сенден ажыраткым келбейт. Теңир, мен билем: байлыгым кайсы жерде болсо, жүрөгүм да ошол жерде болот (Мт.6,21 кара). Сага көрсөткөн кызматым дайыма менин кенчим болуп калсын.

Теңир, айланамдагыларга бата болуп калышым үчүн, бүгүн эмне кылышым керек, мага көрсөт. Анын ичинде,

Сен жашоомо алып келген үй-бүлөмө, жыйыныма, досторума жана адамдарга эмне менен кызмат көрсөтө алышымды көрсөт. Өз көр түйшүгүмө батып, Сенин жарыгыңды башкаларга алып чыгуу мүмкүнчүлүгүн көрбөй олтура бергим келбейт. Сенин эркиңе ылайык эмне кылыш керектигимди көрсөт, ошондой кылууга мага күч бер. Сенин сүйүүңдү башкаларга көрсөтө алгандай, аларга жардам берүү, аларды шыктандыруу, аларга үмүт жандыруу колумдан келгендей, болушунча керектүү бардык нерсени мага бер. Мени Сенин ишенимдүү арачы сыйынуучуларыңдын бири кылып, чоң ишеним менен сыйынууну мага үйрөт. Дүйнөдө бир далай өзгөрүүлөрдү жасаганга мага жардам бер. Антке-ни Сен мен аркылуу башка адамдардын тагдырын Сенин даңкыңдын урматына өзгөртөсүң.

**Сиздин сыйынууларыңызды**
**бир кыйла таасирдүү кылууга жөндөмдүү**
**БИБЛИЯДАН АЛЫНГАН АЯТТАР**

Ар бириңер Кудайдан алган
жөндөмдүүлүгүңөр менен бири-бириңерге
кызмат кылгыла. Кудайдын ырайымы менен
берилген көп түрдүү жөндөмдүүлүктөрдү
жакшы үй башкаруучулар катары колдонгула.
Ким сүйлөсө, Кудайдын сөзүн сүйлөгөндөй
сүйлөсүн. Ким кызмат кылса, Кудай берген
күчүнө жараша кызмат кылсын. Ошентип,
Кудай бардык нерседе Ыйса Машайак
аркылуу даңкталсын. Даңк жана
бийлик түбөлүктөн түбөлүккө
Аныкы! Оомийин.
*1 Пет.4,10–11*

Ал биз үчүн Өз
жанын бергендиктен,
сүйүүнүн кандай болорун билдик.
Ошондуктан биз да бир туугандарыбыз
үчүн өз жаныбызды беришибиз керек.
*1 Жкн.3,16*

Жакшылык кылып жатып
кейибейли, анткени алсырап
калбасак, өз учурунда
жыйнап алабыз.
*Гал.6,9*

Акылдуулар асман
чырактарындай жаркырашат,
көп адамдарды чындыкка бургандар
кылымдан кылымга, түбөлүккө
жылдыздай жаркырашат.
*Дан.12,3*

Чындыкты, силерге
чындыкты айтып коеюн,
Мен кылып жаткан иштерди
Мага ишенген адам да кыла алат,
атүгүл, алардан да чоң иштерди
кыла алат. Анткени Мен Атама кетип жатам.
Атасы Уулу аркылуу даңкталышы үчүн,
Атамдан Менин ысымым урматына
эмнени сурасаңар да, Мен аны
аткарам. Менин ысымым урматына
эмнени сурасаңар да,
Мен аны аткарам.
*Жкн.14,12–14*

ЖЫЙЫРМА АЛТЫНЧЫ БӨЛҮМ

# ТЕҢИРИМ, МЕНИН ООЗУМДАН ЖАЛАҢ ГАНА ӨМҮР АЛЫП КЕЛГЕН СӨЗДӨР ЧЫГЫП ТУРСУН

Мен 14 жашка келгенимде, кошуна баланы өзүмдүн курбу кызым менен тааныштырууну чечтим да, аны минтип тааныштырдым: «Бул чанач Майк». Башка Майктардан айырмалап, бардык балдар аны ушинтип аташчу. Бирок ошол маалда, мен бул сөздөрдү айтканда, Майктын көздөрү кандай тунарып кеткенин мен байкадым, бул кошумча ат ага таптакыр жакпай турганын түшүнүп калдым. Мага абдан ыңгайсыз болду, анткени мен аны таптакыр капа кылайын деген эмесмин. Дегинкиси, мен аны бир далай келишимдүү эсептечүмүн, бирок, ага өзүнүн сырткы келбети башын ооруткан собол экенин билген эмесмин. Мен үчүн «Чанач Майк» деп ат берүү тамаша эле болчу, Майк деле эч качан ага каршы чыккан эмес. Бирок, бул ат аны капа кылат экен. Ошол кезде, таарынткан сөздөр ар качан жараат кыларын түшүнгөн эмесмин. Ошондо мен уялып кеттим, бирок кечирим сурап коюу оюма да келген жок. Бул окуя тууралуу деги унутуп салыш керек деп чечтим. Ырас, Майк да, мен үмүттөнгөндөй, жакын арада ал жөнүндө унутуп калат, бардыгы жакшы болот.

Көп өтпөй ал жерден мен көчүп кеттим, Майкты башка эч качан көргөн жокмун. Бул окуя тууралуу таптакыр унутуп калыптырмын, он беш жыл өткөндөн кийин, Ыйсага ишенип калганымда гана эстеп олтурам. Кудайдын алдында жүрөгүмдү толугу менен тазалаш үчүн, мен Андан тобо кылышым зарыл болгон ар бир күнөөнү мойнума алышым керек болгон нерсени эскертишин өтүнүп сыйындым. Ушундай сыйынуудан кийин терс жүрүм-турумдарым тим эле кадимки ташкындай мени каптап калды, алардын арасында Майк менен болгон эпизод бар эле. Атайылап кылбаган таш боордугум, айткан сөздөрүм жана бул сөздөр алып келген оор жарат үчүн өзүм үчүн өзүмө абдан уят болду. Мен өзүм канча ирет корс, мерез адамдардан жапа чеккенден кийин, дагы ушундай эле жараатты башка адамга алып келгениме аң-таң болуп турдум. Мен Кудайдан катаалдыгым жана акылсыздыгым үчүн кечиришин өтүндүм.

Эгер мен Майкты издеп таап, алдында кечирим сурай алган болсом элеби, ошондой кылмакмын, бирок бул мүмкүн эмес эле. Мен анын алдындагы айыбымды, Теңирдин Майкты бардык жагынан бата беришин сурай, жууганга тырыштым. Мен айткан сөздөр ага алып келген, жабыркоодон ал бошоно алышы үчүн, Майктын эсинен өчүрүлүшүн же болбосо өз ыза күчүн жоготушун сурап сыйындым.

Мурдубуз менен ээгибиздин ортосунда бизге улуу кесепетти алып келүүчү орган жайгашкан. Кез-кез тилибизден жол берүүгө таптакыр мүмкүн болбогон сөздөр учуп кетет, кесепетинде башкаларга жаракат алып келебиз, а кийин акылсыздыгыбыздын жемиштерин теребиз. Мага он беш жыл мурда айткан сөзүм үчүн ашыкча баа төлөөгө туура келди. Сөз таранча эмес, учуп кетет — кармай албайсың. Колуңдан келери, болгону — бул кечирим суроо жана аны алуу үмүтүн көрсөтүү. Оозубуздан эч кандай жамандык чыкпашы

үчүн, жүрөктөрүбүз сүйүүгө жана жакшылык кылуу ниети-нетолуш керек. «Жүрөк эмнеге толсо, ооздон ошол чыгат» (Мт.12,34). Эгер жүрөктөрүбүз Кудайдын чындыгына жана сүйүүсүнө толуп турса, анда биз да эмне чындык, эмне сүйүү болсо, ошону сүйлөйбүз.

Сизге наалуу же бирөөлөрдү жаман аттуу кылуу менен гана алек адам менен маектешүүгө туура келди беле? Чынында бул зериктирме эмеспи? Сизге ар убак арамза бир деме уга ала турган адамдардын арасында болууга туура келди беле? Буга окшогон маектештен батыраак качып кеткиң келет, чынбы? Библия бизге буйрук кылат: «бардыгын наалыбастан, шектенбестен кылгыла» (Флп.2,14). Турмушубузга наалый, Кудайга ишенбестигибизди жана Ал бардыгын башкара турганына, бизге кам көрөөрүнө, Ал сыйынуубузга жооп бере турганына ишенимибиздин алсыздыгын жарыя кылабыз. Бул биздин сыйынбаганыбыз тууралуу гана күбөлөндүрөт. Ушунчалык ишеними аз адамдар менен баарлашуу бизге чөктүрөөр таасир бербей кое албайт.

Элестетип көрсөк, ар бир оозубузду ачкан сайын, андан кудурет күчкө, боорукердикке, сооротууга, акылмандыкка, сүйүүгө жана чындыкка толгон сөздөр учуп чыгып турат. Эгер Кудайдан жардам сурай турган болсок, бул боло турган иш. Эгер жүрөгүң жамандыкка толгон болсо, оюңа келгендин бардыгы тууралуу ачык айтып ой-жүгүртүү — коркунучтуу иш. Эгерде сен эмне чындыкка жатары тууралу ойлоп көрө турган болсоң, анда оозуңдан чыккан сөздөр, сенин мээримиң тууралуу күбөлөндүрөт.

## Эмне жөнүндө күн сайын ойлонушубуз керек (Флп.4,8 кара)

1. *Эмне чындык болсо, ошол жөнүндө ойлогула.* Эгер сен, эмне чындык, эмне туура, эмне чындыкка жакын, эмне

чын жүрөктөн жана так болсо, ошол жөнүндө ойлой турган болсоң, анда сен жалган, туура эмес, ката, алдамчы же чындык эмес болгон нерселер жөнүндө сүйлөбөйсүң.

2. *Эмне туура болсо, ошол жөнүндө ойлогула.* Эгер сен эмне сонун, жогору, кынтыксыз, керемет, такыбаа болсо, ошол жөнүндө ойлой турган болсоң, анда сен төмөн, кир, наадандык, майда-чүйдө же ыймансыз болгондор жөнүндө кеп салбайсың.
3. *Эмне адилеттүү болсо, ошол жөнүндө ойлогула.* Эгер сен эмне адилеттүү, акылга бап, анык, мыйзамдуу, туптуура жана асыл болсо, ошол жөнүндө ойлой турган болсоң, анда сен негизсиз, кемсинткен, ойлонбогон, мыйзамсыз жана адилетсиз болгон нерселер жөнүндө сүйлөбөйсүң.
4. *Эмне таза болсо, ошол жөнүндө ойлогула.* Эгер сен эмне таза, ачык, кемчиликсиз, таксыз, булганычсыз болсо, ошол жөнүндө ойлой турган болсоң, анда сен арам ой, кара ниет, жийиркеничтүү, күнөөкөр болгон нерселер жөнүндө сүйлөбөйсүң.
5. *Эмне адептүүлүк болсо, ошол жөнүндө ойлогула.* Эгер сен эмне жагымдуу, кичи пейил, суктанарлык жана сонун болсо, ошол жөнүндө ойлой турган болсоң, анда сен жагымсыз, маскара, кастык, мерездик жана адепсиз болгон нерселер жөнүндө сүйлөбөйсүң.
6. *Эмне мактоого татыктуу болсо, ошол жөнүндө ойлогула.* Эгер сен эмне ашкере жакшы, татыктуу, оң, ошол жөнүндө ойлой турган болсоң, анда сен терс, обу жок, ылайыксыз, жаман кабарларга толгон, ушак-айың болгон нерселер жөнүндө сүйлөбөйсүң.
7. *Эмне жакшы болсо, ошол жөнүндө ойлогула.* Эгер сен эмне жогорку адеп-алхактуу, түз жана мыкты болсо, ошол

жөнүндө ойлой турган болсоң, анда сен бузук, сыпайгерчиликсиз, жаман жана кулк-мүнөздөн чыккандык болгон нерселер жөнүндө сүйлөбөйсүң.

8. *Эмне сыймыктуу болсо, ошол жөнүндө ойлогула.* Эгер сен эмне кичи пейил, суктанарлык, сыйлоого татыктуу, баалуу, даңктуу, көкөлөгөн, такыбаа жана колдоого татыктуу болсо, ошол жөнүндө ойлой турган болсоң, анда сен сөгүшкө татыктуу, колго алынгыс, кордук болгон нерселер жөнүндө сүйлөбөйсүң.

## Акылман аял сүйлөгөндө

*Акылман аял өз ишеними жөнүндө айтып берип жатканда, ал өз ойлорун так жана ачык билдирет.* Биз айта турган ишенимибиздин өзөгүн түшүндүрүп берип жатканда, сураган жана уккусу келген ар бир адамга эң маанилүү сөздөрдү айтабыз. Биз момундук жана коркунуч менен жооп берүүнү билишибиз (1 Пет. 3,15.кара;) жана Кудайдан бизге ишенимибиз жана Ал жөнүндө ойлорду ачык айтып берүүгө кайраттуулук сурашыбыз керек. Эгер сурансак, Теңир бизге башкаларга Ыйсаны эмне үчүн Майланган деп атайбыз, эмне үчүн Ыйык Рухсуз жашай албайбыз, эмне үчүн Кудайга жага турган өмүр жолун түшүнө тандаганыбызды түшүндүрүп берүүгө жардам берет. Мындан сырткары, биз момундук жана коркунуч менен жооп берүүнү билишибиз керек, болбосо Ал Өзүнө жакындаткысы келген адамдарды Кудайдан алыстатуу тобокелин кылабыз. Эгер биздин ичибизде Кудайдын сүйүүсү жок болсо, анда биз ал тууралуу күбөлөндүрө албайбыз жана сөздөрүбүз адамдарды Теңирге алып келбейт. Чындыкка жакыны, алар тескери таасирин берет.

*Акылман аял сүйлөгөндө, ал маек курууга туура убакыт тандайт.* Белгилүү бир сөздөрдүн маңызын угуучуларга ийги-

ликтүү жеткирүүдө, угуучу бул сөздөрдү кабыл алууга даярбы, муну түшүнүп алыш керек, муну болсо алдын ала сыйынып алуунун жардамы менен кылууга гана мүмкүн. Библия бизди сөзгө жай болушубузду үйрөтөт (Накыл.29,6–20 кара). Акылман аял эч качан өзүнүн бардык оюн ачык билдире бербейт. «Акылсыз адам бүт каарын чачат, ал эми акылдуу адам ачуусун басат» (Накыл.29,11). Ал тургай сеники туура болсо да, адамдар муну дайыма эле түшүнө бербейт. Бир гана Кудай билет, ким, качан буга даяр. Анын муну сага ачып беришин сура.

*Акылман аял сүйлөгөндө, ал чындыкты айтат.* Жалганды айта, биз башкаларга да, өзүбүзгө да зыян келтиребиз. «Мына ошондуктан жалгандан баш тартып, ар кимиңер жакыныңарга чындыкты айткыла, себеби биз бири-бирибизге мүчөбүз» (Эф.4,25). Бирок сен, эгер Кудайдан акылмандыкты сурабай жана сүйлөшүүгө ыңгайлуу учурду күтпөстөн туруп, алар жөнүндө чындыкты ачып кирсең, чоң катачылык кетиресиң. Адамдар мүнөт сайын эле сындоого дуушар болууну каалай бербейт, анткени бул алар үчүн көтөрө алгыс. Кээде жөн эле үн катып, Кудайдан адам качан ачык сүйлөшүүгө даяр болгонун көрсөтүшүн сураган жакшы.

*Акылман аял сүйлөгөндө, ал көп сөз сүйлөбөйт.* Керектүүдөн ашыкча сүйлөбөгөнгө акылмандык керек. «Сүйлөгөнгө шашылба...» (Нас.5,1). Мен дайыма сыйынуу топтун мүчөлөрүнө көйгөйлөрбүз тууралуу, алардын чечилиши тууралуу сыйынганга караганда, узак талкуулообуз керектигин эскертип турам. Ошондой эле биз айта турган нерсебизди, алдын ала ойлонбой туруп, тилге эрк берүүгө укугубуз жок. Анткени биз ар бир куру сөзүбүз үчүн сот күнү жооп беребиз (Мт.12,36 кара). Айбаттуу эскертүү. Биз Кудайдан бул же башка жагдайларда канчалык узак сүйлөшкө туура келерин түшүнүш үчүн, акылмандык сурашыбыз керек.

*Акылман аял сүйлөгөндө,анын ооздорунан өмүр сөздөрү агат.* Биз айтылган кебибизге жоопкерчиликтүү болгондуктан, корс, орой, жалган, капа кылаар же бой көтөрөөр сөздөрдү айтууга укугубуз жок. Сөздөрүбүз менен өмүрдү же бекемдейбиз, же талкалайбыз. «Ооздон чыкканы жүрөктөн чыгат, адамды арам кылган мына ушу» (Мт. 15,18). «Акылдуу адамдын оозунан чыккан сөз — ырайым, ал эми акылсыздын оозунан чыккан сөз өзүн өлтүрөт» (Нас.10,12). Кудайдан сага таза жүрөк жаратып, аны Ыйык Рухка, кудайлык сүйүүгө жана чындыкка ушунчалык толтурушун, бул сүйүү, чындык жана айыктыруучу күчкө сөздөрүң да толуп калышын сура. Сага өмүр берген туура сөздү айтып берип турушун, Андан өтүн.

## *Сыйынуу*

*Теңирим,* менин талкалоочу эмес, а бекемдөөчү, чириткен эмес, а куткарган сөз сүйлөөчү адам болушума жардам бер. Сенин сүйүүң менен жакшылыгың жүрөгүмдөн оозум аркылуу төгүлүп туруш үчүн, күн сайын жүрөгүмдү Сенин Ыйык Рухуңа толтуруп тур. Эмне чындык, жакшылык, адилеттүү, таза, адептүүлүккө жатса, мактоого арзырлык болсо, ошолорду айтканга үйрөт. «Оозумдан чыккан сөздөрүм менен жүрөгүмдөгү ойлорум Сага жага тургандай болсун, Теңирим, менин тирегим, Куткаруучум!» (Заб.18,15). Каардуу, калп сөздөрдү айтуудан мени сакта. Ыйык Рух, мени чындыкта жетеле. Мен сүйлөсөм, Сен бардыгында даңкталышың үчүн, «Кудайдын сөзүндөй»

угулсун (1 Пет.4,11 кара). Оозумдан чыккан ар бир сөз Сенин тазалыгың жана сүйүүң тууралуу күбөлөндүрүп турсун.

Ыйык Жазууда айтылган, «адам жүрөгүндө бир нерсени ниет кылат, бирок анын жообу Теңирден болот» (Накыл.16,1). Мен күн сайын Сенин Сөзүңдө болуп, Сенин мыйзамыңа баш ийе, жүрөгүмдү жумшарткым келет. Сага табынып, бардыгы үчүн Сага ыраазычылык келтире, жүрөгүмдү жумшарткым келет. Жүрөгүмдү сүйүүгө, тынчтыкка жана кубанычка толтур, алар оозумдан куюлуп турсун. Турмушума наалып же бирөөнү жаман атты кылып жатканымда, мени ашкереле. Башкалардын жүрөгүн жаралаган сөздөрдү айтпашым үчүн, бүтүм чыгарууга шашпаганга, ашыкча көп сүйлөбөгөнгө мени үйрөт. Сенден суранам: ар ирет айтууга арзырлык гана сөздөрдү айтууга, мени үндөп тур. Качан үн катып, качан үн чыгарбай калышты, мага көрсөтүп тур. Оозумду ачып киргенде эле, ага өмүр бере турган сөздү кына.

Эч качан акылсыз, копол же корс сөз айтпаган, акылман, улукман жана эстүү сүйлөгөн аял кыл. Мени уккандарга Сенин мыйзамдарыңдын маңызын түшүндүрө алышым үчүн, ичимде жашаган, үмүткө толгон сөздөрдү айтып тур. Мен айткан сөздөр башкаларга Сени жакшы таанып билгенге жардам берсин.

## Сиздин сыйынууларыңызды бир кыйла таасирдүү кылууга жөндөмдүү БИБЛИЯДАН АЛЫНГАН АЯТТАР

...Себеби ким жашоону сүйсө
жана жакшы жашагысы келсе,
ал өзүнүн тилин жаман сөздөрдү
айтуудан, оозун жалган кептерди
сүйлөөдөн сактасын.
*1 Пет.3,10*

Акылдуу адамдын жүрөгү
өз тилин акылдуу кылат,
оозундагы билимин арттырат.
*Накыл.16,23*

Машайакты жүрөгүңөрдө
Теңир катары ыйык туткула. Силердин
үмүтүңөр жөнүндө айтып берүүңөрдү
сураган ар бир адамга момундук жана
коркунуч менен жооп берүүгө дайым
даяр болгула. Абийириңерди
таза сактагыла, Машайак жолундагы
таза жашооңор үчүн силерди
жамандык кылуучулар катары
жамандагандар уялгандай болушсун.
Анткени Кудайдын эрки болсо,
жамандык кылып азап тарткандан
көрө, жакшылык кылып
азап тарткан жакшы.
*1 Пет.3,15–17*

Жагымдуу сөз — бал,
ал — жанга жагымдуу,
сөөккө дары.
*Накыл.16,24*

Чын сүйлөгөн ооз падышага жагат,
ал чындыкты сүйлөгөн адамды
жакшы көрөт.
*Накыл.16,13*

## ЖЫЙЫРМА ЖЕТИНЧИ БӨЛҮМ

# ТЕҢИРИМ, МЕН ТООНУ ЖЫЛДЫРА АЛА ТУРГАН ИШЕНИМГЕ ЭЭ АЯЛ БОЛУШУМА ЖАРДАМ БЕР

Мен он жашка толгонумда, туулган күнүмдө мага ичке алтын чынжырды, айнек шар түрүндөгү шуручасы менен белек кылышты. Шарчанын ичинде кыпындай сары кычы даны бар эле, ал кезде мен ойлодум: «*Эмнеге ушундай кичинекей данды ал жакка тыгып коюшкан — ал дээрлик көрүнбөйт*?» Ал кезде бул элестин маанисин али түшүнө элек элем.

Көп жылдардан кийин гана бул кичинекей дандын сыры мага ачылды. Ыйса айткан: «...эгерде силердин сары кычыданындай эле ишениминер болсо, бул тоого: «Бул жерден тиги жерге жыл»,— десеңер, ал жылат. Силер үчүн мүмкүн болбогон эч нерсе болбойт...» (Мт.17,20). Ошондон бери мени дайыма суроо кызыктырып келет: эмне үчүн дан ушунчалык кичине? Эгер ушундай өлчөмдөгү ишеним тоону ордунан жылдыра алса, анда ишенимим турмушумдун абалын өзгөртөрүнө жетери шексиз.

Эгер ишеним менен жашасак, Кудай ишенимибизди арттырат. Библияда: «Кудай ар бириңерге бөлүп берген ише-

ним» (Рим.12,3) жөнүндө айтылган. Башталышында ар бирибиздин кайсы бир өлчөмдөгү ишенимибиз бар, чындыктын жолунда биринчи кадамды жасаганыбызда, Кудай ишенимибизди *арттырат*. Башкача айтканда, ишенимдеги аракет ишенимди кошот.

Сен муну түшүнөсүңбү же жокпу, бирок сен күн сайын ишеним менен жашайсың. Дарыгерге кайрылып, ал баарын туура кылат деп сен ишенесиң. Дарыканадан дары сатып алуу менен, ал бардыгын рецептке ылайык жасаган деп сен фармацевтке ишенесиң. Ресторанда түштөнүп жатып, ал жерде сени уулантпашына ишенесиң (башкасына караганда, ресторандын кээ бири көбүрөк ишенимге татыктуу болсо дагы). Кудайга ишенүү канчалык гана туура!

Ал бир нерсе тууралуу сурана калганда, эгер Анын буйруктарын аткарууга даяр эле турсак, жашообузда Кудай кандай гана кол жеткис нерселерди кылгысы келерин элестете да албайбыз. Ошондуктан Ал бизге сыноолор аркылуу өтүп, күчтөн тайып, алсыраган мезгилдерди баштан өткөрүүгө жол берет. Бүт дитибизди Ага коюшубуз үчүн, Өзүнө бизди буруп алыш үчүн, белгилүү бир окуялардын жашообузда болушуна Ал жол берет. Так мына ушундай мезгилдерде чоң ишеним менен сыйынуу муктаждыгын сезебиз, мунун натыйжасында ал ыкчамыраак өсөт.

Ыйса айткан: «Ишенимиңерге жараша болсун» (Мт.9,29). Эгер ишенимибизден ушунча көп нерсе көз каранды болсо, демек, биз корко турган нерсе бар. Бирок ишенимди «өстүрүүгө» жардам бере ала турган каражат бар, мисалы, жардам бере алар — Кудайдын Сөзү. Белгилүү, ишеним уккан сөз аркылуу пайда болот (Рим.10,17 кара). Эгер сен Кудайдын убадасына ишенип, аларды ачык жарыяласаң, ишенимиң канчалык бат өсүп жатканын көрөсүң.

Ишеним качан биз сыйынганда, өсүп турат, анткени сы-

йынуу аркылуу биз Кудайга жакындап, Ага колубуз тиет. Бир жолу бир аял Теңирге ишеним менен колун тийгизип, ойлогон эле: «Анын кийимине колумду тийгизсем эле айыгып калам » (Мт.9,20–22). Теңирге сыйынууда колубузду тийгизген сайын айыгабыз, ишенимибиз өсөт.

Күн өткөн сайын ишенимге көптөн көп муктаж болобуз. Ар бирибиздин жашообузда ишеним талап кылынган, жолу болуу менен оңбой калуу, жеңиш менен жеңилүү, өмүр менен өлүм ортосундагы айырманы көрүүгө бизге жардам бере турган ушундай бир күндөр келет. Ошол үчүн ишенимибиздин бекемделиши тууралуу Кудайга кайрылган өтүнүч биздин үзгүлтүксүз сыйынуубуз болушу керек. Ишенимиң кандай гана алсыз болбосун, Теңир аны бекемдей алат.

Жада калса, ишенимиң сага өтө эле алсыздай көрүнсө да, сен баары бир тоонун ордунан жылышына буйрук бере аласың, ошондо Теңир колдон келбес нерсени жасайт. Сен өмүр жолдоруңдун түзөлүшү, бүлгүн өмүрүңдүн айыгышы, калыбына келиши тууралуу сыйына аласың. Кудайдын ишенимиңди бекемдешин, чындык боюнча жашаганга кайраттуулук сага беришин сурай аласың. Ал сага жооп берет.

Кудайдын убадаларынын кайсынысын сен алгың келет эле? Кайсы сыйынууну ишеними менен эч бир шексиз сыйынганды каалайт элең? Кандай өзгөрүүлөрдүн өзүңдүн же башка адамдын өмүрүңдө болушу тууралуу улуу ишенимде сыйынганды каалайт элең? Сен ээ болгон ишеним уругун Кудайдан алып, андан сен аны көзүң менен көрө алгыдай зор ишеним дарак кылып өстүрүшүн сура.

## Сыйынуу

*Теңирим,* ишенимимди бекемде, мени «көргөнүм боюнча эмес, ишенимим менен» (2 Кор.5,7) жашаганга үйрөт. Сенин чындыгыңда бекем турганга жана Сенин ар бир сөзүңө ишенгенге мага күч бер. Ишеним менен кабыл алышпагандыктан, өздөрү уккан сөз пайда алып келбеген адамдарга окшошкум келбейт (Эвр.4,2 кара). Мен «ишеним уккан сөз аркылуу пайда болот, ал эми уга турган сөз — Кудайдын сөзү» болорун билем (Рим.10,17). Кудайдын Сөзүн уккан сайын же окуган сайын ишенимимдин өсүшүнө жардам бер. Сенин убадаларыңдын жашоомдо орундалаарына ишенгенге мага жардам бер. Менин от менен тазаланчу, алтындан баалуу, сыналган ишенимим Сенин даңкыңа кызмат кылсын деп сыйынам (1 Пет.1,7).

Мен, ишеним, бул «үмүттөнүп күтүп жаткан нерсенин ишке ашарынан шектенбөө жана көрүнбөгөн нерсеге бекем ишенүү» (Эвр.11,1) экенин билем. Мен билем, Сенин белегиң болгон «ишеним аркылуу» куткарылдым (Эф.2,8 кара). Сыйынуум ишеним сыйынуусу болушу үчүн, ишенимимди бекемде, анткени адил адамдын күчөтүлгөн сыйынуусу көп нерсени аткара алат. Оорулуулар үчүн сыйынган сайын, айыгууга ишенгенге мага жардам бер. Кишинин муктаждыгын көрүп туруп, бирок ишенимим жетишерлик күчтүү болбогондуктан, жакшы өрүшкө өтөрүнө бекем ишенбей, ал үчүн сыйына албай кала турчу жагдайларга түшүп калгым келбейт.

Мага «амалкөйдүн оттуу жебелеринин баарын өчүрө алышым үчүн», «ишенимди калкан кылып» алганга жардам бер (Эф.6,16). Мени «эч шектенбестен, ишеним менен сураганга» үйрөт, анткени «шектенген адам шамал айдаган деңиз толкунуна окшош» болорун мен билем. Мындай адам Сенден эч нерсе ала албастыгын, «эки ойлуу адам өзүнүн бардык жолдорунда туруксуз» экенин мен билем (Жкп.1,6–8). Мен «ишеним менен кылынбаган ар бир нерсе — күнөө» болорун билем (Рим. 14,23). Сага карата болгон ар кайсы шектенүүмдү күнөө катары санап, Сенин алдыңда тобо кылам, мени кечиришиңди суранам. Шектенүүлөрүм, Сен менде жана мен аркылуу жасагың келип жаткан нерсеге, Сенин ойлогон оюңдун аткарылышына тоскоол болушун каалабайм. Тоолорду Сенин ысмыңдан жылдыра алышым үчүн, күн сайын ишенимимди бекемде.

## Сиздин сыйынууларыңызды бир кыйла таасирдүү кылууга жөндөмдүү БИБЛИЯДАН АЛЫНГАН АЯТТАР

Кудайга ишенимсиз жагуугa
мүмкүн эмес: Кудайга келген адам
Анын бар экендигине, Аны издегендерге Ал
тиешелүүсүн берерине ишениши керек.
*Эвр.11,6*

...Ишенген адамга баары мүмкүн.
*Мк.9,23*

...Эгерде силердин сары кычы данындай эле
ишенимиңер болсо, бул тоого: «Бул жерден
тиги жерге жыл»,— десеңер, ал жылат. Силер
үчүн мүмкүн болбогон эч нерсе болбойт.
*Мт.17,20*

...Биз ишеним аркылуу акталып,
Теңирибиз Ыйса Машайак аркылуу
Кудай менен тынчтыкка ээбиз .
*Рим.5,1*

Мына ошондуктан азыр ар кандай сыноолордон бир
аз кыйналышыңар керек болсо да, ошол үмүт менен
кубангыла. Анткени сыналган ишенимиңер от менен
тазаланса да, жок болуп кетчү алтындан баалуу. Ыйса
Машайак келгенде, сыналган ошол ишенимиңер
силерди мактоого, урмат-сыйга, атак-даңкка ээ кылат...
*1 Пет.1,6–7*

# ЖЫЙЫРМА СЕГИЗИНЧИ БӨЛҮМ

# ТЕҢИРИМ, МАШАЙАККА ОКШОШУУГА МАГА ЖАРДАМ БЕР

Жакында мен бир кайтаруучунун дүйнөнүн эң чет жака бурчундагы абасы ысык жана нымдуу келген жерде кантип жыйын түптөгөнүн айтканын уктум. Тээ алыскы кичинекей кыштакчага жете келишип, белдериндеги ичке тилке кездемеден бөлөк, үстүндө эч нерсеси жок, жергиликтүү тургундардын сырткы келбеттеринен аялы экөө тең эстери ооду. Кайтаруучу аялы менен эң алгач аялдар арасында аларга кандай кийиниш керектигин түшүндүрө, эреже-көрсөтмө өткөзүштү. Кайтаруучу аларга тез арада кыштакка жеткирилген футболкаларды дайындады.

Ар бир аял бирден футболка алышты. Бардыгы бул ишке толкунданышып, аларды эртеси кийип келүүгө убада беришип, белектерди бат талап үйлөрүнө кетишти. Эртеси эрте менен бардыгы чогулушканда болсо, кайтаруучу аялы менен мурдагыдан ашыкча эстери ооду: аялдар футболкалардан көкүрөктөрү көрүнө тургандай кылып, тешиктерди кыркышкан экен.

Мен бул окуяны угуп күлдүм, Кудай бизге денебизди жаап, Аны менен мамилени жакшыртууга канча жолу кий-

имдерди бергенине таң калбай кое албай турдум. Бирок биз кийимдин бизге жакпаган тилкесин, денебизди жылаңачтантыш үчүн тырыша кескилеп турабыз. Өзүбүздү өзгөртүүгө жөндөмсүздүгүбүз таң калыштуу эмес. Ал тургай бизге эмнеде жана эмнеге өзгөрүшүбүз керектигин да түшүнө албайбыз. Бул нерселердин бардыгына Кудай гана көзүбүздү ача алат. Ошондуктан бизге Кудайдан суранганга туура келет: «Мени өзгөрт, Теңир». Бул эң оор сыйынуулардын бири экени мага маалым. Бизге: «Теңир, аны өзгөрт», — дегенден жеңили жок. Бирок эгер биз жашообузда Ага жаккандын бардыгын өзгөртүүгө Кудайга *агартуу таягын* берсек, анда эмне кылганды жана кантип кылганды Ал гана билет.

Антсе да бизди өзгөртөөр жана буга катар чочутпаган күчкө ээ сыйынуу бар. Мына бул сыйынуу: «Теңир мени болушунча көп Машайакка окшош кыл». Кимибиз Ыйсанын мүнөзүнө ээ болгубуз келбейт? Кимибиз бардык жагынан Ага окшошкубуз келбейт?

## Машайактын негизги жети мүнөзү

1. *Ыйса өзү сүйүү болгон.* Ыйсанын жүрөгү адамдын акылынан жогору турган сүйүүгө толгон эле. Бизге эч качан Ага кылууга туура келгендей, дүйнөнүн күнөөсүн алуу берилбейт, бирок Ал өз жаныбызды башкалар үчүн башкача курмандыкка берүүгө даяр болушубузду каалайт. «Ал биз үчүн Өз жанын бергендиктен, сүйүүнүн кандай болорун билдик. Ошондуктан, биз да бир туугандарыбыз үчүн өз жаныбызды беришибиз керек» (1 Жкн.3,16). Анын сүйүүсү сенин, сен мамилелешкен адамдардын жашоосунда кереметтерди кыла алат. Кудайдын сүйүүсү сенде, сен башкалар менен аны бөлүшкөнүңө жараша өсөт. «Силерге жаңы

осуят берем: бири-бириңерди сүйгүлө! Мен силерди сүйгөндөй, силер да бири-бириңерди сүйгүлө!» (Жкн.13,34). Башкалар менен болгон баарлашуу убагыңда аларга Кудайдын сүйүүсүн көрсөтө алышың тууралу сыйын.

2. *Ыйса момун болгон.* Ыйса — ааламдын Теңири, ошого карабастан Ал «Өлгөнгө чейин, айкаш жыгачта өлгөнгө чейин тил алчаак болуп, Өзүн басынтты» (Флп.2,8). Анын момундугунун жок дегенде бүртүгүнө ээ боло, азыркы күндө момундук — сейректен-сейрек сапат болгондуктан, бул дүйнөдө көптү кыла алабыз. Бирок ал бизге абдан керек, анткени текебердик үчүн кымбат баа төлөп калабыз. «Жүрөгү текебер адам Теңирдин алдында жийиркеничтүү, ал жазасыз калбайт деп, кепилге өтсө болот» (Накыл.16,5). «Кыйроонун алдында текебердик келет, кулардын алдында менменсингендик келет» (Накыл.16,18). Момундукту көрсөтө, сенин жүрүм-турумуң жалпыга таандык адаттан болуп көрбөгөн чегинүүнү көрсөткөндүктөн, сен тегерегиңдеги адамдарга терең таасир тийгизе аласың. Кудайдын сенде момун жүрөк жаратышын өтүн.

3. *Ыйса ишенимдүү болгон.* Ыйса эч качан өз ынанымынан баш тартып, Өзүнүн жердеги алдын ала дайындалган кадыр-ордунан шектенген эмес: «Жол, чындык жана өмүр Менмин» (Жкн.14,6). Эч нерсе, жада калса, шайтан азгырыгы да, Аны солкулдата албаган. Бүгүнкү күндө Ал биз үчүн Ким, анан буга ылайык түшүнүп, биз кимбиз анык билгенге милдеттүүбүз. Мындай учурда гана жерде бекем тура алабыз. Ал кандай болсо, ошондой ишенимдүү боло алышың үчүн, ички адамыңда бекемделишиңде Кудайдын сага жардамын сура.

4. *Ыйса жоомарт болгон.* Шакирттерин тарбиялаш үчүн, кийин алар аркылуу адамдардын жүрөктөрүнө жетиш үчүн, Ыйса аларга Өзүн берди. Ал Өзүнүн күчүн айыгууга, бошотууга жана кайра жаратууга берди. «Мен Теңир жана Устат болуп туруп, бутуңарды жуудум. Демек, силер да бири-бириңердин бутуңарды жуушуңар керек. Анткени Мен силерге үлгү көрсөттүм, Мен силерге эмне кылсам, силер да ошону кылгыла» (Жкн.13,14–15). Анын эң чоң белеги Анын өмүрү эле: «...Машайак да биз үчүн азап тарткан. Анын изи менен басышыбыз үчүн, Ал бизге үлгү калтырып кеткен» (1 Пет.2,21). Эгер башкаларга бере турган эч нерсебиз жок калса, Кудай камсыз кылат: «Ар дайым бардык нерсеңер жетиштүү болуп, жакшы иштерге бай болушуңар үчүн, силерди ар кандай жакшы нерселерге байытууга Кудайдын кудурети жетет» (2 Кор.9,8). Кудайдан сени Ал өмүрүңө алып келген адамдар менен бөлүшө алган, Анын белектерине толтурушун сура.
5. *Ыйса Өзүн дүйнөдөн бөлгөн.* Ыйса дүйнөдө жашады, бирок Ал бул дүйнөнүн бөлүгү болгон эмес. Ал дүйнөгө таасир бериш үчүн келген, бирок Ал дүйнөгө эч бир окшош болгон эмес. Ал дүйнөдөн бөлүнүп турган, ошого карабастан Ал Өзүнүн айланасындагыларды өзгөрткөн. Жашообузда ушундай тең салмактуулукту табышыбыз үчүн сыйынышыбыз керек. Бир жагынан бул дүйнөдөн бөлүнүп жашай албайбыз, бирок, экинчи тараптан, бул дүйнөнүн эрежеси менен жашап, ага окшошо албайбыз, болбосо адамдар дүйнө менен биздин ортобуздагы эч кандай айырманы көрө албайт. Ыйса эч качан Өз максат изин жоготкон эмес, эч качан түбөлүктүк келечегин көрбөй калган эмес. Биз да ушуну кылуу-

га чакырылганбыз. Ким экениңди, эмнеге чакырылганыңды жана түбөлүктүктү кайда өткөргөнү жатканыңды унутпашың тууралуу сыйын.

6. *Ыйса тил алчаак болгон.* Ыйсанын эң таң калыштуу мүнөздөрүнүн бири, Ал Өзү Теңир болуп туруп, ошого карабай эч нерсени Өз эрки менен кылган жок. Ал Кудайга сыйынды, Анын буйругусуз эч нерсеге кадам жасаган жок. Биз дагы ушундай кылышыбыз керек: ««Машайактын ичиндемин» деген адам Машайак кандай жашаса, ошондой жашашы керек» (1 Жкн.2,6). Ыйса өлгөнгө чейин тил алчаак болду. Мындан жогорку деңгээлдеги тил алчаактык болушу мүмкүнбү? Ал Өзүнө алдын ала дайындалганды орундады, анткени Анын өлүмү менен тирилүүсүнөн кийин аткарыла турган улуу иштер тууралуу билген. Биз Аны тууравшыбыз керек: «Ишенимибиздин баштоочусу жана бүтүрүүчүсү болгон Ыйсаны карайлы. Ал алдыда күтүп турган кубанычтын ордуна, шылдың болгонуна карабай, айкаш жыгачка керилип, азапка чыдады, андан кийин Кудайдын тактысынын оң жагына отурду. Алдан тайып, кайратыңардан жазбашыңар үчүн, күнөөкөрлөрдөн ушундай кордук көргөн Ыйса жөнүндө ойлогула» (Эвр.12,2–3). Кудайдан өзүңдөн баш тартып, Ал үчүн жашаганга үйрөтүшүн сура.
7. *Ыйса жарык болгон.* Адамдар жарыкка умтулат, а биз каалайбыз, алардын бизде жанып турган, Теңирдин жарыгына умтулушун. «Мен дүйнөнүн жарыгымын. Мени ээрчиген адам караңгыда жүрбөй, өмүр жарыгына ээ болот» (Жкн.8,12). Биз караңгыда жүргөндү каалабайбыз; Ал жарыкта болгон сыяктуу, биз жарыкта жүрүүнү каалайбыз. Кудайдан сени Машайакка окшош кылышын сура, кайда гана барып көрүнбө-

гүн, адамдар токтой калышып: «Бизге билгениңди ачып берчи. Сенде кандай өзгөчө нерсе бар? Сендегиге ээ болуш үчүн, биз эмне кылышыбыз керек?» — деп сурагандай болушсун. Мына ошондо сен ичиңдеги жарыктын булагы жөнүндөгү чындыкты айтып бере аласың.

## *Сыйынуу*

*Теңирим,* мен өзгөргүм келет, менде өзгөрүш мына бүгүн эле башталсын. Мен билем, өзүмдү өзүм терең жана узакка өзгөртүү колумдан келбейт, бирок мен муну Сенин Ыйык Рухуң кыла ала турганын билем. Мага Сенин даңкыңдын молдугу боюнча, Сенин Рухуң аркылуу ички адамымдын бекемделишин бер (Эф.3,16 кара). Сага окшошууга мага жардам бер. Мен билем, Сен менин бардык кем-карчымды Өзүңдүн байлыгың менен Ыйса Машайактын даңкында толтуруп бересиң. Бул дүйнөдөн бөлүнгөнгө жардам бер, бирок коомдон толугу менен кол үзүп, ага артымды салбагандай кыл. Эмнеде сага тил албай жатканымды мага көргөз, ар кандай текебердикке каршы турушума жардам бер. Моюн сунуум ичимде жашаган Сенин Рухуңдун күбөлүгү болуп калсын. Мени толтурган Сенин сүйүүң Сенин улуулугуңдун күбөлүгү болсун. Сен гана аларды сүйө алгандай, адамдарды сүйө билгенди мага үйрөт.

Эгер жүрөгүм катуулап баратса, аны жумшарт. Жаным катып калган болсо, аны жумшарт. Мени башкар,

мен эмнеде Сага тил албай жатсам, мага көрсөт. Сенин Ыйсага окшогон, ишенимдүү, жайдары жана тил алчаак кызың болгонго мага жардам бер. Эгер Сен каалаган, мендеги жана турмушумдагы өзгөртүүлөргө каршылык кылып жатсам, бардыгында Сага таянганга мени үйрөт. Мени билгендердин бардыгына жарык болушум үчүн, Сенин жарыгың ичимде жаркырап турсун. Мен жашабайын, бирок менин ичимде Машайак жашасын (Гал. 2,20). Адамдар мени көрүп, Сени таанып билгиси келиш үчүн Машайакка окшош болууга мага жардам бер.

## Сиздин сыйынууларыңызды бир кыйла таасирдүү кылууга жөндөмдүү БИБЛИЯДАН АЛЫНГАН АЯТТАР

Азыр мен жашап жаткан жокмун,
менин ичимде Машайак жашап жатат.
Ал эми азыркы денедеги жашоомду айта турган
болсом, мени сүйгөн жана менин ордума
Өзүн курмандык кылган Кудай Уулуна
болгон ишеним менен жашап жатам.
*Гал.2,20*

Ошол Рухтун Өзү биздин рухубузга Кудайдын
балдары экенибизди күбөлөндүрүп жатат.
Эгерде балдары болсок,
анда мурасчылары да болобуз.
Машайак менен бирге даңкталыш үчүн,
Аны менен бирге азап тартып жатсак,
анда Кудайдын мурасчыларыбыз,
Машайак менен мурасташпыз.
*Рим.8,16–17*

«Ошон үчүн алардын арасынан чыккыла,
алардан бөлүнгүлө, — дейт Теңир, —
арам нерселерге жолобогула,
ошондо Мен силерди кабыл алам».
«Мен силерге Ата болом, силер болсо Менин
уулдарым, кыздарым болосуңар», —
дейт кудуреттүү Теңир.
*1 Кор.6,17–18*

«Менин сага болгон ырайымым
жетиштүү. Анткени Менин күчүм
алсыздыкта жеткилең болот». Ошондуктан
Машайактын күчү менден орун алат деп,
өзүмдүн алсыздыгым менен
артыгыраак мактанам.
*2 Кор.12,9*

Мага күч-кубат берген Ыйса Машайак
аркылуу бардыгын кыла алам.
*Флп.4,13*

## ЖЫЙЫРМА ТОГУЗУНЧУ БӨЛҮМ

# ТЕҢИРИМ, МЕНИ ӨТКӨНДӨН БОШОТ

Элестетип көрчү, болгон бардык күчүң менен белгиленген аралыкты чуркап өтүп, биринчи болуп келип, сыйлык алууга тырышасың. Бирок бул максатка жетүүгө канча жан-далбас урба, бул колуңдан келбейт, анткени бир бутуңа жүк байланган. Сен аны күчтөнө сүйрөп өзүң менен алып жүрөсүң, бирок ал ушунчалык оор, жакын арада чаалыгып-чарчап, жолдон таптакыр чыгууну чечесиң. Сенин бул жүктү өзүң менен сүйрөп жүрүүгө милдеттүү эместигиң оюңа да келбейт, бирок ал көптөн бери сенин бир бөлүгүң болуп келгендиктен, эми сен ансыз өмүрүңдү элестете да албайсың. Анда эмне гана болбосун, бул жүктөн бошомоюнча, Кудай сага даярдап койгон, эңсеген сыйлыкка чуркоону уланта алабайсың.

Бул баяндама көбүбүзгө маалым, чынбы? Биз тырыша жашообуздун аралык чегинде жүгүрөбүз, бирок өткөн өмүрүбүздүн артык баш жүгүн өзүбүзгө артып алгандын гана айынан, бул жөнүндө билбей эле туруп, эч бир талап кылынган ылдамдыкты ала албайбыз. Балакеттин баары бул жүктү далайдан бери өзүбүз менен сүйрөп келе жатканбыздан ал

биздин өзүбүздүн бөлүгүбүз болуп калганында турат. Кээде аны сүйрөө ушунчалык оор болот, биз терең үмүтсүздүккө түшүп кетебиз. Менде жакшы кабар бар: Кудай сенден бул жүктү алып салып, бир жолу түбөлүккө бошоткусу келет.

Бул жүк качан сага артылгандыгы — бала чагыңдабы же кечээ элеби, маанилүү эмес, өткөн жашооң дайыма Кудайдын батасын алууга тоскоол болот. Ошондуктан Кудай сени өткөндөн бошоткусу келет. Ал дагы өткөндөгү жоготуу же талкалануу болобу бардыгын жууп, калыбына келтиргиси, азыркы күнүңдө өткөн күндөрүңө белгилүү маңыз бергиси келет. Чындыгында, эгер өткөндөгү менен жашай турган болсоң, Теңир алдыңа койгон максаттарга сен эч качан жетпейсиң. Ыйсаны Куткаруучу катары кабыл алып, сен жаңы жаратылган жан болуп каласың. Ал жашооңдун бардык жагдайларын, бул өзгөрүшкө төп келе жашашың үчүн, жаңылагысы келет.

Кудай өзүбүздүн эске тутуубузду өткөн-кеткен окуялардан бошотушубузду буюрат, бирок муну жасоо жеңил эмес. Кантип өткөндү унутууга болот? Эсти жоготобу? Же бардыгын четке кагыш керекпи? Өткөн ишке саламат, эч нерсе болбогондой түр көрсөтөбү? Эскерүүнү жок кылуу боюнча операцияны кийинкиге калтырабы? Жок. Болгону эле бизге сыйынууда Кудайдан бүгүнкү менен бактылуу жашай алганга, Анын бизди өткөн күндөн бошотушун суранып сыйыныш зарыл.

Теңирдин улуу сырларынын бири, Ал жөн эле жан-дүйнөлүк жарааттарыбызды дарылап эле койбостон, бирок кандайдыр бир керемет жол менен бул кайгылуу тажрыйбаны бизге жакшылыкка колдонууда турат. Теңир эсте калгандарды эсиңден өчүрүп салбайт, Ал сени алар алып келген жарааттардан толугу менен дарылайт. Теңир сага ушунчалык катуу сүйүп кала турган, эми эч качан эскиге кайрылгың келбе-

ген жаңы өмүрдү берет. Эс кала берет, бирок эскерүү оорусу кетет. Мунун ордуна жүрөгүң Ал жаңыдан жаратып, бүтүн адам кылганына, Кудайга ыраазычылыкка толот. Сенин башыңдан өткөргөнүңдү башкалар менен бөлүшкөнүң, бошонгонуң, жаңыланганың жана айыкканың тууралуу айтып бергиң келип, алар үчүн да бул жол ачык экенин билип калышын каалап каласың.

## Келечектеги жакшылыктын урматына

Кудай эскерүүлөрүңдү өчүрүп салбаган себеби мына мында, Ал өткөнүң сага дайындалган кызматты өтөгөнгө сага көмөктөшүн каалаганында турат. Ал сенин өткөн күнүңдөн эң жамандарынын бардыгын алып, келечекте сага бере турган улуу баталарга айландыра алат. Ал Ага кылган кызматыңдын пайдубалын бекемдейт, ошондо сен Анын жарыгын башка адамдарга алып барасың.

Мына ошондуктан Кудай өз каталарыңда үйрөнүшүңдү, Ал сени жүрөк ооруткан эскермелерден кандай кутултканын күбөлөндүрө алышыңды каалайт. Бирок Теңир өткөн күн менен жашай беришиңди каалабайт. Өткөндү келечегиңдин пайгамбарчылыгындай эмес, китептей окуганың Кудайга жагат. Арттагынын баарын унутуп, алдыга умтулганың Кудайга жагат (Фил.3,13 кара).

Көптөгөн адамдар Кудай аларга даярдаган келечекке ээ болушпайт, анткени өткөн күнгө байланып калышат. Буга качандыр бир четке кагылган адамдардын жашоосу ачык мисал болот, а азыр болсо, бул дагы кайталанат деп коркушат. Алар сырттагы адамдардан өздөрүнө жаман мамилени күтүшүп, алардын сөздөрүнөн, жүрүм-турумунан кастыкты гана көрүшөт. Ошондуктан алар коркок, дайыма кыжырлуу, бирдемеге кайгырган жана айланасындагылардын пики-

рине жүрөкзаада болот. Башкача айтканда, алардын четке кагылып калуу *коркунучу*, алар баарынан көп корккон, аларга ошол эле кастык мамилени туудурат. Туңгуюк чөйрө болуп калат.

Сен өзүңө асып алып жүргөн өткөн күндүн ар кайсы жүгү айланадагыларга көрүнүп турат. Биз менен болгон жаман нерсе жана *болбой калган* жакшы нерсе, бизге сөзсүз так калтырат, ошондуктан адамдар майда-чүйдөсүнө чейин билбей туруп эле, бир нерсеге кыжаалат экенибизди көрүп калышат. Бирок эгер сен Андан бул тууралу сурай турган болсоң, Кудай сени өткөн күнүңдөн бошотуп, аны Өзүнүн даңкы үчүн колдонот.

## Артка карап кылчайба

Өткөн менен коштошууну чечип, ал сени кууп жүрөбү, артка кылчайбай, карабай коюу маанилүү. Лоттун аялы ушуну кылып, шал болуп калды. Ушундай тагдыр сени да арбашы мүмкүн. Алдыга жылышың балким көз көрүнө басаңдагандыр, а жакшы күлүктөр дайыма алдыда турган максатка көңүл бурушат эмеспи.

Эгерде сенде эч бир караңгы эскерүүлөр жок болсо да, же алардан бошонгон болсоң да, өткөн күндөн бошонуу тууралу дайыма сыйынуу зарыл. Жада калса өткөн күнүңдөн бир жакшы нерсеси да Кудай бүгүнкү күндө жаңы сонунду жаратканга тоскоол боло алгандыктан да бул маанилүү. Өзүңдүн өткөн күндө баштан өткөргөнүңө өтө көп көңүл бөлүү менен, Кудайдын мына азыр эмне кылгысы келип жатканын сен билбей калышың мүмкүн. Ал дайыма сени жаңы деңгээлге чыгаргысы келет, эгер эскиге, көнгөн адат нерсеге жармаша бере турган болсоң, сен Ага бут тососуң. Теңир эч качан бизге жетишкен нерседе тынып калышыбыз-

га жол койбойт. Бирок эгер өзүбүзгө таяна турган болсок, демек, Ага ишенбейбиз.

Мен кепилдик бере алам, Кудай сенин жашыңа карабай, жашооңдо сонун жаңы нерсени жараткысы келет. Андан эмне экендигин ачып беришин сура. Ага өткөн күнүңдүн жүгүн өзүң менен сүйрөп жүрбөй, белгиленген аралыктагы жолдон чыкпай, ошол аралыкты чуркап өтүп, жолдун бүтүшүндө сыйлык алганды каалай турганыңды айт (1 Кор. 9,24 кара).

## *Сыйынуу*

*Теңирим,* мен Сенден суранам: мени өткөндөн бошот. Мени анын таасиринен кутулт. Сен кайда болсоң, ошол жер үйүм болсун. Өткөнгө мени эмне байлап турса, Сенин баталарыңды мага алганга тоскоол болгондун бардыгынан мага бошонгонго мага жардам бер. Эски ой-жүгүртүүдөн, мурдагы эмоциялардан жана эскермелерден баш тартканга мага жардам бер (Эф.4,22–24 кара). Өткөн эс, мени башкарып киргенин түшүнө билгенге мага Машайактын акылын тартуула.

Өз кекчилидигимдин айынан, өткөндүн эзүүсүсүндө жашагым келбейт. Эмне кечирилиш керек болсо, ошону кечиргенге мага жардам бер. Өзгөчө Сенден суранам: ...(жүрөк бук кылган, сени куугунтуктаган эскерүүлөрдү ата) ушулардан мени бошот. Колдон учурганымдын бардыгын Сен калыбына келтире алышың үчүн, өткөн күнүмдү, аны менен байланышкан ар бир адамды Сенин колуңа тапшырам. Мага кылынган жана

мен кылган жамандыктарга өкүнөм. Алар мени мындан ары эч качан кыйнабасын, азыркы күнүмө кедергисин тийгизбесин. Сен мени жабыркаткан күндөрүң үчүн, азапка салган жылдарың үчүн кубандыр (Заб.89,15 кара). Сен бардыгын жаңы жаратып жатканың үчүн, бардыгын жаңыртып жатканың үчүн ыракмат (Аян 21.5).

Мени эски адаттарга, өткөн-кеткенге, артка кылчайбай, алдыга караганга үйрөт. Мен билем, Сен мына бүгүн эле, жашоомдо сонун бир нерсени жараткың келет. Умтулуп жаткан максатыма көңүл койгонго жардам бер, Сен мага даярдап койгон келечекке карай жылуу мүмкүнчүлүгүнө ээ боло алышым үчүн, өткөн-кеткенден мени бошот.

## Сиздин сыйынууларыңызды бир кыйла таасирдүү кылууга жөндөмдүү БИБЛИЯДАН АЛЫНГАН АЯТТАР

...Ошентип, ким Машайактын ичинде
болсо, ал — жаңы адам.
Мурункунун баары өтүп кетти,
азыр баары жаңы болду.
*2 Кор.5,17*

Бирок силер мурункуну эстебей жатасыңар,
байыркылар жөнүндө ойлобой жатасыңар.
«Мына, Мен жаңы нерсе жасап жатам. Ал азыр болот,
чын эле, силер ушуну да билгиңер келбейби? Мен ээн
талаага жол салам, чөлгө дарыя өткөрөм»
*Ыш.43,18–19*

Бир туугандар, мен өзүмдү жеттим
деп ойлобойм. Болгону, арттагыны унутуп,
алдыга умтулам. Максатыма — Кудайдын
Машайак Ыйса аркылуу бере турган
жогорку сыйлыгына умтулуп жатам.
*Флп.3,13–14*

Көзүң түз карасын,
көз карашың түз болсун.
Басар жолуңду ойлонуп бас,
ошондо сенин бүт жолуң бекем
болот.Оңго да, солго да бурулба,
бутуңду жаман жолдон алыс кыл.
*Накыл.4,25–27*

Кудай алардын бардык көз
жашын аарчыйт. Өлүм деген болбойт.
Ый деген, өкүрүк деген, оору деген
болбойт, анткени мурункунун баары
өтүп кеткен.
*Аян. 21,4*

## ОТУЗУНЧУ БӨЛҮМ

# ТЕҢИРИМ, СЕН МЕН ҮЧҮН ДАЯРДАП КОЙГОН КЕЛЕЧЕККЕ МЕНИ ЖЕТЕЛЕ

Кымбаттуу Машайактагы кыз бир тууганым, сага арналган бул бөлүмдү кат түрүндө жазып жатам. Эгер келечегиң тууралуу бүдөмүк болуп турган болсоң, сени шыктандыргым келди. Бул катты үмүт менен окуп, сага сүйлөп жаткан, Кудайдын үнүн ук. Чындыгында бул Анын бардыгыбызга арналаган кайрылуу каты.

Кымбаттуу ______________________________ <u>(бул жерге өз атыңды жазып кой, сураныч)</u>, мен бул катты сага жазып жаткан себебим, Кудайдын сага даярдап койгон улуу келечегин эсиңе салгым келет. Мен буга толук ишенем, анткени Ал ушинтип айткан. Теңир сага көз көрбөгөн, кулак укпаган, адамдын оюна да келбеген нерсени даярдап койгонун айтат (1 Кор.2,9 кара). Кандай сонун келечекке ээ экендигиң сенин оюңа да келбейт. Эгер сен муну түшүнө ала турган болсоң, муну келечекте сенин ичиңде «ачыла турган даңкка салыштырганда, азыркы учурда тартып жаткан азаптар эч нерсе эмес» (Рим.8,18) экенин сезе алмаксың. Бул сенин өз келечегиң тууралуу азыркы оюң өтө эле тар экенин билдирет.

Кудай сага үмүттөргө жана баталарга толгон келечекти убада кылып жатса да, ал өзүнөн өзү эле болуп калбайт. Буга дагы бир нерсе талап кылынат. Биринчиден, ал тууралуу сыйынуу (Жер.29,11–12 кара), экинчиден, Кудайдын эркин аткаруу. Бирок бул тууралу тынчсыздануунун кереги жок, эгерде сен бул тууралу суранган болсоң, Кудай тапшырманын биринчиси менен да, экинчиси менен да мүдөөгө жетүүгө жардам берет. Ыйык Рух — мына биз ээ боло турган мурастын аманаты, Теңир сен дайындалган иштин аткарылышына жардам берээрине жана убаданы тартуу кылаарына, Өзү кепилдик берет (Эф.1,13–14 кара). Эсиңде болсун, сен ар сыйынган жана тил алчактыкты көрсөткөн сайын, келечегиңе салым кошуп турасың.

Турмуштун бардык өйдө-төмөнүнө жана туруксуздугуна, келечектин күңүрттүгүнө карабай, Кудай өзгөрбөгөн бойдон кала берет. Эгер сен коопсуздуктун алдамчы сезиминен кутулуп калган болсоң, бул жакшы, анткени сенин жалгыз Ал гана чыныгы коопсуздукту камсыз кыла ала тургандыгын түшүнгөнүң Кудайга жагат. Сен келечегиңдин ийне-жибине чейин биле албайсың, бирок буга ишен, аларды сени керектүү жерге сөзсүз жетелеп келүүчүнүн Өзү, Кудай билет. Ырасында, убада кылынган жакшылыкты алуунун жалгыз жолу, бүгүн Теңир менен бирге жүрүүдө камтылган.

Кымбаттуу Машайактагы тууганым, эсиңден чыгарба — Теңирдин алдында жүрүү сени жолуңдагы бөгөттөрдөн кутултпайт. Аларга шайтан кам көрөт. Эгер Кудайдын ойлогон ою сөз жеткис сонун болсо, анда шайтандын ою куску келтирерлик. Бирок эгер сен Кудайдын жолдору менен жүрүп, Анын осуяттарына тил алып жашасаң, Ага табынып, Анын Сөзүндө болуп, талыкпай сыйына турган болсоң, шайтандын ою ойрон болот. Бирок Кудайдын ойлогон ою күрөшсүз жүзөгө ашпайт. Ошондуктан кыйын кезеңдерде артка чегин-

бе, бирок чындыкта туруп, азгырыкка каршы турууну уланта бер. Керектүүнүнүн бардыгын жасоого Кудайдан күч жана чыдамдуулук сура.

Келечегиңди гезиттен окуганың же элден укканың боюнча чийип алба. Өмүрүң Кудайдын колунда. Ошондуктан келечегиң тууралуу *Ал* эмне айтса, ошого гана кулак төшөшүң керек. Келечекте боло турганга сар санаа болушуң Теңирге жакпайт — Ал сенин келечегиң болгондуктан, ойлоруң Аныкы менен бирге болушун Ал каалайт.

Сен Кудайдын кызы экениңди, Ал сени сүйө турганын эсиңден чыгарба. Анын жолдору менен *жүрө*, сен Ага күн сайын окшошуп барасың (1 Жкн.3,1–3 кара), Ага *караган* сайын, «бир даңктан бир даңкка өтүп, өзгөрүлүп, Аны чагылдыра баштайсың, бул Теңирдин Руху аркылуу болуп жатат» (2 Кор.3,18). Эгер сен Анын осуяттарын аткара турган болсоң, Ал сени жеткилеңдикке жетелейт. «Сырткы адам карып бара жатса да, ички адам күндөн-күнгө жаңылануудa» (2 Кор.4,16) деген аткарылып жатат.

Эгер жашооңдо өзгөрүлүүлөр сен каалагандай, анчалык тез болбой жатса, үмүтүңдү үзбө. Кудай сени чыдамдуулукка үйрөтүүнү каалайт. Биздин дүйнө чирийт, Теңирдики болсо түбөлүктүү. Ошондуктан, эгер сыйынууларыңа каалаган жоопту ала албай жатсаң, кайгырба. Эгер сен Кудайга умтулуп жатсаң жана Анын осуяттарын ылайык иш кылсаң, эгер Ага рухта жана чындыкта табынсаң, эгер адамдарды сүйсөң жана аларга өзүңдү арнасаң, эгер Кудайдын Сөзүн ишеним менен жарыялап, сыйынсаң, анда сага Кудайдын баталары ашып-ташып төгүлүп турат.

Кээде биз каалаган жоопту албаганыбыздын себеби Кудайга Ал бизден күткөн ысык сыйынууну алып келбегенибизден гана болооруна, толук ишенем. Теңир биз үчүн бир сонун нерсени ниет кылып койгон — ошол нерсе сыйынуунун жо-

обунда гана туулат. Эсиңде барбы, Аннанын Кудайдан бала тууралуу таң калыштуу сыйынуусу? (1 Шем.1,1–28 кара). Кудай ага жооп бергенде, ал уулдуу болду. Бирок ал бөтөнчө бала болду. Шемуел Ысрайылдын тарыхындагы улуу жана артыкча кадыр-барктуу пайгамбарлардын бири болуп калды. Эгер Анна ушундай катуу жана чын дилден сыйынбаса, ушундай болушу күмөн эле. Ырасында, эгер сен үзгүлтүксүз сыйынууда болуп турбасаң, жашооңдо эч нерсе болуп өтпөсү чындыкка жакын.

Эгер сен күндөлүк түйшүккө малынып турсаң, эгер турмушуң эч качан өрүштөбөчүдөй көрүнсө, бул мындай эмес экенин унутпа, суранам. Так ушу көңүл калуу мезгилинде, Кудай сага дайындаганга ээ болуу олжосун колдон чыгарып жибердим деп ойлоп турганыңда, чындыгында, так ушу мезгилде Кудай келечегиңе *сени даярдап жатат*. А убагы келип калганда, Ал абдан тез иштей баштайт. Максат коюуда, өтө эле тээ алыска көз чаптырба. Жакшысы Теңирге кара. Муну унутпа, «Теңир Өзүн чакыргандардын бардыгына жакын, Өзүн чын жүрөктөн чакыргандардын бардыгына жакын. Ал Өзүнөн корккондордун каалоосун аткарат, алардын зар-муңун угат, аларга жардам берет» (Заб.144,18–19).

Бир күнү сен Теңир менен асманда болосуң. Мына ошондо Ал сенин бардык көз жашыңды аарчыйт, «өлүм деген болбойт. Ый деген, өкүрүк деген, оору деген болбойт, анткени мурункунун баары өтүп кеткен» (Аян 21,4). Сенин максатың мында, өмүр сапарыңды аяктап келип, мындай деп айтууда турат: «Мен жакшы күрөштүм, жарыштын аягына чыктым, ишенимди сактадым. Азыр болсо мага адилеттиктин таажысы даярдалып жатат. Адилет Сот — Теңир аны мага ошол Күнү берет, мага эле эмес, Анын келишин чыдамсыздык менен күткөндөрдүн баарына берет» (2 Тим.4,7–8). Ыйса айткан: «Кайгырбагыла. Кудайга жана Мага ишенгиле. Атамдын үйүн-

дө орун көп. Эгерде андай болбосо, Мен силерге айтмакмын Мен силерге орун даярдаганы бара жатам. Барып, силерге орун даярдап койгондон кийин, кайтып келем да, Мен болгон жерде силер да болууңар үчүн, силерди жаныма алып кетем» (Жкн.14,1–3). Эгер сен Теңирди сүйсөң, Ал сага Асман Падышачылыгынан түбөлүк өмүрдү тартуу кылууну убада кылат.

Анын аралагында, сен Теңир үчүн маанилүү бир нерсе жасап, Анын Падышачылыгынын даңкы үчүн кызмат кылынуу кааларыңа мен толук ишенем. Кудай алдына Өзү койгон максаттарга жетүү үчүн, өз өмүрүн Ага арноого, Анын жолдору менен жүрүүгө даяр аялдарды издейт. Ал Анын Падышачылыгы үчүн өзүн курмандык кылууга жөндөмдүү, «Биздин эркибиз эмес, Сенин эркиң аткарылсын» деп айткан аялдарды издейт. Сен — ошол аялдардын бирисиң. Сага: «Убакыт келди» — деп эшик ачкан кезде, бардык курал-жаракты кийип, аракет кылууга даяр турушуң үчүн сыйынам. Болгону чындыкта кадам таштоону уланта бер, мына ошондо, көптөн көп муну күтпөй турганда, сен Кудайдын чакырыгын угасың, Ал алдыңа кандай максат койгонун, ошондо түшүнөсүң.

Сенин Машайактагы бир тууганың

*Сторми Омартиан*

## *Сыйынуу*

*Теңирим,* келечегимди Сенин колуңа тапшырам, ошондуктан мындан ары ал тууралу сар-санаа болгум келбейт. Келечекте бир нерсеге, өзүмдүн жеке түзүп алган оюма багытталып туруп жетким келбейт, бирок

Сенин мен жөнүндө кам көрө турганыңды биле, Сенин ойлогон оюңда роль аткаргым келет. Мен Сенден чыдоого жана жеңилбөөгө күч сурайм. Сен ким «акырына чейин чыдаса, ал куткарылат» (Мт.10,22) деп айткансың. Өмүр жолумду ушундай бир чуркап өтүп, чарчабай аягына чейин жетип келе, Сен дайындап койгон байгени алышыма жардам бер. (1 Кор.9,14 кара). Өмүр жолумдун аягы качан келишин билбегендиктен, сыйынууда акылдуу болууга мени үйрөт (1 Пет.4,7 кара).

Мен билем, Сен мага тынчтык, келечек, үмүт бергиң келет (Жер.29,11 кара). Мен Сен мени куткарганыңды, кылган иштерим боюнча эмес, бирок «Өзүңдүн каалооңдун жана ырайымыңдын негизиндеги» (2 Тим. 1,9 кара) ыйык чакырууң менен чакырып алганыңды билем. Ыйык Рух, мени менен дайыма болуп, жолдон чыгып кетпешим үчүн, мени алдыга жетелеп жүргөнүң үчүн, Сага ыракмат.

Теңирим, көптөр Сени издеп, Сага кайрылышы үчүн, Сага жемиштүү кызмат кылууга мага жардам бер. О Кудайым, мени Өз убагында жогору көтөрүшүңдү билип, Сенин күчтүү колуңдун астында моюн сунам. Сен мен үчүн кам көргөнүңдү жана кулашыма жол бербешиңди билгендиктен, мен бардык түйшүктөрүмдү Сага тапшырам (1 Пет.5,6–7кара). Сен даярдап койгон келечегиме Сени менен бирге барышым үчүн, бүгүн Сенин колуңду кармайм.

# Сиздин сыйынууларыңызды бир кыйла таасирдүү кылууга жөндөмдүү БИБЛИЯДАН АЛЫНГАН АЯТТАР

Анткени Өзүмдүн силер
жөнүндө ойлогон оюмду Өзүм гана билем, —
дейт Теңир, — ал ой — силерге келечек,
үмүт бериш үчүн, жаман ой эмес,
жакшы ой. Силер Мага кайрыласыңар,
Мага келесиңер, Мага сыйынасыңар,
ошондо Мен силерди угам. Мени
издейсиңер, эгерде Мени чын жүрөктөн
издесеңер, табасыңар.
*Жер.29,11–13*

Теңирдин үйүнө
отургузулгандар Кудайыбыздын
короосунда гүлдөшөт; ...алар карыганда
да мөмөлүү, ширелүү, жашыл
болуп турушат.
*Заб.91,14–15*

Анткени Кудайдын Теңирибиз
Машайак Ыйса аркылуу көрсөткөн
сүйүүсүнөн бизди өлүм да, өмүр да,
периштелер да, жогоркулар да, күчтөр да,
азыркы учур да, келечек да,
бийиктик да, тереңдик да,
жаратылган эч бир нерсе ажырата
албастыгына толук ишенемин.
*Рим.8,38–39*

Адил адамдардын жолу —
жаркыраган чырак, ал толук жарык
киргенге чейин уламдан-улам
жаркырай берет.
*Накыл.4,18*

Тур, жаркыра, Иерусалим,
анткени сенин жарыгың келди,
Теңирдин даңкы сенин үстүңөн чыкты!
Анткени мына, жерди караңгылык,
элдерди коюу караңгылык каптаганы
жатат. Ал эми сенин үстүңөн
Теңир жаркырайт, Анын даңкы
сенин үстүңө келет.
*Ыш.60,1–2*

# МАЗМУНУ


Сыйынуунун күчү ........ 3

**1-бөлүм**. Теңирим, мени өзүңө тарт жана Сенин жолдоруң менен жүргөндү мага үйрөт ........ 20

**2-бөлүм**. Теңирим, мени тазарт жана менин ичимде адилет жүрөк жарат ........ 33

**3-бөлүм.** Теңирим, мага кечиргенди үйрөт ........ 44

**4-бөлүм.** Теңирим, бардыгында Сага тил алчаак болууга үйрөт ........ 54

**5-бөлүм.** Теңирим, мени амалкөй менен күрөшүү үчүн бекемде ........ 65

**6-бөлүм.** Теңирим, ойлорумду башкарууга мени үйрөт ........ 75

**7-бөлүм.** Теңирим, мени жашоомдун бардык тарабында багытта ........ 85

**8-бөлүм.** Теңирим, Сенин сөзүңдү терең таанып билишиме мага жардам бер ........ 92

**9-бөлүм.** Теңирим, жашоомду тартипке келтиргенге мага жардам бер ........ 104

**10-бөлүм.** Теңирим, Сенин чыныгы табынуучуң болгонго мага жардам бер ........ 114

**11-бөлүм.** Теңирим, менин эмгегиме батаңды бер ........ 123

**12-бөлүм.** Теңирим, Сенин Рухуңдун жемиштерин алып келүүгө мага жардам бер ..... 129

**13-бөлүм.** Теңирим, мени тазалыкта жана кемчиликсиздикте сакта ..... 139

**14-бөлүм.** Теңирим, мага Сен чакырган ишке татыктуу болууга жардам бер ..... 149

**15-бөлүм.** Теңирим, адамдар менен туура мамиле куруууга мага жардам бер ..... 160

**16-бөлүм.** Теңирим, дайыма Сени угуп, Сенин эркиңди аткарганга мага жардам бер ..... 173

**17-бөлүм.** Теңирим, мени жана мендеги кымбат болгондун бардыгын корго ..... 179

**18-бөлүм.** Теңирим, туура чечим кабыл алганга мага акылмандык тартуула ..... 186

**19-бөлүм.** Теңирим, ар кандай жамандыктардан мени куткар ..... 196

**20-бөлүм.** Теңирим, мени терс эмоциялардан бошот ..... 204

**21-бөлүм.** Теңирим, азап-кайгы убагында мени соорот ..... 215

**22-бөлүм.** Теңирим, мага күнөөлүү азгырыктарга каршы турууга жардам бер ..... 223

**23-бөлүм.** Теңирим, мени айыктыр жана өз денеме туура кам көрүүнү үйрөт ..... 233

**24-бөлүм.** Теңирим, мени жалган коркунучтан бошот ..... 242

**25-бөлүм.** Теңирим, Сага кылган кызматым аркылуу адамдардын жүрөктөрүнө тийгенге мага жардам көрсөт ..... 250

**26-бөлүм.** Теңирим, менин оозумдан жалаң гана өмүр алып келген сөздөр чыгып турсун ..... 258

**27-бөлүм.** Теңирим, мен тоону жылдыра ала турган ишенимге ээ аял болушума жардам бер ..... 268

**28-бөлүм.** Теңирим, Машайакка окшошууга мага жардам бер ..... 274

**29-бөлүм.** Теңирим, мени өткөндөн бошот ..... 283

**30-бөлүм.** Теңирим, Сен мен үчүн даярдап койгон келечекке мени жетеле ..... 291